74.58
Т87

Иманжапар Касиевич Турдалиев

НМУ
1996

САТЫБАЛДЫ НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ – ТЕҢИР-ТООНУН БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ ОРДОСУ



Т 87

Иманжапар Касиевич Турдалиев

САТЫБАЛДЫ НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ – ТЕҢИР-ТООНУН БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ ОРДОСУ

Бишкек

Турар - 2012

Нарын облустук китепканасы
№ сбо

УДК 378
ББК 74.58
Т 87

Турдалиев И.К.
Т 87 Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети – Теңир-Тоонун билим жана илим ордосу. – Б.: Турар, 2012 – 256 б.

ISBN 978-9967-15-141-3

Китепте Нарын облусунда алгачкы мектептердин, китеп-каналардын ачылышы жана сабатсыздыкты жоюуга эмгеги сиңген агартуучу-окумуштуулардын эмгектери, билим берүү тармагында Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наамга ээ болгон педагогдор, Нарын шаарында ачылган атайын орто окуу жайлары, Нарын мамлекеттик университети жана кыргыз элинин агартуучу-окумуштуусу, кырктан ашык илимий-методикалык эмгектин ээси, билим берүү майданында эмгеги сиңген, билим берүүнүн алгачкы көч баштоочуларынын бири Сатыбалды Нааматов жөнүндө маалыматтар берилген.

Эң биринчилерден болуп университетти түптөөгө катышкан жана бүгүнкү күндө иштеп жатышкан, тоолуу Нарын регионунун өнүгүшүнө салым кошуп, жогорку билимдүү адистерди даярдоого кайсы бир деңгээлде эмгеги сиңген окумуштуулардын кыскача өмүр баяндары берилди.

Универсиетти бүтүп, мамлекетибиздин ар кайсы жерлеринде жана чет мамлекеттерде ар кандай тармактарда иштеп жаткан бүтүрүүчүлөр жөнүндө кыскача маалыматтар камтылды.

Т 4309000000-12

УДК 378
ББК 74.58

ISBN 978-9967-15-141-3

© Турдалиев И.К., 2012

БАШ СӨЗ

Адамдын улуулугу, ыймандуулугу жана коомдогу орду анын алган билимине, рухий дүйнөсүнө, маданиятына жана акыйкаттуулугуна жараша болору белгилүү. Окуу, илим менен алектенүү, чындыкты издөө жана ар бир иште адамдар менен ак пейилде мамиледе болуу – жашоо-турмушубуздагы эң негизги рухий азыктар экендигин жогорку билимге ээ болгон жана илимий жактан ийгиликтерге жетишкен инсан жакшы түшүнөт.

Кыргыз эли байыркы эл болгондуктан, бир нече кылымдарды карытып, кулагыбызга «күмүш сырга» болуп келе жаткан жана ата-бабаларыбыздан урпактарга мурас болуп, баа жеткис касиетке айланган, акылдын булагы болгон накыл сөздөр көп. «Билеги жоон бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат» деген накыл сөздү чечмелеп жазса, өзүнчө бир эмгек болмок. Мына ушул айтылган сөздүн баалуулугу, турмуштук мааниси – ошол элдин рухун, акыл-эсин жана илим-билимге болгон мамилесин, деңгээлин таасын көрсөтөт. Демек, бул накыл сөздүн мааниси «билимдүү бол», «билим ал», «билимдин мураскору бол» деп, тынымсыз эмгекти, аракетти жана анын жыйынтыгын белгилеп турат. Билим – адамзаттын жашоосунда адамды руханий жана материалдык жактардын бардык тарабы менен камсыз кылган, өзү элестетип көрбөгөн бийиктикке чыгарган жана кубанычтарды алып келген түгөнгүс кенч. Ар бир адам туулгандан акыркы күнгө чейин мүмкүнчүлүгүнө жараша билим алууга милдеттүү.

Дарыя булактан башталары туура болсо, билим жана тарбиянын башаты – үй-бүлө, бала бакча, мектеп, жогорку окуу жай экени да туура. Жергебизде канчалык булак көп болсо, ошончолук таза суу менен камсыз болобуз, ден соолугубуз чың жана акыл-эсибиз таза болот. Элибиз канчалык билимдүү болсо, ошончолук мамлекетибиз бекем, турмушубуз бейпил жана учу-кыйрыбыз алыс кетет.

Теңир-Тоонун борбору болгон Нарын шаарында университеттин ачылышы жеке гана Нарын жергесинде мааниге ээ болбостон, жогорудагы көз караш менен алып караганда, кыргыз элине кызмат өтөгөн илим-билимдин дагы бир таза, тунук булагы пайда болгонун көрсөтөт. Нарын мамлекеттик университети республикадагы эң жаш жогорку окуу жайлардын бири, ал ачылгандан бери 16 жыл гана убакыт өттү. Ушул кыска убакыттын ичинде жеке гана өз казанында

БАШ СӨЗ

Адамдын улуулугу, ыймандуулугу жана коомдогу орду анын алган билимине, рухий дүйнөсүнө, маданиятына жана акыйкаттуулугуна жараша болору белгилүү. Окуу, илим менен алектенүү, чындыкты издөө жана ар бир иште адамдар менен ак пейилде мамиледе болуу – жашоо-турмушубуздагы эң негизги рухий азыктар экендигин жогорку билимге ээ болгон жана илимий жактан ийгиликтерге жетишкен инсан жакшы түшүнөт.

Кыргыз эли байыркы эл болгондуктан, бир нече кылымдарды карытып, кулагыбызга «күмүш сырга» болуп келе жаткан жана ата-бабаларыбыздан урпактарга мурас болуп, баа жеткис касиетке айланган, акылдын булагы болгон накыл сөздөр көп. «Билеги жоон бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат» деген накыл сөздү чечмелеп жазса, өзүнчө бир эмгек болмок. Мына ушул айтылган сөздүн баалуулугу, турмуштук мааниси – ошол элдин рухун, акыл-эсин жана илим-билимге болгон мамилесин, деңгээлин таасын көрсөтөт. Демек, бул накыл сөздүн мааниси «билимдүү бол», «билим ал», «билимдин мураскору бол» деп, тынымсыз эмгекти, аракетти жана анын жыйынтыгын белгилеп турат. Билим – адамзаттын жашоосунда адамды руханий жана материалдык жактардын бардык тарабы менен камсыз кылган, өзү элестетип көрбөгөн бийиктикке чыгарган жана кубанычтарды алып келген түгөнгүс кенч. Ар бир адам туулгандан акыркы күнгө чейин мүмкүнчүлүгүнө жараша билим алууга милдеттүү.

Дарыя булактан башталары туура болсо, билим жана тарбиянын башаты – үй-бүлө, бала бакча, мектеп, жогорку окуу жай экени да туура. Жергебизде канчалык булак көп болсо, ошончолук таза суу менен камсыз болобуз, ден соолугубуз чың жана акыл-эсибиз таза болот. Элибиз канчалык билимдүү болсо, ошончолук мамлекетибиз бекем, турмушубуз бейпил жана учу-кыйрыбыз алыс кетет.

Теңир-Тоонун борбору болгон Нарын шаарында университеттин ачылышы жеке гана Нарын жергесинде маанига ээ болбостон, жогорудагы көз караш менен алып караганда, кыргыз элине кызмат өтөгөн илим-билимдин дагы бир таза, тунук булагы пайда болгонун көрсөтөт. Нарын мамлекеттик университети республикадагы эң жаш жогорку окуу жайлардын бири, ал ачылгандан бери 16 жыл гана убакыт өттү. Ушул кыска убакыттын ичинде жеке гана өз казанында

кайнабастан, жүздөгөн адистерди даярдап, республикадагы жогорку окуу жайлар жана Россия, АКШ, Түркия, Кытай жана башка чет элдик окуу жайлар менен да байланышта болуп, алардын билим берүү системасы менен таанышып, өздөштүрүп, кээ бир жактарын пайдаланып, өз жүзүн көрсөткөн университеттердин бири болду.

Үзүрлүү эмгектенүүнүн натыйжасында 5 докторлук жана 20дан ашык кандидаттык диссертациялар жакталып, университеттин профессордук-окутуучулук курамы жыл өткөн сайын илимдин кандидаттары жана докторлору менен толукталууда.

Демек, ушул көрсөткүчтүн өзү университетте илимий мектептин түзүлүшүнө, калыптанышына алгачкы кадам шилтенгенин, багыт алынганын көрсөтүп турат. Ушундай аракеттин өзү жаш университеттин келечегине, деңгээлине жана элге билим берүүдө ак кызмат өтөөрүнө, убакыт өткөн сайын Ала-Тоодой бийик, залкар билим берүүнүн ордосуна айланаарына ишендирип турат.

Нарын облусунун ээлеген жери – Кыргызстандын 25 пайызын түзөөрү жана бүгүнкү күндө өзгөрүлүп жаткан жаңы коомдук көз карашка ылайык билим алуу жана илимди өнүктүрүү, пайдалануу жашообуздагы эң биринчи милдетибиз деп сезгенибиз туура болсо, Нарын мамлекеттик университетинин ачылышы замандын койгон талабына туура келээри өзүнөн өзү көрүнүп турат.

Нарын мамлекеттик университети – ак калпактуу Теңир-Тоолук элибизди билим жана илимге сугарган, оргуштанган таза булак болушун жана университеттин пайдубалын түптөгөн, ысык-суугуна чыдаган профессордук-окутуучулук курамга чың ден соолук, эмгектеги кажыбас кайрат, таза жүрөк жана элибизге ак кызматын өтөгөн бактылуу инсандардан болушун каалайм.

КР УИАсынын академиги,
химия илимдеринин доктору, профессор
Асанов Үсөн Асанович

НАРЫН ЖЕРГЕСИНДЕ БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

Тарыхый маалымат боюнча, Нарын жергесинде алгачкы орус-жергиликтүү жатак мектеп 1905-жылы Ат-Башы айылында ачылып, 1909-жылы ушундай ыкмадагы билим берүү багытындагы мектеп Нарын шаарынын калкынын сабатсыздыгын жоюу максатында иштей баштаган. 1920-жылы Нарын жергесинде алгачкы улуттук мектептер ачылып, сабатсыздыкты жоюу жана эл агартуу боюнча массалык түрдө иштер тынымсыз жүргүзүлгөн.

Ошол мезгилде кыргыз элинин сабаттуулугун жоюуда эбегейсиз зор эмгек сиңирген Нарын жергесинен чыккан көрүнүктүү агартуучу-окумуштуулар: Осмонаалы Сыдык уулу (1875-1940-ж.), Арабай уулу Эшенаалы (Ишенаалы) (1882-1938-ж.), Ыбырайым Абдырахманов (1888-1967-ж.), Сатыбалды Нааматов (1905-1938-ж.) жана башкалар алгачкылардан болуп кыргыз тилинде окуу китептерин жазышып, Улуттук мектептин калыптанышына салымдарын кошушкан.

Осмонаалы Сыдык уулу тарыхый-илимий эмгектерди жазып, Арабай уулу Эшенаалы 1924-жылы араб графикасынын негизинде туңгуч кыргыз алфавитин түзүп, «Кыргыз алиппесин» жазса, Ыбырайым Абдырахманов кыргыз руху болгон «Манас» эпосу баштаган дастандарды жана элдик фольклордук чыгармаларды чогултуп, урпактарга калтырган жана алгачкы мугалимдерден болгон.

Сатыбалды Нааматов 1927-жылдан баштап азыркы Улуттук университетте (ошол кездеги Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институт) окутуучу болуп иштеп, ошол кездеги эң алгачкы көрүнүктүү окумуштуулар: К. Тыныстанов, Е.Д.Поливанов, Т.Актанов жана башкалар менен илимий байланышта болгон. Эң биринчилерден болуп илимпоз катары кыргыз тилин окутуунун ыкмасы боюнча окуу китебин жазып, орто мектептерде окутууну политехникалаштыруу боюнча маселе койгон. Окумуштуу катары кыска убакыттын ичинде кырктан ашык орчундуу эмгектерди жазган.

1920-жылдан баштап Нарын шаарында советтик билим берүү системасы орноп, 1940-жылга чейин тынымсыз жүргүзүлгөн агартуучулук иштердин натыйжасында, Нарын облусунун эли сабатсыздыгын жоюуга жетишип, жалпыга милдеттүү орто билимге ээ болуу маселесин чечүүгө кадам шилтеген.

Алгачкы мамлекеттик китепкана облустун аймагында 1926-1930-жылдарда ачылып, 1920-жылы Нарында бир окуу үйү, эки кызыл боз үй болуп, сабатсыздыкты жоюу боюнча иштерди жүргүзгөн. Бүгүнкү күндө окурмандарды тейлеген Нарын шаарындагы 1972-жылы кайрадан толукталып жаңыланган Орозбак уулу Сагынбай атындагы Нарын облустук китепкананын түзүлүшүнө негиз болгон.

1927-жылдан баштап Нарын расмий түрдө шаар статусуна ээ болуп, бүгүнкү күндө облустун жана Нарын районунун борбору болуп эсептелет. Советтер Союзунун бардык шаарлары сыяктуу эле, совет мезгилинде Нарын шаарында ар түрдүү багыттардагы адистиктер боюнча окуу жайлар 1930-жылдардын аяк ченинен баштап ачыла баштаган.

Бүгүнкү күндө иштеп жаткан педагогикалык багыттагы Нарын педагогикалык атайын орто окуу жайы 1939-жылы ачылып, 1951-1955-жылдары эки жылдык мөөнөттө мугалимдерди даярдоо институту болуп турган жылдары Кыргызстанга жана Советтер Союзуна белгилүү инсандар: Социалисттик Эмгектин Баатырлары К.Мамбеталиев, А.Койчуманов, илимпоз-окумуштуулар: А.Табалдиев (философия илимдеринин доктору, Илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти), Д.Мамбетов (Кыргызстанда ядролук физика боюнча эң биринчи китеп жазган көрүнүктүү окумуштуу), эл жазуучулары: – Ш.Бейшеналиев, Н.Жүндүбаева окушуп, илимге жана эмгекке кадам шилтешкен.

Нарын медициналык атайын орто окуу жайы 1945-жылы негизделип, Республикалык Кызыл Крест жана Кызыл Жарым ай коомунун эки жылдык курсу катары ачылган. 1955-жылы медициналык атайын орто окуу жайы болуп түзүлүп, 1962-жылдан бери фельдшерлерди, акушерлерди, жалпы жана балдар профилиндеги медициналык эмчи айымдарды даярдайт.

1956-жылы Нарын айыл чарба техникуму ачылып, облустун мал жана айыл чарбасына керектүү болгон ветеринария, зоотехния, агрономия багытындагы адистерди даярдай баштаган. Азыркы убакта бул адистиктерден башка эколог жана экономисттерди да даярдоодо.

1970-жылдан баштап Советтер Союзунда жалпыга милдеттүү түрдө орто билим алуу боюнча билим берүү системасы ар бир республикада ийгиликтүү жүргүзүлүп, ишке ашкан. Орто билим берүү майданында эң мыкты педагогикалык талыкпаган ишмердүүлүктү көрсөткөн, чыгармачылык менен иштеп, бай тажрыйбага ээ болгон Нарын жергесинен чыккан советтик педагогдор Көкөбай Мамбеталиевге жана Апыш Койчумановго агартуу ишинде эмгеги сиңгени үчүн Социалисттик Эмгектин Баатыры деген Советтер Союзундагы эң жогорку наам ыйгарылган.

1995-жылы 11-ноябрда Нарын шаарында Кыргыз архитектуралык курулуш институтунун филиалы (директору б.и.к. Атанаев Т.Б.) ачылып, Нарын мамлекеттик университети ачылганга чейин иштеп турган.

Бүгүнкү күндүн жашоо шарты, талабы жана дүйнөлүк масштабда илим-билимдин өсүшү, коомдук формациянын өзгөрүшү, Советтер Союзунун курамындагы мамлекеттерде социалисттик системанын кулашы, Кыргызстандын эгемендүү мамлекет болушу билим берүү системасынын кайрадан өзгөрүшүнө алып келди.

Нарын мамлекеттик университети 1996-жылдын 22-майында Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен Нарын айыл чарба техникумунун, Мамбетакунов Кадырбай атындагы педагогикалык окуу жайынын, облустук мугалимдердин билимин жогорулатуу институтунун жана Кыргыз архитектуралык курулуш институтунун облустук филиалынын базасында Нарын шаарында ачылган.

Университеттин ачылышы Нарын эли үчүн чоң сыймык болуп, республикага керектүү жогорку билимдүү кадрларды даярдоо менен гана чектелбестен, калктын социалдык – маданий маселелерин чечүүгө да салым кошту жана кандайдыр бир деңгээлде саясий мааниге да ээ болду.

Нарын Кыргызстандагы эң бийик тоолуу жер, кыш мезгили узак, суук, жашоо шарты татаал болгондуктан, калыптанып калган эски көз караш боюнча жогорку окуу жайдын анча деле кереги жок деп эсептелип келген. Университеттин ачылышы жана ийгиликтүү ишмердиги мындай көз караштын туура эместигин көрсөттү жана ар бир облуска жогорку окуу жайдын болушу зарыл экендигин далилдеди. Бүгүнкү күндө Нарын университети Түркия, Кытай, Корея, Америка жана башка чет элдик жогорку окуу жайлар менен байланышып, окутуучулар жана студенттерибиз ал жактарда болушуп, билимдерин өркүндөтүшүп, алардын билим берүү системасы менен жакындан таанышууда жана алган тажрыйбасын Нарын университетиндеги билим берүү процессинде.

Нарын университети ачылган күндөн баштап юриспруденция, финансы жана кредит, бухгалтердик эсеп жана аудит, менеджмент, кыргыз тили жана адабият, англис тили, математика жана информатика, электрэнергетика, транспорт каражаттарын уюштуруу, химия, биология, айыл-чарба өндүрүшү жана ветеринария боюнча жогорку билимдүү адистерди даярдай баштаган.

Нарын облусунан чыккан илимдин жана техниканын ар түрдүү тармактары боюнча көптөгөн илимдин кандидаттары, докторлору бар экендигине карабастан, Нарын университетине керектүү кадрлар өз убагында университетти көтөрүү, жардам берүү максатын көздөп, өз каалоолору менен күргүштөп келе койгон жок. Ошол учурда университет кандидаттык, докторлук окумуштуулук даражасы бар кадрларга өтө муктаж болуп турган эле.

Бүгүнкү күндө университет бул маселени жеке өзү чечкенге багыт алып, илимий изилдөө иштерди жүргүзүүгө көңүл бөлүп, профессордук-окутуучулук курамдын тынымсыз эмгектенүүсүнүн, аракеттенүүсүнүн натыйжасында, жыл өткөн сайын көбүрөөк кандидаттык, докторлук иштер жакталууда.

Университет ачылган күндөн баштап, өз каалоолору жана билим берүү максатын көздөп ак ниеттери менен келишкен: Жаманкулов Жанат Медетович (тарых илимдеринин кандидаты, университеттин туңгуч ректору), Абдылдаев Обозбек Талипович (физика-математика илимдеринин кандидаты), Атанаев Токтосун Бегалиевич (биология илимдеринин кандидаты), Дюшекеев Кубанычбек Дөөткулович (техника илимдеринин кандидаты),Өмүралиева Дамира Кемеловна (экономика илимдеринин кандидаты), Сияев Таштанбек Моңолдорович (техника илимдеринин кандидаты), Турдалиев Иманжапар Касиевич (химия илимдеринин кандидаты), Турдугулов Али Турдугулович (педагогика илимдеринин кандидаты), Эшиев Асылбек Мирзатиллаевич (педагогика илимдеринин кандидаты) биринчилерден болушуп, университеттеги окуу процессинин жөнгө салынышына, өз деңгээлинде башталышына колунан келген жардамдарын беришип, туңгуч студенттерге эң биринчи лекция окушкан жана алгачкы салымдарды кошкон окумуштуулардан болуп калышты.

Туңгуч ректор Жаманкулов Жанат Медетович жетектеген жаш университеттин жамааты кыска убакыттын ичинде республикадагы жогорку окуу жайлар, чет өлкөлүк уюмдар, фонддор (АКСЕЛС, АЙРЕКС, Кыргызстандагы Сорос фонду) менен байланыштарды түздү. Университет жогорку окуу жайга даярдоо, илим изилдөө, эл аралык байланыш бөлүмдөрүн түзүп, Нарын облусундагы таланттуу балдарга терең билим берүү максаттында университеттин алдында мектеп-лицейди ачып, иштетүүгө жетишти.

Бүгүнкү күндө Нарын мамлекеттик университетинин ачылганына 15 жыл болду. Ушул жылдардын ичинде ректорлор: Жаманкулов Жанат Медетович, Акматалиев Алмазбек, Калдыбаев Салидин Кадыркулович жана профессордук-окутуучулук курам

республикабызга керектүү ар түрдүү багыттагы жогорку билимдүү адистерди даярдап, кандайдыр бир деңгээлде эмгек сиңиришти.

Университетте жыл өткөн сайын билим алып жаткан студенттердин саны жана сапаты жогорулап, аларга жараша окутуучулардын курамы жана окумуштуулук даражалары да өсүп, Нарын жергесинде бирден бир билим берүүнүн, илимдин, маданияттын булагына айланды.

Азыркы убакта Нарын мамлекеттик университетинде күндүзгү бөлүмдө төрт факультет: агрардык-техникалык факультет, педагогикалык факультет, экономика, бизнес жана башкаруу факультети, филология факультети, сырттан окуу бөлүмүндө – үзгүлтүксүз-дистанттык билим берүү факультети бар.

Булардан сырткары университеттин алдындагы Нарын педагогикалык колледжи, агрардык-экономикалык колледж, мугалимдердин билимин өркүндөтүү борбору облуска керектүү адистерди даярдоодо жана кадрлардын билимин өркүндөтүүдө көптөгөн ийгиликтерге ээ болууда.

Университет ачылганда бир гана окуу корпусуна ээ болсо, азыркы убакта төрт окуу корпусу, дээрлик бардык спорттун түрлөрүн өткөрө турганга шарты бар, дене тарбия чыңдоо «Намыс» спорт комплекси, «Соң-Көл» жаштар жана студенттер маданият сарайы, бардыгы болуп беш окуу жана бир маданий-массалык иштерди өткөрө турган корпустарга ээ.

Ар бир факультетте интернет түйүнүнө кошулган компьютердик класстарда студенттер өздүк, курстук жана дипломдук иштерин; окутуучулар окуу процессине жана билим берүүгө байланышкан иштерин аткарууга мүмкүнчүлүгү бар.

Профессордук-окутуучулук курамды жана студенттерди үзгүлтүксүз тейлеген илимий китепкана 1 абонементтен, 2 жалпы окурмандар залынан, мезгилдүү басмалар жана илимий маалыматтар залынан жана кийинки убактарда түзүлгөн электрондук окуу залынан турат. Бүгүнкү күндө илимий китепканада жүз миңге жакын ар түрдүү багыттагы адистиктердин окуу китептери жана Эл аралык мамилелер бөлүмүнүн борборлорунун фондусун кошкондо 130 миңден ашуун китеп фондусу бар. Россиядан чыгып жаткан 20дан ашык ар түрдүү багыттагы илимий журналдар келип турат. Мындан сырткары университеттин 58 окутуучу-окумуштууларынын 139 окуу куралдары жана методикалык колдонмо китептери бар.

Университет эл аралык мамилелерге өзгөчө көңүл бөлүп, натыйжада англис, араб, кытай, корей, түрк, орус тил борборлору түзүлүп, студенттер чет элдердин тилин жана маданиятын, үрп-

адатын үйрөнүшүп, кошумча билим деңгээлин жогорулатышып, аталган элдердин жогорку окуу жайларына баруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болууда. Болгариядагы София университети, Москвадагы Лингвистика университети, АКШдагы Монтана, Грейт-Фоллс университеттери, Түштүк Кореядагы Похан, Куми шаарларындагы жана Кытайдагы Янглинг шаарындагы университеттер менен байланышта болуп, ал жактарда өтүп жаткан конференцияларга окутуучулар катышып келүүдө.

Ушул жылдардын ичинде 20 студент Европа өлкөлөрүндө окуудан өтүп келсе, 2007-2008 окуу жылында Европа союзунун «Erasmus Mundus» программасы боюнча 9 студент жана окутуучулар Түркия, Польша, Финляндия, Бельгия, Испания, Литва жана Чехиянын университеттеринде 1 айдан 3 жылга чейинки мөөнөттө болушуп, окуудан өтүп билимдерин өркүндөтүп келишкен. Азыркы учурда 3 окутуучу жана 24 студент чет өлкөлөрдө билим жана тажрыйба алып жатышат.

Профессордук-окутуучулук курамдын катарында университетте эмгектенип жатышкан жана илимге умтулган аракетчил окутуучулардын, окумуштуулардын эсебинен илимдин кандидаттары жана докторлору жыл өткөн сайын көбөйүүдө. Университет ачылгандан жылдан бери 5 докторлук (Сияев Т.М., Калдыбаев С.К. – педагогика; Сыдыков Ж. – философия; Өмүралиева Д.К. – экономика; Турдугулов А.- филология) жана 20 дан ашык кандидаттык (Ажыбаев Д.М. Эгимбаева Ж.Б., Сатыбекова М., Муңайтпасова Г. Аман кызы Б.- педагогика; Жантаев А., Заркунов А., Чоробаева Н., Көлбаева М., Чолпонбаев А., Ыйсаева Н., Сатылган кызы Г.– филология; Тоялиев С. – биофизика; Бекбоева М.А. – экономика; Молдалиев Э.Д. – техника; Иманалиев С.С. – философия, Нуралиева Н.М – экономика) диссертациялар жакталып, окумуштуулук даражага ээ болушту. Университеттин окумуштууларынын ичинен Заркунов Асан агайга билим берүүдө сиңирген эмгеги үчүн «Кыргыз Республикасынын эл мугалими» деген ардактуу наам ыйгарылды.

Университеттин окумуштуулары тарабынан 32 монография, 139 окуу китептери жана окуу-методикалык куралдар, 300гө жакын илимий макалалар жарыкка чыгып, 12 автордук күбөлүк алынган. 1997-2008-жылга чейин университет «Илим жана билим берүүнүн проблемалары», «Кыргыз тилинин коомдук ролу», «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы», «Илим жана техника» жана башка багыттар боюнча республикалык, жогорку окуу жайлар аралык жана облустук масштабда 12 ден ашык конференция өткөрдү.

Университетке келген жана анын жасап жаткан иштерин, жетишкендиктерин көргөн адамдар: – өлкөнүн президенти, министрлер, губернаторлор, окумуштуулар, ар түрдүү кесиптеги адамдар жана чет элден келген урматтуу коноктор Нарын мамлекеттик университетинин гүлдөп-өнүгүшүн, кыргыз элинин илим билим алышына дайыма ак кызмат өтөшүн, илим-билимдин таза булагы болушун, таланттуу илимпоздордун, эң мыкты чебер адистердин чыгышын жана башка чын дилинен чыккан аруу тилектерин, каалоолорун айтышып, университеттин Ардак китебине жазып кетишкен.

Демек, жаңыдан ишенимдүү кадам шилтеп келе жаткан Нарын мамлекеттик университети – республикада жана дүйнөнүн жогорку окуу жайларынын арасында, билим берүү мейкиндигинде келечеги жана Ала-Тоодой өз орду, өз жолу бар университет. Залкар, урматтуу адамдардын айтып, жазып кеткен сөздөрү катардагы жөнөкөй кызматтагы адамдардын жана профессордук-окутуучулук курамдын университетке болгон мамилесин, жасаган иштерин жана талыкпаган аракетин көрсөтөт.

Дүйнөнүн бийик жерлеринин бири болгон Нарын жергесиндеги касиеттүү Теңир-Тоонун ак кар, көк музунан башталган Нарын дарыясы – Орто Азия жана Казакстанда өзгөчө мааниге ээ жана Кыргызстандын жүрөк кан тамыры болгон суусу мол дарыя. Бүгүнкү күндө Нарын дарыясынан алынган экологиялык жактан эң таза электр энергиясы республиканы толугу менен камсыз кылып, багып жатат.

Мына ушул касиеттүү Нарын дарыясынын суусундай – билимге мол, агымындай шар – элибизге пайдасы шар тийген, жүрөк кан тамырындай – жаштарыбызды тынымсыз билим-илим менен сугарган, Теңир-Тоонун ак карындай аппак, таза жана кылымдарды карыткан пайдубалы бекем илим менен билимдин кут даарыган ордосу бол, университетим!

АРДАКТУУ КОНОКТОРДУН КААЛОО-ТИЛЕКТЕРИ

Нарын мамлекеттик университетине келип, университеттеги болуп жаткан иштер менен жакындан таанышып кеткен республикабыздын ардактуу инсандарынын, атуулдарынын жана чет элден келген ардактуу меймандардын университеттин Ардак китебине жазып, калтырып кеткен каалоо тилектери

Нарын университетине XXI-кылымда зор ийгиликтерди каалайм. Кыргызстандын эң алдыңкы университеттеринин бири болот деп терең ишенем!

Теңир-Тоонун билим жана маданият борборуна ак жол ачылып, студенттери учун акжолтой очок болушун каалайм!

27. XI. 2000 ж.

Моим дорогим коллегам и студентам НГУ!

Желаю успехов в науке, учебе и в личной жизни.

Я с вами.

Дисаманиулов Ш. 5.03.99.

Нарын Университетинин коллективине

Теңир-Тоодой бийик албан ийгиликтерди жана Нарын дарыясын-дай узун омурду каалаймын.

Эл керегине жараган мыкты Уул-кыздар-ды тарбиялай бергиницерге тилектешмин

Болот. / Болотбеков. Б

3.10.02. ж.

Нарын мамлекеттик университети
Нарын областынын дуркурап осушуна
комокчу, озогу болгон жаш, терец ойлуу
кадрларды даярдашына тилектеш мин

Кыргыз Республикасынын
Премьер-министри [подпись]
10.04.1998 жыл.

Самая главное богатство страны это кадры.
Вы готовите эти кадры. Огромное вам спасибо за
то, что несмотря на большие трудности выполняется
Сегодняшнюю функцию. Спасибо Вас профессорско-
преподавательскому коллективу. Счастливого Вам пути,
а студентам хорошей учебы.

[подпись]
18/8.97

Нарын университети Кыргызстандын эц жаш университети.
Экинчи жолу келип, кыска мезгилде эле белгилуу
ийгиликтерге жетишкенин коруп турам. Бугорса
келечегиздер чоц! Таланттуу, жаш болсо дагы
педагогтор чогулуп жатындар!
Ийгилик жана ийгилик, дей
я академик [подпись] 15.11.97

Желаю профессорско-преподавательскому
составу, студентам Нарынского государствен-
ного университета творческих успехов
в выполнении Программы первого
президента Кыргызской Республики Акаева А.А.
„Кадры XXI века"

С уважением
Аскар Самылбеков.
г. Нарын март 1999 г.

Мен-50 жыл бою агартуу тармагындагы, шутечек 83
жаштагы Карыя Катарында Нарын Университетинин
коллективине албан-албан ийгиликтерди, таза-денсоолуктарын, талыкнаган
эмгектерин каалаймын. Бенсия Курагынык
Чейин Усурлуу эмгектене бергиле.
[подпись] (А. Карабеков)
21/VIII-2001 жыл. Республикага Озгоча
эмгеги учун пенсиянын
эси.

Была приятно удивлена постановкой всей работы, состоянием учебно-производственной базы. Искренне желаю больших успехов в подготовке кадров XXI века, ибо будущее — наше с Вами зависит от настоящего поколения, которое вы обучаете сегодня, преподавательскому составу — крепкого здоровья и терпения в Вашем тяжелом труде.

Ваша И. Сачибаева

Эгерде биз чын эле алмону алдыга сүйрөп кетчулар билимдүү кадрлар десен анда Нарын Мамлекеттик Университетин болгон да, болбогон да мүмкүнчүлүктөрдү салыш өстүрүшүбүз керек. Мен программа даярдоганы келип бул өнүү жай жана анын студенттери жонунда коз карашым тун таморынан бери өзгөрүлдү. Эң кечүрүн жаштар болуп корбогондой билимге үлгүлдүүсү менен жаштар. Мындай дух эч бир өнүү жайда жок. Мына ушул эң кечүрүн бойлык. Отсол нуш болсун! Отсондой студенттери бар жогорку өнүү жайдын келечеги кеп эмеспи ишеним кайра-кучоу

Спиридон Ионосунов
КТР "Замана" программа
19.10.2001 ж.

Нарын облустук
китепканасы
№ _____ сбо

Дороге коллеги, милые студенты!

Нарынский госуниверситет, расположенный среди небесных гор, наполненный чистотой и светом, должен соответствовать своей географии, тысячелетней истории и народу, талант, которого восхищает многие поколения кыргызстанцев.

У Вас есть большой человеческий потенциал, талантливая молодежь, пусть будет и светлым Ваше будущее. А оно в Ваших руках.

Добра, счастья, света, здоровья и процветания.

С уважением
Министр, проф. И.С. Болджурова
28.05.03.

세계가 끼르기즈로 부터
끼르기즈가 산의 도시 나른으로부터
세계가 나른 대학으로 부터

10. 09. 2002

둘나라 한농 Emmanuel Lee 李秀永

Пусть весь мир начнётся от Кыргызстана,
Пусть Кыргызстан берет начало от горного Нарына,
Пусть весь мир берет началот от Нарынского университета!

10.09.2002г.

Председатель Долнара Ханнон в Кыргызстане
Ли ЫН ЕН (Р. Корея)

Нарын облустук
китепканасы
№ _____ сбо

Нашим партнерам Нарынского Государственного Университета.
В знак уважения и восхищения. С пожеланиями лидерства в образовательной сфере не только в Кыргызстане, но и в Центральной Азии. У вас есть огромный потенциал и стремление к новациям.

Бишкекская финансово-экономическая академия
Участники Республиканской научно-практическая конференция
Светлана Байсубанова
Надежда Усачева
Темакуль Тошкалбаева 24.05.03

Уважаемый Нарынский Государственный университет
редко встречается такая сплоченная команда студентов и преподавателей, поэтому мы уверены, что Ваш ВУЗ станет одним из лучших в Кыргызстане, и будет способствовать экономическому росту и процветанию — нашей горной республики.

С каждой секундой мы все более убеждаемся в том, что НГУ и Союз Молодежи и Студентов станет эталоном для всех ВУЗов Кыргызской Республики

С глубоким уважением Молодежный Клуб Кыргызстана
Шаршеев Искендер
Джумадилде уулу Мурадил БГУ
Ишекеев Нурбек МУК /Ишекеев/
Исманова Динара БФЭА
Дейна Евгения КГПУ им. Арабаева

나른 주립 대학교와 한국 선립대학교의

주안에서 영원한 사랑의 가교가

이어지기를 희망합니다

2006. 9. 22.

것 원 평 학장

Знание - это сила народа.
Будет развиваться человек - будет больше любить свою Родину, будет щедрее, добрее и наша страна будет процветающим Государством. Учите нашу молодёжь любви и преданности своему народу и Государству.
В этом Ваше предназначение и задача коллектива Университета.
Счастья и благополучия коллективу Университета.

Премьер-Министр Кыргызской Республики /И. Танаев/
22.04.03.

le 16 juillet 1999.

Toutes mes félicitations à l'une des plus jeunes Universités du pays que j'ai eu l'occasion de visiter.

En souhaitant les plus grands succès et un début de coopération.

Avec mes plus chaleureux remerciements pour cette journée de juillet 99.

Paul ROMANOVITCH

Ambassade de France

Университету желаю такого же динамичного и успешного развития как и его дебют. Успехи придут и значительные в чем мы не сомневаемся ничуть.

Дерзайте! Дорогу осилит идущий!

С наилучшими впечатлениями от визита в НГУ Медербек Шатманов, МИД КР

I am very happy to visit the State University. I wish that the students passing out from one would be able to enhance the economic activities and trade relations between Pakistan and Kyrgyz Republic.

?

[illegible]

Habib-ur-Rahman
Ambassador
Islamic Republic of Pakistan
Bishkek.
6 September 1999.

11-20-99
Naryn. – to our friend on the other side of the world. We look forward to many years of helping and learning from one another.

Randy Gray
Mayor
Great Falls, Montana
USA.

To the Faculty and Students of Naryn State University:

I wish you all the best in developing an institution of higher education that will help provide the citizens of Naryn a bright future. I especially look forward to visiting the American Studies Center.

Marie L. Zdravovitch

Dear Victor Akmatalieu & all the staff
Thanks for a great visit! Keep up the great work.

Clifford H. Brown, USAID.

For our friends at Naryn State University

It has been a pleasure to spend some time at NSU meeting with students and faculty. We look forward to a continued relationship as academics and friends.

Loren A. Parks
Diana Parks
California State University, Chico
18 April 2000

Я желаю дальнейшего процветания вашему храму науки и культуры, чтобы из этого храма выпускались не только всесторонне подготовленные гражданские специалисты, но и дисциплинированные хорошо обученные офицеры запаса - будущие защитники нашего Отечества.

С уважением и наилучшими пожеланиями начальник отдела военного образования министерства обороны К.Р. полковник В. Масамедов
2.03.2001г.

Самому молодому университету желаю процветания и благополучия. Профессионально-преподавательский состав и [illegible] в подготовке квалифицированных кадров для [illegible] общества.

Заместитель начальника управления кадров МО [illegible] полковник А. [illegible]
2.03.2001г.

July 2, 2001

To Rector Almay Akmataliev, Faculty, and Students of Narin State University -

Both my wife and I very much enjoyed the hospitality and Professionalism exhibited by Narin State University. You have begun to develop a strong university. I am confident that you have a bright future. It is my hope that we can continue to develop possible relationships between our two universities. All the best for a great future for your university.

Allen L. Bures
Senior Fulbright Scholar
July 2, 2001

Thank you so much for your warm hospitality. We very much enjoyed seeing your fine university and your bright, enthusiastic, and very loyal/proud students. Your university is a bright spot in this lovely area of Naryn.

Simone Povici-Bures
Virginia Tech University.
July 2, 2001

DEAR RECTOR

PLEASE ACCEPT MY SINCERE APPRECIATION for allowing me to visit your UNIVERSITY. It is truly amazing what you built in only six years. After meeting with your students, I and my colleagues from the EMBASSY were deeply impressed by their knowledge, liveliness, and energy. Congratulations on building an institution which will contribute to the people of NARYN and the KYRGYZ REPUBLIC for years to come.

John O'Keefe
U.S. AMBASSADOR

Бугун, 28-сентябрь 2004 жылы Нарын мамлекеттик университетине келип чоң таасирде калдым. Бугуруса ушул университеттин бутуруучулорунон келечекте Кыргызстандын социальдык-экономикалык абалын бийик которо турган чыгаан инсандар чыгаарына ишенемин. Ошондой эле чоң илимпоздор да чыгат. Университеттин жааматына баардык ийгиликтерди каалаймын.

Т. Касымов.
28.09.04 жыл

Narin Devlet Üniversitesine, Narin ziyaretim vesilesiyle gelmiş olmaktan ve Sayın Rektörü Almazbek Atmatalievle tanışarak, Üniversite ile Türkiye'deki üniversiteler arasında ne gibi işbirliği olanakları yaratılabileceğini görüşüp konuşmaktan büyük memnuniyet duydum. Bu anı defterinde bu ziyaretimizi kayda geçirmiş olalım.

17.9.2005
T.C. Bişkek Büyükelçisi

September 18, 2003

To the Rector and faculty, students of Naryn University:

I am honored to visit Naryn this first time and learn of the academic achievements of this great city. I wish you all great success. The American people are offering assistance to NSU and other educational projects in the hopes that education here will grow stronger with each year.

Sincerely,
Stephen M. Young

It has been a great pleasure to visit your University. Though young in age, you have built in 7 short years, a great institution that is providing good education and helping to improve the quality of life of the people of this Rayon, Oblast & Beyond. As we look forward to establishing the University of Central Asia here, we hope to work together with you in our vision for building for the future, human capacity and life. My congratulations to you on your 7th anniversary.

Ali Imam
Business Manager, U.C.A

УНИВЕРСИТЕТТИН ОКУУ КОРПУСТАРЫ



Нарын мамлекеттик университетинин административдик жана башкы окуу корпусу



Нарын мамлекеттик университетинин №2 окуу корпусу



Нарын мамлекеттик университетинин №3 окуу корпусу



Нарын мамлекеттик университетинин №4 окуу корпусу



Нарын мамлекеттик университетинин №6 окуу корпусу.
Аскер кафедрасы



Нарын мамлекеттик университетинин дене тарбия чындоо борбору.
Улуу акын жана казалчы Казыбектин айкели



«Соң-Көл» жаштар жана студенттер маданият сарайы



Нарын мамлекеттик университетинин курамындагы
К. Мамбетакунов атындагы педагогикалык окуу жайы

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ӨКМӨТҮ

ПРАВИТЕЛЬСТВО
КЫРГЫЗСКОЙ
РЕСПУБЛИКИ

ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

Бишкек ш. Өкмөт үйү 2009-жылдын 18-декабры, №786
г.Бишкек, Дом Правительство

Нарын мамлекеттик университетине Сатыбалды Нааматовдун ысмын ыйгаруу жөнүндө

«Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жана окумуштуу-агартуучу, жазуучу-котормочу Сатыбалды Нааматовдун өтөгөн эмгектерин эске алып Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

Нарын мамлекеттик университетине окумуштуу-агартуучу, жазуучу-котормочу Сатыбалды Нааматовдун ысмы ыйгарылсын жана ал мындан ары: «Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети» деп аталсын.

Премьер-министр

АРДАК ГРАМОТА

☆☆☆

ПОЧЕТНАЯ ГРАМОТА

Билим берүү системасын өнүктүрүүгө, республиканын ар кайсы тармактары үчүн жогору квалификациялуу кадрларды даярдоого кошкон зор салымы үчүн С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АРДАК ГРАМОТАСЫ менен сыйлансын.

За большой вклад в развитие системы образования, подготовку высококвалифицированных кадров для различных отраслей республики наградить ПОЧЕТНОЙ ГРАМОТОЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ Нарынский государственный университет им. С. Нааматова.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ
ПРЕЗИДЕНТ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ _____ Р. ОТУНБАЕВА

№ ПЖ- 110 БИШКЕК „ 20 " 05 20 11 -ж. г.



КЫРГЫЗ ЭЛИНИН АГАРТУУЧУ-ОКУМУШТУУСУ САТЫБАЛДЫ НААМАТОВ

Нарын мамлекеттик университетине бүгүнкү күндө кыргыз элинин эң алгачкылардан болгон залкар агартуучу-окумуштуусу, илимдин бир нече тармагы боюнча көч башыларынын бири жана кыргыз тилин окутуу боюнча эң биринчи методист, акын-жазуучу, сынчы жана котормочу, илимпоз-педагог Сатыбалды Нааматовдун аты берилип, **Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети** болуп аталып калды.

Сатыбалды Нааматов 1905-жылы Ат-Башы районунун Казыбек айылына караштуу Жаңы-Күч кыштагында кадыр-барктуу, элге белгилүү адамдын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Атасы Наамат сабаттуу жана эл менен сүйлөшө билген жөндөмдүү, так жүргөн адам болгондуктан эл аны бий кылып шайлашкан. Бала кезинен эле зээндүү, дээринде бар, жөндөмдүү болгондуктан, атасы Сатыбалдыга араб тамгасын үйрөтүп, айылдагы молдолордун сабагына катыштырып, мусулманча сабаттуулугун жоюп, келечекте татыктуу адам болушуна кам көргөн. Ошол кездеги «тилмеч», «бисер» – писарларды (катчыларды) даярдоо үчүн ачылган орус-кыргыз тузем мектебинен окуп, билимин жогорулатып, орус тилин эң жакшы деңгээлде өздөштүрөт.

Кыргыз элине белгилүү фольклор изилдөөчү, манасчы жана агартуу майданына чоң салым кошкон Ыбырайым Абдрахманов Сатыбалдынын илим алууга жөндөмдүүлүгүн байкап, Алма-Ата шаарындагы окуу жайдан окуп билим алышка үгүттөп, 1926-27жылдары өзү ээрчитип барып, окууга өткөрүп келет. 1928-жылы Алма-Ата шаарындагы казак-кыргыз агартуу институтунун «Методолог-педагог» адистигин ийгиликтүү бүтүргөн.

Сатыбалды Нааматов окууну бүтүрүп келип ишке киришкен мезгилде эл агартуунун абалы жана кыргыз элинин сабаттуулук деңгээли өтө төмөн болгон. Эл комиссары Касым Тыныстанов 1928-жылы май айынан баштап чыга баштаган «Жаңы маданият жолунда» деген журналга жазган баш макаласында: «Маданият маселелерине кирише баштаганда такыр куру кол экендигибизди көрдүк, элдин баары кат тааныбайт, кеңеш мектебинде жетекчи боло турган кыргызда бир да мугалим жок, мугалим түгүл кыргыз тилине арналган жазуусу да жок. Мектепке арналган китеп сыяктуу шаймандардан такыр жок. Айыл ичинде мектеп кура турган (мектеп катары пайдалана турган) үйдөн бири да жок. Кыскасын айтканда, эскиден энчи болуп жалгыз гана наадандык – 100% сабатсыздык калыптыр. Ошондуктан кыргыз эмгекчилери маданият ишин алиппе жасоодон тартып баштады» («Он бир жыл», аталган журнал, №1, 3-б).

К.Тыныстанов белгилегендей, ошол мезгилде республикадагы бардык мектептерге кыргыз тилинин окуу программаларын жана чоңдор, балдар үчүн алиппе түзүү, сабакты өз деңгээлинде өтүү үчүн мугалимдерге методикалык куралдарды жазуу кыска мөөнөттү талап кылган кечиктирилгис иштерден болуп, агартуу системасы кыргыз улутундагы билимдүү-илимдүү адистерге өтө муктаж болгон. Сатыбалды Нааматов кыргыз эли мына ушундай мезгилдин жана коомдун курч сыноосуна туш келип турган учурда жаш адис катары ишин баштап, өзүн илимпоз-педагог катары көрсөтө алды. Эл агартуу комиссариатында, Кыргызмамбаста (Кыргыз мамлекеттик басмаканасында) иштеп турган учурда заманыбыздын көрүнүктүү окумуштуулары: К.Тыныстанов, Х.Карасаев, Б.Данияров, Т.Жолдошов, Е.Д.Поливанов, Т.Актанов жана башка агартуучулар менен тыгыз байланышта болуп иштешти.

1928-жылга чейин кыргыздар араб алфавитинин негизинде түзүлгөн, кыргыз тилине ылайыкталган тамгаларды колдонуп келишкен. 1928-жылдан баштап замандын агымына жана коомдун өзгөрүшүнө жараша кыргыз тамгасы латын алфавитинин негизинде түзүлүп, кабыл алынган болчу. Жаңы тамганы үйрөнүү, ага көнүү

жана аны колдонуп жазуу ошол кездегилер үчүн жаңы кадам шилтегендей эле.

Сатыбалды Нааматов өзгөрүүлөрдү, өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен кыска убакыттын ичинде 1929-жылы чоңдор үчүн «Сабатсыздык жоюлсун», аялдар үчүн «Туңгуч» деп аталган алиппелерди (манап Шабдандын небереси Шабданов Ажыйман менен бирдикте) жазып, басмадан чыгарат. 1930-жылы сабатсыздыкты жоюу боюнча жасалып жаткан аракеттерди эске алып, «Чала сабаттуулар үчүн» окуу куралын жана башка окуу китептерин жазып, агартуу ишине чоң салымын кошкон. Ошол мезгилдин мыкты агартуучу-окумуштуулары: Э.Арабаев, Х.Карасаев жана башкалар да белсенип киришип, сабаттуулукту жоюу боюнча чоңдор үчүн алиппени жазышкан. Наркомпрос («Народный комиссариат просвещения – Эл агартуу комиссариаты (министрлик)) тарабынан түзүлгөн комиссия Сатыбалды Нааматов жазган окуу куралдар илимий-методикалык жагынан да, мазмуну жана сапаты жагынан да учурдун талабына жооп бергендиги боюнча айырмалангандыгын жана артыкчылыкка ээ экендигин аныкташып, 1930-жылдан баштап Сатыбалдынын китептерин агартуу иштерине колдонуучу негизги окуу куралы катары чыгарууну сунуштаган. «Сабатсыздык жоюлсун» алиппеси 1932-жылы «Сабаттуу колхозчу» деп аталып, 100 миң нускага чейин жарык көрүп, 1935-жылы жетинчи жолу басмадан чыккан. Ал жазган чоңдор жана балдар үчүн алиппе китептерине А. Токомбаев, Э. Арабаев редактор болуп, К. Тыныстанов өзү рецензия жазган.

1930-жылдары, жалпы калкты сабаттуулукка үндөө жана сабатсыздыкты жоюу иштери күчөп турган мезгилде билимдүү мугалимдер жетишсиз болуп, өзгөчө айылдык мектептерде чала сабат жана окутуунун ыкмаларын билбеген мугалимдер окутушкан. Агартуу ишинин ушундай методикалык жактан кемчил жагын көрө билген Сатыбалды кыргыз окумуштууларынын ичинен биринчи болуп, 1930-жылы «Эне тилинин методикасы» (айыл мугалимдери жана педтехникумдар үчүн), 1933-жылы мектеп жашындагы балдарды жазууга, окууга көнүктүрүү жана сөз байлыгын өстүрүүгө багыттаган «Балдар алиппесин окууту методу», 1934-жылы «Анык политехникелешкен мектеп үчүн күрөшүү» деген оригиналдуу илимий эмгекти жазышы, Сатыбалды Нааматовдун таланттуу окумуштуу экендигин бүгүнкү күнкү урпактарга тарых өзү далилдүү көрсөтүп турат.

Бизге жеткен маалыматтарга таянсак, ошол кездеги алиппени үйрөнүү ийримдеринен тартып баардык мектептер үчүн: сабатсыздыкты жоюу мектеби, кесип мектептери, биринчи жана

экинчи баскычтагы мектептер, педагогикалык техникум жана башка техникумдар, кала берсе кыргыз тилин үйрөнүү курстары үчүн кыргыз тилинин алгачкы окуу пландарын жана программаларын түзүп чыгышы Сатыбалды Нааматовдун көп кырдуу илимпоз-педагог экенин жана чоң илимий жетишкендикке ээ болгондугун көрсөтүп турат. 1929-жылдан 1935-жылга чейин 40тан ашык илимий, окуу-методикалык жана адабий китептери басмадан 950240 нуска өлчөмүндө чыгарылып, Наркомпростун чечими менен агартуу системасына пайдаланууга сунушталган. Окумуштуулук жана илимпоз-педагогдук иши менен бирге Сатыбалды орус элинин классиктери М.Горький, А.Фадеевдин бир нече чыгармаларын кыргыз тилине которуп, кыргыз адабиятынын казынасын байыткан.

Сатыбалды Нааматов жеке гана агартуу иши менен чектелип калбастан, акын-жазуучулук чеберчилик менен дагы эмгектенип, «Түштүктөгү жер төңкөрүшү» поэмасын, «Барса келбес сапар» повестин, балдарга арнап «Жөжөлөр», «Тынымкан» аңгемелерин жана «Аял» деген ырлар түрмөгүн жазып, жаңыдан башталып келе жаткан кыргыз совет адабиятынын түптөлүшүнө өз салымын кошкон.

Кыргыз элин чын жүрөктөн сүйгөн, эл үчүн тынбай иштеп эмгегин арнаган, ак ниет, таланттуу, көп кырдуу илимпоз-педагог Сатыбалды Нааматов 1935-жылы Эл агартуу комиссариатындагы кызматынан, 1937-жылы Педагогикалык институттагы окутуучулук кызматынан күчкө салган жалган жалаа менен эч себепсиз бошотулат.

Эл агартуу комиссариатынын № 152 буйругу: «Приказываю директору Пединститута тов. Тынаеву снять с работы С.Нааматова, как националиста, протаскивающего Тыныстановскую националистическую концепцию в методических языковых вопросах (КР.МБА 1725.1.3-бет)» деп чыгарылат. 1938-жылы 10-февралда Кыргыз АССР НКВДсынын тройкасы (үч кишиден турган трибунал) атууга өкүм чыгарып, 1938-жылы 14-февралда Фрунзе шаарында атылган. Бүгүнкү күндө «Ата бейит» мемориалдык музейинде кээ бир документтери, сүрөттөрү сакталып турат.

Сатыбалды Нааматов өзү менен үзөңгүлөш иштешкен замандаш окумуштуу-агартуучулар: К.Тыныстанов, Э.Арабаев, Х.Карасаев жана башкалардан айырмаланып, басмадан чыгарып элге тартуулаган илимий эмгектеринин, китептеринин саны жана колдонулушу боюнча биринчи орунда болгон. Бүгүнкү күндө 28 аталыштагы ар түрдүү китептери Улуттук китепканада сакталып турат. Окумуштуунун өмүрү жана илимпоздук ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтар 19 макалада, 14 китептин материалдарында

жана аны колдонуп жазуу ошол кездегилер үчүн жаңы кадам шилтегендей эле.

Сатыбалды Нааматов өзгөрүүлөрдү, өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен кыска убакыттын ичинде 1929-жылы чоңдор үчүн «Сабатсыздык жоюлсун», аялдар үчүн «Туңгуч» деп аталган алиппелерди (манап Шабдандын небереси Шабданов Ажыйман менен бирдикте) жазып, басмадан чыгарат. 1930-жылы сабатсыздыкты жоюу боюнча жасалып жаткан аракеттерди эске алып, «Чала сабаттуулар үчүн» окуу куралын жана башка окуу китептерин жазып, агартуу ишине чоң салымын кошкон. Ошол мезгилдин мыкты агартуучу-окумуштуулары: Э.Арабаев, Х.Карасаев жана башкалар да белсенип киришип, сабаттуулукту жоюу боюнча чоңдор үчүн алиппени жазышкан. Наркомпрос («Народный комиссариат просвещения – Эл агартуу комиссариаты (министрлик)) тарабынан түзүлгөн комиссия Сатыбалды Нааматов жазган окуу куралдар илимий-методикалык жагынан да, мазмуну жана сапаты жагынан да учурдун талабына жооп бергендиги боюнча айырмалангандыгын жана артыкчылыкка ээ экендигин аныкташып, 1930-жылдан баштап Сатыбалдынын китептерин агартуу иштерине колдонуучу негизги окуу куралы катары чыгарууну сунуштаган. «Сабатсыздык жоюлсун» алиппеси 1932-жылы «Сабаттуу колхозчу» деп аталып, 100 миң нускага чейин жарык көрүп, 1935-жылы жетинчи жолу басмадан чыккан. Ал жазган чоңдор жана балдар үчүн алиппе китептерине А. Токомбаев, Э. Арабаев редактор болуп, К. Тыныстанов өзү рецензия жазган.

1930-жылдары, жалпы калкты сабаттуулукка үндөө жана сабатсыздыкты жоюу иштери күчөп турган мезгилде билимдүү мугалимдер жетишсиз болуп, өзгөчө айылдык мектептерде чала сабат жана окутуунун ыкмаларын билбеген мугалимдер окутушкан. Агартуу ишинин ушундай методикалык жактан кемчил жагын көрө билген Сатыбалды кыргыз окумуштууларынын ичинен биринчи болуп, 1930-жылы «Эне тилинин методикасы» (айыл мугалимдери жана педтехникумдар үчүн), 1933-жылы мектеп жашындагы балдарды жазууга, окууга көнүктүрүү жана сөз байлыгын өстүрүүгө багыттаган «Балдар алиппесин окууту методу», 1934-жылы «Анык политехникелешкен мектеп үчүн күрөшүү» деген оригиналдуу илимий эмгекти жазышы, Сатыбалды Нааматовдун таланттуу окумуштуу экендигин бүгүнкү күнкү урпактарга тарых өзү далилдүү көрсөтүп турат.

Бизге жеткен маалыматтарга таянсак, ошол кездеги алиппени үйрөнүү ийримдеринен тартып баардык мектептер үчүн: сабатсыздыкты жоюу мектеби, кесип мектептери, биринчи жана экинчи баскычтагы мектептер, педагогикалык техникум жана башка техникумдар, кала берсе кыргыз тилин үйрөнүү курстары үчүн кыргыз тилинин алгачкы окуу пландарын жана программаларын түзүп чыгышы Сатыбалды Нааматовдун көп кырдуу илимпоз-педагог экенин жана чоң илимий жетишкендикке ээ болгондугун көрсөтүп турат. 1929-жылдан 1935-жылга чейин 40тан ашык илимий, окуу-методикалык жана адабий китептери басмадан 950240 нуска өлчөмүндө чыгарылып, Наркомпростун чечими менен агартуу системасына пайдаланууга сунушталган. Окумуштуулук жана илимпоз-педагогдук иши менен бирге Сатыбалды орус элинин классиктери М.Горький, А.Фадеевдин бир нече чыгармаларын кыргыз тилине которуп, кыргыз адабиятынын казынасын байыткан.

Сатыбалды Нааматов жеке гана агартуу иши менен чектелип калбастан, акын-жазуучулук чеберчилик менен дагы эмгектенип, «Түштүктөгү жер төңкөрүшү» поэмасын, «Барса келбес сапар» повестин, балдарга арнап «Жөжөлөр», «Тынымкан» аңгемелерин жана «Аял» деген ырлар түрмөгүн жазып, жаңыдан башталып келе жаткан кыргыз совет адабиятынын түптөлүшүнө өз салымын кошкон.

Кыргыз элин чын жүрөктөн сүйгөн, эл үчүн тынбай иштеп эмгегин арнаган, ак ниет, таланттуу, көп кырдуу илимпоз-педагог Сатыбалды Нааматов 1935-жылы Эл агартуу комиссариатындагы кызматынан, 1937-жылы Педагогикалык институттагы окутуучулук кызматынан күчкө салган жалган жалаа менен эч себепсиз бошотулат.

Эл агартуу комиссариатынын № 152 буйругу: «Приказываю директору Пединститута тов. Тынаеву снять с работы С.Нааматова, как националиста, протаскивающего Тыныстановскую националистическую концепцию в методических языковых вопросах (КР.МБА 1725.1.3-бет)» деп чыгарылат. 1938-жылы 10-февралда Кыргыз АССР НКВДсынын тройкасы (үч кишиден турган трибунал) атууга өкүм чыгарып, 1938-жылы 14-февралда Фрунзе шаарында атылган. Бүгүнкү күндө «Ата бейит» мемориалдык музейинде кээ бир документтери, сүрөттөрү сакталып турат.

Сатыбалды Нааматов өзү менен үзөңгүлөш иштешкен замандаш окумуштуу-агартуучулар: К.Тыныстанов, Э.Арабаев, Х.Карасаев жана башкалардан айырмаланып, басмадан чыгарып элге тартуулаган илимий эмгектеринин, китептеринин саны жана колдонулушу боюнча биринчи орунда болгон. Бүгүнкү күндө 28 аталыштагы ар түрдүү китептери Улуттук китепканада сакталып турат. Окумуштуунун өмүрү жана илимпоздук ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтар 19 макалада, 14 китептин материалдарында

көрсөтүлгөн. Көрүнүктүү тарыхчы, академик Б.Жамгырчиев, Кыргыз элине белгилүү агартуучу-окумуштуулар: Зыяш Бектенов, Тазабек Саманчин, Ташым Байжиев жана белгилүү акындар: Алыкул Осмонов, Абдрасул Токтомушев илимпоз-педагог Сатыбалды Нааматовдон окуп, билим-тарбия алышкан.

Кыргыз эли эгемендүүлүккө ээ болгонго чейин 1930-жылдарда ак жеринен «эл душмандары» деген жалган күнөө менен айыпталып, ошол кездеги саясий системанын курмандыгы болушкан ак ниет, таза жүрөк окумуштуулардын, мыкты педагогдордун, илимпоздордун жана маданият тармагындагы ишмерлердин эл үчүн сиңирген эмгектери урпактарга ачык айта албай, дале болсо саясаттан сүрдүгүп келишкен. Бүгүнкү күндө, эгемендүүлүктүн шарапаты менен, көзү өтүп кеткен ошол Улуу инсандарыбыздын аты аталып, эмгеги эскерилип, эмгегине жараша даңкталып илим-билим, маданият очокторуна урматтуу ошол аталарыбыздын эл тарабынан аты берилип жатышы «ак ийилип, сынбагандыгын» жана элибиздин чындыкты туу туткандыгын көрсөтөт.

Өз убагында аты аталып, эмгеги эскерилбегенине жана тарыхка кеч киргендигине байланыштуу Сатыбалды Нааматов жөнүндө бүгүнкү күндүн билимдүү адамдары жана жаштары азыраак, же таптакыр эле билбеши мүмкүн. Ошондуктан, өз замандаштарынын эскерүүлөрүнө жана окумуштуулардын изилдөөлөрүнө жана баа берүүлөрүнө көңүл бурсак, бул улуу инсандын кыргыз элине сиңирген эмгеги канчалык даражада экенин байкоого болот.

Дөгдур уулу Муканбет «Акын-жазуучуларыбыз жана көркөм адабиятыбыз» деген макаласында («Чабуул» №2, 1931, 12-бет): «Касым, Сыдыктар менен катар бир бир топ акын-жазуучуларыбыз чыга башташты. Алардын аттарын атай турган болсок: Аалы Токомбай уулу, Мукай Элебай уулу, Молдогазы Токтобай уулу, Касым Баялы уулу, Сатыбалды Наамат уулу, Кубанычбек Малик уулу, Бөрү Кененсары уулу, Масыралы Кырбаш уулу, Саткын Сасыкбай уулу, Жоомарт Бөкөнбай уулу, Жусуп Турусбек уулу дагы башка бир топтору» -деп чоң жетишкендик катары белгилеген.

С. Нааматов көптөгөн акын-жазуучуларыбыз таалим алган жана кыргыз совет адабиятынын түптөлүшүнө түрткү берген «Кызыл Учкун» адабий ийриминин таасирдүү мүчөсү болгондугун Аалы Токомбаев «Кызыл Учкундун» төрөлүшү» деген макаласында («Ленинчил жаш», 17.10.57) адилет эскерген. Ошол адабий ийримге катышып жүргөн окумуштуу, Манас изилдөөчү Зыяш Бектенов Сатыбалды Нааматов менен насаатчы катары катышып жүргөнүн айткан (Кырг. совет энциклопедиясы, Т.3.1978.547-548 бет). Ал

Сатыбалдынын таланттуу жазуучу болгондугун белгилөө менен бирге, окумуштуулук ишмердүүлүгүн төмөнкүдөй баалайт: «Кыргыз тилинин методикасы» деген китеби илимге негизделген маңыздуу мыкты эмгек. Китепте кыргыз тилинин грамматикасын кандай окутуунун илимий ыкмасы жакшы көрсөтүлгөн. Бул китептин мааниси, логикасы бүгүнкү күндө дагы өз күчүндө» - деп илимий жактан жогору баалап, өзүнүн баасын берген.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын корреспондент мүчөсү Сартбаев Калкабай Калыкович өзүнүн жазган макалаларынын биринде мындай деп баса белгилейт: «Эне тилин окутуу методикасынын негизин түзүп, аны өз алдынча илимдин тармагына айландырууга чоң салым кошкон окумуштуу. Эне тилин окутуу методикасын өзүнчө предмет катары окуу планына 1930-жылдын ортосунда 30 саат өлчөмүндө киргизип, 1934-жылдан баштап лекцияны Сатыбалды Нааматов өзү окуган» («Теңир Тоо», №7, 23-июнь, 2001-ж.).

Кыргыз совет адабиятынын тарыхын изилдөөчү, филология илимдеринин доктору, профессор Салижан Жигитов өзүнүн изилдөөсүнүн негизинде: «Кыргыз совет адабиятына негиз салгандардын ичинде С.Карачев, К.Тыныстанов экөөнөн башкалары да бар. Алардын көрүнүктүүлөрү деп Бөрү Кененсарин, Сатыбалды Нааматов, Шарип Көкөновду атасак болот» - деп белгилеген («Советтик Кыргызстан», 25.09.1989) жана Сатыбалды Нааматовду кыргыз адабиятынын баштоочуларынын бири катары кыргыз адабиятынын тарыхына киргизген (Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. Т.1. «Илим», 1978, 63-79 бет).

Кыргыз окумуштууларынын арасынан профессор А.Осмонкулов биринчилерден болуп, 1983-жылы чыккан «Эне тилин окутуу тарыхынан» деген монографиясында алгачкы агартуучу-окумуштуулардын бири болгон бул инсан жөнүндө маалымат берип, Кыргызстандын тарыхында «Кыргыз тилин окутуунун ыкмасы» боюнча эмгек жазган эң биринчи окумуштуу деп көрсөткөн. Ушул эле окумуштуу газетага жазган макаласында: «С.Нааматов убагында көп иштерди аткарып, «Алиппеден» баштап ондогон окуу китептерди жазуу менен жогорку окуу жайларына кыргыз тилинин усулдугунан дарс окуп, көп сабактардын план-конспектилерин түзүп, кыргыз тилин окутуу усулдугуна негиз салган» - деп баса белгилейт («Мугалимдер газетасы», 01.02.1991).

Окумуштуулар Киреше Иманалиев менен Абдылда Мусаев «Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын» 1-томунун жарык көрүшүнө арналып жазылган «Жаңы бийиктиктен» аттуу макалада

(«Кыргызстан маданияты», 23.02.1989) башкалар сыяктуу Сатыбалды Нааматов да кыргыз поэзиясынын пайда болушуна жана көркөмдүк деңгээлинин өнүгүшүнө өз салымын кошкондугун белгилешкен.

Педагогика илимдеринин доктору Н.Ишекеев «Антология педагогической мысли в Кыргызской ССР» (редактору М.Б.Базаркулов, «Педагогика», М.,1988) аттуу китепке жазган рецензиясында «Мен Э.Арабаев, К.Тыныстанов, С.Нааматов жана башка ысымдарсыз Республикадагы илимий педагогикалык ойлордун пайдубалын элестете албайм» - деп («Кыргызстан маданияты», 20-июль, 1989) бул инсандын көп кырдуу, таланттуу окумуштуу экендигин жана педагогика илимине кошкон салымы жогору экендигин баса белгилеген.

Химия илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, академик Үсөн Асанов Кыргызстандагы илимдин доктору жана айрым бир унутта калган окумуштуулар боюнча маалымат көрсөткөн «Кто есть кто в киргизской науке» деген китебинде (Б.,1997, с. 41) Сатыбалды Нааматовду кыргыздын алгачкы агартуучу-окумуштууларынын бири катары тарыхта ээлеген өз орду бар, эмгеги сиңген инсан экендигин маалымдап, биринчилерден болуп кыргыз тилин окутуу методикасы боюнча эмгек жазып, мектептерде политехникалык билим берүү маселесин эң биринчи койгон илимпоз-педагог экендигин баса белгилеген. Ошол кездеги көрүнүктүү окумуштуулар К.Тыныстанов, Е.Д.Поливанов, Т.Актанов жана башкалар менен чогуу иштешип, достук мамиледе болуп, 40тан ашык илимий жана илимий-методикалык эмгектерди жазып, орус классиктери М.Горькийдин, А.Фадеевдин чыгармаларын кыргыз тилине которгон.

Тарыхчы-илимпоз окумуштуулар Б.Урустанбеков, Т.Чороев Сатыбалды Нааматовдун өмүр жолуна жана ишмердигине илимий баа беришип, кыргыз элинин бирден-бир көрүнүктүү агартуучу-окумуштуусу, эне тили боюнча адис, илимпоз-педагог, акын жана жазуучу катары кыргыз тарыхына киргизип, анын чыгармаларын хронологиялых тартипке келтиришти (Б.У. Урустанбеков, Т.К.Чороев. Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. Мектеп окуучулары үчүн. КСЭФ.1990, 127-б.).

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаев 2001-жылдын 10-сентябрында Касым Тыныстановдун 100 жылдыгына арналган илимий конференцияда сүйлөгөн сөзүндө: «Жакында академик А. Какеев мага бир өзгөчө документти алып келип көрсөттү. Ал Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунун директорунун

буйруктарынын жыйнагы экен. Китеп 1934-жылдын 9-сентябрында башталып, 10-декабрында бүтүптүр. Анда институттун адабият кафедрасынын кызматкерлери профессорлор Тыныстанов Касым, Поливанов Евгений Дмитриевич, доцент Жолдошев Токчоро, мугалимдер Данияров Базаркул, Нааматов Сатыбалды сыяктуу бизге өзгөчө тааныш ысымдар жөнүндөгү буйруктар жазылыптыр. Кайран гана залкарлар, бардыгы ак жерден репрессияга дуушар болуп шейит кетишкен экен» - деп өтө кейиштүү эскерген («Кыргыз Туусу», 14-17-сентябрь, 2001-жыл).

Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, акын, журналист Ысмайыл Кадыров журналисттик изилдөөнүн негизинде Сатыбалды Нааматовдун өмүр жолун жана илимге, адабиятка, маданиятка сиңирген эмгегин баяндаган, анын алгачкы илимпоздордон экенин даңазалаган бир нече макалаларын: «Үмүт эженин үмүтү» («Ленинчил жаш», 08.03.1988), «Белгилүү окумуштуу болмок» («Мугалимдер газетасы», 03.11.1989), «Эмгегин элге жеткирер кез келди» («Кыргыз Туусу», 18.01.1992), «Кырчынында кыйылган өмүр» («Заман Кыргызстан», 04.04.1997) газета беттерине жарыялап, эл-журтубузга, урпактарга тааныштырып, залкар окумуштуунун ысымын белгилүү илим-билим очогуна берүү жөнүндө өз оюн айткан.

Залкар инсан жана агартуучу-окумуштуу Сатыбалды Нааматов жаштыгына карабай канчалык даражада кыргыз элине кызмат өтөгөнүн, илимге кошкон салымын, эл-жерине болгон ак ниеттүүлүгүн жогоруда аты аталган көрүнүктүү жана окумуштуу инсандарыбыз таамай-так калыстыгы менен кагаз бетине эскерип кеткендиги бир четинен кубандырса, экинчи четинен караганда ошол кездеги саясаттын айынан жеке эле Сатыбалды Нааматов эмес, канчалаган көрүнүктүү мамлекеттик ишмерлерибиз, илим-билим, маданият тармагындагы атактуу адамдарыбыз жалган жерден айыпталып, курман болгондугу кыргыз мамлекети үчүн канчалык деңгээлде орду толгус жоготуу болгондугун эскертип, жүрөгүңдү оорутуп турат.

Теңир-Тоонун борбор шаарындагы билим-илимдин очогу болгон Нарын мамлекеттик университетине окумуштуу-агартуучу Сатыбалды Нааматовдун атынын берилиши жана репрессиянын курмандыгы болгон Касым Тыныстанов, Эшенаалы Арабаев, Базаркул Данияров, Токчоро Жолдошев, Поливанов Евгений Дмитреевич, Солтоноев Белек Солтонкелди уулу, Абдыкерим Сыдык уулу, Шабданов Ажыйман сыяктуу залкар инсандардын өмүр жолу, эл үчүн жасаган эмгектери, кыргыз илимине кошкон

салымдары, жашоо-турмушундагы өткүрлүктөрү, мамлекетибизге болгон камкордуктары жана башка баалуу жактары - бүгүнкү күндүн урпактарын көптөгөн нарктуу, адилеттүү, адамдык асыл сапаттарга, өзгөчө илимге ээ болууга умтултат жана университеттин профессордук-окутуучулук курамын өлкө үчүн керектүү кадрларды даярдоого, сапаттуу билим берүүгө жана чындыкты туу тутуп кармоого шыктандырат.

Сатыбалды Нааматовдун чоңдор үчүн жазган алиппелери

№	Аталыштары	Чыккан жылы	Чыккан жери	Канча басма табак	Канча бет	Нускасы	Баасы
1	Сабатсыздык жоюлсун	1929	Фрунзе Кырмамбас	4	64	45000	1,40 с
2	Сабатсыздык жоюлсун (2-ирет оңдолуп басылышы)	1931	Фрунзе Кырмамбас	2	80	100000	0,5 с
3	Сабатсыздык жоюлсун (3-ирет оңдолуп басылышы)	1931	Фрунзе Кырмамбас	3	47	100000	0,35 с
4	Сабаттуу колхозчу (4-ирет ондолуп басылышы)	1932	Фрунзе Кырмамбас	3	47	100000	0,35 с
5	Сабаттуу колхозчу (5-ирет ондолуп басылышы)	1933	Фрунзе Кырмамбас	3		41000	0,6 с
6	Сабаттуу колхозчу (6-ирет ондолуп басылышы)	1934	Фрунзе Кырмамбас	3	48	70120	0,65 с
7	Сабаттуу колхозчу (7-ирет ондолуп басылышы)	1935	Фрунзе Кырмамбас		72	75000	

Балдар үчүн жазган алиппелери

№	Аталыштары	Чыккан жылы	Чыккан жери	Канча басма табак	Канча бет	Нускасы	Баасы
1	Биздин мектеп (Султан, Э.Арабаев менен бирге)	1930	Фрунзе Кырмамбас	7		20000	0,60 с
2	Алиппе (1-басылышы)	1931		4,2		50000	0,4
3	Кичинекей колхозчу	1931					
4	Алиппе (1-басылышы)	1933		4		40000	0,95

С.Нааматовдун методикалык китептери.

№	Аталыштары	Чыккан жылы	Чыккан жери	Канча басма табак	Канча бет	Нускасы	Баасы
1	Эне тилинин методикасынын (1-басылышы), айыл мугалимдери жана педтех. учун	1930	Фрунзе Кырмамбас	3	57	5000	0,13
2	Тилибиздин методикасынан (1-басылышы), биринчи жылдыктардын тилин өстүрүү жана "Кичинекей Колхозчу" алиппесин окутуу методдору	1932	Фрунзе Кырмамбас	2	36	2000	0,90
3	Балдар алиппесин окутуу методу (1-басылышы)	1933	Фрунзе Кырмамбас	0,5	10	3000	0,25
4	Балдар алиппесинин метод каты (1-басылышы)	1934	Фрунзе Кырмамбас	1	16	2150	0,34
5	Башталгыч мектептер үчүн кыргыз тилинин метод көрсөткүчү	1935	Фрунзе Кырмамбас	6			

С. Нааматовдун көркөм чыгармалары

№	Аталыштары	Чыккан жылы	Чыккан жери	Канча басма табак	Канча бет	Нускасы	Баасы
1	"Тштукте жер тещкорушу" поэмасы, ("Жаңы маданият жолунда")	1928 №5,6,7; 1929 №1	Фрунзе				
2	"Барса келбес сапар" повесть, «Жаңы маданият жолунда»	1928 №5,6,7; 1929 №1	Фрунзе				
3	"Жөжөлөр. Молдо Сасык"	1929	Фрунзе	1,5	27	3000	0,15

4	“Аял” ыр. («Жаңы маданият жолунда»	1929	Фрунзе				
5	“Тынымкан”, аңгеме (китеп)	1930	Фрунзе	3,6		2000	0,4
6	“Он алтынчы жыл”, пьеса						
7	“Шексиз тилек”, сатира						
8	«Толук жеңишке», 1931-ж. драма	1931					

Сатыбалды Нааматов түзгөн окуу китептер

№	Аталыштары	Чыккан жылы	Чыккан жери	Канча басма табак	Канча бет	Нускасы	Баасы
1	“Кыргыз аялы өзү жөнүндө эмне билүү керек»	1926	Ф.К	1,5		2000	0,3
2	“Башталгыч класстардын программасы”, 2-жылдыктар үчүн. (мугалимдер үчүн)	1931	Ф.К	6		2100	2
3	Программа (Эмгек, политехникалык окуу жана эстетикалык билим берүү), 3-басылышы (мугалимдер үчүн)	1932	Ф.К	3,4	27	3000	1
4	“Козголоң”, пьеса, Д.Фурманов. (Кырмамтеатрда коюлган)	1929		3			
5	“Взрыв”, балдар театры үчүн, ТЮЗ да коюлган)	1930		1			
6	“Егорь Булычев”, пьеса (М. Горький).	1933		2			
7	“Тынч Дон”, роман (М.Шолохов)	1934		15,5			
8	«Шернияз», пьеса (казакчадан)						
9	“Текшерүүчү” (Гоголь)						

Сатыбалды Нааматовдун котормолору

№	Аталыштары	Чыккан жылы	Чыккан жери	Канча басма табак	Канча бет	Нускасы	Баасы
1	Тунгуч (аялдар үчүн окуу китеби, А.Шабданов менен бирдикте)	1929	Фрунзе Кырмамбас	2,5	31	5000	0,3
2	Чала сабаттуулар үчүн окуу китеби (1-басылышы)	1930	Москва	9,8	154	35000	0,6
3	Окуу китеби (2-жылдыктар үчүн. 1-басылышы)	1930	Кырмамбас	8	124	17000	0,9
4	Жаш эпкиндүүлөр (2-жылдыктар үчүн, 3-басылышы)	1931		8,4	134	40000	0,75
5	Жаш эпкиндүүлөр (2-жылдыктар үчүн, 3-басылышы)	1932		8,2	130	251000	0,75
6	Окуу китеби (1-бөлүм)	1933		4	63	40000	0,75
7	Окуу китеби (2-бөлүм	1933		6	77	20000	0,8
8	Окуу китеби (Сабатсыздар мектебинин алиппеден кийинки окуу китеби)	1934		5	80	20125	0,65
9	Окуу китеби (Чала сабаттуулар үчүн)	1934		10	158	10100	0,2
10	Окуу китеби (1-бөлүм, 1-окуу жылдыктар үчүн)	1934		6	94	40150	1,05
11	Окуу китеби (2-бөлүм, 2-окуу жылдыктар үчүн)	1934		7	80	20150	0,3
12	Окуу китеби (1-бөлүм, 1-окуу жылдыктар үчүн)	1935			93	26125	

С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ОКУМУШТУУЛАРЫ



Жаманкулов Жанат Медетович
тарых илимдеринин кандидаты, доцент,
Нарын мамлекеттик университетинин туңгуч ректору (1996-1998 жж.)

Жаманкулов Жанат Медетович Чүй облусуна караштуу Москва районунун Александровка айылында 1952-жылы 12-августта кызматкердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Отуз-Адыр айылындагы М.Жаманкулов атындагы орто мектепти 1969-жылы бүтүрүп, ошол эле жылы Мичуринскидеги педагогикалык институтка өтүп, 1974-жылы окуп бүтүргөн.

1974-жылдын сентябрь айынан декабрь айына чейин Жалал-Абад облусунун Кара-Көл шаарындагы №1 орто мектебинде орус тил мугалими болуп иштеген. 1974-жылдын декабрь айынан 1976-жылдан январь айына чейин Советтик Армияда аскердик кызматын өтөгөн. 1976-жылдан 1977-жылга чейин Кара-Көл шаарында "Гидроэнергокурулуш" башкармалыгында кадрларды

даярдоо боюнча инженер, 1977-жылдын июнь айынан баштап 1981-жылдын январь айына чейин Лениндик Комсомолдук Жаштар Союзунун Кара-Көл шаардык комитетинде 2-катчы, андан кийин 1984-жылга чейин Кара-Көл шаардык комитетинде бөлүм башчы болгон. 1984-жылдын сентябрь айынан 1986-жылдын август айына чейин Ташкенттеги жогорку партиялык мектепте окуган. 1986-1987-жылдары партиянын Талас облустук комитетинде идеологиялык бөлүмдүн башчысынын орун басары болуп иштеген. 1987-жылдын сентябрь айынан 1990-жылдын июнь айына чейин СССРдин борбор шаары Москвада, Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин алдындагы коомдук илимдердин Академиясында окуган. Аспирантурага өтүп, аны ийгиликтүү аяктагандан кийин, 1990-жылы 26-апрелде кандидаттык диссертациясын жактап, тарых илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражага ээ болгон. Тарых адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамын алган.

1990-1991-жылдары Кыргызстан коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин идеологиялык бөлүмүндө инструктор, 1991-1992-жылдары Кыргыз Республикасынын Президентинин мамлекеттик-уюштуруу аппаратында референт, 1992-1994-жылдары Чүй облусундагы Москва районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким, 1994-1996-жылдары Кыргыз Республикасынын илим жана билим берүү министринин орун басары болуп иштеген. 1996-жылдын июнь айынан баштап 1998-жылдын декабрь айына чейин жаңы ачылган Нарын мамлекеттик университетинде ректор болуп кызмат өтөгөн.

Жанат Медетович Нарын мамлекеттик университетинин туңгуч ректору болуп иштеп турган убагында иштин көзүн билген, аракети текке кетпеген, кадрлардын профессионалдык деңгээлин, ишке болгон жөндөмдүүлүгүн баалай билген мыкты жетекчи экендигин көрсөтө алды. Кыска убакыттын ичинде университеттин окуу, тарбия жана аны менен кошо чарбалык иштеринин өнүгүшүнө чоң салымын кошту.

Облустун аймагындагы мектептер менен университеттин ортосунда байланыш түзүү жана үзгүлтүксүз билим берүү максатын көздөп, университеттин астында мектеп-лицей ачкан. Лицейге мугалимдер менен бирге университеттеги илимдин кандидаттары да сабак беришип, окуучулардын билим алуусуна жана жогорку окуу жайга өтүшүнө чоң түрткү болгон.

Жогорку окуу жайга өткөн студенттин андан ары билимин терең өздөштүрүп, татыктуу кадр болушуна түрткү берүү максатында

«Жогорку окуу жайына чейинки даярдоо» курсун ачкан. Бул курста облусубуздун көптөгөн жаштары жана Түркиядан келген атуулдар да билим алышып, жакшы ийгиликтерге ээ болушкан.

Университеттин студенттери, окумуштуулары жана каалоочулар үчүн автомектепти ачкан. Көптөгөн студенттер жана университеттин окутуучулары, окумуштуулары ж.б. каалоочулар жол кыймылынын эрежелерин жана автомобилди айдоону өздөштүрүшүп, автоунааны айдоого укук алышып, бүгүнкү күнгө чейин жакшы натыйжасын берип келе жатат.

Билим алуу үчүн жана жогорку билимге ээ болуп, кайсы бир кесиптин, же тармактын адиси болушу үчүн билим булагы болгон китепке дайыма муктаж болобуз. Тактап айтканда, ар бир окуу жайында сөзсүз түрдө китепкана болуш керек. Иштин бул жагын күн мурунтан түшүнгөн Жанат Медетович өзү баштап профессордук-окутуучулук курам менен бирге тынбай көп аракеттерди жасады. Ошол кездеги Кыргыз Улуттук университетинин ректору С.Ж.Токтомушев, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педогогикалык университетинин ректору Р.У.Усубаматов жана Кыргыз билим берүү институту менен макулдашып, баш аягы 8 миңге жакын окуу китептерин алып келип, Нарын университетинин китепканасын түптөгөн.

Билим берүү министри А.Ч.Какеев менен макулдашып, Кыргыз Улуттук университетинин 1-проректору А.Бекбалаев, Кыргыз архитектура-курулуш институтунун ректору Ж.Тентиев, Денетарбия институтунун ректору А.Мамытов, «Дастан» университетинин ректору К.Осмоналиев, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педогогикалык университетинин ректору А.А.Бөрүбаев, Тоо-кен университетинин ректору К.Осмонбетов, К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин ректору Ж.Жусаев менен бирдикте министрликтин көчмө кеңешмесин Нарын мамлекеттик университетинде өткөрүп, Нарын университетинин материалдык-техникалык базасын чыңдоого ар тараптан жардам алууга жетишкен. Бишкек шаарында жайгашкан Төмөнкү Чүй мектеп-интернатынан окуу процессине керектүү болгон эмеректерди алып келген. Жогоруда аталган окуу жайлары менен университет аралык келишимдер түзүлгөн.

Жанат Медетович университеттин чарбалык иштерине да көңүл буруп, ал иштерди көз жаздымдан кетирбестен, өз убагында уюштуруп, максаттуу түрдө пайдалана билген. Нарындын Кызыл-Бел жайлоосунда көмөкчү чакан мал чарбасын уюштурган. Университетке бир жыл толгондо, Казахстандан эки комбайн сатып алып келип, талаага эгин айдатып, университеттин жамаатын арзан баадагы ун менен камсыз кылган.

Жумгал районундагы Миң-Куш айылындагы жумушсуздуктун айынан иштетилбей турган станокторду алдырып келип, цех уюштурган. Цехтен студенттер олтуруучу парталарды, столдорду, корпустардын эшиктеринин каалгаларын жана темирлерди ийип, чоюп, кесип университеттин көптөгөн иштеринин бүтүшүнө чоң салым кошкон.

Жыл сайын студенттердин көбөйүп келе жаткандыгын байкап, ошондой эле аларга билим алууда адистештирилген кабинеттер жана лабораториялар керек экендигин алдын ала көрө билип, кесипчилик-техникалык окуу жайдын корпусун оңдотуп, университеттин окуу корпусуна айландырган.

Совет мезгилинде курулуп баштап, толук бүтпөй калган айыл-чарба техникумунун жатаканасын окуу корпусуна айландыруу үчүн өкмөттөн акча-каражат маселесин чечтирип, студенттерди жана окумуштууларды уюштуруп, өзү баштап кыш ташып, кээ бир жумуштарын кол менен бүтүрүүгө себепкер болгон.

1998-жылы март айынан баштаган аракети аягына чыгып, айыл-чарба техникумунун жатаканасы Нарын облусунун көрүнүктүү атуулдарынын жана университеттин жамаатынын катышуусу менен табигый-гуманитардык факультетинин окуу корпусу болуп салтанаттуу түрдө ачылган.

Нарын мамлекеттик университетине ата-энелер комитетин түзүп, аларга маселени айтып түшүндүрүп, ата-энелер дагы колунан келген жардамын берип, компьютердик кабинеттердеги компьютерлердин санынын көбөйүшүнө өз салымдарын кошушкан. Облусубузда биринчилерден болуп Евразия фондусуна аксакалдар сотунун ишин жакшыртуу боюнча өзүнүн долбоорун жазып сунуштап, чоң өлчөмдөгү каражатты бөлүп алганга жетишип, университетибизге 5 компьютер жана бир ксерокс алып келген.

Аткарылган иштердин жыйынтыгы ийгиликтүү болуп, «Математика жана информатика» адистигинин негизинде «Маалыматтарды иштетүүнүн автоматташтырылган системалары» адистиги ачылган. Чет тил предметин окуган студенттер үчүн лингафон кабинети түзүлгөн. Университет эки жылга жетпеген убакытта Интернет түйүнүнө кошулган.

Нарын шаарында бюджеттин эсебинен жылына үй курулбагандыктан, кадрларды үй менен камсыз кылуу чоң маселелердин бири болуп эсептелет. Университетти ачыш үчүн атайын чакырылып келген окумуштуулар өз убагында турак-жай менен камсыз болбосо,

коюлган максаттуу иш солгундап, токтоп калуусу мүмкүн эле. Жанат Медетович облустун ошол кездеги губернатору Э.Узакбаевге улам-улам талапты катуу коюп жатып, маселени өз убагында чечкенге жетише алды. Э.Узакбаев жана Жанат Медетович такай көзөмөлгө алышып, совет мезгилинде толугу менен бүтпөй калган төрт кабаттуу 36 квартиралуу үйдү кайрадан жасалгалап университеттин ведомстволук турак үйүнө айландырышты. Натыйжада 36 квартиранын 30 квартирасы университеттин эсебине өтүп, чакырылып келген илимий даражалуу окутуучулар үй менен камсыз болушту.

1997-жылы Нарын мамлекеттик университетинин ачылгандыгынын бир жылдыгына карата «Кыргызстандын борбордук эмес региондорун модернизациялоодо билимдин жана илимдин ролу» деген темада жогорку окуу жайлар аралык республикалык илимий-практикалык конференция уюштуруп, республикадагы жогорку окуу жайларга университет келечекте көптөгөн мүмкүнчүлүктөргө ээ болоорун көрсөткөн.

Жанат Медетович ар дайым университеттеги окуу процессинин сессия өткөн сайын жакшырышына, студенттердин сапаттуу билим алышына жана окутуучулардын билим берүүдө жаңы технологиялык ыкмаларды колдонушуна өзгөчө көңүл бурган. Ишине жоопкерчилик менен мамиле жасаган, аракетчил жана эмгеги менен көрүнгөн окутуучуларды, илимдин кандидаттарын өз убагында баалап, университеттин алга кетишине демилгечи болгон. Окуу процессине окутуунун үзгүлтүксүз рейтингдик-модулдук системасы киргизилген. Үзгүлтүксүз рейтингдик-модулдук системанын негизги максаты – окуу материалдарын өз алдынча сааттарга (бөлүктөргө) – модулдарга бөлүү жана окуу материалдарынын студенттер тарабынан өздөштүрүүсүн оперативдүү текшерүү, билимин баалоо жана студенттердин окууга болгон аракеттерин өз алдынча системага келтирүү, активдештирүү болуп эсептелет.

Ж.М.Жаманкулов 1998-2004-жылдары Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин Эл аралык билим берүү программаларын интеграциялоо институтунда директор, Бишкек гуманитардык университетинде ректордун милдетин аткаруучу (2004-2005-ж.), Эл аралык билим берүү программаларын интеграциялоо институтунда профессордун милдетин аткаруучу (2006-2007-ж.) кызматтарында иштеген.

2007-жылдын март айынан баштап Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин элчилик (дипломатиялык) академиясында проректор, 2008-жылдын 17-июль айынан 2009-жылга

чейин ошол эле академиянын ректору, 2010-жылдан баштап Жогорку Кеңештин аппаратында эл аралык кызматташууну башкаруу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп жатат.

1996-жылы «Эл агартуунун отличниги» төшбелгиси менен жана 2002-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланган. 2007-жылы элчилик (дипломатиялык) кызматтагы 1-класстагы кеңешчи чини ыйгарылган. 2001-жылдын май айында Жанат Медетовичке Нарын мамлекеттик университетинин Ардактуу профессору, 2008-жылы Монголия илимдер академиясынын эл аралык мамилелер институтунун Ардактуу доктору деген наамдар берилген.

Окумуштуу катары «Конституция Кыргызской Республики 1993 года: Возрождение суверенного государства» деген илимий жактан маанилүү монографияны жазган.

Илимий эмгектери

1. Два взгляда на современный мир // Политика и общество / Общественно-политический журнал. Б., КНУ им. Ж. Баласагына, 2004. №2 (17).

2. Малые страны в глобальной политике // Социальные и гуманитарные науки. Б.: МО КР, №3 – 4. 2004 г.

3. Политическая оппозиция. // В книге: Kyrgyzstan/ HISTORIA – SPOLECZENSTWO – POLITYKA. Варшава: Университет Варшавы, 2004 г.

4. Мартовские события в Кыргызстане: переворот или революция? //Журнал Социальные и гуманитарные науки, №1, 2005 г.

5. Конституция Кыргызской Республики 1993 года: Возрождение суверенного государства. Бишкек, 2009.



Акматалиев Алмазбек

философия илимдеринин кандидаты, профессор
Нарын мамлекеттик университетинин ректору (1999-2010-жж.)

Акматалиев Алмазбек Акматалиевич Нарын облусунун Ат-Башы районуна караштуу Жаңы-Күч айылында 1959-жылы кызматкердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1976-жылы орто мектепти бүтүп, Казак Республикасынын мурдагы борбор шаары Алма-Атадагы Казак мамлекеттик университетинин философия-экономикалык факультетине өтүп, 1981-жылы артыкчылык дипломуна татыктуу болуп окуп бүткөн.

1981-жылы Кыргыз Республикасынын илимдер Академиясынын философия жана укук институтунда аспирантурада окуган. 1985-жылы «Духовная культура как фактор формирования ценностных ориентаций личности» деген темада кандидаттык диссертациясын жактап, философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болгон. Ошол эле институтта 1987-жылга чейин илимий кызматкер болуп иштеген.

1987-1988-жылдары Кыргызстан Лениндик коммунисттик жаштар союзунун Борбордук комитетинде инструктор, Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигиндеги жогорку окуу жайлардын башкармалыгында начальниктин орун басары (1988-1990-жж.), Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясында сектор башчы (1990-1992-жж.), Нарын облустук мамлекеттик администрация башчысынын орун басары жана биринчи орун басары (1992-1996-жж.), Нарын райондук мамлекеттик администрация башчысы-аким (1996-1997-жж.), Нарын облустук эл депутаттар Кеңешинин төрагасы (1997-1999-жж.) кызматтарында иштеген.

1999-жылдан 2010-жылга чейин Алмазбек Акматалиевич Нарын мамлекеттик университетинин ректору болуп иштеди. Университетке быйыл 15 жыл толуп, Республикага керектүү жогорку билимдүү кадрларды даярдаган жана башка жогорку окуу жайлардан кем калбаган, кучагына көптөгөн адистиктерди, борборлорду камтыган Нарын облусундагы билим-илимдин, маданияттын очогу болуп калды. Университеттин бүгүнкү жетишкен абалына окутуучулук-профессордук курамдын жана башка кызматкерлердин, ошондой эле Алмазбек Акматалиевичтин да ректор катары өтөгөн эмгеги жана салымы бар.

Бүгүнкү күндө университетте 5 факультет бар: агрардык-техникалык факультет, педагогикалык факультет, филологиялык факультет, экономика, бизнес жана башкаруу факультети жана үзгүлтүксүз билим берүү факультети. 1996-жылга караганда адистердин саны жана анда окуган студенттердин саны да бир топ жогорулады. Окуу процессин үзгүлтүккө учуратпай, студенттерди аудитория, атайын окуу кабинеттер, лабораториялар менен камсыз кылуу, ошондой эле студенттердин, жаштардын маданий-массалык иштерин, спорттук мелдештерин өткөрүү үчүн корпустардын жетишпеген проблемасы пайда болду.

Алмазбек Акматалиевич Нарын облустук мамлекеттик администрация башчысы-губернатор А.Салымбеков менен маектешип, маселени айтып түшүндүрүп, өз убагында чечтирип, натыйжада мурдагы облустук мамлекеттик статистика комитетинин 4 кабаттуу эсептөө борборунун имаратын университеттин административдик жана окуу корпусуна, «Соң-Көл» кинотеатрын НМУнун алдындагы «Соң-Көл» жаштар жана студенттер маданий сарайына, «Намыс» дене-тарбия чыңдоо комплексин дене тарбия сабагын жана ар түрдүү спорттук оюндарды, мелдештерди өткөрө турган жайга айландырды.

Нарын педагогикалык окуу жайынын жатаканасы кайрадан жасалгаланып, окуу корпусуна айландырылып, университеттин илимий китепканасы жайгаштырылып, бүгүнкү күндө профессордук-окутуучулук курамды, студенттерди жана окурмандарды тейлеген бир абонемент, эки жалпы окурмандар үчүн окуу залы, мезгилдүү

басмалар жана илимий маалыматтардын залы, электрондук китепкананын окуу залы үзүгүлтүксүз иштеп жатат.

Университеттин окуу корпустарында факультеттин окуу жана маданий-массалык иш чараларын, кеңештерин, студенттердин дипломдук, курстук, илимий иштерин жана студенттик конференцияларды өткөрө турган, толук жасалгаланып компьютерлер коюлган конференц-залдар курулуп, иштеп жатат.

Жыл өткөн сайын окуу процессиндеги иштерди жакшыртууда жана студенттерге сапаттуу билим берүүдө жаңы маалыматтык технологияларга көңүл бөлүү, башкача айтканда, бүгүнкү күндүн эң мыкты автоматташтырылган техникасы болгон компьютерди кеңири пайдалануу жана компьютер менен кечиктирбестен жабдуу керек экендиги баарыбызга өзгөчө сезилип турду. 1999-2000-жылдары 30га жакын компьютер болсо, бүгүнкү күндө ар бир кафедрада жана деканатта, ошондой эле структуралык бөлүмдөрдө жана университеттин корпустарында иштердин аткарылышын толук түрдө камсыз кылган компьютердик класстар бар. Университетте 200гө жакын компьютер дүйнөлүк Интернет түйүнүнө кошулган.

Иштин жүрүшү ийгиликтүү болуп, 2000ге жакын электрондук окуу китебине ээ болгон электрондук китепкана түзүлүп, билим берүүдө жаңы мүмкүнчүлүктөр пайда болду. Мындай шарттын түзүлүшү окутуучулук-профессордук курам жана студенттер үчүн билим берүүдө, илимий иштерди, дипломдук, курстук иштерди жүргүзүүдө жана рефераттарды жазууда бир топ жакшы натыйжаларды берди.

Университетте билим берүүнүн эң негизги булагы - ар дайым китептер жана башка ар түрдүү илим тармактары боюнча журналдар, окуу китептер, көркөм адабияттар, газеталар менен улам-улам толукталып турган илимий китепкана болуп эсептелет. Илимий китепкана университеттеги билим берүү системасын үзгүлтүксүз азыктандырып тургандыктан, илим-техниканын өсүшүнө жараша ар дайым толукталып турууну жана ошого жараша көлөмдүү акча каражатын да талап кылат. Дайыма билим байлыгына максаттуу көңүл бөлүүнүн натыйжасында, бул маселе туура чечилип, бүгүнкү күндө илимий китепкана 100 миң экземплярга жакын ар түрдүү адистиктердин китебине ээ болуп турат.

Эл аралык байланыштар бөлүмү 2001-жылдардан баштап, көзгө көрүнүктүү иштерди аткарып, чет элдик жогорку окуу жайлар жана атуулдар менен байланышып, аларга Нарын мамлекеттик университетинин аты да угулуп, жүзү да көрүнө баштады. Иштин мындай кеңири масштабда ишенимдүү алга кадам ташташы Алмазбек

Акматалиевичтин 2001-жылы Америка Кошмо Штаттындагы Грейт-Фоллс, Монтана университеттерине барып, 6 ай бою билим берүү системасы жана окутуунун бүгүнкү замандагы алдыңкы технологиялары менен таанышып, эл аралык мамилелерди жөнгө салуунун, кызматташуунун жана башка көптөгөн иштерди көрүп, билип, англис тилин үйрөнүп, бай тажрыйба топтоп келгенден кийинки ишмердүүлүгүнүн натыйжасы десек болот.

Ишти туура багыттап, көптөгөн тынымсыз аракеттерди жасоонун натыйжасында, бүгүнкү күндө Нарын мамлекеттик университети София университети (Болгария), Монтана университети (АКШ), Анадолу университети (Түркия), Сантьяго де Кампастелла университети (Испания), Адам Мицкевич университети (Польша), Масарик университети (Чехия), Врыже университети (Белгия), Вильнюс университети (Литва), Лингвистика университети (Россия, Москва), Новосибирск техникалык университети (Россия), КУМО Технологиялык университети (Түштүк Корея) жана Түндүк-Батыш Агрардык (Кытай) университеттери менен байланышып, кээ бир университеттерге жакшы окуган студенттер жиберилип, чет тилин жакшы билген окутуучулар стажировкадан өтүп, билим берүүнүн эң алдыңкы технологиялары менен таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп олтурушат.

Азыркы учурда Нарын мамлекеттик университетинде англис, араб, кытай, корей, түрк, орус тил борборлору ачылып, АКШдан 3, Түркиядан 2, Түштүк Кореядан 3, Кытайдан 1 окутуучулар сабак беришип, студенттер жана каалоочулар жогорудагы аталган мамлекеттердин тилин, үрп-адатын, салтын үйрөнүшүп, эл аралык байланыштын келечегине жана эртеңки күнкү турмуштук маанисине терең ынанып жатышат. Ошондой эле университетте «Сорос-Кыргызстан» фондусунун ресурстук борбору, ОБСЕнин регионалдык борбору, ТИКА (Түркия) эл аралык уюмунун регионалдык борборлору ачылып, иш алып барууда.

Ушул жылдардын ичинде университеттин 20дан ашык студенти АКШ, Түркия, Түштүк Корея, Европа өлкөлөрүнө барып окуудан өтүп келишти. Ал эми 2007-2008 окуу жылынан бери Европа союзунун «Ерасмус-Мундус» программасы боюнча 9 студент жана окутуучулар 1 айдан 3 жылга чейинки мөөнөттө Түркия, Польша, Финляндия, Бельгия, Испания, Литва жана Чехиянын университеттеринде билимин өркүндөтүү боюнча даярдануууда жана айрымдары аталган өлкөлөргө барышып, билимдерин өркүндөтүүдө. Ишти билгичтик менен алып баруунун натыйжасында, ушул жылдары Нарын мамлекеттик университетине гранттардын жана

чет элдик өз ара жардамдашуунун донордук эсебинен 300 миңден ашык АКШ долларына туура келген иш жүргүзүлгөн. Ушундай иш-чаралардын аткарылышы университеттин өнүгүшүнө чоң салым кошкондугу көрүнүп турат.

Алмазбек Акматалиевичтин өз убагында тынбастан көп аракет жасап, Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине, Нарын жергеси үчүн Нарын мамлекеттик университетине аскердик окуунун өтө зарыл экендигин далилдеп, аргументтүү негизде маселени коюп, сүйлөшүүнүн аракетинде университетке аскер кафедрасын ачканга жетишкен. Аскер кафедрасынын ачылышы менен студенттерибиз өз адистигинен сырткары аскердик билим жана Ата Мекенди коргой турган инсандардан болуп, тарбия алышып, «Кенже лейтенант» деген наамга ээ болуп, өлкө үчүн керектүү кадрлардын чыгышына чоң түртку болду.

Университеттин «Намыс» спорттук комплексинде жыл сайын профессордук-окутуучулук курамдын арасында факультет аралык спорттун бир нече түрлөрү боюнча өз ара мелдештер өткөрүлүп, спортто алдыңкы ийгиликке жетишкен окутуучулар жана командалар атайын байгелер менен сыйланып, жамаат иш менен эс алууну айкалыштырып уюштурууга жетише алды. Ошондой эле студенттер да спорттун түрлөрү менен машыгышып, жогорку окуу жайлар арасында өткөрүлгөн спартакиадага катышып турушат. Студенттерге «Башат» газетасын чыгарууга шарт түзүлүп, университеттеги болуп жаткан жаңылыктар менен облусубуздун жаштарын тааныштырып, Нарын телеберүүсүндө жаштар программасын алып барып, коомчулук менен массалык маалыматтардын жардамы аркылуу байланыш түзүүнү үйрөнүүдө.

Алмазбек Акматалиевич 2001-жылы Грейт-Фоллс, Монтана (АКШ), 2003-жылы Монтана (АКШ), 2005-жылы Гринвич (Великобритания), 2006-жылы Санлин (Түштүк Корея), 2008-жылы Анадолу (Түркия) университеттеринде болуп, Европа өлкөлөрүнүн жогорку окуу жайларында билим берүүнүн системасы жана ыкмасы менен таанышып келгенден кийин, мурдатан бери келе жаткан жана калыптанган салттуу билим берүүнүн технологиясы менен Европа өлкөлөрүндөгү колдонуп жаткан бүгүнкү күндүн билим технологиясын салыштырып, Окумуштуулар кеңешинде методикалык талкуу жүргүзүп, натыйжада жаңы технологиянын билим берүүдө артыкчылык жактары баса белгиленип, силлабусту (окуу-методикалык комплекс) университеттин окуу процессине колдонууну киргизген.

Акыркы үч-төрт жылдын ичинде силлабусту түзүү жана жазып чыгуу иши университеттин Окуу-методикалык комиссиясы тарабынан көзөмөлгө алынып, окутуучулар өтүп жаткан предметтери боюнча электрондук силлабустарды түзүп, билим берүүнүн Европалык технологиясын өздөштүрө баштады. Республикадагы жогорку окуу жайлар боюнча алып караганда, Нарын мамлекеттик университети Европалык билим берүү технологиясын биринчилерден болуп окуу процессине колдонууга кадам шилтеген университет болуп эсептелет.

Нарын мамлекеттик университетинин окумуштууларынын, аспиранттарынын, изденүүчүлөрүнүн илимий изилдөөлөрүн илимий чөйрөгө чыгаруу, республиканын окуу жайлары жана көрүнүктүү окумуштуулары менен илимий байланышта болуу жана тарыхый даталуу окуяларды белгилөө максатында жыл сайын конференцияларды уюштуруп, өткөрүп турат.

1999-жылдан 2008-жылга чейин Нарын мамлекеттик университетинде «Илим жана билим берүүнүн проблемалары», «Кыргыз тилинин актуалдуу маселелери», «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы», «Кыргыз элине эмгек сиңирген тарыхый улуу инсандар», Нарын шаарындагы В.П.Чкалов атындагы мектептин 75 жылдыгына жана Нарын мамлекеттик университетинин 5, 12 жылдыгына арналган Республикалык, жогорку окуу жайлар аралык жана облустук масштабда 11 конференциянын өтүшүн жетекчиликке алган.

Ушундай конференциялардын өтүшү университетте эмгектенген окумуштуулардын, аспиранттардын жана изденүүчүлөрдүн илимий эмгектерин республикабыздын илим чөйрөсүнө таанытууга, белгилүү окумуштуулар менен илимий байланыш түзүүгө, кандидаттык, докторлук диссертациялардын корголушуна жана университеттин илимий потенциалын жогору көтөрүүгө чоң түртку болду.

Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясы 2003-жылды «Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы» деп Бүткүл дүйнөгө жарыялаганына байланыштуу, бул тарыхый окуяга арналып өткөрүлгөн конференцияга жана конференциянын натыйжасында аткарылган иштерге токтолгум келди.

Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арналган «Ажыбек баатыр жана анын доору», «Казыбек казалчы жана анын мурастары» аттуу Республикалык масштабда илимий-практикалык конференция Нарын облусунун губернатору Салымбеков Аскар Маатказылович, НМУнун ректору Акматалиев Алмазбек Акматалиевич жана облустук мамлекеттик администрациясынын укук

коргоо жана коргонуу секторунун башчысы, Ажыбек баатырдын 200 жылдыгын, Казыбек казалчынын 100 жылдыгын өткөрүү боюнча облустук уюштуруу комитетинин төрагасынын катчысы Каныбек Бокоевдин демилгелери, жетектөөлөрү менен 2003-жылдын 20-21-сентябрында өтүп, белгилүү илимпоздор: Мусаев С.М. (филология илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер), Эралиев З.Э. (тарых илимдеринин доктору, профессор), Өмүрбеков Т.Н. (тарых илимдеринин доктору, профессор), Осмонов Ө.Ж. (тарых илимдеринин доктору, профессор), Жакыпбеков Ж.Ж. (тарых илимдеринин кандидаты), Молдобаев И.Б. (тарых илимдеринин кандидаты, профессор), Сапаралиев Д.С. (тарых илимдеринин кандидаты, Манас университети), Асанов Т.И (тарых илимдеринин кандидаты, УИА), Акматалиев А.А. (филология илимдеринин доктору, профессор, УИАнын корреспондент-мүчөсү), Байжигитов К. (филология илимдеринин кандидаты, КМПУ), Абдувалиев И. (филология илимдеринин кандидаты, КМПУ), Асакеева Д. (филология илимдеринин кандидаты, БГУ), Обосканов А. (филология илимдеринин кандидаты, УИА), Орозова Г. (филология илимдеринин кандидаты, УИА), Дөлөев Ө.Т. (акын) жана Нарын мамлекеттик университетинин окумуштуулары катышкан, Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө эмгеги сиңген Ажыбек баатыр жана Казыбек казалчыны эскерген, алардын ак эмгегин илимий адабиятка белгилеген, таанымал чоң илимий конференция болду.

Нарын облусунун губернатору Салымбеков А. конференцияны ачып, өз сөзүндө: «Ажыбек баатыр кыргыз элин баскынчылардан коргоодо жана эл-журттун биримдигин сактоодо акылдуулукту, чечкиндүүлүктү, баатырдыкты көрсөтүп», зор салымын кошкондугун, ал эми «Мамбетимин уулу Казыбек казалчы элдин сүйөнчүлүгүнө ээ болгон, ак таңдай акын» экендигин баса белгилеп, окумуштуулардын талкуусуна койгон.

Тарых илимдеринин доктору З.Э.Эралиев өзүнүн жасаган илимий баяндамасында Ажыбек баатырдын кыргыз элине сиңирген ишмердүүлүгүн 5 этапка бөлүп көрсөтүп, баатырдын «Кыргыз» деп ураан чакыргандыгын, эр жүрөктүгүн, өтө кыраакы, иш билги дипломат экендигин, кыргыз урууларынын курултайын башкаргандыгын жана эл биримдигин чыңдап, Ормонду хан көтөрүүдө чоң салым кошкондугун көрсөтсө, тарых илимдеринин доктору Осмонов Ө.Ж. Ажыбек баатырдын тарыхый окуяларын айтып келип, «Баатырдын душман менен бетме-бет кармашуудагы эрдиктерин мектептин 5-классынын окуучулары үчүн жазылган «Кыргызстандын тарыхы боюнча эпизоддук аңгемелер» аттуу окуу китебине, сюжеттик

сүрөттүн коштоосунда берсе болот» - десе, профессор Өмүрбеков Т.Н. баатырдын атак даңкы Ала-Тоодон нары казактарга, Анжиян, Кокон, Кашкарга чейин жеткендигин белгилеп, «Көрөгөч, көсөм, «Адам шери» Ажыбек баатыр иш жүзүндө кыргыздын жер чегин бөлүп, азыркы учурда Көз каранды эмес Кыргыз Республикасын Кытай эл Республикасынан ажыратып тургандыгы аныкы» - деп белгилүү окумуштуулар Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына сиңирген эмгегин таасын белгилешкен.

Филология илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча Мамлекеттик сыйлыгынын эки жолку лауреаты, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер Самар Мусаев улуу акын Казыбек казалчынын өмүр жолуна мүмкүн болушунча кеңири токтолуп, чыгармачылыгын 5 мерчемдүү учурга бөлүп, көркөм сөз өнөрүнүн залкар устаты жана эл акыны экендигин белгилесе, Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор Акматалиев А.А. «Казыбек жана сөз» деген темада илимий баяндама жасап, акын 1912-1918-жылдарда Бухара медресесинде, 1918-1921-жылдарда Санкт-Петербургда окуп, 1921-1924-жылдарда мугалимдик иште аткаргандыгын айтып, «Тарых канчалык бурмаланбасын, «ак ийилет, сынбайт» жана чыныгы акындын көркөм мурасы алтын сымал ар убакта эскирбейт да, кетилбейт да, жаркырап турат. Анда Казыбектин казалдары жашасын демекчибиз» - деп сөзүн жыйынтыктайт.

Мына ушул өтүлгөн конференция кыргыз элине зор эмгеги сиңген, бирок эл оозунда гана айтылып келген, азыркы урпактардын басымдуу көпчүлүгү толук билбей, керек болсо унутулуп бара жаткан өткөн доордун тарыхый инсандары Ажыбек баатыр жана Улуу залкар акын Казыбек казалчыны тарых барагына киргизгенге чоң салымын кошуп, урагыс эстелик тургузду.

Конференция болуп өткөндөн кийин, ошол эле жылы биргелешкен автордук курамда: облустун губернатору А.Салымбеков, ректор А.Акматалиев жана К.Бокоевдин «Ажыбек баатыр» деген тарыхый китеби жарык көрүп, кыргыз тарыхы дагы бир тарыхый көрүнүктүү инсанга толукталды.

Тарых илимдеринин доктору Ө.Осмонов окумуштуу катары алгачкылардан болуп, «Кыргыз тарыхы. Маалыматнама» деген кайрадан толукталып чыккан китебинде Ажыбек баатыр жөнүндө маалымат берсе, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер Самар Мусаев 2007-жылы 458 беттен турган «Казыбек» деген көлөмдүү китебин чыгарып, элге тартуулады.

Жыйынтыгында, эл сүйүп даңазалаган Ажыбек баатырдын эстелиги Ат-Башы районунун борборуна, эл акыны Казыбек казалчынын эстелиги Нарын мамлекеттик университетинин «Намыс» ден соолук чыңдоо комплексинин имаратынын астында кыргыз элинин жана Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевдин катышуусунда салтанаттуу маанайда ачылды.

Алмазбек Акматалиевич 1992-жылдан бүгүнкү күнгө чейин Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын коллегиясынын мүчөсү, 1992-2000-жылдары Нарын облустук эл депутаттар кеңешинин депутаты, 2002-жылы Ч.Айтматов Академиясынын академиги, 2006-жылдан баштап Кыргыз Республикасынын жогорку профессионалдык билим берүү стратегиясын өнүктүрүү, иштеп чыгуу боюнча жумушчу группанын мүчөсү, 2007-жылдан бери Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары боюнча ректорлор кеңешинин төрагасынын орун басары болуп, облустук жана республикалык масштабдагы коомдук ишмердүүлүк иштерин аткарып келет.

Алмазбек Акматалиевич – Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги, Нарын облусунун Ардактуу атуулу жана 2004-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган. 2009-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмери. 2010-жылдан баштап Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы башкаруу Академиясынын ректору.

Илимий эмгектери

1. Социология. Курс лекций. // Учебно-медодическое пособие. Бишкек: «Бийиктик», 2003.

2. Управление учебным процессом и качеством подготовки специалистов. // Бишкек, 2004.

3. Ценностные ориентиры молодежи. // Материалы III И научно-практической конференции НГУ. Бишкек, 2004.

4. Концепции общества в современной социальной философии. // НАН КР, ИфиП Гум. Проб. современности, Бишкек, 2007.

5. Система ценностей современного Кыргызстанского общества // Бишкек, 2009.



Калдыбаев Салидин Кадыркулович

педагогика илимдеринин доктору, профессордун милдетин аткаруучу
Нарын мамлекеттик университетинин ректору

Калдыбаев Салидин Кадыркулович 1958-жылы Жумгал районунун Кырчын айылында туулган. Чаек айылындагы М.Алыбаев атындагы орто мектепти 1975-жылы аяктагандан кийин, ошол эле жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин механика-математика факультетине тапшырган. 1980-жылы аталган факультетти ийгиликтүү аяктап, математик-окутуучу адистигине ээ болгон. 1987-жылы КМУнун математика факультетинин математиканы окутуунун методикасы кафедрасына мугалим болуп орношот. Мугалимдик кесип менен бир катар, ушул жылдардан тартып ал педагогика, математиканы окутуунун методикасы багыттары боюнча илимий изилдөөлөргө активдүү кирише баштаган. 1991-1994-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинде аспирантурада окуган. 1997-жылы Казак Республикасынын Абай атындагы Алматы мамлекеттик университетинде «Математиканы окутууда компьютердик тестти

колдонуунун дидактикалык негиздери» аттуу кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактап, педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасына ээ болгон.

1994-1996-жылдары Кыргыз билим берүү институтунда ага окутуучу, 1996-1998-жылдары Кыргыз Республикасынын Улуттук тестирлөө борборунда директордун орун басары кызматында эмгектенген. 1998-жылы Нарын мамлекеттик университетине математика жана информатика кафедрасынын башчысы кызматына которулуп келет. 2000-жылдан 2006-жылдарга чейин С.Калдыбаев Нарын мамлекеттик университетинин окуу-инспекциялык бөлүмүнүн башчысы, юридикалык факультеттин, информациялык технологиялар факультетинин деканы, университеттин мониторинг борборунун директору болуп эмгектенип келди. 2006-2010-жылдары Информациялык технологиялар, экономика жана башкаруу факультетинин деканы болуп эмгектенди. 2010-жылдын февраль айында НМУнун илим жана жаштар саясаты боюнча проректору, 2010-жылдын март айында Кыргыз Өкмөтүнүн буйругу менен Нарын мамлекеттик университетинин ректору болуп дайындалган.

1999-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы, 2003-жылы Нарын областтык мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы менен сыйланган. Билим берүүгө кошкон чоң салымы үчүн С.Калдыбаев 2003-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги наамына татыктуу болгон. Билим берүүдөгү көп жылдык үзүрлүү эмгеги жана илимий жетишкендиктерин эске алуу менен 2003-жылы Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы Улуттук аттестациялоо комиссиясынын чечими менен С.Калдыбаевге педагогика илими боюнча доцент наамы ыйгарылган.

2009-жылдын 15-майында «Теория и практика педагогических измерений» деген темада докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргогон.

Анын маанилүү эмгектери Кыргызстанда эле эмес, Россия Федерациясынын, Беларусь, Украина жана Казак Республикаларынын, Болгариянын, Польша жана Кытай Эл республикаларынын илимий журналдарында басылып чыккан. Педагогикалык өлчөө, окуучунун билим деңгээлин диагноздоо жана тестирлөө, билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү проблемаларын изилдөөгө арналган макалалары аталган өлкөлөрдүн окумуштуулары менен тыгыз илимий байланыш түзүүгө мүмкүндүк берди. Россиянын көрүнүктүү окумуштуусу В.С.Аванесов С.Калдыбаевдин докторлук диссертациясына консультант болуп, жардамын берген. Аны менен тыгыз илимий байланышта болуусу С.Калдыбаевдин бир нече илимий статьяларынын «Педагогические измерения» журналында жарык көрүүсүнө мүмкүндүк түзгөн. Төрт жыл бою С.Калдыбаев ушул журналдын редакциялык кеңешинин мүчөсү болуп келди.

2003-жылы С.Калдыбаевдин «Тестти окуу процессинде колдонуунун теориялык жана практикалык маселелери» аттуу көлөмдүү эмгеги жарык көрдү. Педагогикалык тест тууралуу эмгектер Кыргыз Республикасында жетишсиз болуп келген. Тестти түзүү, анын сапатын арттыруу, окуу процессинде колдонуу боюнча мугалимдердин маалыматтары жокко эсе эле. Эмгек ушул проблемаларды чечүүгө арналды жана жогорку окуу жайларынын жана мектептин мугалимдери үчүн, өзгөчө кыргыз тилиндеги окуу жайлары үчүн пайдалуу эмгек болду. 2012-жылы Россиянын Омск университетинин профессорлору В.М.Кадневский, В.Д.Полежаев менен бирдикте жазылган «Традиционные и инновационные средства оценивания и контроля в образовании» аттуу окуу китеби Россия Федерациясынан жарык көрдү.

2000-жылдан бери С.Калдыбаев Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы интеллектуалдык менчик боюнча Улуттук Агенттиги (Кыргызпатент) тарабынан каржыланган илимий изилдөөлөрдү жетектеп келүүдө. 2004-2006-жылдары ал жетектеген илимий коллектив орто мектептерде окуучулардын билимдерине компьютердик диагноздоо уюштуруу проблемасын изилдешти. Изилдөөнүн жыйынтыгы катары 2007-жылы «Компьютерная диагностика результатов обучения в общеобразовательной школе» аттуу монография жарык көрдү. Монографиянын мазмунун талкуулоого Кыргызстандын жана Россиянын окумуштуулары активдүү катышты. 2007-жылы Москвада өткөн «Педагогикалык өлчөөнүн методологиялык жана теориялык негиздери» аттуу илимий семинарда С.Калдыбаев тарабынан монографиянын мазмуну талкууга коюлуп, алгылыктуу кеп-кеңештер айтылган. Педагогика илимдеринин доктору В.С.Аванесов тарабынан монографиянын жарык көрүшүнө жолдомо берилген.

С.Калдыбаев Нарын мамлекеттик университетинин студенттеринин билим деңгээлин текшерүүдө компьютердик технологияны колдонуу багыты боюнча дагы алгылыктуу иштерди жасады. 2005-жылы бул боюнча кеңири эксперимент уюштурулуп, жыйынтыгы университеттин Окумуштуулар кеңешинде талкууланган. Андан кийин, 2005-жылдын октябрь айында Нарын мамлекеттик университетинде Билим сапатына мониторинг жүргүзүү Борбору

ачылып, аталган Борбордун жетекчилигине С.Калдыбаев дайындалган. Студенттердин билим сапатына мониторинг жүргүзүлүп, жыйынтыгы мугалим жана студенттердин катышуусу менен талкууланып, студенттердин билим өздөштүрүүдөгү кемчилдиктерин көзөмөлгө алуу боюнча иштер өз убагында оң натыйжа берген.

С.Калдыбаев жетекчи болуп иштеп турган жылдары жалпы коллектив менен бирдикте НМУнун алгылыктуу традицияларын андан ары өркүндөтүү багыты жакшы жолго коюлду. НМУ Нарын регионунун социалдык-экономикалык өнүгүшүнө чоң салым кошуп келе жаткан, республикабыздын абройлуу, алдыңкы жогорку окуу жайларынын бирине айланып келе жатканы эмгек коллективинин демилгелүү иш аракеттеринен, студенттердин окуудагы жана массалык-маданий жактагы жетишкендиктеринен көрүнүүдө. 2009-жылы Кыргыз Өкмөтүнүн токтому менен НМУга кыргыздын атактуу агартуучусу-нускоочусу Сатыбалды Нааматовдун ысымы ыйгарылды. 2010-жылдын май айында С.Нааматовдун ысымынын университетке ыйгарылышына арналган эл аралык илимий конференция болуп өтүп, НМУнун башкы корпусунда Сатыбалды Нааматовдун эстелигинин ачылыш аземи болду.

2010-жылдын апрель айында Европалык Бизнес Ассамблеянын Номинациялык Комитетинин чечими менен С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетине «Европалык сапат» («European Quality») Эл аралык сыйлыгынын лауреаты деген наам ыйгарылды. Номинациялык Комитет С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин жалпы жамаатын жогорку статустагы сыйлыкка ээ болушу менен чын жүрөктөн куттуктоо менен, бул сыйлыктын тиешелүү символикасын, атрибуттарын рекламалык максатта колдонууга укук бергендигин маалымдады. «Бул сыйлыктын берилиши, - деп айтылат Комитеттин куттуктоосунда, - сиздердин университетте жолго коюлган билим берүү системасынын Европалык окуу жайларынын үлгүлүү окуу процессинен кем калышпай тургандыгын, ошондой эле профессордук-окутуучулук курамдын профессионалдуулук деңгээлинин жогору экендигин, жүргүзүлүп жаткан илимий изилдөөлөрдүн сапаттуулугун жана эл аралык программаларды жайылтуу боюнча жигердүү иш аракеттериңерди тастыктайт». Европалык Бизнес Ассамблеянын Номинациялык Комитети бүткүл дүйнө жүзүндөгү прогрессивдүү мекемелердин, ишканалардын жана ошондой эле жогорку окуу жайларынын ич ара жана эл аралык деңгээлдеги жетишкендиктерине көзөмөл жүргүзүп турат. Аталган эл аралык сыйлык биздин университетке 2010-жылдын 3-июнунда Мальта республикасынын Сент-Джулианс шаарында

тапшырылды. 2011-жылы билим берүү системасына, республиканын ар кандай тармагы үчүн жогорку квалификациялуу адистерди даярдоодогу кошкон салымы үчүн С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетине Кыргыз Республикасынын Президенти Р.И.Отунбаеванын Указы менен «Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы» ыйгарылды.

500-800 жылдык тажрыйбасы бар Европа жана Америка өлкөлөрүнүн жогорку окуу жайларына караганда, 60-80 жылдык тажрыйбасы бар Кыргызстандын жогорку окуу жайларына караганда, С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети өтө жаш жогорку окуу жайы. Демек, университеттин мындай сыйлыктары чоң жетишкендик экендиги анык.

Эң алгач белгилей кетүүчү нерсе, мындай сыйлыктар С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетине оңой-олтоң келген жок. Бул сыйлыктарды жеңип алуу үчүн бүткүл коллективдин, студенттик жамааттын жигердүү аракеттери өбөлгө түздү десек болот. Анын ичинде университеттин туңгуч ректору Ж.М.Жаманкуловдун, кийинки ректор А.А.Акматалиевдин жана азыркы ректор С.К.Калдыбаевдин зор салымдары бар экендигин айта кетүү керек. Нарын облусу алыскы, бийик тоолуу, шарты катаал, өнүккөн инфраструктурага ээ эмес, дотациядагы региондо жайгашкан. Мындай катаал шарттар университеттин турмушуна да өз таасирин тийгизбей койбойт. Борбордук жогорку окуу жайларындай мобилдүүлүктү камсыз кылуу университет үчүн кыйынчылыкка турат. Бирок, ошого карабастан, Нарын мамлекеттик университети дүйнөлүк билим берүү системасында болуп жаткан жаңылануулардыө өз тажрыйбасына жайылтуу максатына тынбай умтулуп келет. «EDNET» Ассоциациясынан адистер чакырылып, 70тен ашык мугалимдерибиз билимдерин жогорулатышты. 2010-жылдын февраль айында 23 мугалим «Тренерлер үчүн тренинг» семинарына катышып, «Тренер» сертификатына ээ болушту. Бүгүнкү күндө булар Кыргызстандын университеттери үчүн инновациялык багыттагы семинарларды өтүүгө, практикалык жана методикалык жактан жардам берүүгө даяр.

С.Калдыбаевдин демилгеси менен университеттин окутуучулары республикалык жана эл аралык конкурстарга катышып, жеңүүчүлөрдөн болуп кайтышты. 2010-жылы эл аралык EdNet ассоциациясы тарабынан өткөрүлгөн инновациялык окуу-методикалык комплекстери боюнча республикалык конкурска НМУнун жети окутуучу катышып, алтоо дипломант, бир окутуучу жеңүүчү деп аталып, биринчи орунга татыктуу болду. Азыркы күндө



Абдылдаев Обозбек Талипович

физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргыз Республикасынын инженердик Академиясынын мүчө-корреспонденти.

Абдылдаев Обозбек Талипович 1959-жылы 21-апрелде Нарын облусуна караштуу Кочкор районунун Кум-Дөбө айылында туулган. Кум-Дөбө атындагы орто мектепти 1976-жылы бүтүрүп, Кыргыз мамлекеттик университетинин физика факультетин 1981-жылы аяктап, «Физик-окутуучу» адистигине ээ болгон.

Алгачкы эмгек жолун 1981-жылы Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын Органикалык эмес жана физикалык химия институтунда инженердик кызматта иштөө менен баштаган. 1982-жылы өзүнүн адистигине байланыштуу Физика институтуна ошол эле кызматка которулган. Ал институтта ага инженер, кенже илимий кызматкер жана илимий кызматкер орундарында 1996-жылга чейин эмгектенген.

1986-90-жылдары Физика институтундагы аспирантурада сырттан окуган. 1996-жылы «Жылуулук физикасы жана молекулярдык физика» адистиги боюнча «Лазердик нурлануу менен жаратылыш минералдарынын өз ара аракеттенишүү механизмин изилдөө» деген тема боюнча изилдөө иштерин жүргүзүп, кандидаттык диссертациясын жактаган. 1997-жылы Обозбек Талиповичке физика-математика илимдеринин кандидаты илимий даражасы ыйгарылган. Бул диссертациялык иште Кыргызстандагы мрамор, гранит жана сары таш жаратылыш минералдарына лазердик нурлануу таасир кылганда жүрүүчү физикалык кубулуштардын динамикасын изилдеп, натыйжада ар кандай техникалык максатта лазер нурлануусунун жардамы менен практикалык жактан иштетүүгө мүмкүн болорун аныктаган.

1996-жылы биринчилерден болуп жаңы ачылган Нарын мамлекеттик университетинде Табигый-техникалык дисциплиналар кафедрасында ага окутуучу болуп иштей баштаган. 1997-жылы аталган кафедранын башчылыгына дайындалган. 1999-2005-жылдары «Электроэнергетика» кафедрасынын башчысы, доцент (2005-ж.) болуп иштеген. 2006-жылдан 2010-жылга чейин «Физика жана электроэнергетика» кафедрасын жетектеген. 2010-жылдан баштап аралыктан жана үзгүлтүксүз билим берүү факультетинин деканы.

1996-2000-жылдары кафедранын профессордук-окутуучулар курамы менен бирдикте «Физика», «Электротехника» жана «Электроэнергетика» багыттары боюнча лабораторияларды техникалык каражаттар (приборлор, жабдуулар, орнотмолор) менен жабдып ишке киргизгенге салым кошкон.

Нарын мамлекеттик университетинде алгачкылардан болуп, химия илимдеринин кандидаты Турдалиев И.К. менен бирдикте «Нарын регионунун айлана-чөйрөсүнүн экологиялык абалын текшерүү» деген тема боюнча изилдөө иштерин жүргүзгөн. Төрт жыл аралыгында жүргүзгөн иште Нарын дарыясынын, ошондой эле облустун айлана-чөйрөсүнүн радиациялык абалы изилденген. Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча жыл сайын Илим жана техника боюнча мамлекеттик департаментке отчёт берилип, илимий конференцияларда докладдар жасалып, конференциялардын материалдарына жана республикалык көрүнүктүү «Илим жана жаңы технологиялар» журналына басылып чыкты.

Обозбек Талипович кафедранын башчысы жана доцент катары «Физика», «Электротехниканын теориялык негиздери», «Илимий изилдөөнүн негиздери», «Электротехника жана электроника», «Энергетикага киришүү», «Радиоэлектроника» «Лазерлердин физикасы» жана «Атомдук жана ядролук физика» дисциплиналарынан лекциялык жана лабораториялык-практикалык сабактарды өтүп келе жатат.

1999-2002-жылдары окумуштуу-педагог катары билим берүү процессин жакшыртуу максатында «Электротехниканын теориялык негиздери» курсу боюнча «Электр станциялары», «Жол кыймылын уюштуруу жана анын коопсуздугу», «Маалыматтарды иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары» ж.б. адистиктер үчүн 11 лабораториялык-практикалык усулдук көрсөтмөлөрдү бир нече жылы колдонуп көрүп, методикалык мааниге ээ болгондон кийин университеттик масштабда жарыкка чыгарды.

2001-жылы илимий-педагогикалык иштеринин жетишкендиктерине байланыштуу Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги тарабынан О.Абдылдаевге «Эл агартуунун отличниги» наамы берилген.

2003-жылы илимий-изилдөө жана педагогикалык иштердин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы Энергетика илимдеринин доценти окумуштуулук наамын ыйгарды.

Жогорку жана атайын кесипчилик окуу жайлары үчүн физика жана техника багытындагы адистиктерде кыргыз тилиндеги китептердин жана усулдук колдонмолордун жетишсиздигине байланыштуу Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин грифи менен төмөнкү окуу куралдары жазылып, жарыкка чыгарылды: «Электротехниканын назарияттык негиздери». 1-бөлүк «Электр тизмектери» (2004-ж.); 2-3-бөлүктөр «Сызыктуу эмес электр тизмектери» жана «Электр жана магнит майдандар назарияты» (2004-ж.); «Жалпы электроника» (2005-ж.); «Физика. Электромагнетизм» (2006-ж.); «Физикалык электроника жана микроэлектроника» (2007-ж.); «Электротехниканын теориялык негиздери» (2008-ж., экинчи басылышы). Ошондой эле «Физика-техникалык илимдер боюнча атоолор сөздүгү» эки вариантта, кыргызча-орусча жана орусча-кыргызча (2006-ж.) басылып чыкты. Жогоруда аталган окуу китептеринин жана түзүлгөн сөздүктөрдүн негизинде көйгөйлүү маселелердин бири болгон илимий-техникалык чөйрөдө кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары өнүгүшүнө арналган илимий макалалар «Эл агартуу», «Известия вузов», «Наука и новые технологии» жана «Социалдык-гуманитардык илимдер» журналдарында жарыяланган.

Азыркы мезгилде иштеп жаткан илимий-изилдөө иштеринин темалары: «Билим берүү системасында педагогикалык ишмердүүлүктүн инновациялык багытталышы», «Лазердик нурлануу менен ар кандай материалдардын ортосундагы өз ара аракеттенишүүнү изилдөө». Жалпысынан алганда кырк жети илимий макаласы эл аралык, республикалык жана жогорку окуу жайлардын илимий журналдарында басылып чыккан.

2003-жылы Кыргыз Республикасынын Инженерлер академиясы тарабынан өткөрүлүүчү конкурска катышып, КР ИА мүчө-корреспонденти болуп шайланган.

Илимий эмгектери

1. Авторское свидетельство №1723918 на изобретение: «Покрытие для защиты объекта от лазерного излучения». Изд. ГКНТ СССР, Москва, 1991 г.
2. Билим берүү системасында педагогикалык ишмердүүлүктүн инновациялык багытталышы. ЫМУ жарчысы, Эл аралык илимий-прак.конф., №30, 2011, 60-65-б.
3. Физика «Электромагнетизм». Б.: «Абыкеев А.Э.», 2009 (2-чи басылышы).
4. Физикалык электроника жана микроэлектроника. Б.: «Абыкеев А.Э.», 2007.
5. Электротехниканын теориялык негиздери. Б.:«Абыкеев А.Э.», 2008 (2-чи басылышы).



Ажыбаев Дүйшөнбек Мокешович

педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу.

1965-жылы Ат-Башы районунун Ак-Моюн айылында туулган. Аламүдүн районундагы Кара-Жыгач орто орто мектебин 1983-жылы аяктагандан кийин, Фрунзе шаарындагы №98 техникалык окуу жайына кирип, 1984-жылы “Станциялык теле-радио аппаратураларынын электромонтеру” адистиги боюнча бүтүргөн. 1984-жылы ушул окуу жайынын жолдомосунун негизинде Фрунзе политехникалык институтуна (ФПИ) “Автоматика жана телемеханика” адистигине кабыл алынган. 1984-1986-жылдары Ленинград аскердик округунда Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. Аскердик милдетин аткарып келгенден кийин, жогорудагы институттун “Өндүрүштү башкарууну автоматташтыруу” факультетинде окуусун уланткан. Фрунзе политехникалык институтун 1991-жылы бүтүрүп, Автоматика жана телемеханика адистиги боюча инженер-электрик квалификациясына ээ болгон.

Ажыбаев Дүйшөнбек эмгек жолун 1991-жылы Фрунзе политехникалык институтунун Автоматика жана телемеханика кафедрасында инженердик кызматтан баштаган. 1992-жылдан 1995-жылга чейин Кыргыз техникалык университетинде Автоматтык башкаруу кафедрасында окутуучу болуп иштеген. 1995-жылы аталган кафедрага конкурстук негизде ага окутуучулук кызматка кабыл алынып, 1997-жылга чейин иштеген. 1997-жылы Нарын мамлекеттик университетинин чакыруусу менен келип, математика жана информатика кафедрасына ага окутуучулук кызматка орношот. 2000-жылдан 2008-жылдарга чейин Д.М.Ажыбаев Нарын мамлекеттик университетинин маалыматтык технологиялар кафедрасынын башчысы болуп эмгектенип келди. 1997-2008-жылдары анын жардамы жана түздөн-түз жетекчилиги менен “Маалыматтарды иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары” (АСОИиУ) адистигин даярдоодо эң

маанилүү болгон университеттин компьютердик базасы түптөлгөн. 2008-жылдын февраль айынан баштап, маалыматтык технологиялар, экономика жана башкаруу факультетинин деканынын окуу иштери боюнча орун басары, 2008-2009-жылдарда табигый-гуманитардык факультетинин деканы болуп иштеген. 2009-жылдын ноябрь айынан баштап Окуу башкармалыгынын Офис-регистратор бөлүмүн жетектеп келет.

Кафедра башчысы жана ага окутуучу катары электрондук эсептөө машинасы жана анын системаларын уюштуруу, системаны моделдештирүү, маалыматтык-өлчөө системалары, информатика дисциплиналарынан лекция окуп, практикалык иштерди алып барат. Өзүнүн иш тажрыйбасын жана методикалык иштерин ар дайым жаш окутуучулар менен бөлүшүп, көптөгөн педагогикалык кеп-кеңештерин берет. Жаңы маалымат технологиясы боюнча дипломдук иштерге жетекчилик кылат. Ушул аткарылган илимий иштердин натыйжасында электрондук окуу куралы түзүлүп, университетте пайдаланылып, Ажыбаев Дүйшөнбек жана башка окутуучулар Кыргызпатенттин автордук күбөлүгүнө ээ болушкан.

Окутуучулук кесип менен бир катар, 2000-жылдан тартып Д.М.Ажыбаев компьютердик технологияларды окуу процессинде колдонуу багыты боюнча илимий изилдөөлөргө активдүү кирише баштаган. Анын 30дан ашык илимий эмгектери басылып чыккан, ошондой эле ал 5 автордук күбөлүктүн ээси. Д.М.Ажыбаевдин маанилүү эмгектери Кыргызстанда гана эмес, Россия Федерациясынын, Белорус жана Казак Республикаларынын илимий журналдарында жана эл аралык илимий конференциялардын материалдарында басылып чыккан. 2004-2006-жылдары Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы интеллектуалдык менчик боюнча Улуттук агенттиги (Кыргызпатент) тарабынан каржыланган илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн илимий коллективдин (педагогика илимдеринин кандидаты, доцент С.К.Калдыбаевдин жетекчилигинде) орто мектептерде окуучулардын билимине компьютердик диагноздоо уюштуруу проблемасын изилдөөгө чоң салым кошкон. Ал изилдөөнүн жыйынтыгы катары, 2007-жылы «Компьютерная диагностика результатов обучения в общеобразовательной школе» аттуу монографиясы жарык көрдү. Монографиянын мазмунун талкуулоого Кыргызстандын жана Россиянын окумуштуулары активдүү катышышкан. Ажыбаев Дүйшөнбек Мокешович 2008-жылы 25-апрелде, Кыргыз билим берүү академиясында “Информациялык каражаттардын жардамы менен студенттердин тааныш-билүү ишмердүүлүгүнүн өнүгүшү” деген темада диссертациясын (13.00.01 адистиги боюнча) ийгиликтүү жактаган.

Көп жылдык илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү жетишкендиктери үчүн Д.М.Ажыбаев Нарын мамлекеттик университетинин, 1998-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүү, илим жана маданият министрлигинин, 2004-жылы Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган. Илимий изилдөөдөгү жетишкен ийгиликтери үчүн 2004-жылы Кыргыз Республикасынын Президенттик стипендиясы менен сыйланган. 2010-жылы «Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги» төш белгиси менен сыйланган.

Д.М.Ажыбаев 35 илимий, 16 окуу-методикалык эмгектин автору.

Илимий эмгектери

1. Из опыта организации компьютерной диагностики знаний студентов. // Инновационные образовательные технологии. – Минск: Минский институт управления. №3(7). 2006. - С. 21-27.

2. Компьютерная диагностика результатов обучения в общеобразовательной школе: Практико-ориентированная монография. – Бишкек: 2007. – 136 с.

3. Роль информационных и коммуникационных технологий в развитии познавательной деятельности студентов. // Поиск. – Алматы, 2007. – №4. – С. 227 – 231.

4. Microsoft NetMeeting в учебном процессе. // Информатика и образование. – М.: - №1. - 2008. – С.79-81.

5. Особенности образовательной среды организации электронного обучения MOODLE. / Высшее образование Кыргызской Республики. – Бишкек: – №3/9 (октябрь), 2010. – С. 46 – 52.



Айдаралиева Айнура Сабыровна

Филология илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу

1968-жылы Нарын областынын Тянь-Шань районунун Жерге-Тал айылында туулган. 1985-жылы Тянь-Шань районунун Жерге-Тал айылындагы А.Табалдиев атындагы орто мектепти аяктагандан кийин, ошол эле жылы Фрунзе шаарындагы В.В.Маяковский

атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун чет тилдер факультетине тапшырып, 1990-жылы аталган факультеттиин англис жана немис тили мугалими адистигине ээ болгон. Айдаралиева Айнура эмгек жолун 1990-1991-жылдары Нарын районундагы Оруктам айылындагы мектеп-интернатында англис тили жана адабияты мугалими болуп баштаган.

1991-1999-жылдары Нарын районунун Жерге-Тал айылындагы А.Табалдиев атындагы орто мектепте англис тили жана адабияты мугалими жана чет тилдер секциясынын башчысы болуп иштеген. 1999-жылы райондук «Мыкты жыл мугалими» конкурсуна катышып, 1-орунду камсыз кылган. Ушул эле жылдары тынчтык корпусунун волонтерлору менен тыгыз иштешип, республиканын англис тил мугалимдери үчүн уюштурулган жайкы тренингдеринде волонтерлор менен демонстративдик сабактарды көрсөткөн.

1999-жылдан ушул күнгө чейин Нарын мамлекеттик университетинде эмгектенет, 2011 окуу жылынан баштап «Роман-герман тилдери» кафедрасынын башчысы. Билим берүү менен катар, 2000-жылдан тартып, ал англис тили жана адабиятын окутуудагы инновациялык методдор жана технологиялар боюнча илимий изилдөөлөргө катышып, илимий конференцияларда бир катар докладдарды жасаган. Эмгектери Кыргызстан, Казакстан республикасынын илимий журналдарында басылып чыккан. Орто Азия жана республикалык бир нече семинарларга катышып дипломдорго жана сертификаттарга ээ болгон.

2011-жылы Кыргыз орус славян университетинде «Англис тилиндеги «предлог+what + багыныңкы сүйлөм» синтаксистик конструкциясынын структуралык өзгөчөлүктөрү жана анын кыргыз тилиндеги шайкештиги» аттуу темадагы диссертациясын 10.02.20-салыштырма тарыхый жана типологиялык тил илими адистиги боюнча ийгиликтүү жактап, филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болгон.

Педагогикалык окутуу процессинде жана ишиндеги жетиш-кендиктери үчүн университеттин, Нарын облустук жана райондук мамлекеттик администрациясынын, Нарын шаардык мэриясынын Ардак грамоталары менен сыйланган. Университеттин алдындагы мугалимдердин квалификациясын көтөрүү борборунун ыраазычылык катына таттыктуу болгон.

Илимий эмгектери

1. Относительные конструкции и дискурс в английском языке, Социальные и гуманитарные науки, КНУ. -№3-4., Издательство КНУ, Бишкек, 2007

2. Изучение конструкций «КОС+ придаточное» в лингвистической литературе, Социальные и гуманитарные науки, КНУ. -№3-4., Издательство КНУ, Бишкек, 2007

3. Предлоги, союзы и придаточное как компоненты конструкций «КОС+ придаточное» и их интонационный анализ, Известия ВУЗов, № 1-2., Бишкек, 2007

4. Изучение конструкции «what+ придаточное» в лингвистической литературе, Издательство «Научных журналов и детской художественной литературы», Бишкек, 2008

5. Стилистические аспекты употребления конструкции «основа инфинитивного предиката + лично-притяжательный аффикс + падежный аффикс + «придаточное», Наука и новые технологии, № 1-2., Издательство «Научных журналов и детской художественной литературы», Алматы, 2008

Акылбеков Өмүракун

1932–2003

тарых илимдеринин кандидаты, доцент



Акылбеков Өмүракун 1932-жылы октябрь айында Нарын районуна караштуу Жерге-Тал айылында колхозчу-дыйкандын үй-булөсүндө туулган. 1947-жылы Жерге-Тал жети жылдык мектебинин 7-классын бүтүрүп, Нарын шаарындагы педагогикалык окуу жайына кирген. Окуу жайды 1950-жылы артыкчылык аттестаты менен бүтүрүп, ошол эле жылы Кыргыз Мамлекеттик университетинин тарых факультетине тапшырат. Тарых факультетин 1954-жылы артыкчылык диплому менен аяктаган. Өзүнүн жүрүш-турушу, үлгүлүү окуусу менен студенттик чөйрөдө кадыр-баркка ээ болуп, факультеттик комсомол уюмун жетектеген. Эмгек жолун 1954-55-окуу жылында Нарын районуна караштуу Кум-Бел орто мектебинде мугалим жана завуч болуп иштөө менен баштаган. Эмгек жолунун алгачкы күндөрүнөн тартып эле иштин жөнүн билген адис катары бааланып, райондун саясий-коомдук иштерине активдүү катыша баштаган.

Кум-Бел мектебинин жабылышына байланыштуу, 1955-жылы Тянь-Шань облустук партия комитетинин бюросунун чечими менен Тогуз-Торо районунун 1-Май орто мектебине директор болуп

бекитилет. Ал кызматта Акылбеков Өмүракун 1957-жылга чейин иштеген. Жаш адис өзүнүн уюштуруучулугун, иштин көзүн таба билген жөндөмдүүлүгүн ушул 1-Май орто мектебинде иштеген мезгилде даана көрсөтүүгө жетишкен. Окуунун башталышына 2-3 күн калса да, окуу жылына карата даярдык көрүүгө, мектепти кезектеги ремонттон өткөрүүгө жетишкен. Чарбанын активдеринин, окуучулардын ата-энелеринин жардамына таянып, кыска мөөнөттүн ичинде мектепти жетишээрлик отун менен камсыз кыла алган. Мектеп аянтын окуу программасынын негизинде кайра уюштуруп, район боюнча үлгүлүү окуу участкасына айландырган. 1957-1958-окуу жылында Казарман орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 1958-1959-окуу жылында Нарын районунун Кызыл-Жылдыз орто мектебинде директор болуп иштеген. Мектептерде иштеген жылдарында жаңычылдык менен, ар кандай прогрессивдүү ыкмаларды үйрөнүп, ишке киргизип, окуу-тарбия иштеринин өрнөктүү болушуна жетишип, алкыштарга ээ болгон. 1959-1961-жылдарда Нарын райондук партия комитетинде партиялык агартуу кабинетинин башчысы, 1961-1963-жылдары Нарын райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болуп иштеген. Райондун партиялык, советтик жооптуу кызматтарында иштеген учурда райондук, облустук советтердин депутаттыгына үзгүлтүксүз шайланып турган. Үгүт-насаат иштерин жүргүзүүдө активдүүлүктү көргөзүп, көрсөтмөлүү агитациянын жаңыча формаларын уюштурган. 1963-1965-жылдары Нарын райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. Жалпыга милдеттүү окуу мыйзамын ийгиликтүү аткаруунун натыйжасында, 1963-1965-жылдарда Нарын райондук элге билим берүү бөлүмү Кыргыз ССРинин элге билим берүү Министрлигинин Өтмө Кызыл Туусуна үч жолу татыктуу болгон. 1965-1967-жылдары Нарын шаарында педагогикалык окуу жайы ачылып, Акылбеков Өмүракун анда директордун окуу иштери боюнча орун басары болуп иштеген. 1967-1970-жылдарда Кыргыз Мамлекеттик университетинин аспирантурасында окуп, 1970-жылы тарых илими боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргойт. 1970-жылдан 1995-жылга чейин Кыргыз Мамлекеттик университетинде окутуучу, доцент болуп иштеген. Университетте иштеген узак мезгилде жаш адистерге жогорку билим-тарбия берип, өзгөчө чеберчиликти, тыкан уюштуруучулукту көргөзгөн, ректораттын, кафедранын алкыштарына татыктуу болгон. 1984-жылы Кыргыз ССРинин элге билим берүү Министрлиги тарабынан «Эл агартуунун отличниги» деген төш белги менен сыйланган. Ошол эле учурда алыскы райондорго өкмөт менен партиянын

чечимдерин кеңири жеткирүүдө, үгүт-насаат иштерин өркүндөтүүдө активдүүлүктү көрсөтүп, партиянын борбордук комитети тарабынан алкыштарга татыктуу болгон.

Университетте иштеген учурда элге билим берүү министрлигинин жана профсоюздардын республикалык комитетинин Ардак грамоталары жана грамоталары менен бир нече жолу сыйланган. 1996-1998-жылдары Балыкчы укук жана менеджмент институтунда кафедра башчысы болуп иштеген. 1998-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Нарын мамлекеттик университетинде тарых жана политология кафедрасынын башчысы болуп эмгектенген. 30дан ашык илимий эмгектерди жазган.



Аманалиев Алманбет Абасканович

физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент

1963-жылы 25-ноябрда Нарын облусунун Жумгал районуна караштуу Чаек айылда төрөлгөн. 1981-жылы орто мектепти бүтүргөн. 1982-жылы Кыргыз мамлекеттик университеттинин механика жана математика факультетинин 1-курсунун студенти. 1983-1985-жылдары Советтик армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1990-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин механика жана математика факультетин "Математика" адистиги боюнча бүтүрүп, Математик-окутуучу квалификациясын алган.

1990-1992-жылдары Бишкек шаарында жайгашкан №53 орто мектепте математика мугалими болуп эмгектенген. 1992-1999 жылдары Кыргыз республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тоо-тектеринин физика жана механика институтунда инженер-программист, кенже илимий кызматкер, илимий кызматкер, ага илимий кызматкер, маалымат борборунун жетекчиси кызматтарында иштеген. 1997-жылы "Напряжённо-деформированное состояние пород вокруг подземных выработок, пройденных в слоистом массиве горной местности (Катмарлуу түзүлгөн тоолуу аймакта жайгашкан жер астындагы казмалардын тегерегиндеги тоо-тектеринин чыңалуу жана деформацияланууабалы)" деген темада 01.02.07 – "Механика сыпучих тел, грунтов и горных пород (Эшилүүчү тулкулардын, кыртыштардын жана тоо-тектеринин

механикасы)" адистиги боюнча физика жана механика илимдеринин кандидаты илимий даражасына диссертациясын жактаган.

1999-жылдын август айынан 2004-жылдын август айына чейин Нарын мамлекеттик университетинин "Математика жана информатика" кафедрасынын башчысы, 2001-2003-жылдары жаңы маалыматтык технологиялар факультетинин деканы болуп эмгектенген. "Математика", "Информатика" жана техникалык багытындагы адистиктери боюнча "Дифференциалдуу тендемелер", "Аналитикалык геометрия", "Комплекстик өзгөрмөлүү функцияларды теориясы", "Орто мектептеги геометрия курсундагы маселелерди чыгаруу" боюнча атайын курстар, "Жогорку математика", "Дискреттик математика", "Оптимизациялоо методдору" ж.б. математикалык дисциплиналар боюнча лекция окуган.

2004-жылдан баштап Кыргыз республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тоо-тектеринин физика жана механика институтунда ага илимий кызматкер, азыркы убакта жетектөөчү илимий кызматкер болуп эмгектенет.

Илимий эмгектери

1. Некоторые закономерности деформированного состояния слоистого массива пород с гористым рельефом. // Вопросы геомеханики и разработки месторождений полезных ископаемых. - Бишкек: Илим, 1997.- Б.48-54. (Соавтор Жумабаев Б.).

2. Устойчивость слоистого массива пород склонов гор вокруг подземных выработок. // Горная наука Кыргызстана в XX веке. - Бишкек: Илим, 2000.- Б. 335-344.

3. Сырттан окуган студенттер үчүн жогорку математиканы окутуунун өзгөчөлүктөрү. // Вестник Нарынского государственного университета (приложение к журналу "Наука и новые технологии"). - Нарын: 2000.- №1.- Б.41-44. (Авторлоштор: Калдыбаев С.К., Какаева Т., Самудунова Т.)

4. Устойчивость пород вокруг подземных выработок, пройденных в слоистом массиве горной местности. // Материалы 2 научно-практической конференции "Проблемы образования и науки". Часть II. "Математика, механика, естествознание", "Педагогика", "Филология". - Нарын: 2001.- Б. 88-95.

5. О сейсмонапряженном состоянии гидротехнического тунеля в горной местности. // Вестник Кыргызско-Российского университета. - 2006.- Том 6. №7.- Б. 56-59. (Авторлоштор: Жумабаев Б., Ботоканова Б.)



Аман кызы Бакытгүл

педагогика илимдеринин кандидаты,
доценттин милдетин аткаруучу

Аман кызы Бакытгүл 1976-жылы Нарын районуна караштуу Жерге-Тал айылында туулган. 1993-жылы А.Табалдиев атындагы орто мектепти аяктагандан кийин, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин филология факультетин 1997-жылы бүтүргөн. Эмгек жолун Нарын шаарындагы №3 С.М. Киров атындагы орто мектепте кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштөө менен баштаган. 1999-жылы Нарын мамлекеттик университетинин филология факультетинин кыргыз тили жана аны окутуунун методикасы кафедрасына окутуучулук кызматка кабыл алынган.

Аман кызы Бакытгүл 2004-жылы Нарын мамлекеттик университетинин аспирантура бөлүмүнө 13.00.02 – «Окутуунун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты)» адистиги боюнча тапшырып, аны 2007-жылы февраль айында аяктаган. Анын «Мектепте адабиятты окутууда жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн илимий-методикалык негиздери» аттуу кандидаттык илимий изилдөөсүнүн темасы НМУнун Окумуштуулар кеңешинин жыйынында бекитилген. Илимий жетекчиси – педагогика илимдеринин доктору, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин профессору Назаркул Ишекеев.

2007-жылы билим берүүдөгү үзүрлүү эмгеги үчүн Нарын мамлекеттик университетинин жана 2008-жылы Жаш окумуштуулардын кеңешинин чечими менен Ардак грамоталар менен сыйланган. 2011-жылы март айында билим берүүгө сиңирген эмгеги үчүн Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

2008-жылы Кыргыз Билим Берүү Академиясында кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. 2009-жылы апрелде Улуттук аттестациялык комиссиянын чечими менен педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы ыйгарылган.

20дан ашуун илимий макаланын жана жалпы билим берүүчү орто мектептердин, лицей, гимназиялардын III-XI класстары үчүн класстан сырткаркы окууга арналган «Кыргыздын Ала-Тоосу» аттуу ырлардын тематикалык жыйнагы окуу куралына авторлош.

Илимий эмгектери

1. Дилбаяндын адабий-методикалык негиздери жөнүндө. // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы.Серия 1, 4-чыгарылышы. Бишкек, 2006.

2. Изложение жана алардын айрым түрлөрү. // Кыргыз тили, кыргыз адабияты жана аларды окутуу (макалалар топтому). 1-чыгарылыш, Бишкек, 2007.

3. Жазуу жумуштарын уюштуруудагы алгачкы аракеттер. // Образование в XXI веке: традиции, проблемы, перспективы. Материалы научно-практической конференции посв. 75 летию сш. №2 им. В.П.Чкалова. Нарын, 2007, № 1.

4. Ч. Айтматов жана кыргыз лексикасы. // Кутбилим" 2009, 11-декабрь.

5. Кыргыз илими жана С. Нааматов. // Известия ВУЗов" № 2. Бишкек 2010. 106-108-бб.

Аманов Садыр Аманович

философия илимдеринин кандидаты, доцент



Аманов Садыр Аманович Чүй облусуна караштуу Кемин районунун Кичи-Кемин айылында 1939-жылы 9-майда төрөлгөн. 1957-жылы Кыргыз техникалык университетинин (мурдагы политехникалык институт) «Машина куруу технологиясы» адистигине тапшырат. 1965-жылы Ош мамлекеттик университетинин (мурдагы Ош мамлекеттик педагогикалык институту) «Физика жана өндүрүштүн негизи» адистигин окуп бүтүрүп, ошол эле жылы Фрунзе политехникалык институтунун Ош филиалында ассистент болуп иштей баштайт. 1968-жылы Кыргыз республикасынын Илимдер академиясынын философия жана укук Институтунун аспирантурасында окуп, кандидаттык диссертациясын жактагандан кийин, ошол эле институтта 1988-жылга чейин кенже илимий кызматкерден баштап бөлүм башчылыкка чейинки кызматтарда иштеген.

1988-жылы Илим-изилдөө илим-техникалык маалымат институтуна которулуп, илимий иштер боюнча директордун орун басары болуп иштейт. 1995-жылдан баштап билим берүү жана педагогикалык ишмердүүлүк кызматтарында иштей баштаган.

2001-жылдан баштап Нарын мамлекеттик университетинде философия кафедрасынын башчысы, 2006-жылы кафедранын доценти болуп иштеген. "Өнүгүүнүн диалектикасы жана маалымат" деген темада илимий изилдөө жүргүзүп, отуздан ашык илимий эмгек жана анын ичинде «Человек как информационная система» деген монографиясы жарык көргөн.

Садыр Аманович – лекцияны жогорку деңгээлде окуган, өз адистигин терең өздөштүргөн мыкты окумуштуу-педагог. Университеттин көптөгөн грамоталары менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги деген наам алган.

Асаналиева Нургүл Азисовна

биология илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу



Асаналиева Нургүл Азисовна 1965-жылы 28-октябрда Ысык-Көл областынын Тоң районундагы Ж.Бөкөнбаев айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1972-1982-жылдары М. Горький атындагы орто мектебин артыкчылык менен бүтүргөн. 1983-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы улуттук университеттин даярдоо бөлүмүнө өткөн. 1984-1989-жылдары КМУнун биология факультетинин күндүзгү окуу бөлүмүнүн толук курсунда билим алып, «Биология жана химия предметтери боюнча окутуучу» квалификациясына ээ болгон.

Эмгек жолун 1989-1993-жылдары Ат-Башы районуна караштуу 1-Май орто мектебинде химия мугалими болуп иштөө менен баштаган. 1993-1995-жылдары Чүй облусунун Сокулук районуна караштуу Орок орто мектебинде биология мугалими болуп эмгектенген. 1995-жылдын 1-сентябрынан 1999-жылдын 5-сентябрына чейин Бишкек шаарынын №77 орто мектебинде биология жана химия мугалими болуп эмгектенген. 1996-жылдагы «Жыл мугалими» конкурсунун жеңүүчүсү. 1997-жылдагы «Жылдын мыкты класс жетекчиси» конкурсунун жеңүүчүсү. 1999-жылдын 5-сентябрында Нарын мамлекеттик университетинин агрардык-техникалык факультетинин айыл чарба өндүрүшү кафедрасына окутуучу болуп кирген.

2000-жылы декабрда КР УИА алдындагы Биология жана топурак таануу институтунда кандидаттык диссертациясынын темасы «Табигый шарттарда Ат-Башы суусундагы сымаптын биогеохимиялык өзгөчөлүгү» деген темада бекитилген. Ат-Башы өрөөнү сымап кенинин зор запасын жер алдында камтып жатат. Диссертациялык иште сымап бирден бир уулуу заттардын катарына киргендиктен, кен ачылып изилденгенге чейин табигый шарттарда Ат-Башы суусундагы сымаптын биологиялык организмдерге (жаныбар, адам, өсүмдүк) тийгизген таасирлери изилденген.

2007-2009-окуу жылдарында табигый-гуманитардык факультетинин биология жана химия кафедрасынын башчысы болуп иштеген. 2009-жылы 18-июнда 03.00.16 – «Экология» адистиги боюнча «Жаратылыш шартында Ат-Башы суусундагы сымаптын биогеохимиялык өзгөчөлүгү» темасында кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. 2010-жылы 27-декабрда Улуттук аттестациялык комиссиянын чечими менен биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы ыйгарылган.

Билим берүүдөгү үзүрлүү эмгеги үчүн Нарын мамлекеттик университетинин Ардак грамотасы (3 жолу), Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы, Кыргыз республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Нарын мамлекеттик университетинин алдында тренингдик лабораторияларды, координациялык борборлорду уюштурган (БИОМ, СПИД жана БИЛИМ БЕРҮҮ, Биологиялык ар түрдүүлүк, Проект ПИКС, ЮСАИД, ЮНИСЕФ, Сорос-Кыргызстан, ПРООН ж.б.). Эл аралык уюмдардын тренинг-семинарларына активдүү катышуу менен бир нече тренердик сертификатка ээ болгон. Асаналиева Нургүл окуу процессинде 3 окуу-методикалык колдонмолорду жарыкка чыгарган: “Өсүмдүктөрдүн анатомиясы жана морфологиясы боюнча лабораториялык иштердин окуу методикалык колдонмосу”, “Өсүмдүктөрдүн систематикасы боюнча лабораториялык иштердин окуу методикалык колдонмосу”, “Өсүмдүктөр дүйнөсүндө”.

Ошондой эле университеттин алдындагы мугалимдердин билимин өркүндөтүүчү борбордун угуучуларына биология сабагынан лекция окуп, методикалык жардамдарды көрсөтөт.

11 илимий макаланын жана 3 окуу методикалык колдонмонун автору.

Илимий эмгектери

1. Biogeochemistry of uranium and selenium – regional problem of ecology and medicine. // 16-th «Environmental biogeochemistry». Japanise Soc/ IT Microbioecology. Qompy, 2003. P.98.

2. Тоо экосистемасынын биогеохимиясы. // Материалы 4-й Российской геохимической школы «Геохимическая экология и геохимическое изучение таксонов биосферы» - Москва, 2003. С. 123-127.

3. Көкшаал тоо кыркаларындагы сымап изилдөөнүн геологиялык обзору жана фондук территориялар. // Известия ВУЗов №1-2, 2008. С. 10-13.

4. Ат-Башы суусунун табигый сымап зоналарындагы сымаптын топурак жабуусунда кармалып туруусу. // Вестник Алма-Аты, №2. С.9-13.

5. Нарын шаарынын айланасында өсүүчү өсүмдүктөр. //Материалы Международной научно-практической конференции, посвященной 100летию со дня рождения чл.-корр. НАН КР Э.Гареева и Международному году биоразнообразия (2010). Бишкек. С 27-37.



Асанов Жолдошбек Асанович

экономика илимдеринин кандидаты, доцент

Жолдошбек Асанов 1943-жылы 5-июлда Ат-Башы районунун Чар айылында төрөлгөн. 1960-жылы Бишкек шаарындагы (ал кезде Фрунзе ш.) жападан жалгыз кыргыз тилиндеги №5 орто мектебин бүтүрүп, Хрущевдин саясатынын негизинде комсомолдун тапшырмасы менен Ленин заводунда слесарь жыйноочу болуп иштеген. 1962-1968-жылдары Ташкенттеги авиация институтун (азыр ТАУ) ийгиликтүү бүтүрүп, ошол эле шаарда Чкалов атындагы авиация заводунда инженер, анан Өзбек академиясынын Кибернетика институтунда инженер-экономист болуп иштеген. 1969-жылы Кыргызстандын мамлекеттик пландоо комитетине (Госплан) чакырылып, инженер-экономисттен бөлүмдүн начальнигине чейин он беш жыл кызмат өтөгөн. Госпланда жана анын системасында эмгектенген жылдары башкаруунун бардык структурасын автоматташтыруу системасын киргизүүдө жана ишке ашырууда ошол кездеги окумуштуу-уюштуруучулардын алдыңкыларынан болгон.

1979-жылы Москвадагы башкаруу университетин бүтүрүп, «Региондорду пландоо жана башкаруу» адистигине ээ болот. Ж.Асанов экинчи жогорку окуу жайын бүтүргөн. Ошол эле жылы Санкт-Петербург (ал кезде Ленинград) шаарындагы Финансы-экономикалык университетинин аспирантурасынын сырттан окуу бөлүмүнө кирип окуп, 1983-жылы «Планирование и прогнозирование с применением математических моделей» деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон.

Ж.Асанов педагогикалык ишин да эрте баштаган. 26 жашында В.В.Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер институтунун философия жана саясий экономия кафедрасында ассистент, окутуучу болуп иштеген. 1989-жылдан баштап Кыргыз улуттук университетинде ар кайсы кафедраларда экинчи кызмат (чогуу алып жүргөн) катарында он жыл чамасында окутуучу, ага окутуучу, доцент катары студенттерге сабак берген.

1989-жылдан баштап чарбада иштеди. Алгач Кыргызстандын тейлөө министрлигинин өндүрүштү өстүрүү жана пландоо башкармалыгынын башчысы болуп, анан Токмоктун тейлөө комбинатынын директору кызматында иштеп келди. Кыргызстан эгемендик алган жылдардан баштап «Агат-кредит» советтик-америкалык биргелешкен ишканасынын кыргыз филиалын жетектеп, кыргыз-түрк «Ак-кеме» фирмасынын тышкы экономикалык байланыш менеджери болуп Стамбул шаарында да иштеди.

1997-жылдан баштап педагогикалык ишке толугу менен өтүп, жаңы ачылган Кыргыз Кооперация академиясынын финансы жана бухгалтердик эсеп кафедрасында башчы, Ж.Алышбаев атындагы Ысык-Көл кооперация институнда ректор, ал эми 2003-жылдан баштап Нарын мамлекеттик университетинде конкурстук негизде финансы жана кредит кафедрасын жетектеп келет.

Жолдошбек Асанов 30дан ашык илимий макалалардын (КМШ мамлекеттеринин илимий журналдарына чыккан), 5 окуу китептеринин жана окуу куралдарынын, 2 ойлоп табуу патенттеринин автору.

Кыргызстан көз карандысыздык алгандан баштап, адам укугун коргоо кыймылынын активдүү катышуучусу болуп, анын Уставын, программасын иштеп чыгууда бирден бир автору болгон. 1994-1996-жылдарда ал уюмду (КУКК) жетектеп келгенин басма сөз маалыматтары чагылдырып келген. Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарындагы республикалык «Билим коомунун» президиумунун мүчөсү.

Жолдошбек Асанович тажрыйбалуу илимпоз-педагог катары экономиканын тарыхы, экономикалык ой жүгүртүүнүн тарыхы, жалпы экономика, экономикадагы математикалык моделдер жана ыкмалар, кооперациянын теориясы, ишкердиктин негиздери, ишкердикти уюштуруу, стратегиялык башкаруу жана пландоо, экономикадагы маалымат технологиясы дисциплиналарынан лекция окуп, семинардык сабактарды өткөрөт. Жалаң эле экономикалык адистиктерге эмес, башка багыттагы маалыматты автоматташтыруу системасы, электр станциялары сыяктуу адистиктерге дагы сабактарды өтүүдө. Агай сабак өтүп жатканда көпчүлүк учурларда инновациялык ыкмаларды кеңири колдонот. Нарын мамлекеттик университетинин Окуу-методикалык кеңешинин туруктуу мүчөсү. Университетте биринчилерден болуп офис-саат системасын киргизүүнү сунуштаган. Ж.Асанов агай жаштардын насаатчысы катары 3 аспиранты бар жана 50дөн ашык дипломдук иштерди жетектеди.

Илимий эмгектери

1. Политология (учебник). Каракол, 2000.
2. Автоматизированные информационные технологии в экономике. (учеб). Каракол,2002 .
3. Социология (учебник). Бишкек, 2004.
4. Пищевой продукт «Чабал» (патент). г. Бишкек, Кыргызпатент, №259 от 1998 г.
5. Лечебный напиток «Омур». г. Бишкек, Кыргызпатент, №296 от 1998 г.



Атанаев Токтосун Бегалиевич

биология илимдеринин кандидаты, доцент

Атанаев Токтосун Бегалиевич 1954-жылы Кыргыз республикасынын Тогуз-Торо районуна караштуу Атай кыштагында туулган. 1972-74-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп келгенден кийин жогорку окуу жайга тапшырып, 1980-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин физика факультетинин «Физика» адистигин бүткөн.

1980-86-жылдары Кыргыз Мамлекеттик Медицина Институтунун (КММИ) физика жана биофизика кафедрасында эмгек жолун ага лаборанттык кызматтан баштап, окутуучулук кызматка чейин жеткен. 1986-89-жылдары Москва шаарындагы Н.И.Пиро-

гов атындагы Ленин ордендүү II Москва Мамлекеттик медицина институтунда (II МОЛГМИ) «Биофизика» адистиги боюнча максаттуу аспирантураны ийгиликтүү бүтүп, 1990-жылы (февраль) кандидаттык диссертациясын коргогон. Биология илимдеринин кандидаты.

1990-жылдан баштап кайра КММИде эмгек жолун окутуучулуктан улантып, 1993-жылы доценттик наам алган, ноябрь, 1995-жылга чейин физика жана биофизика кафедрасында кафедранын завучу болгон.

1995-жылдын ноябрь айынан баштап Кыргыз Архитектуралык Курулуш Институтунун (КАКИ) Нарындагы филиалында директор, 1996-жылдын сентябрынан Нарын мамлекеттик университетинде «Табигый-техникалык билимдер» кафедрасынын башчысы, 1997-жылдан «Математика жана информатика» кафедрасынын башчысы, 1998-2006-жылдары «Физика жана табият таануу» кафедрасынын башчысы болуп иштеген. Ушул жылдары (1997-99) коомдук башталышта «Нарын регионалдык жаңы маалымат технологиялык борборунун» директору болуп туруп, Нарын облусунда биринчилерден болуп спутник байланышына кошулуп, НМУда интернет борборун ачкан. 1999-2001-жылдары НМУнун базасындагы Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университетинин «Мамлекеттик башкаруу жана социалдык изилдөө институтунун» Нарындагы филиалынын директору, 2001-2005-жылдары НМУнун сырттан окутуу бөлүмү боюнча проректору болгон. 2005-2007-жылдары «Физика жана электроэнергетика» кафедрасынын доценти, 2007-жылдын 20-декабрынан баштап Нарын мамлекеттик университетинин окуу бөлүмүнүн башчысы, 2008-жылдын февраль айынан бүгүнкү күнгө чейин университеттин окуу иштери боюнча проректору болуп иштеп жатат.

Нарын мамлекеттик университетинин студенттерине төмөндөгүдөй предметтер боюнча сабак берет: Физиканын жалпы курсу жана атайын курстары, биологиялык физика, медкибернетика жана электрониканын негиздери, жалпы математика жана информатика курсу, табият таануу концепцияларынын негиздери, илимий изилдөөнүн негиздери, компьютердик технологиянын негиздери, жарым өткөргүчтөр физикасы, салыштырмалуулук теориясынын негиздери, учурдагы физиканын концепциялары, дүйнөнүн физикалык сүрөттөлүшү; атомдук, кванттык жана элементардык бөлүкчөлөр физикасы ж.б. Аталган курстар боюнча ондон ашык методикалык колдонмолор, сунуштар, инструкциялар иштелип чыккан. Университетте эки компьютердик лабораторияны түзгөн.

Физика курсу боюнча 50дөн ашык лабораториялык жумуштар коюлуп, көпчүлүгүнүн компьютердик варианттары иштелип чыккан. Аталган предметтер боюнча 500 баректан ашык лекциялар мамлекеттик тилге которулган. «Табият таануу концепцияларынын негиздери» курсу боюнча билим берүү министрлигинин грифи менен 350 бет көлөмдүү студенттер үчүн окуу китебин басмаканадан (миң нуска менен) чыгарган. Окуу-методикалык сунуштар боюнча республикалык, регионалдык бир нече илимий конференцияларга катышып, жыйынтыктары жарык көргөн. Жыл сайын студенттердин дипломдук, курстук иштерине жетекчилик кылып, рецензиялап турат. Студенттерге илимий-теориялык жогорку деңгээлде сабак өтүү менен өзүнүн квалификациялык деңгээлин 1985, 1986-89, 1993, 1997, 2001, 2004-жылдары атайын курстар, семинарлар, конференцияларга катышуу менен жогорулаткан.

1993-жылы «Физика жана биофизика» багыты боюнча доценттик наамды алган. 1991-жылдан бери Москвадагы көз карандысыз илимдер академиясынын академиги. Аталган илимий багыт боюнча 50дөн ашык илимий статьялары Америка, Россия, Украина өлкөлөрүнүн илимий журналдарында, ошондой эле республикалык журналдарда жарык көрүп, 20дан ашык илимий-практикалык конференцияларда доклад жасаган.

1991-жылдан бери «Биофизика» багыты боюнча мамлекеттик заказ менен үч илимий теманын үстүндө иштеп, анын жыйынтыгында бир патент, 10 рационалдык сунуш киргизилип, эки докторлук иштин маңызы түзүлүп жана төрт илимдин кандидаты даярдалды. Алардын үчөөсүнүн илимий жетекчиси – Токтосун Бегалиевич Атанаев. Учурда алар ар кайсы тармактарда ийгиликтүү эмгектенүүдө. Алсак, Тоялиев Султанбек – биология илимдеринин кандидаты, доцент - КУУда ИИМОПтун эл аралык бөлүмүнүн жетекчиси, Касиев Нурбек – медицина илимдеринин кандидаты, доцент – №9 Бишкек шаардык поликлиниканын хирургия бөлүм башчысы; Иманкулова Чолпон – медицина илимдеринин кандидаты, доцент – КММАдагы №2 «Акушерлик жана гинекология» кафедрасынын доценти. Т.Б. Атанаевдин өзүнүн методикасы жана илимий установкасы бар. Анын жардамы менен докторлук иши менен алек болууда. Хемилюминесценция кубулушун каттоочу электрондук прибор Кыргызстанга биринчи жолу Токтосун Бегалиевич аркылуу алып келинип, ишке киргизилген. Биофизика багыты боюнча республикадагы белгилүү адистердин бири.

1996-жылдан бери университеттин Окумуштуулар кеңешинин мүчөсү. Жаш окутуучулардын, илимий изденүүчүлөрдүн жана

студенттердин насаатчысы. 1999-жылдан бери «Эл агартуунун отличниги» төш белгисинин ээси, 2000-жылкы окумуштуулардын I республикалык сьездинин катышуучусу. Республикага белгилүү болгон «Менин Өлкөм» кыймыл-партиясынын Координациялык Кеңешинин мүчөсү, 2001-жылдан бери аталган партиянын Нарын облустук Саясий Кеңешинин төрагасы – облустук лидер. 2008-жылдан бери НМУнун Окуу-методикалык кеңешинин төрагасы.

Илимий эмгектери

1. Методическое указание по выполнению лабораторных работ по курсу физики. // Бишкек, 2004, 160 С.
2. Основы концепции современного естествознания. // Бишкек, 2005, 357 С.
3. Практикум по концепции современного естествознания. // ИГУ, 2005. 47 С.
4. Основы научного исследования . // Нарын, 2007, 160 С.
5. Управление самостоятельной работой студентов по естественным дисциплинам. // Нарын, 2007, 155 С.



Байбагышов Эрмек Муратканович

айыл чарба илимдеринин кандидаты, доцент

1970-жылы 25-сентябрда Нарын облусунун Ак-Талаа районуна караштуу Кайынды-Булак айылында туулган. 1978-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы орто мектепке кирген жана 1986-жылы 8-класстын базасы менен Ысык-Көл совхоз-техникумунун агрономия факультетине тапшырган. Ал техникумду 1990-жылы артыкчылык диплому менен бүтүргөн.

1990-1995-жылдары К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтунун агрономия факультетинде билим алып, артыкчылык диплому менен бүтүргөн. Дипломду Кыргыз республикасынын туңгуч Президенти А.Акаев тапшырган.

Институтта 4-курста окуп жүргөндө 1994-жылдын жай айларындагы 2 айлык окуу практикасын Германиянын Росток университеттинде өткөргөн.

1995-жылы Кыргыз айыл чарба институтунун аспирантурасынын сырттан окуу бөлүмүнө тапшырган. 1996-1998-жылдары аспирантурасын Германиянын Брауншвайг шаарындагы айыл чарбасын изилдөөнүн федеративдик борборунда агрардык экология институтунда өткөргөн. 1998-2000-жылдары Кыргыз агрардык академиясынын агрономия факультетинде ага окутуучу болуп эмгектенген.

2003-жылы кандидаттык илимий диссертациясын «Нарын өрөөнүнүн топурактарынын агроэкологиялык абалы» деген темада ийгиликтүү жактап, айыл чарба илимдеринин кандидаты деген илимий даражага ээ болгон. 2001-2007-жылдары Борбордук азиялык тоо программасында (CAMP) долбоорлордун координатору болуп үзүрлүү эмгектенген.

Азыркы күндө Нарын мамлекеттик университетинин эл аралык байланыштар бөлүмүнүн жетекчиси жана ушул эле окуу жайдын агрардык-техникалык факультетинин доценти катары топурак таануу, глобалдык экология, суу менен камсыз кылуу жана суунун сапатын көзөмөлдөө, социалдык экология, геодезия, өсүмдүк азык-түлүктөрүн кайрадан иштетүү жана сактоонун технологиясы предметтеринен студенттерге сабак берип эмгектенип келүүдө.

1999-жылдан баштап Кыргызстандагы ДААДнын мурдагы стипендиаттарынын коомдук уюмунун вице-президенти, ал эми 2007-2008-жылдары президенти катары коомдук иш алып барган.

Илимий эмгектери

1. Karabaev N.A., Upenov A.Sh., Baibagyshov E.M., Helal M.H. Agrarцkologische Evaluierung der Bцden der Talas- und Naryngebiete Kyrgyzstans // Stoff- und Energiebilanzen in der Landwirtschaft / 109. VDLUFA - Kongress Schriftenreihe 46, - Leipzig, Deutschland. 1998.
2. Heavy metal concentration in wheat and soils of the Talas and Naryn vallies of Kyrgyzstan / Helal M.H., Upenov A.Sh., Baibagyshov E.M., Weigel H.-J. // 5th International Conference on the Biogeochemistry of Trace Elements. - Vienna, Austria. 1999.
3. Оценка продуктивности почвы Нарынской впадины и оптимизация обеспечения кукурузы на силос минеральным питанием. // Сб. науч. тр. КАА «Наука Кыргызстана в XXI веке». - Бишкек, 2001.
4. Байбагышов Э.М., Карабаев Н.А., Хелал М.Х. Влияние засоления и засухи на рост и развитие райграса // Сб. науч. тр. КАА «Наука Кыргызстана в XXI веке».- Бишкек, 2001.
5. Упенов А.Ш., Байбагышов Э.М., Карабаев Н.А., Хелал М.Х. Сравнение различных методов определения подвижных форм фосфора и калия в почвах // Сб. науч. тр. КАА «Наука Кыргызстана в XXI веке». - Бишкек, 2001.



Балбаков Жоломан Балбакович

физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент

1934-жылы 30-октябрда Нарын облусунун Нарын районуна караштуу Эмгекчил айылында туулган. 1949-жылы Нарын шаарында Нарын педагогикалык окуу жайын окуп бүткөн. Нарын районунун мектептеринде мугалим болуп иштеген. Кыргыз Улуттук (мурдагы Кыргыз мамлекеттик) университетинин физика-математика факультетин окуп бүтүргөн.

Университетти бүткөндөн кийин Кыргыз Илимдер Академиясында иштеген. Өзбек республикасынын илимдер академиясынын Ядролук физика Институтунда аспирантурада окуп, радиациялык физика боюнча илимий иштеринин экспериментин Томск политехникалык институнун лабораториясынын ядролук реакторунда жүргүзгөн. Көп жылдар бою Кыргыз техникалык университетинде (мурдагы политехникалык институт) иштеген.

2002-жылы "Радиационно-стимулированные процессы в ЩГК, легированных трехзарядными ионами" деген темада кандидаттык диссертациясын жактап, физика-математика илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражага ээ болгон. 2002-жылдын сентябрь айынан 2008-жылдын сентябрь айына чейин Нарын мамлекеттик университетинде Физика жана табият таануу кафедрасында доцент, (2002-2005-жж.) кафедра башчысы (2005-2006-жж.) жана доцент болуп иштеген.

Илимий эмгектери

1. Балбакова Ч. Дж. Балбаков Дж. Центры окраски в ионных кристаллах. // Вестник НГУ №4, 2005.

2. Балбакова Ч. Дж. Балбаков Дж. Диэлектрические измерения с использованием ионных термотоков. // Материалы 3 научно-практической конференции, посвященной 2200-летию Кыргызской государственности. Бишкек, 2004.

3. Балбакова Ч. Дж., Балбаков Дж. Диэлектрические потери в ЩГК легированных поливалентными ионами. // Материалы 3 научно-практической конференции, посвященной 2200-летию Кыргызской государственности. Бишкек, 2004.

4. Балбакова Ч.Дж., Балбаков Дж., Нефедов Э.А. Термическое преобразование примесных дефектов в кристаллах. // Материалы 3 научно-практической конференции, посвященной 2200-летию Кыргызской государственности. Бишкек, 2004.

5. Балбаков Дж. Балбакова Ч. Дж. Проблемы примесных центров образуемых на биографических дефектов для соединения типа "ЩГК+ Ме ". // Физика и физическое образование достижения и перспективы развития. Бишкек, 2006.



Бекбоева Махабат Амантуровна

экономика илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу

1974-жылы Нарын облусунун Нарын шаарында төрөлгөн. 1981-жылдан 1991-жылга чейин М.Сыдыков атындагы №7 мектепте окуган. 1993-жылы Кыргыз Улуттук университетинин Кыргыз-Европа факультетине, «Товар жүгүртүү сферасындагы маркетинг» адистигине тапшырган. 1998-жылы аталган окуу жайын «Мейманканалык-туристтик сервистин маркетинги» адистигин алуу менен аяктаган.

Кесиптик жолун 1998-жылы Нарын мамлекеттик университетинин «Экономика, эсеп жана менеджмент» кафедрасынын окутуучусу катары иштөөдөн баштаган. 2000-жылдан 2006-жылга чейин ушул кафедранын ага окутуучусу.

1999-жылдан 2005-жылга чейин университетте экономика факультетинин деканынын окуу иштери боюнча орун басары болуп иштеген. 2006-жылы 08.00.05 – Экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Изилдөөнүн темасы: «Кыргыз республикасынын эл аралык мейманканалык-туристтик бизнесин өнүктүрүүнүн экономикалык проблемалары». 2006-жылы маалыматтык технологиялар, экономика жана башкаруу факультетинин окуу иштери боюнча декандын орун басарынын кызматын кайрадан аткара баштайт.

Махабат Амантуровна илимдин кандидаты катары маркетинг, дүйнөлүк экономика, микроэкономика, макроэкономика, инновациялык менеджмент, эл аралык бизнес, тышкы экономикалык ишмердүүлүк, дисциплиналары боюнча лекция окуп, семинардык сабактарды алып барат.

Өзүнүн кесиптик деңгээлин тынымсыз жогорулатууга умтулуп, курстарга, тренингдерге, маалыматтык семинарларга үзбөй катышат, стажировкалардан өтүп турат. НМУда иштеген 14 жылдын

ичинде 15 сертификатка ээ болгон. 2007-жылы Бишкек, Ош жана Каракол шаарларында өткөрүлгөн «Туризм жана ишкерлик», «Туризм боюнча билим берүүнү реформалоо практикасы» эл аралык конференцияларына катышкан, Бельгияда өткөн "TTER-UQASE meetings" эл аралык семинарына катышкан (Брюссель, октябрь, 2007).

Ишиндеги ийгиликтери үчүн бир катар сыйлыктарга татыктуу болгон. 2000, 2001, 2003, 2006-жылдары – НМУнун администрациясынын жана экономикалык факультеттин грамоталары; 2003-жылы – Нарын шаарынын мамлекеттик администрациясынын грамотасы; 2004-жылы – Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын грамотасы; 2006-жылы – II эл аралык "Борбордук Азияда туризмди өнүктүрүүнүн учурдагы проблемалары" илимий-практикалык конференциясынын "Мыкты кандидаттык диссертация" номинациясынын жеңүүчүсү.

Студенттердин экономикалык багыттагы илимий изилдөөлөрүн жетектеп келет. 2006-жылы Бекбоева М. А. жетектеген студенттер республикалык илимий-практикалык конференцияда "Азыркы мезгилдеги туризм: чет өлкөлүк инвестицияларды тартуунун жана колдонуунун маселелери" деген темада жасаган баяндамалары үчүн I жана III орундарга татыктуу болушкан.

М. А. Бекбоеванын 23 илимий макалалары жана окуу-методикалык колдонмолору жарыкка чыккан. Азыркы күндө (2010-ж.) Нарын мамлекеттик университетинде эл аралык магистатуранын директору.

Илимий эмгектери

1. Значение менеджмента в гостиничном бизнесе. // Сборник материалов международной научно-практической конференции, организованной МАБ, Алматы, 2003.
2. Новые направления в управлении гостиничным бизнесом в Кыргызской республике. // Universitate de state din Moldova, Научные записки Молдавского Государственного университета, раздел «Экономика», ISSN 1811-2668, 2005.
3. Международный гостинично-туристский бизнес Кыргызской республики: перспективы и реалии. // Труды I Международного форума, Самара, 2005. ч. 31.
4. Роль маркетинга в формировании гостинично-туристского бизнеса Кыргызской республики. // Журнал "Поиск", серия "Гуманитарные науки". Алматы, 2005. - №4.
5. Экономическая и социальная оценка развития и размещения туристического бизнеса в Нарынской области. // Сборник

международной научно-практической конференции "Экономическое образование и наука: проблемы и пути их решения", Бишкек, 2007.



Бектурова Эмилия Орозбековна

педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу

Нарын шаарында 1975-жылы 29-январда төрөлгөн. 1992-жылы Нарын шаарындагы №7 М.Сыдыков атындагы орто мектепти аяктаган. Ошол эле жылы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетине тапшырып, 1997-жылы «Олигофренопедагог-мугалим» адистигин ийгиликтүү аяктаган.

1997-жылы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасына окутуучулук кызматка кабыл алынып, ушул кафедрада азыркы мезгилге чейин эмгектенүүдө. 2001-жылы ага окутуучулук кызматка, 2007-жылы милдетин аткаруучу доценттик кызматка которулган. 2007-жылы «Болочок мугалимдин социалдык баалуулуктук жана кесиптик сапаттарын калыптандыруунун илимий-педагогикалык негиздери» деген темадагы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактап, педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук наамына ээ болгон.

Университеттин педагогикалык адистиктеринин студенттерине «Атайын психологиянын жана педагогиканын негиздери», «Балдар психологиясы», «Курактык жана педагогикалык психология», «Логопедиянын негиздери», «Жалпы психология» дисциплиналары боюнча лекцияларды, семинардык жана лабораториялык сабактарды алып барат.

Билим жана тарбия берүүдөгү ийгиликтери жогору бааланып, бир катар сыйлыктарга ээ болгон: Нарын мамлекеттик университетинин (1998, 2006), Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын (2001), Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамоталары (2011) менен сыйланган.

Илимий-педагогикалык ишмердигинин натыйжасында 10 макаласы жарык көргөн, анын ичинен экөө чет өлкөлүк илимий журналдарга жарыяланган.

Илимий эмгектери

1. Поиски новых подходов к качеству высшего образования. // Вестник Иссык-Кульского Университета. Ч.2., № 18, 2007.

2. Самообразование и самовоспитание в процессе формирования профессиональных и нравственных качеств будущего учителя. // Вестник КГУ им. Ж. Баласагына. 2006.

3. К вопросу о социально-ценностных и профессиональных качествах будущего учителя. // Средняя школа Казахстана. №2 (60), 2008.

4. Моделирование процессов самообразования и самовоспитания. // Вестник КГУ им. К. Тыныстанова. 2010.

5. Факторы и движущие силы самовоспитания. // Вестник ИГУ им. К. Тыныстанова. 2010.



Бектемирова Айнагүл Кашкарбаевна

Тарых илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу

Бектемирова Айнагүл Кашкарбаевна 1961-жылы 10-мартта Нарын облусунун Нарын районундагы Дөбөлү айылында туулган. Дөбөлү айылындагы Ленин орто мектебин 1978-жылы бүтүргөндөн кийин ушул мектепте пионер уюмунун жетекчиси болуп иштеген. 1980-жылы СССРдин 50-жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых жана коом таануу окутуучусу адистигин окуп, 1986-жылы бүтүргөн. 1986-жылдан 1999-жылга чейин Нарын шаарынын мектептеринде тарых сабагынан мугалим болуп эмгектенген. Жогорку категориядагы мугалимдикке жеткен. 1999-жылдан 2001-жылдын март айына чейин Нарын облустук граждандык коргонуу штабында окутуучу болуп иштеген.

2001-жылдан 2005-жылга чейин С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин юридика жана тарых факультетинин деканатында методист, 2009-жылдан 2010-жылга чейин факультеттер аралык дисциплиналар кафедрасында кафедра башчысы, бүгүнкү күндө тарых жана философия кафедрасынын доцентинин милдетин аткаруучу, тарых илимдеринин кандидаты, Нарын мамлекеттик университетинин Окумуштуулар Кеңешинин окумуштуу катчысы болуп эмгектенип келе жатат. 2009-жылы 9-июлда Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых институтунун алдындагы диссертациялык кеңештин жыйынында «Нарын облусунун социалдык-экономикалык турмушу (1991-2005-жж.)» деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактап, 2009-жылы 24-декабрда тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасына ээ болгон.

Бектемирова А. окуу-методикалык комплекстерди иштеп чыгып, окуу процессинде практика жүзүндө колдонуп жатат. Ал Байыркы Грециянын жана Римдин тарыхы, Азия жана Африка өлкөлөрүнүн соңку жаңы тарыхы, Түрк элдеринин тарыхы, Азия жана Африка өлкөлөрүнүн жаңы тарыхы ж.б. дисциплиналардан электрондук окуу-методикалык комплекстерди иштеп чыгып, аларды окуу процессинде кеңири колдонуп келе жатат. Бул окуу-методикалык комплекстер заманбап технологияларды колдонуу менен жасалып, ичине лекциялардын толук курсун, семинардык сабактардын өткөрүүнүн интерактивдүү методдорун, студенттин өз алдынча иштеринин тематикасы жана аткаруунун түрлөрү берилген. Натыйжада университетте өткөрүлгөн студенттин өз алдынча иштеринин конкурсунда А.Бектемированын жетекчилигинде тарых адистигинин студенттери Өмүрбек уулу Аныкбектин «Хунндардын чарбасы жана маданияты», Өмүрзакова Жазгүлдүн «Микен маданияты» деген темаларда өз алдынча жазылган иштери алдыңкы орунга ээ болгон. Анын тарых адистигинин дисциплиналары боюнча иштеп чыккан окуу-методикалык комплекстери бүгүнкү күндө жеке эле университетте эмес, республиканын ЖОЖдорунда жана мектептеринде да чоң суроо-талапты пайда кылууда.

Бектемирова А. университетте иштеген убактысында көптөгөн студенттердин дипломдук иштерине жетекчилик кылып, актуалдуу темалар боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Ал көбүнчө Нарын регионунун тарыхына көңүл бөлүп, бүгүнкү күндө «Нарын региону Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында», «7-апрель: Нарындагы толкундоолор» деген темаларда дипломдук иштерди жаздырууда. Мындан сырткары массалык маалымат каражаттары менен тыгыз иш жүргүзүп келет. Анын жазган макалалары мааниилүү тарыхый жана пайдалуу маалыматтарды камтыйт. Республикалык басылмалардын бири болгон «Агропресске» «Топоз баккан тоолуктарга пайда алып келет», жергиликтүү Теңир-Тоо газетасына «Манап бий», «Нарын мамлекеттик университети: сандан сапатка карай» деген аталыштагы макалалары жарык көргөн. Анын авторлош болуп жазган «Кыргызская этнография» деген китепчеси кыргыз элинин көчмөн турмушуна арналган. Бүгүнкү күндө «Азия өлкөлөрүнүн

соңку жаңы тарыхы» предмети боюнча жогорку окуу жайлары үчүн кыргыз тилиндеги окуу куралын жазып, басмага даярдоодо.

Университетте иштеп жаткан мезгилинде 20га жакын илимий макала жарыялады, андан сырткары 10 дисциплинадан лекциялык курстар, семинарлар, студенттин өз алдынча иштери боюнча методикалык колдонмолор иштелип чыккан.

Анын окуу-тарбия жаатындагы ишмердүүлүгү жогору бааланып, 2004-жылы Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министрлигинин, 2006-жылы Кыргыз республикасынын билим жана илим министрлигинин жана жаш окумуштуулар кеңешинин Ардак грамоталары, 2011-жылы «Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги» төш белгиси менен сыйланган. «EdNet» (Education Network) Билим берүү мекемелеринин ассоциациясы жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурган «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары үчүн компетенттүүлүк мамиленин негизинде түзүлгөн билим берүү программаларынын эң мыкты инновациялык окуу-методикалык комплекси» сынагынын жеңүүчүсү болуп, «Байыркы Грециянын жана Римдин тарыхы» окуу-методикалык комплекси үчүн диплом жана баалуу сыйлыктар менен сыйланган.

Сертификаттары: 1. «Тренер үчүн тренинг» («TeachEx» жогорку билим берүү академиясы), 2. «Технологии и методы обучения в высшем образовании», 3. Ага Хан фондунун «Человековедение» долбоору боюнча өткөрүлгөн семинардын катышуучусу.

Илимий эмгектери

1. Нарын облусунда кесиптик башталгыч билим берүүнүн өнүгүшү (1991-2006-жж.). // КР УИА. Кыргызстан тарыхынын маселелери. – Бишкек, 2008. – №2. – 35-39-бб.

2. Состояние детских дошкольных учреждений Нарынской области Кыргызской Республики (1991-2005 гг.). // Научное приложение Международного научно-педагогического журнала «Высшая школа Казахстана» «Улт тагылымы» - «Достояние нации». – Алматы, 2008. – №2. – С. 166-171.

3. 1991-2005-жылдардагы Нарын облусундагы жалпы билим берүүчү мектептердин өнүгүүсү. // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2008. – №3-4. – С. 303-307.

4. Состояние здравоохранения в 1991-2005 гг. в Нарынской области Кыргызской Республики. // Научное приложение Международного научно-педагогического журнала «Высшая школа Казахстана» «Изденис» - «Поиск». – Алматы, 2008. – №2. – С. 148-152.

5. С.Нааматов – алгачкы агартуучу. // Известия вузов. – Бишкек, 2010. – №2 – С. 23-25.



Биймурсаева Бурулбүбү Молдосалиевна

педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу

Жумгал районунун Жаңы-Арык айылында 1967-жылдын 15-ноябрында төрөлгөн. 1985-жылы Жумгал районунун Куйручук айылындагы Кыргызстан комсомолунун 50 жылдыгы атындагы мектепти аяктап, ошол эле жылы Казань университетинин тарых факультетине тапшырган. 1987-жылы Пржевальск мамлекеттик педагогикалык институтунун математика факультетине которулган. Аталган окуу жайын 1992-жылы ийгиликтүү аяктап, эмгек жолун Оттук орто мектебинин информатика мугалими катары иштеп баштаган. 1993-жылдан 1996-жылга чейин Нарын айыл-чарба техникумунда информатика мугалими, технология циклинин башчысы болуп эмгектенген. 1996-жылы Нарын мамлекеттик университетине математика предмети боюнча окутуучу болуп которулган. 1999-2001-жылдары табигый-гуманитардык факультетинде, 2001-2008-жылдары декандын тарбия иштери жана сырттан окуу бөлүмү боюнча орунбасары болуп эмгектенди. 2010-жылы «Математиканы окутуу процессинде окуучуларга эстетикалык таалим-тарбия берүүнүн илимий-методикалык негиздери» деген темадагы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактап, 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун методикасы (математика) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу болду. Азыркы учурда «Математика жана информатика» кафедрасынын башчысы болуп эмгектенүүдө.

1996-жылы КМУУда «Билим берүү жана жаңы маалыматтык технологиялар» багытында квалификациясын жогорулатуу курсунан өткөн. «Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ойломду өстүрүү» («Сорос-Кыргызстан» фонду, 2003-ж.) «Эффективдүү менеджменттин техникасы» (Евразия фонду, 2003-ж.), «Команда түзүү жана конфликттерди башкаруу» (Жарандык коомду колдоо борборунун Ассоциациясы, 2005-ж.), «Проект иштеп чыгуу» (Борбор Азия университети, 2005-ж.), «Толеранттуулукка тарбиялоодо билим

берүүнүн ролу» («University for Peace» борборазиялык программасы, 2007-ж.) боюнча сертификаттары бар.

Б.М.Биймурсаева математиканы үйрөтүү процессинде эстетикалык тарбиялоонун маселелеринин үстүндө активдүү иштеп келет. 20га жакын илимий-методикалык эмгектерин жарыялады, алардын ичинен 2 макала Казакстанда жарык көрдү.

Университеттин коомдук иштерине активдүү катышуусу үчүн, студенттерди окутуудагы жана тарбиялоодогу салымы үчүн КР Билим берүү, илим жана маданият министрлигинин (2003-ж.), Нарын райондук мамлекеттик администрациясынын (2004-ж.) илимий изилдөөлөрдө жетишкен ийгиликтери үчүн Нарын мамлекеттик университетинин (1998-ж, 2006-ж.), Нарын облустук элге билим берүү бөлүмүнүн (1994-ж.) Ардак грамоталарына арзыган.

Илимий эмгектери

1. Математика курсунда окуучуларга эстетикалык тарбия берүүнүн проблемасы жана айрым методикалык сунуштар. Мет. колдонмо. Нарын, 2004. (И. Бекбоев, Р. Жакеева менен авторлош).

2. Возможности процесса обучения математике в эстетическом воспитании учащихся. // Вестник Каз НПУ.- Алма-Ата, 2009.- №3(27).-С.71-75.

3. Математика предметин окутууда окуучуларга эстетикалык таалим-тарбия берүүчүлүк мазмундуу компоненттери. // Наука. Образование. Техника. Международный научный журнал. Часть 1. Ош: Кыргызско-Узбекский университет, 2009. -№1(27).-С.189-192.

4. Мотивация в процессе обучения математике. // Материалы международной конференции «Наука и новые технологии обучения». Стерлитамакская педагогическая академия им. З.Биишева. Ноябрь, 2010. Стерлитамак, 2010.

5. Методическое руководство по численным методам. Мет. пособие. Бишкек, 2011.

Дюшекеев Кубанычбек Дөөткулович

техника илимдеринин кандидаты, доцент

Дюшекеев Кубанычбек 1960-жылы Ат-Башы районунун Кара-Суу айылында төрөлгөн. 1977-жылы ушул айылдагы орто мектепти аяктагандан кийин Фрунзедеги политехникалык институтунун механика-машина куруу факультетине кирип, анын “Машиналардын



бекемдиги жана динамикасы” адистигин 1982-жылы артыкчылык диплому менен бүткөн.

1982-жылдан 1996-жылга чейин ал Фрунзедеги политехникалык институтта эмгектенген. Алгач материалдардын каршылыгы кафедрасында кенже илимий кызматкер, 1983-85-жылдары механика илимий кызматкер, факультетинин комсомол уюмунун катчысы, 1986-1996-жылдары тамак-аш өндүрүшүнүн машиналары жана аппараттары кафедрасынын ага окутуучулук кызматын аркалаган.

1988-91-жылдары Фрунзе политехникалык институтунун аспирантурасында “Деформацияланууч катуу нерселердин механикасы” адистиги боюнча окуйт жана 1993-жылы “Калыбын эске сактап калуучу материалдардын механикасын эксперименталдык-теориялык изилдөө” темасында кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргойт.

1996-жылы Нарын мамлекеттик университетинин түзүлгөндүгүнө байланыштуу Билим берүү министрлигинин чакыруусу менен ушул университетке келет. 1996-97-жылы университеттин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт. Ал тарабынан университеттеги адистиктердин баарысынын окуу пландары түзүлүп, окуу процесси жөнгө салынат.

1997-2006-жылдары агрардык-техникалык факультеттин деканы катарында эмгектенет. Ушул мезгилде анын түздөн-түз жетекчилиги менен факультеттин лабораториялык базасы түптөлөт. Тагыраак айтканда, “Жылуулук техникасы”, «Электр машиналары жана аппараттары”, “Автомобилдердин конструкциясы”, “Механика”, “Физика”, “Жалпы электротехника” окуу лабораториялары, “Калыбын эске сактап калуучу материалдардын механикасы” илимий лабораториясы түзүлгөн. Анын жетекчилиги менен жылуулук электр станциясынын, жел электр станциясынын, күн электр станциясынын иштөөчү макеттери жасалган жана окуу процессине киргизилген.

2006-жылдан 2010-жылга чейин үзгүлтүксүз билим берүү факультетинин деканы болуп эмгектенген. 2010-жылдан баштап «Техникалык дисциплиналар» кафедрасын жетектеп келет.

Илимий эмгектери

1. Реактивное усилие прямого бруса с эффектом памяти формы. // XLIV Международная конференция “Актуальные проблемы прочности” Вологда, 2005, - С. 171.

2. Реактивное усилие титано-никелевой проволоки. // XLIV Международная конференция “Актуальные проблемы прочности” Вологда, 2005, - С. 172.

3. Экспериментальное определение реактивных моментов кривого бруса с эффектом памяти формы. // XLIV Международная конференция “Актуальные проблемы прочности” Вологда, 2005, - С. 173.

4. Реактивное усилие проволоки из никелида титана при активном нагружении. // Известия ВУЗов.- 2005. - № 4. – С. 32-38.

5. Чистый изгиб кривого бруса из материала с памятью формы. // Механика композиционных материалов и конструкций. – январь-март, 2006, том 12, №1. – С. 27-43.



Жантаев Адилбек Сүйүндүкович

филология илимдеринин кандидаты, доцент

Жантаев Адилбек Сүйүндүкович 1971-жылы 28-декабрда Ат-Башы районундагы Ак-Муз айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1979-жылы өз айылындагы Кызыл-Аскер орто мектебине окууга кирип, аны 1989-жылы аяктаган. 1989-жылдын 1-сентябрынан 1990-жылдын 27-июлуна чейин Ат-Башы районунун Ак-Жар айылындагы Жаналиев атындагы орто мектепте улуу пионер вожатый болуп иштеген. 1990-жылы 19-августа Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы факультетине кабыл алынган. 1995-жылы 18-июлда КМУнун кыргыз филологиясы факультетинин күндүзгү окуу бөлүмүнүн толук курсун аяктап, филолог-окутуучу квалификациясына ээ болгон. 1995-жылдын 1-сентябрында Ат-Башы районунун Өзгөрүш айылындагы орто мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими жана окуу-тарбия иштери боюнча директордун орунбасары болуп дайындалган.

1999-жылы 16-мартта Нарын мамлекеттик университетинин табигый-гуманитардык факультетинин тилдер жана адабият кафедрасына окутуучу болуп кирген. НМУда иштеп жатып, 1999-жылы ноябрда КР ИУАнын алдындагы Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунда “Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгындагы реализм проблемасы” аттуу кандидаттык диссертациясынын темасын бекиттирген. Аталган диссертацияны

2003-жылы 16-майда ийгиликтүү коргоп, филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болгон. Бул диссертация НМУ уюшулгандан бери анын кызматкерлери тарабынан корголгон экинчи илимий иш болуп калды. 2004-жылы илим жаатындагы ишмердүүлүгү үчүн Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын «Намыс» программасынын «Мыкты илимий кызматкер» номинациясындагы сыйлыгына жана дипломуна ээ болгон. 2005-жылы “Көркөм чыгармачылыктагы реализмдин генезиси жана эволюциясы” аттуу илимий эмгеги Кыргызпатенттин жаш окумуштуулар, аспиранттар, студенттер арасында «Мыкты илимий эмгек» номинациясы боюнча өткөрүлгөн конкурсунун акчалай сыйлыгына жана Ардак Грамотасына татыктуу болгон. Ал НМУда иштеп жаткан мезгилинде 3 (үч) илимий-методикалык эмгегин, 30 илимий-методикалык макалаларын жарыялады. Республикалык масштабдагы 9 (тогуз) илимий-практикалык конференцияларга катышып, баяндама жасап, университетте илимий иштер жакшы жолго коюлганын далилдеди. Булардын баары жаш окумуштуунун университеттин илимий тармактагы ишмердүүлүгүнө кошкон салымы болуп калды.

Жантаев Адилбек Сүйүндүкович чет элдер адабияты, антик адабияты, күн чыгыш жана боордош элдер адабияты, кыргыз адабий сынынын тарыхы, XX кылымдагы кыргыз адабияты, көркөм чыгармачылыктагы реализмдин генезиси жана эволюциясы дициплиналарынан лекция окуп, семинарларды өткөрөт, ошону менен бирге НМУнун административдик-уюштуруучулук иштерине да өз салымын кошуп келе жатат. Алсак, ал 1999-жылы 15-ноябрда Нарын мамлекеттик университетинин табигый-гуманитардык факультетинин деканынын окуу иштери боюнча орунбасары болуп бекитилген. 2005-жылы сентябрда филология факультетинин кыргыз тили жана аны окутуунун методикасы кафедрасынын башчылыгына бекитилген. 2006-жылы августта педагогика, психология жана окутуу технологиясы кафедрасынын башчылыгына дайындалган. Ушул кызматтардын баарында өзүнө ишенип тапшырылган милдетти жоопкерчилик менен аткарып келди.

Илимий эмгектери

1. Антик адабияты. // Бишкек: “Абыкеев А.Э.” басмасы, 2005.

2. Көркөм дөөлөт жана сүрөткер маселеси. // Жаш түркологдордун I эларалык симпозиумунун материалдары, Кыргыз-Түрк Манас университети, Бишкек шаары, 2007-жылдын 26-27-майы.

3. Мезгил жана көркөм дөөлөттөрдүн өмүрү. // В.Чкалов атындагы №2 орто мектептин 75 жылдыгына арналган “Образование в XXI веке. Традиции, проблемы и перспективы” аттуу республикалык илимий-практикалык конференциянын материалдары, Нарын шаары, 2007-жылдын 12-октябры.

4. Ааламдашуу жана кыргыз мугалими. // В.Чкалов атындагы №2 орто мектептин 75 жылдыгына арналган “Образование в XXI веке. Традиции, проблемы и перспективы” аттуу республикалык илимий-практикалык конференциянын материалдары, Нарын шаары, 2007-жылдын 12-октябры.

5. Адабий чыгармаларды орто мектепте талдоонун айрым маселелери. //В.Чкалов атындагы №2 орто мектептин 75 жылдыгына арналган “Образование в XXI веке. Традиции, проблемы и перспективы” аттуу республикалык илимий-практикалык конференциянын материалдары, Нарын шаары, 2007-жылдын 12-октябры.



Жаныгулов Кабылбек Ибраевич

педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу

Нарын шаарында 1959-жылдын 25-апрелинде төрөлгөн. 1966-жылдан 1975-жылга чейин Нарын шаарындагы С.М.Киров атындагы орто мектепте билим алып, 1976-жылы Ат-Башы районундагы В.И.Ленин атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктаган. 1977-1979-жылдарда Германия Демократиялык Республикасында Советтик Армиянын катарында аскердик кызмат өтөгөн. 1996-жылы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетин аяктап, «Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы» адистиги боюнча жогорку билимге ээ болгон.

Эмгек жолун 1981-жылы Ат-Башы райондук маданият бөлүмүндө иштөө менен баштаган. 1989-1997-жылдары Ат-Башы районунун Большевик атындагы орто мектебинде мугалим болуп эмгектенген. 1992-жылы облустук «Жыл мугалими» кароо-сынагына катышып, II орунду ээлеген. 1993-жылы ушул эле кароо-сынакта I орунга татыктуу болуп, республикалык кароо-сынакта кызыктыруучу байге жана Кыргыз Республикасынын Билим

берүү министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган. 1993-жылы орто мектептин 5-6-7-класстары үчүн «Эмгекке үйрөтүү» сабагынын окуу программасын иштеп чыгып, 1994-жылы автордук окуу программалар, методикалык колдонмолор жана окуу-көрсөтмө куралдардын республикалык кароо-сынагында Билим берүү жана илим министрлигинин дипломуна татыктуу болгон. 1997-жылдан 1999-жылга чейин Ат-Башы районундагы Большевик орто мектебинин директору кызматында иштеп, жаш муундарга билим, тарбия берүүдөгү эмгеги жогору бааланып, 1999-жылы «Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги» төш белгиси менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 8 жылдыгына карата өткөрүлгөн «Манас» эпосунун күндөрүндө иштеги ийгиликтери үчүн дипломдун ээси болгон.

1999-жылдан баштап Нарын мамлекеттик университетинде иштеп келет. 1999-2001-жылдары – Нарын мамлекеттик университетинин сырттан окуу бөлүмүнүн башчысы, 2001-2008-жылдары – университеттин алдындагы Мугалимдердин билимин жогорулатуу жана адистерди кайра даярдоо борборунун директору болуп эмгектенди. 2003-жылы «Билим жана илим профсоюз кыймылынын отличниги» төш белгиси менен сыйланган. 2006-жылы Республикалык XXII педагогикалык окууларда жасаган мыкты доклады үчүн Кыргыз Билим берүү академиясынын Ардак грамотасын алган.

2008-2010-жылдарда Нарын мамлекеттик университетинин Нарын билим берүү округу, чарбалык жана финансылык иштер боюнча проректору болуп иш алып барды. 2005-жылы Нарын мамлекеттик университетинин аспирантура бөлүмүнө изденүүчү болуп кирип, илимий изилдөөсүнүн темасы бекитилген. Педагогика илимдеринин доктору, профессор М.Р.Рахимованын жетекчилиги астында «Кыргыз эл акындарынын (XIX-XX кк.) мурастарындагы балдардын жаш курак мезгилине байланыштуу таалим-тарбиялык ойлорду үзгүлтүксүз окуу процессинде колдонуу» деген темадагы кандидаттык диссертациясын 2009-жылдын 26-июнунда ийгиликтүү коргоп, педагогика илимдеринин кандидаты илимий дарасына ээ болгон.

2010-жылдан бери С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин каржы жана чарбалык суроолор боюнча проректору болуп иш алып барууда.

1 окуу куралы, 2 окуу программасы жана 13 илимий макаласы жарыкка чыккан.



Жакеева Ырыс Жакеевна

педагогика илимдеринин кандидаты, доцент

Жакеева Рысбүбү 1951-жылы Нарын областынын Тянь-Шань районунун Миң-Булак айылында төрөлүп, 1968-жылы Куйбышев атындагы орто мектепти аяктагандан кийин, ошол эле жылы Кыргыз мамлекеттик кыз-келиндер институтуна тапшырып, аны 1973-жылы бүтүргөн. Институтту аяктагандан кийин Кыргыз республикасынын элге билим билим берүү министрлигинин жолдомосу менен Ысык-Көл облусундагы Пржевальск шаарындагы педагогикалык окуу жайында окутуучу, 1976-жылы Пржевальск педагогикалык институтунун комсомол комитетинде сектор башчысы, ал эми 1977-жылы аталган институттун мугалимдик кызматына конкурстун негизинде шайланган. 1983-жылы Пржевальск педагогикалык институтунун «Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы» факультетин ийгиликтүү аяктап, экинчи адистикке ээ болгон. Ошол эле жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Педагогика жана психология» кафедрасына аспирантурага өткөн. Аспирантураны 1986-жылы ийгиликтүү аяктап, 1987-жылы Москва шаарындагы СССРдин педагогикалык илимдер Академиясында «Педагогика илиминин теориясы жана тарыхы» - 13.00.01. адистиги боюнча илимий кандидаттык диссертациясын коргогон. 1992-жылы доценттик илимий наамга Москва шаарында татыктуу болгон. 2002-жылдан бери профессордун милдетин аткаруучу болуп иштеп келе жатат.

Жакеева Рысбүбү 1988-жылдан 1999-жылга чейин Пржевальск пединституту, Ысык-Көл мамлекеттик педагогикалык институту жана К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде окутуучу, ага окутуучу, кафедра башчысы, доцент, илимий изилдөө бөлүмүнүн башчысы кызматтарында иштеген. Ал эми 1999-жылдан тартып азыркы мезгилге чейин Нарын мамлекеттик университетинин чакыруусунун негизинде аталган окуу жайда эмгектенүүдө. Жакеева Рысбүбү өзүнүн Кыргыз республикасынын орто жана кесиптик билим берүүчү жогорку окуу жайларынын системасындагы 38 жылдык ишмердигин келечектеги жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого, алардын илимий интеллектуалдык потенциалын жогорулатууга жана Кыргыз мамлекетиндеги социалдык-экономикалык маселелерди чечүүгө жөндөмдүү инсандарды калыптандырууга арнаган.

Р.Жакеева орто жана кесиптик билим берүү системасындагы окуу-тарбия процессинде колдонулуучу инновациялык формалар жана интерактивдүү метод, технологиянын комплексин иштеп чыгып, окуу программаларына киргизген. Жакеева Р. тарабынан өткөрүлгөн лекциялар, семинарлар, лабораториялык-практикалык сабактар, атайын курстар өзүнүн илимий-теориялык, методологиялык мазмундуулугу, технологиялык, методикалык жактан жаңылыгы, актуалдуулугу менен айырмаланат. Ал өзүнүн илимий-педагогикалык ишмердигинде педагогика жана психология илиминин стратегиясын, философиясын, мазмунун, максатын орто жана кесиптик жогорку билим берүүчү окуу жайларга таратууга аракеттенүүдө.

Жакеева Р. илимий-изилдөө ишин аткаруу менен болочок илимий адистерди даярдоого жетекчи, кош жетекчи, оппонент, рецензент катары салымын кошууда (ОшМУ, ЖаМУ, ЫМУ, НМУ, ТалМУ ж.б.). Жакеева Р. тарабынан 50дөн ашык психология, педагогика жана жогорку билимдүү адистерди даярдоо проблемалары камтылган эмгектери, 1 монографиясы жарык көргөн, 4 окуу-методикалык эмгеги республиканын жогорку окуу жайларында колдонулууда, ал эми 12 илимий статьясы Россия, Казакстан, Украина ж.б. КМШ өлкөлөрүндө кыргыз, орус жана англис тилинде чыккан.

Жакеева Р. эмгек жолунун алгачкы мезгилинен тартып эле өзүнүн квалификациясын тынымсыз жогорулатууга аракеттенет. 1982-жылы Ленинград шаарында, 1988-жылы Москва шаарында ЖОЖдордун окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу курсуна катышкан. 1997-жылы психология боюнча курска, 2001-жылы – ООНдун Кыргызстандагы Балдар фонду уюштурган «Өзгөрүп жаткан коомдогу мектеп» курсуна, «Каунтерпарт» эл аралык уюму уюштурган «Толеранттуулукка тарбиялоо» семинарына, ПРООН жана Билим берүү министрлиги биргелешип уюштурган «Кыргызстандын жогорку жана атайын орто окуу жайларында валеологиялык программаларды окутуу» семинарына катышкан. 2000-жылдан 2004-жылга чейин – эл аралык PEAKS долбоорунун «Step by step» билим берүү программасынын жана Англиянын «Балдарды сактагыла» эл аралык фондунун «Инклюзивдик билим берүү» программасынын катышуучусу. 2004-2005-жылдары - PEAKS долбоорунун алкагындагы «Сынчыл ойлом» программасынын, «Ыйгарым укуктуу билим берүү» долбоорунун «Гендердик билим берүү» программасынын катышуучусу. 2004-2006-жылдары Бор-бордук Азия Ага-Хан университетинин «Билим берүү менеджменти»

семинарынын, «Улуттук гендердик мектеп» семинарынын жана ОБСЕ Академиясы уюштурган «Эл аралык уюмдар жана ОБСЕнин ролу» аттуу семинардын катышуучусу. 2009-жылы Ednet Академиясы өткөргөн «Жогорку билим берүүдөгү окутуунун технологиясы жана методдору» деген темадагы семинардын, ошондой эле НМУнун Кесиптик өнүктүрүү борбору уюштурган «Окутуунун интерактивдүү методдору», «Окутуунун кредиттик технологиясынын шартында студенттердин өз алдынча иштөөсүн уюштуруу» жана «Эл алдында сүйлөө өнөрү» аттуу тренингдеринин катышуучусу.

Р.Жакеева эл аралык билим берүү программалары менен бирдикте иштөө аркылуу грант алуу менен Ысык-Көл, Нарын мамлекеттик университеттеринин алдында тренингдик лабораторияларды, координациялык борборлорду уюштурган (Проект ПИКС, ЮСАИД, ЮНИСЕФ, Сорос-Кыргызстан, ПРООН ж.б.). Аталган эл аралык уюмдардын тренинг-семинарларына активдүү катышуу менен бир нече тренердик сертификатка ээ болгон.

Өзүнүн 38 жылдык илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнүн натыйжасында райондук, областтык, Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин «Ардак грамоталарына» татыктуу болгон – КР билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы (1982, 2004), КР Ленин комсомолунун Борбордук комитетинин Ардак грамотасы (1983), Ысык-Көл облустук мамлекеттик администрациясынын (1980), Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын (2009) Ардак грамотасы. 1991-жылы «Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун отличниги» төш белгиси менен сыйланган.

Илимий эмгектери

1. Эстетическое воспитание учащихся 1-4 классов. Учебно-методическое пособие в помощь учителям общеобразовательной школы и студентам-практикантам по специальности 2121 - «Педагогика и методика начального образования». г.Пржевальск, 1991.

2. Психолого-педагогические основы диагностики учащихся в системе профтехобразования. Учебно-методическое пособие. Бишкек, 1997.

3. Эстетическое воспитание в системе профессиональной подготовки студентов Кыргызстана. Монография. Бишкек, 2003.

4. Эстетическое воспитание и развитие личности в системе высшего педагогического образования (на русском и английском языках). Москва, 1991.

5. О проблеме педагогической технологии в учебном процессе. НАН РК. Алматы, 2007.



Жапаров Шералы Жапарович

филология илимдеринин доктору, профессор.

Жапаров Шералы (1936-жылдын 23-сентябрында Баткен областынын Лейлек районунда, Шор-Булак айылында туулган) – тилчи, филология илимдеринин доктору (1990), профессор (1991). Б.Юнусалиев атындагы Кыргыз тили сыйлыгынын ээси (1994), XV эл аралык ономастикалык конгресске катышкан, доклад жасаган (1984, ГДР, Лейпциг). Эмгектери Германияда, Кытайда, Түркияда жана башка мамлекеттерде жарык көргөн.

Кыргыз тилинин диалектологиясы, лексикологиясы, лексикографиясы, ономастикасы, библиографиясы боюнча адис. КМУнун филология факультетин бүтүргөн соң (1965), Сүлүктү ш., Лейлек районунун мектептеринде мугалим (1966), Кыргыз республикасынын Улуттук илимдер академиясында аспирантурада окуган (1966-69), КМУда улуу окутуучу, доцент (1970-77), "Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясында" улуу редактор, редакция башчысы (1977-79), КРнын УИАсында улуу илимий кызматкер (1979-89), 1987-88-ж. Москва шаарында докторантурада окуган, И.Арабаев атындагы КМПУда кафедра башчысы, профессор (1989-2007), Нарын мамлекеттик университетинде кыргыз тили жана аны окутуунун методикасы кафедрасында кафедра башчысы, профессор болуп иштеген.

Нарын мамлекеттик университетинде иштеген 2002-2005-жылдары "Кыргыз тилчилери" (2004, 2005, 1-2-томдору), "Адам аттары – эл байлыгы" (2004, толукталып 2-басылышы) деген эмгектерин жана башка бир топ макалаларын чыгарган. "Кыргыз тили менен кыргыз адабиятынын айрым актуалдуу маселелери" (2004, 68 бет) аттуу НМУнун окутуучуларынын эмгектеринин жыйнагын жарыялаган. НМУнун бир нече окутуучусунун кандидаттык ишине жетекчилик кылат (2007).



Жусуева Бактыгүл

педагогика илимдеринин кандидаты

1953-жылдын 1-майында Нарын областына караштуу Ак-Талаа районунун Тоголок-Молдо айылында туулган. 1974 жылы В.В. Маяковский атындагы Кыргыз аялдар педагогикалык институнун азыркы (И.Арабаев атындагы университет) физика-математика факультетин окуп бүтүрүп, физика-математика мугалими квалификациясына ээ болгон. Жусуева Бактыгул эмгек жолун 1974-жылы Ак-Талаа районунун Тоголок-Молдо айылындагы №2 В.И.Ленин атындагы орто мектебинде физика мугалими болуп иштөөдөн баштап, бул мектепте 1976-жылга чейин иштеген. 1976-1977- жылдары Ак-Талаа районунун Жогорку Май айылындагы Тилектеш, 1977-1982-жылдары, Ак-Талаа районунун Баетов айылындагы М.В.Ломоносов, 1982-1985-жылдары, Баетов айылындагы Жданов атындагы, 1985-1987-жылдары кайрадан Ак-Талаа районунун Баетов айылындагы М.В.Ломоносов атындагы, жана 1987-1992-жылдары Нарын шаарындагы Н.Крупская атындагы орто мектептерде физика мугалими болуп эмгектенген.

1992-1998-жылдары Нарын шаарындагы №8 А.Буйлаш уулу атындагы орто мектепте окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары жана физика мугалими болуп иштеген. 1998-1999-жылдары Нарын шаарындагы №9 орто мектепте окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, физика мугалими болуп эмгектенген.

Бактыгул Жусуева 1999-жылдан баштап Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин физика жана табият таануу кафедрасында иштеп келет. «Физика» адистигинин студенттерине механика, термодинамика, астрофизика дисциплиналарынан лекция окуп, семинардык-лабораториялык сабактарды өткөрөт. 2005-2009-жылдары агрардык-техникалык факультетинде декандын жаштар саясаты боюнча орун басары кызматын аткарган. 2008-жылдан бери кафедрада ага окутуучулук кызматта иштейт.

Илимий-методикалык деңгээлин жана педагогикалык-кесиптик квалификациясын системалуу түрдө жогорулатуу максатында, «Жаштар арасында ВИЧ-инфекциянын алдын алуу» (ЕВРАЗЕС, КР билим берүү жана илим министрлиги, 2009-ж.), «Сапаттуу негизги билим алууга жетишууну арттыруу» (Азия онугуу банкы, КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2009-ж), «Толеранттуулукка тарбиялоодо билим берүүнүн ролу» (Борбор Азиялык «Universine for Peace» программасы,2007-ж)., «ВИЧ инфекцияны профилктикалоо боюнча сабактарды откоруунун интерактивдуу методикаларына уйротуу» (КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2010-ж.) семинар, тренингдерине катышкан. Б.Жусуева илимий изденүүчүсү катары 2004-2010-жылдар аралыгында «Орто мектепте окуучуларды сергек жашоого тарбиялоонун педагогикалык негиздери» аттуу илимий диссертациясын жазууну аяктады. Илимий ишин изилдөөдө 12 илимий-методикалык эмгектери жарыяланды, алардын ичинен бир эмгеги Казакстанда басылып чыкты.

Илимий изилдөө иштеринде окуучулар жана студенттер арасында бүгүнкү коомго жат көрүнүштөр тамеки, насвай чегүү, алкоголизм, психотроптук заттар жана алардын ден соолукка келтирген зыяндуулугу боюнча диспут, лекция, семинар, тренингдерди өткөрдү.

Диссертациялык ишин 2012-жылдьш 24-февралында И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясыньш алдьшдагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.11.023 диссертациялык кеңештин жыйынында коргоду.

Диссертациянын актуалдуулугу – бүгүнкү татаал коомдук шарттарда орто мектептин окуучуларынын сергек жашоонун негиздерине мамилесин изилдеп үйрөнүү жана жалпы билим берүүчү окуу мекемелеринин кызматкерлери үчүн да маанилүү болгондугунда турат.

Илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүндө жетишкен ийгиликтери үчүн Нарын райондук мамлекеттик администрациясынын (1997-ж.), Нарын мамлекеттик университетинин (1997-ж, 2003-ж.), Нарын областык элге билим берүү бөлүмүнүн (2005-ж.), Нарын шаардык администрациясынын (2009-ж.) Ардак грамоталары менен сыйланган. КР элге билим берүүсүнүн отличниги (1996-ж.). Коомду өнүктүрүүгө кошкон зор салымы үчүн Нарын облустук Аялдар конгрессинин Ардак грамотасы менен сыйланган (2012-ж.).

Илимий эмгектри.

1. Жусуева, Б. Окуучулардьш ууландыруучу баңги заттарьш пайдаланууcунун алдьш алуу [Текст] / Б.Жусуева // Известия вузов. -Бишкек, 2010.-№2.- 118-120-66.

2. Жусуева, Б. Окуучулардьш ден соолугу жана ага таасир этүүчү факторлор [Текст] / Б.Жусуева // Эл агартуу. - Бишкек, 2010. - №5, 6. -65-69-66.

3. Жусуева, Б. Өспүрүмдөрдү сергек жашоого тарбиялоодо үй-бүлөнүн таасири [Текст] / Б.Жусуева // Эл агартуу. - Бишкек, 2010. - №5, 6. -ч 69-72-66.

4. Жусуева, Б. Профилактика ВИЧ-инфекции среди молодежи [Текст] / Б.Жусуева // Вестник КИПУ им. Абая. Серия: Начальная школа и физическая культура.- Алматы, 2011. - №2(29). - С. 79-81.

5. Жусуева, Б. Сергек жашоо образына үйрөтүүнүн кыргыз педагогикасында алган орду жана иликтениши [Текст] / Б.Жусуева // Вестник КГУ им. И.Арабаева. - Бишкек, 2011. - №3-2. - 44-46-66.



Жумаева Роза Ражаевна

саясий илимдердин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу

1961-жылдын 9-мартында Тогуз-Торо районунун Казарман айылында төрөлгөн. 1985-1990-жылдары Караганда кооперативдик институтунда окуп, «Жогорку категориядагы товаровед» квалификациясы менен аяктаган. 1996-1997-жылдарда Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Башкаруу академиясында окуп, «Мамлекеттик башкаруунун магистри» квалификациясын алган. 1997-жылы Бишкек Гуманитардык университетинин аспирантурасына тапшырган. 2007-жылы «Жакырчылыкты жоюу боюнча мамлекеттик саясатты калыптандыруу» деген темадагы кандидаттык диссертациясын жактап, саясий илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болгон.

Эмгек жолун 1984-жылы Ат-Башы райондук коомдук тамактануу башкармалыгында товароведдик кызматты аткаруу менен баштаган. 1987-жылы Нарын шаардык соода башкармалыгына санитардык врач кызматына которулган. 1988-1991-жылдарда Ак-Талаа райондук керек-жарак коомунун башкы адиси болуп эмгектенген. 1991-жылы Тянь-Шань райондук кеңешине, башкы адистик кызматка которулган. 1994-жылы Нарын райондук мамлекеттик мүлк фондусунун төрагасы болуп иштеген. 1996-жылы Нарын айыл-чарба башкармалыгынын начальнигинин

орунбасары болуп иштейт. Башкаруу академиясында билим алып келгенден кийин, 1997-жылы Нарын облустук мамлекеттик администрациянын социалдык бөлүмүндө башкы адис болуп 1998-жылга чейин иштейт. 1998-1999-жылдары Билим берүү, илим жана маданият министрлигинин Эл аралык программалар жана кызматтар Борборунун директорунун орунбасары болуп эмгектенет. 1999-2002-жылдары «Кол-Кабыш» коомдук бирикмесин уюштуруп, анын президенти катары кызмат кылат. 2002-жылы «Шанкай» көзкарандысыз телерадиокомпаниясын уюштуруп, 2003-жылга чейин анын президенти болуп иштейт. 2003-2005-жылдары Кочкор райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орунбасары болуп эмгектенген. 2005-жылдан азыркы мезгилге чейин Нарын райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орунбасары катары кызмат кылууда.

Өзүнүн билимин, квалификациясын тынымсыз жогорулатууга аракеттенет. «Каунтерпарт консорциум», Дүйнөлүк банктын экономикалык өнүктүрүү институту, ЮСАИД, «Интерньюс» сыяктуу эл аралык уюмдар, КР Өкмөтү, Эмгек жана социалдык коргоо министрлиги, Саламаттык сактоо министрлиги, КР Президентинин администрациясы уюштурган тренинг-семинарлардын активдүү катышуучусу.

Анын коомго, мамлекетке сиңирген эмгеги жогору бааланып, бир катар сыйлыктарга ээ болгон. Мисалы, «Интерньюс-Кыргызстан» коомдук уюмунун «Мыкты медиа менеджер» конкурсунун «Умтулуу» сыйлыгы, Нарын облусунун ардактуу атуулу статусу, «Билим берүүнүн отличниги», «Маданияттын отличниги», «Муниципалдык кызматтын отличниги», «Мамлекеттик кызматтын отличниги», Кыргыз Республикасынын Президенттик администрациясынын диплому ж.б. 2006-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган. 2011-жылы «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын эмгек сиңирген кызматкери» наамына татыктуу болду.

Заркунов Асан

филология илимдеринин кандидаты, доцент.
Кыргыз республикасынын эл мугалими

Заркунов Асан 1936-жылы 6-апрелде Миң-Булак айылындагы Куйбышев атындагы колхоздо мугалимдердин үй-бүлөсүндө



төрөлгөн. 1942-жылы Куйбышев атындагы орто мектебине 1-класска окууга кирип, 7-классты аяктап, 1949-1952-жылдары «Оттук» орто мектебинде окуп, орто билимге ээ болгон. 1952-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетине окууга өтүп, аны 1958-жылы бүткөн.

1958-1959-жылдары республикалык «Ленинчил жаш» жаштар гезитинин редакциясында мектептер, жогорку окуу жайлар бөлүмүндө иштеп, 1959-жылы август айынан баштап, Куйбышев атындагы мектепте кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп эмгектенип, педагогикалык ишмердүүлүгүн баштаган. 1961-1973-жылдары ошол эле мектепте директордун орун базары, 1974-жылдан 1997-жылга чейин мектептин директору болуп иштеген.

Студент кезинен баштап көркөм чыгармачылыкка болгон кызыгуусу артып, балдар жазуучусу Шүкүрбек Бейшеналиевдин чыгармаларына таасирленип, эң алгачкы калем сыноо чыгармалары «Эртесинде», «Аңгектен качсаң дөңгөккө» деген тарбия темасындагы аңгемелери «Жаш ленинчил» балдар журналына жана «Алгачкы турмуш», «Беделдин жаралышы» аттуу аңгемелери Ала-Тоо журналына чыккан.

«Жаш гвардия» романынын котормосу жөнүндө» деген дипломдук ишинин негизинде жазылган макаласы да «Ала-Тоо» журналынын беттеринде жарыяланган. Иштин илимий жетекчиси академик Константин Кузьмич Юдахин болгон. Дипломдук иш өтө жакшы баага арзыган. Бул – А.Заркуновдун студент кездеги жазган эң алгачкы илимий изилдөөсү болгон.

Эмгектенүүдөн чарчабаган агай чыгармачылыгын таштабай, тынчы жок мектеп кызматынын түйшүктүү мезгилинде да, чолоосу тийе калганда, балдар үчүн чыгармаларын жазып жүрдү. 1977-жылы «Мектеп» басмасынан балдар адеби, тарбиясы темасында жазылган «Сыйкырдуу ариптер», «Саякатчы көмөч» повесттер жыйнагы «Мектеп» басмасынан өзүнчө китеп болуп басылып чыкты. Ага чейин «Сыйкырдуу ариптери» республикалык балдар журналы «Жаш ленинчинин» беттеринде жарык көргөн.

Мектептин директорлук кызматында иштеп турган мезгилде Нарын районунда биринчилерден болуп, мектепти кыш мезгилинде үзгүлтүксүз жылуулук менен камсыз кылуумаксатында электр казандарын койдурган.

Окуучуларга билим берүү сапаты кандай деңгээлде болуп жатканын байкап, бул маселени педагогикалык жаамат бирге талкуулап, натыйжада сабак өтүүнүн стандарттык эмес жолун да колдонууну сунуштаган. Райондо биринчи болуп мектепте стандарттык эмес формада сабак өтүүнүн жумалыгын өткөрүп, окуучулардын билим алуусунун жана сабакты өздөштүрүүсүнүн жакшырышын байкаган. Мугалимдер , ушундай формада сабак өтүүдө чыгармачылыктын ойгонорун жана директордун туура багыт берип жатканын белгилешкен.

Математика сабагынын мугалими Бурулуш Жаманбаеванын «Манас математикада» деген боз үй макети менен өтүлгөн, стандарттык эмес формадагы бир нече сабагы, методикалык жактан өтө жугумдуу болуп, окуучулар жакшы кабыл алышып, мугалимдердин чыгармачыл шыгын ойготуп жиберген. Бул жаңычыл мугалим республикалык педокууда биринчиликти ээлеп, сыйлыктарга арзыган. Арийне, сабак өтүүдөгү мезгил сынынан өткөн классикалык ыкма да таптакыр таштап салынбай, урунула берди. Сүйлөмө (тарых, география, айрыкча көркөм адабият) сабактарында семинар - сабактардын лекциясын мугалим өтүп, семинардык бөлүгүн (сабагын) жакшы окуган окуучуга өткөртүп, мугалим консультант катары көзөмөлдөө учурлары да окуучулардын активдүүлүгүн болуп көрбөгөндөй көтөрдү. Семинардык сабактардын семинар бөлүгүн окуучулардын улам алмашып өтүүсү да калган окуучулардын акдивдүүлүгүн арттырды. Мектеп окуучуларынын билим сапатынын денгээли жакшырды.

Дарак бир жерден көгөрөт дегендей, агай 49 жыл бою бир эле Актан Тыныбек атындагы мектепте талбай эмгектенди. Бул жылдары анын педогогикалык тажрыйбасы артты,усулдук ишмердиги бара-бара жетилди. Агайдын турмуштан жана кесиптештеринен, адабияттардан окуп, аны турмушка колдоно билүү далалаты өз үзүрүн берди. Ал өзү үйрөнүп, үйрөнгөнүн кесиптештерине үйрөтүп жүрдү. Иштеги жаңычылдыгы, далалаты ишин өрөзгөлөтө берди. Өзүнүн талыкпаган изденүүчүлүгү, жаңыланган шартта ишке адамдарды уюштура билгендиги, адамгерчилик мамилеси анын жалпы ишин алга жылдырды. Ал демилгечи гана ˙болбостон, мугалим катары өз иши менен башкаларга үлгү боло алды. Өзүнүн мектебинде, райондо, облуста 50 дөн ашык кыргыз тили жана адабияты боюнча көрсөтмөлүү сабактарды өткөн. Ал жетектеген мектепте окуу-тарбия процессин уюштуруунун алдыңкы тажрыйбасы, окуучуларды ата салтында элдик педагогиканын негизинде тарбиялоо боюнча 10 райондук, 5 облустук семинарлар жемиштүү өткөрүлгөн.

Өзүнүн жеке демилгеси менен эмгек сиңирген артист, комузчу, акын, улуу манасчы Актан Тыныбековдун мурасканасы түзүлүп, анын жүз жылдык мааракеси республикалык деңгээлде өтүп, эл ичиндеги Актанды билгендерди уюштуруп барып, республикалык телевидениеден эскерүү кечээсин өткөргөн.

1999-жылы «Манастаануу» курсунун (11-класстар үчүн) альтернативалуу автордук программасын түзүп, «Кутбилим» гезитине жарыялап, мектептерде ошол программа менен сабак өтүлүүдө.

1997-жылдан бери Нарын мамлекеттик университеттинде иштейт жана филология факультетинде манастаануу предметинен дарс окуп, практикалык сабактарды өткөрүп, жемиштүү эмгектенип келе жатат. Агай өзүнүн өйдөлөп калган жаш курагына карабастан тынымсыз эмгектенип, чыгармачылык менен иштеп, илим изилдөө иштери менен алектенип, өзү дарс окуган манастаануу предметинен жогорку окуу жайлар жана мектептин жогорку класстарынын окуучулары үчүн илимий монографияларын, окуу куралдарын: «Тыныбек манасчы» 2001-ж., «Мектепте Тыныбек манасчы боюнча сабак өтүүнүн айрым жолдору» 2002-ж., «Актан Тыныбек уулунун «Манас»айтуу керемети» 2003-ж., «Теңири Манас» – эпостун кара сөздөгү варианты» 2004-ж., «Тыныбектин Манас ааламы» 2005-ж., «Тыныбек Манасындагы мифтердин маанисси» 2005-ж. жазып, басмадан жарыкка чыгарды. Аларды студенттер окуп «Манастаануу» деген өзү эмнени түшүндүрөөрү, эпосту эл арасынан жыйноо, илимий изилдөө иштери, аны басмадан китеп кылып чыгаруу,башка тилдерге көркөм которуу, дүйнөлүк маданиятта, адабиятта «Манастын» алган орду, дүйнөлүк көркөм дөөлөттөр-эпостор арасында «Манас» эпосунун өзгөчөлүгү, эпостун циклизацияланыш себептери, манасчылар, манасчылар феномени, эпостун эпикалык формулалары, салттык өзөктүк окуялардын манасчылардын муундарында ыйык сакталышы, жомоктун көркөм өзгөчөлүктөрү,чыгарманын поэтикалык өзгөчөлүктөрү өндүү орчундуу проблемаларды окуп илим үйрөнүп, көкүрөгүнө билим жыя баштады.

Улуу эпос «Манасты» айткан, залкар манасчы Актан Тыныбек уулунун Манас айтууда өзгөчөлөнгөн жактары жана калтырып кеткен мурастары боюнча илимий изилдөөлөрүн жыйынтыктап, 2005-жылы 18-февраль айында «Чоң манасчы Тыныбек жана анаын мурастары» деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактап, филология илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражага ээ болду. Ага 2006-жылы доцент илимий наамы ыйгарылган.

Агайдын бул өрнөктүү иши университетте иштеп жаткан

окутуучуларга, жаш окумуштууларга эмгектенүүнүн, кайраттуулуктун эң жакшы үлгүсү болду. А.Заркуновдун талыбаган абыгерчилигин мамлекет өтө жакшы баалады. Ал «Эл агартуу отличниги» 1977-ж., «СССР агартуу отличниги» 1988-ж. төш белгилер менен сыйланган. Кыргызстан мугалимдеринин 5-сьездине (1977-ж.), КР мугалимдеринин 2-сьездине (2007-ж.) делегат болгон. 1999-жылы Кыргыз республикасынын Ардак Грамотасы менен сыйланган.

Кыргыз республикасынын Президентинин жарлыгы менен 1993-жылы 23-сентябрде «Кыргыз республикасынын эмгек сиңирген мугалими», 2004-жылы 30- сентябрде «КР эл мугалими » ардак наамдары берилген.

2000-жылдан бери Кыргыз республикасынын алдында өзгөчө эмгек сиңирген пенсионер. Кыргызстан Улуттук жазуучулар, Кыргызстан журналисттер союздарынын мүчөсү.

Илимий эмгектери

1. А. Заркунов. Сыйкырдуу ариптер. Повесттер жыйнагы. Ф .: «Мектеп» 1977, 5 б.т.
2. А. Заркунов. Тыныбек манасчы (окуу куралы). Б.: «Бийиктик», 2001-жыл. 6,7 б.т.
3. А. Заркунов. Тыныбек манасчы боюнча мектепте сабак өтүүнүн айрым жолдору. (окуу куралы). Б.: «Бийиктик», 2003-жыл. 4,3 б.т.
4. А. Заркунов. «Тенири Манас» - эпостун кара сөз варианты (окуу куралы) Б.: «Бийиктик», 2004-жыл. 11 б.т.
5. А. Заркунов. Чоң манасчы Тыныбек жана анын мурастары. (окуу куралы) Б.: «Бийиктик», 2005-жыл. 12 б.т.

Ибраимов Куттугалы

филология илимдеринин кандидаты, доцент



1948-жылы 15-мартта Ат-Башы районунун Ак-Муз айылында туулган. Орто мектепти аяктагандан кийин мектепте мугалим болуп иштеп, 1967-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетине өткөн. 1972-жылы “Филолог, кыргыз тили жана адабияты мугалими” адистигине ээ болгон. 1989-жылга чейин Кыргыз

мамлекеттик университетинде методист, окутуучу, Кыргыз Совет Энциклопедиясында илимий редактор, Кыргыз ССР илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунда илимий кызматкер болуп иштеп келген. 1989-1998-жылдары азыркы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинде кафедра башчысы, доцент болуп эмгектенген. 1998-1999-окуу жылынан тарта Нарын мамлекеттик университетинде кафедра башчысы, декан болуп иштеп, доцент катары студенттерге сабак берип келе жатат.

Ибраимов Куттугалы – кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы, кыргыз фольклористикасы боюнча белгилүү адис. 1987-жылы Алматы шаарында Аль-Фараби атындагы Казак мамлекеттик университетинде кандидаттык диссертациясын коргоп, филология илимдеринин кандидаты илимий даражасына ээ болгон.

Бир катар илимий, илимий-педагогикалык эмгектердин автору: “Ыбырайым Абдрахманов” (1987) деген монографиясы, “Табышмактар” (1985), “Боогачы” (1991), “Табышмактар” (2002) деген жыйнактары, “Согуш жылдарындагы элдик поэзия”, “Ы. Абдрахманов – манасчы жана кыргыз фольклорун жыйноочу”, “Макал сөздөрдүн жанрдык өзгөчөлүгү”, “Бата, тилек айтымдары”, “Казыбек - казалчы”, “Элдик тамсилдердин жанрдык табияты”, “Кыргыз фольклористикасынын тарыхынан”, “Кыргыз фольклорун жыйноо” сыяктуу алтымышка жакын макалалары жарык көргөн.

Ал кырк жылга жакын илимий-педагогикалык тармакта эмгектенип, кыргыз тили жана адабияты боюнча жогорку билимдүү адистерди даярдоодо олуттуу салым кошту. Ошондой эле кыргыз адабияты менен фольклористикасынын актуалдуу проблемаларын чечүүдө, илимий кадрларды даярдоодо активдүү катышып жүрөт.



Иманалиев Сыдык Садырбаевич

философия илимдеринин кандидаты

Нарын облусуна караштуу Тянь-Шань районунун Жан-Булак айылында 1961-жылы 15-майда туулган. 1989-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетин бүтүргөн. 1994-1995-жылы Кыргыз Билим берүү институтунун алдындагы педагогикалык кадрларды кайра даярдоо факультетинде «Информатика жана экономикалык билимдердин негизи» адистигине ээ болот.

1994-1995-жылдары И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинде окутуучу жана илим изденүүчү болуп иштеп, философия илимдеринин доктору, профессор Ж.Б.Бөкөшовдун жетекчилиги астында «Манас» эпосундагы адам болмушунун проблемасы» аттуу темадагы диссертациялык иштин үстүндө үзүрлүү эмгектенет.

Иманалиев Сыдык Садырбаевич 1996-жылдан бери Нарын мамлекеттик университети уюшулгандан тартып ассистент, ага окутуучу, кафедра башчысы болуп иштеп келет. С.С.Иманалиев университетте эмгек жолун катардагы ассистенттиктен тартып, философия илиминин кандидаттыгын коргогонго чейин өсүп жетилди. Ал НМУга алгачкы илимий саамалык катары 1996-жылы 20-декабрда «Сорос-Кыргызстан» фондусу уюштурган «Гуманизация науки без идеологии» аттуу конференциясына жарыяланган конкурстун сыноосунан өтүп 4,5 миң сом өлчөмүндөгү илимий окуу китептерин жана Россиядан чыгуучу коомдук-гуманитардык газет-журналдарга 2,5 миң сомго бир жылдык акысыз жазылуу грантын утуп алып, НМУнун китепканасынын фондусуна өткөргөн.

2007-жылы 25-майда Кыргыз республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана укук Институтунун алдындагы (тең уюштуруучу - Ж.Баласагын атындагы КУУ) философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоочу Д.09.06.321 диссертациялык кеңештин жыйынында «Манас» эпосундагы адам болмушунун проблемасы» аттуу темада философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын ийгиликтүү жактады.

2007-жылдын сентябрь айынан баштап Нарын мамлекеттик университетинин тарых жана философия кафедрасында кафедра башчысы болуп эмгектенип келүүдө. С.С.Иманалиев кафедраны жетектеген жылдары окутуучулардын илимди коргоо иштеринин алдыга жылышына да жетекчи-уюштуруучу катары зор салымын кошту, кафедрада бир философия илиминин доктору – Ж.Сыдыков (2009-ж.), үч тарых илимдеринин кандидаттары – А.Бектемирова (2008-ж.), Г.Эсеналиева (2009-ж.), Г.Токобаева (2010-ж.) диссертацияларын ийгиликтүү коргошуп, УАКтан окумуштуулук даражаларга ээ болушту. Анын жетекчилиги астында кафедранын окутуучулары тарабынан окуу-методикалык комплекстер жана силлабустар иштелип чыккан.

С.Нааматов атындагы НМУнун алдындагы мугалимдердин билимин өркүндөтүүчү борбордун «Тарых» жана «Коом таануу» предметтеринин мугалимдери үчүн тарых, философия предметинен

лекция окуп, көптөгөн илимий-методикалык жардамдарды көрсөтүп келет. 2007-жылдан 2010-жылга чейинки аралыкта 4 жолу облустук олимпиаданын тарых предмети боюнча комиссиясынын төрагасы болгон.

С.С. Иманалиев республикалык журнал-газеттер менен тыгыз байланышта болуп, аларга жарыяланган конкурстук темаларга (мамлекеттүүлүк жана тил маселеси, кыргыздардын дүйнөтаанымы, инсан проблемасы, улуттук маданият, шайлоо маселелери ж.б. боюнча) активдүү катышып, бир нече жолу конкурстун жеңүүчүсү катары таанылып, акчалай сыйлыктарды жана грамоталарды алган, ошондой эле эл аралык жана республикалык илимий конференцияларга жана ОБСЕ, IFES, «Сорос Кыргызстан» ж.б.у.с. уюмдарынын тренингдерине, атайын уюштурулган илимий семинарларга да активдүү катышып келет.

С.С.Иманалиев 2008-жылдан бери университетте окутуучулар үчүн өткөрүлгөн семинарларда, тренигдерде окутуунун сапаттарын жогорулатуу үчүн өзүнүн тренер катары күчтүү жактарын көрсөтүп, талбастан эмгектенип келет. Иманалиев Сыдык Садырбаевич университеттин окумуштуулар кеңешинин мүчөсү алдыңкы катардагы окумуштуу.

Илимий эмгектеринин тизмеси

1. Эпос «Манас» как соединение исторического («Вызов») и духовного («Ответ») в философии эпохи и как цельное выражение бытия человека. // «Поиск». Серия гуманитарных наук.- Алматы, 2006. №3. - С. 84-88.

2. Манас. Энциклопедия, 1-2 том. (Авторлош) Бишкек, 1995.

3. Нарын облусунун тарыхы. Нарын облусуна 70 жыл. Энциклопедия. (Авторлош) Бишкек, 2009.

4. Мамлекет жана мамлекеттүүлүк: теориясы жана тажрыйбасы. // ЖОЖдор аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. «Диалог народов и культур – гарантия безопасности и стабильности в Центральный Азии». Б., 10-декабрь, 2010ж.

5. Нарын облусунун тарыхы. Илимий-популярдуу басылма. Б., «Бийиктик», 2010.



Кадыров Белек Койчукеевич

медицина илимдеринин кандидаты, доцент

Кадыров Белек Койчукеевич 1960-жылы Нарын районуна караштуу Жерге-Тал айылында туулган. 1976-жылы Жергетал орто мектебин бүтүрүп, ошол эле жылы Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарындагы Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун дарылоо факультетине кирип, 1982-жылы аталган окуу жайды бүтүргөн.

Өзүнүн эмгек жолун 1982-1983-жылдары республикалык клиникалык ооруканада дарыгер-интерна, 1983-1984-жылдары ошол эле ооруканада дарыгер-пульмонолог, 1984-1986-жылдары Кыргыз Кардиология илим-изилдөө институтунда клиникалык ординатурада окуган. Андан кийин Кадыров Белек Койчукеевич Нарын обулусуна иштөө үчүн жиберилген.

1986-1987-жылдары Нарын облустук ооруканасында терапия бөлүмүнүн башчысы, дарыгер-кардиолог, 1987-1991-жылдары Кыргыз ССР Саламаттык сактоо министрлигинин № 4 башкы башкармасынын Нарын шаарындагы ооруканасынын бөлүм башчысы болуп иштеген.

1991-1993-жылдары Нарын облустук Саламаттык сактоо башкармасынын башкы терапевти, 1993-2000-жылдары Нарын облустук согуш ардагерлер ооруканасынын башкы дарыгери, 2000-2002-жылдары ушул эле ооруканада бөлүм башчы.

Кыргыз республикасынын Саламаттык сактоо реформасы боюнча «Манас» программасында эксперт болуп иштеген. Кадыров Белек Койчукеевич 1988-1991-жылдары Нарын облустук согуш ардагерлер ооруканасында терапевт-дарыгер болуп эмгектенип жүрүп, 1993-жылдын апрель айында «Микроциркуляция и проницаемость кровеносных капилляров у больных хроническим бронхитом в условиях высокогорья Тянь-Шаня» деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон.

Кадыров Белек Койчукеевич дарыгерлик жумуштарынан сырткары облустун коомдук-саясий иштерине активдүү катышып жүрөт. Ал Кара-Чий айылдык жана Он-Арча шайлоо округу боюнча Нарын облустук кеңешине депутат болуп шайланган.

Бир нече жолу облустук саламаттык сактоо башкармасынын, Нарын облустук администрациясынын жана облустук кеңешинин грамоталары жана башка баалуу сыйлыктар менен сыйланып келген.

Азыркы учурда дарыгерлик кызмат менен бирдикте педагогикалык иштерди да аткарып келе жатат. Нарын мамлекеттик университетинде 1998-жылдан баштап «Жашоонун сергек мүнөзү», «Алгачкы медициналык жардам», «Медициналык билимдердин негиздери» курстары боюнча лекция, практикалык сабактарды өтүп келе жатат.

Үзүрлүү эмгеги үчүн Нарын облустук саламаттык сактоо башкармалыгынын (1996-ж.) жана Нарын облустук администрациясынын облустук кеңешинин Ардак грамотасына (2000-ж.), Саламаттык сактоо министрлигинин «Ардактуу кызматкер» наамына (1997-ж.) татыктуу болгон.

2008-жылы Түркиянын Стамбул шаарында «Медикал парк» госпиталында кардиология адистиги боюнча илимий практикалык билимин өркүндөткөн. Ошол эле жылы Москва шаарында өткөн Бүткүл Россиялык «Жүрөк кан тамыры» боюнча хирургдардын XIV сьездине катышып, кардиология боюнча илимий доклад жасаган. 25 илимий жана методикалык эмгеги жарык көргөн жана 10 илимий эмгеги Россияда чыккан.

Кадыров Белек Койчукеевич окумуштуу жана жогорку категориядагы терапевт-дарыгер катары облусубузда кадыр-баркка ээ. Анын өз күчү менен түзгөн жана уюштурган «Аянбай» медициналык дарылоо борбору элибиздин ден соолугунун сакчылык кызматын ийгиликтүү аткарып, көптөгөн адамдардын алкышына ээ болууда. 2011-жылы Элдик революциянын 1 жылдыгына карата «7-апрель Элдик революциясынын баатыры» деген атайын төш белги менен сыйланган.

Илимий эмгектери

1. Непосредственные и отдаленные результаты чрескожных коронарных вмешательств на «незащищенном» стволе левой коронарной артерии у больных высокого хирургического риска. // Материалы XIV Всероссийского съезда сердечно-сосудистых хирургов. Москва, 2008, с.192.

2. Влияние ингибитора II6/IIIa гликопротеиновых рецепторов тромбоцитов тирофибана на результаты лечения больных с острым коронарным синдромом с подъемом сегмента ST. // Материалы XIV Всероссийского съезда сердечно-сосудистых хирургов. Москва, 2008, с.196.

3. Оценка эффективности применения стентов, выделяющих лекарства, у больных с рестенозом в различных типах стентов. // Материалы XIV Всероссийского съезда сердечно-сосудистых хирургов. Москва, 2008, с.199.

4. Лечение больных с острым инфарктом миокарда на фоне хронических обструктивных заболеваний легких. // Материалы XIV Всероссийского съезда сердечно-сосудистых хирургов. Москва, 2008, с.202.

5. Инвазивное лечение хронической ИБС при обструктивных заболеваниях легких. // Материалы XIV Всероссийского съезда сердечно-сосудистых хирургов. Москва, 2008, с.286.



Кадыралиев Кайыпбек Кадыралиевич

медицина илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу

Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген дарыгери Кайыпбек Кадыралиев 1948-жылы 1-августта Нарын районун Жылан-Арык айылында төрөлгөн. 1972-жылы Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун (азыркы И.Ахунбаев атындагы медициналык академиянын) дарылоо факультетин бүтүрүп, врач-терапевт адистигине ээ болгон.

Аталган окуу жайынын окумуштуулар кеңешинин чечими боюнча 1972-жылы КММИнин сот-тук медицина кафедрасынын ассистенти болуп шайланып, эмгек жолун баштаган. 1973-жылы Ош облусунун Кызыл-Кыя шаарынын ооруканасында интернатурадан өткөн жана 1974-жылы Кадамжай районун Кан айылында дарыгер-терапевт, ал эми 1975-1978-жылдары Нарын шаарында дарыгер-ординатор, патологанатом, тез жардам кызматынын дарыгер жана МЧ ИКТ медициналык кызматынын башкармасы болуп иштеген.

1978-1980-жылдары Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун №1 Вольской атындагы терапия факультетинде кафедранын клиникалык ординатору болуп, академик М.М.Миррахимовдун жетекчилиги астында илимий изилдөө ишин жүргүзгөн. 1980-жылдан бүгүнкү күнгө чейин Нарын шаарындагы академик М.М.Миррахимов атындагы «Жүрөк кан тамырлар оорусунун» клиникалык медициналык борбордун бөлүм башчысы кызматын ийгиликтүү аткарып, чыгаан адис катары эмгектенип келе жатат.

1989-жылы медицина илимдеринин кандидаты даражасына ээ болуп, 1999-жылы аталган медициналык борбордун Кайыпбек Кадыралиевичтин түздөн-түз жетекчилиги менен жүргүзгөн иштери жогору бааланып, К.Кадыралиевге Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген дарыгери деген ардактуу наам ыйгарылган. Бул борбор облустун 200 миңден ашык жашоочусунун ден соолугун текшерүүдөн өткөрүп, дарылаган.

1981-жылдан баштап К.Кадыралиев жана анын борбору академик М.М.Миррахимовдун жетекчилиги астында Нарын жергесинин бийик тоолуу шартында кардиология, пульмонология, ички медицина жана клиникалык фармокология боюнча илимий изилдөө иштерин жүргүзүп, натыйжада Нарын шаарында академик М.М.Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борборунун илим изилдөө секторунун ачылышына алып келди. Илим изилдөө базасынын иштери Нарын жергесинин жашоочуларынын ден соолугуна камкордук көрүүгө, Нарын шаарында илимий конференцияларды өткөрүүгө, Республикалык жана башка (Москва, Алма-Ата) өлкөлөрдөгү илимий конференцияларга катышууга чоң мүмкүндүк берди.

Кайыпбек Кадыралиевич 1975-жылдан 2012-жылга чейинки мезгилде 18 жолу ар кайсы борбордук шаарларда өткөн кардиология илимине арналган конференция, конгресс, сьезд, симпозиумдарга бийик тоолуу шартта жүргүзгөн илимий изилдөөлөрү менен катышкан. «Будьздоров!» газетасындагы (№5, 2012-ж., 23-бет) «Теңир-Тоонун улукманы» аттуу макалада мындай деп жазылган: «Мына жакында эле президент Р.Отунбаева Нарынга иш сапары менен келгенде, ондогон дарыгерлердин арасынан К.Кадыралиевди жаземдебей таанып учурашып, «Мына, араңыздарда М.Миррахимовдун окуучусу да турган тура, тоо медицинасын гүлдөтүп жетилткендин бирөөсү – бул адам» деп баса белгилешинин өзү эле анын Нарын эмес, бүтүндөй республикалык деңгээлде таанымал, абройлуу, дасыккан дарыгер экендигин айгинелеп койду.»

2011-жылдан баштап С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин табигый илимдик дисциплиналар кафедрасында доценттин милдеттин аткаруучу катары биология адистигинин студенттерине генетика, цитология, гистология, кишинин анатомия морфологиясы дисциплиналарынан лекция окуп, практикалык-лабораториялык сабактардын иштерин өткөрөт.

«Жүрөк оорусуна тийгизген терс факторлор» деген багыттагы темада студенттердин дипломдук изилдөөлөрү жүргүзүлүүдө. Кайыпбек Кадыралиевичтин негизги илимий эмгектери жана изилдөөлөрү бийик тоолуу шартта жашаган адамдардын жүрөк жана кан тамыр оорусун изилдөөгө арналган. Ушул багытта 18 илимий эмгектери жарыкка чыккан.

Ден соолуктун сакчылыгында иштеп сиңирген эмгеги жана илимий ишмердүүлүгү үчүн Кайыпбек Кадыралиевич Нарын облусунун саламаттык сактоо башкармалыгынын, райондук эл депутаттар советинин, облустук профсоюз, Нарын мамлекеттик облустук администрациясынын, Кыргыз Республикасынын ден соолукту сактоо министрлигинин, М.М.Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борборунун Ардак грамоталары менен сыйланган.

Советтер союзунун убагында (1982-ж.) ГАЗ-24 («Волга») автомобили, 1983-1984-жылдары Кыргыз Республикасынын Бүткүл союздук эл чарбасынын жетишкендигинин (ВДНХ) үчүнчү даражадагы диплому жана атайын эс алуу жолдомосу, 1984-жылы Түбөлүк Кызыл Туу жана көрүнүктүү эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку советинин, Кыргыз Республикасынын президентинин (1996-ж.) Ардак грамоталарын алууга татыктуу болгон. СССРдин саламаттыкты сактоонун жана «Кыргыз Республикасына сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн» деген күбөлүктөрдүн ээси. 1999-жылы саламаттыкка кошкон эмгеги жогору бааланып, «Эмгек сиңирген дарыгер» деген ардактуу наам ыйгарылган.

Илимий эмгектери

1. Right and left ventricular responses to hipoxia in chronic obstructive pulmonary disease (CORD), accompanied by pulmonary arterial hypertension. Abs. of the 4th Intern, Congress on Heart Failure - Mechanisms and Management, Jerusalem, ISRAEL, May 26-29. Journal of Heart Failure, 2:1, 1996. P, 1081.

2. Влияние атровента на функцию у больных хроническими обструктивными заболеваниями легких в услоиях высокогорья. Центрально-Азиатский Медицинский журнал. -2000. -№2. - Том 6. - С. 20.

3. Мукоцилиарный клиренс у больных хроническими обструктивными заболеваниями легких в условиях высокогорья. -2000. -№2. - Том 6. - С. 20.

4. Сравнительная эффективность ипатропиума бромида и эуфилина у больных хроническими обструктивными заболеваниями легких в условиях высокогорья. Центрально - Азиатский Медицинский журнал. -2002. -№4. - Том 8. - С. 105

5. Клинико-функциональные особенности течения хронического обструктивного заболевания легких у жителей высокогорья. Центрально - Азиатский Медицинский журнал. -2003. -№2. - Том 9. - С. 27.



Куканов Абдыбек

экономика илимдеринин кандидаты, доцент

Ысык-Көл районунун Бает айылында 1946-жылы туулган. 1964-жылы аталган райондогу Чоң-Сары-Ой орто мектебин бүтүрүп, Кыргыз Мамлекеттик университетине тапшырып, механика-математика факультетинин кечки окуу бөлүмүнүн математика адистигин 1970-жылы аяктаган. 1971-жылы бүткүл союздук сырттан билим берүү айыл-чарба институтунун (Балашиха ш.) экономика факультетин бүтүргөн.

Кесиби математик жана экономист. 1980-жылы «Кыргыз республикасынын табигый жайыттарынын жана чөп чабынды жерлеринин экономикалык баалуулугу» деген темада диссертация жактап, экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы ыйгарылган. 2005-жылы «Экономика» адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамы берилген.

Эмгек жолун 1962-жылы Ысык-Көл районунда К.Маркс атындагы колхоздо колхозчу болуп иштеп баштаган. 1964-1968-жылдары Фрунзе шаарында Кыргыз камволдук-нооту комбинатында жумушчу, мастердин жардамчысы болуп иштеген. 1968-1969-жылдары Кыргыз топурак таануу илим-изилдөө институтунда лаборант, 1970-1972- жылдары кенже илимий кызматкер, 1972-1980-жылдары улуу илимий кызматкер болуп иштеген. 1980-1983-жылдары Кара-Суу районунун Кыргызстан совхозунда, 1983-1989-жылдары Ысык-Көл районундагы Өрүктү совхозунда башкы экономист, 1989-1993-жылдары Кыргыз илимдер академиясынын Ысык-Көл илимий борборунда лаборатория башчысы, 1993-1999-жылдары «Ынтымак» колхозунда башкы экономист болуп иштеген. 1998-жылдан Балыкчы социалдык-экономика институтунда доцент, 2002-2005-жылдары Нарын мамлекеттик университетинде кафедра башчысы, 2005-жылдан баштап профессордун милдетин аткаруучу болуп келе жатат.

Экономика, айыл-чарба адистери, экология, педагогика, инженердик жана башка адистиктерге экономиканын теориясы, айыл чарбасынын экономикасы, ишканалардын экономикасы курстарынан лекция окуйт.

Студенттердин отуздан ашык дипломдук иштерине жетекчилик кылган. Экономика кабинетин талапка ылайыктап жасалгалаган. Көптөгөн жаш окумуштууларга, мугалимдерге насаатчы. Айыл чарба жерлеринин жана курорттук-рекреациялык ресурстардын экономикалык баалуулугу, жердин (топурактын) баасын аныктоо багытында илимий иштерди жүргүзүүдө. Жыйырмага жакын илимий иштердин жана илимий-методикалык эмгектердин автору.

Илимий эмгектери

1. Тоолуу шартта жерди баалоонун илимий негиздери. // В кн. Актуальные проблемы почвенной науки в Киргизии. «Илим» Ф. 1981. 35-47.

2. Экономикалык терминдерге илимий баяндамалар. Айыл чарба энциклопедиясы. Т. I, II КСЭ. Ф. 1990.

3. Нарын областынын табигый тоют жерлери жана аларды пайдалануу. // Экономика в процессе перехода к рынку. Первая международная научно-практ. конф. Изд. Кыргызско-Турецкого университета «Манас», №50. Бишкек, 2003. 300-304.

4. Табият менен коомчулуктуи өз ара байланышуусунун экономикалык негиздери. // Материалы 3-й научно-практ. конф. «Проблемы образования и науки», посвященной 2200 летию Кыргызской государственности. Бишкек, 2004. 73-81.

5. Нарын областынын айдоо жерлерин экономикалык баалоо негиздери. // Материалы 3-й научно-практ. конф. «Проблемы образования и науки», посвященной 2200 летию Кыргызской государственности. Бишкек, 2004. 90-91.



Көлбаева Мээрим Курманбековна

филология илимдердин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу

Көлбаева Мээрим Курманбековна 1981-жылы 12-февралда Нарын районундагы Таш-Башат айылында токойчунун үйбүлөсүндө төрөлгөн. 1988-жылы өз айылындагы Дүрбөлөң Мамбетов орто мектебине окууга кирип, аны 1998-жылы аяктаган. 1998-жылы Нарын мамлекеттик университетинин филология факультетинин «Кыргыз тили жана адабияты» адистигине кабыл алынган. 2003-жылы НМУнун филология факультетинин күндүзгү окуу бөлүмүнүн толук курсун аяктап, «Кыргыз тили жана адабияты мугалими» квалификациясына ээ болгон. Окууну артыкчылык диплому менен бүтүп, ошол эле жылы Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты жана аны окутуунун методикасы кафедрасына окутуучулук кызматка кабыл алынган.

2003-жылы аталган университетте иштеп жатып, университеттин аспирантурасына кабыл алынып, “Казыбек акындын адабий мурастарынын идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөрү” аттуу темадагы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү иштеген. Анда Казыбек акындын инсандык тагдыры, өмүр баянындагы айрым так эместиктер иликтенип, адабий мурастарынын идеялык багыты, тематикалык курамы белгиленип, акындын чыгармаларынын кыргыз адабият тарыхында алган орду, ырларынын көркөмдүк табияты иликтенген. Аталган диссертацияны 2006-жылы 14-январда ийгиликтүү коргоп, филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болгон. Бул диссертация университет ачылгандан бери аны бүтүргөн бүтүрүчүлөрүнүн ичинен илим тармагында жасалган алгылыктуу аракеттердин биринчиси болуп калды.

Университетте иштеп жаткан мезгилинде 11 илимий макаласы жарык көрдү. Республикалык масштабдагы 5 (беш) илимий-практикалык конференцияларга катышып, баяндама жасап, университетте илимий иштер жакшы жолго коюлганын далилдеди. Булардын баары жаш окумуштуунун университеттин илим изилдөө тармагындагы жеке ишмердүүлүгү болуп калды.

Көлбаева Мээрим Курманбековна 2007-жылдын ноябрь айынан 2010-жылга чейин тил илими факультетинин деканынын окуу иштер боюнча орун басары болуп иштеп келди.

Бүгүнкү күндө Бишкек гуманитардык университетинде иштеп жатат.

Илимий эмгектери

1. Табият көрүнүштөрү Казыбектин чыгармаларында // Социальные и гуманитарные науки. 2005, №2
2. Орто мектепте Казыбектин чыгармачылыгын үйрөнүү маселеси // “Ажыбек баатыр жана анын доору, Казыбек казалчы жана анын адабий мурастары”аттуу республикалык илимий-практикалык конференциянын материалдары. Б.-2003.
3. Тяншань кыргыздарынын адабий мурастарын изилдөө маселесине карата // Теңиртоо -2005-жыл, №23-24.
4. Казыбек менен Барпынын чыгармаларындагы жалпылыктар // В.Чкалов атындагы №2 орто мектептин 75 жылдыгына арналган “Образование в XXI веке. Традиции, проблемы и перспективы” аттуу республикалык илимий-практикалык конференциянын материалдары, Нарын шаары, 2007-жылдын 12-октябры.
5. Казыбек тууралуу жарык көргөн адабияттарга адабий-теориялык обзор // Известия ВУЗов. 2006, №4



Молдалиев Эгенберди Дүйшекеевич

техника илимдеринин кандидаты, доцент

Молдалиев Эгенберди Дүйшекеевич 1966-жылы 9-апрелде Ак-Талаа районуна караштуу Ак-Тал айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1974-жылы өз айылындагы Ак-Тал орто мектебине окууга кирип, аны 1983-жылы аяктаган. Ушул эле жылы Нарын шаарындагы Нарын айыл-чарба техникумунун “Агрономия” адистигине кабыл алынган. 1984-жылдан 1986-жылга чейин Украина ССРинин Запорожье шаарында аскердик кызматын өтөгөн. Аскерден келгенден кийин өз айылында бир жыл жумушчу катары иштеп, андан соң Нарын айыл-чарба техникумунда окуусун уланткан. 1989-жылы аталган техникумду ийгиликтүү аяктап, «Агроном» адистигине ээ болгон.

1989-жылдан 1991-жылга чейин Ак-Талаа районуна караштуу Коммунистчил совхозунда агроном-учетчик болуп эмгектенет. Өзүнүн окуу жолун улантууну көздөгөн жаш адис 1991-жылы

Россия Федерациясына караштуу Красноярск шаарындагы Красноярск политехникалык институтуна «Автоунаадагы ташууну уюштуруу жана башкаруу» адистигине тапшырган. 1993-жылы Бишкек шаарындагы Фрунзе политехникалык институтуна ошол эле адистикке которулат. Аны 1996-жылы ийгиликтүү аяктап, өзү бүткөн Бишкек шаарындагы Кыргыз техникалык университетиндеги (мурунку Фрунзе политехникалык институту) «Автоунаа» кафедрасына окуу мастерлигине чакырылат. Окутуучулук эмгек жолун ушул эле кафедрага караштуу айдоочуларды даярдоо автомектебинде жана Бишкек автожол техникумунда кошумча сабак берүү менен баштаган.

Молдалиев Эгенберди Дүйшекеевич 1998-жылдын декабрь айынан тартып Нарын мамлекеттик университетинин жетекчилигинин чакыруусу менен Кыргыз техникалык университетинен Нарын мамлекеттик университетине которулуп, «Жол кыймылын уюштуруу» кафедрасында окутуучу, ага окутуучу болуп эмгектенет. 1999-жылдын 1-январында ушул эле университеттин алдындагы автомектепке директор болуп дайындалган. Ушул жылы «Тоолуу жолдордогу жол кырсыктарды азайтууну изилдөө жана уюштуруу-техникалык иш чараларды иштеп чыгуу» деген темадагы кандидаттык диссертациясынын темасын бекитип, Кыргыз техникалык университетине аспирантурага кабыл алынган.

Анын активдүү иш жөндөмдүүлүгүнүн негизинде Нарын мамлекеттик университетинин алдында автомектеп ачылган жана жол кыймылын уюштуруу кафедрасында “Автомобилдердин түзүлүштөрү”, “Жолдо жүрүүнүн эрежелери”, “Жол кыймылын уюштуруу жана анын коопсуздугу” сабактары боюнча бир катар лабораториялык, практикалык иштер жасалып коюлган.

Университетке кылган эмгектеринин үзүрүнүн негизинде бир катар акчалай сыйлыктарга, Нарын мамлекеттик университетинин Ардак грамоталарына, Нарын облустук администрациясынын, депутаттар кеңешинин, Билим жана илим министрлигинин Ардак грамоталарына татыктуу болгон.

Илимий иштерине байланыштуу 2004-жылдын октябрь айынан тартып Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинде автоунааларды пайдалануу кафедрасында ага окутуучу болуп иштейт. Ал эми 2005-жылдын 9-ноябрында жогоруда аталган диссертациясын ийгиликтүү коргоп, техникалык илимдин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болгон.

2006-жылы кайрадан Нарын мамлекеттик университетинин жетекчилиги тарабынан «Жол кыймылын уюштуруу» кафедрасына

чакырылып, кафедра башчысы болуп дайындалат. Акыркы жылдарда анын жетекчилиги менен кафедранын окуу-лабораториялык жана Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы автомектептин окутуу базалары чыңдалууда.

Илимий жана окуу-методикалык эмгектеринин негизинде 2008-жылы Кыргыз республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы тарабынан Транспорт адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамы ыйгарылган.

Молдалиев Эгенберди Дүйшекеевич 2009-жылдын апрель айында агрардык-техникалык факультеттин деканы болуп дайындалып, бүгүнкү күнү дагы декандык милдетин татыктуу аркалап келет.

Кафедрада доцент катары жол кыймылын уюштуруу, жол кыймылынын коопсуздугу, автомобилдердин түзүлүшү, унаа каражаттарынын коопсуздугу, автомобилдерде ташууну уюштуруу, транспорт мыйзамдары предметтеринен лекция окуйт жана практикалык иштерди алып барат.

Бүтүрүүчү адистердин тоолуу жолдордун өзгөчө татаал жерлериндеги жана шаар ичиндеги жол-транспорт кырсыктарын азайтуу багытындагы дипломдук долбоорлоруна жетекчилик кылат. Аны менен бирге университеттин автомектебин жетектеп, жалпы Нарын облусунун элине кызматын көрсөтүп келет.

Кафедрадагы жаш аспиранттардын илимий иштерине көмөк көрсөтүп, пайдалуу иш-тажрыйбалары менен бөлүшөт.

Молдалиев Эгенберди Дүйшекеевич Нарын облустук мамлекеттик автоинспекциясы жана жол башкаруу өндүрүштүк тармактары менен бирдикте иштеп, Нарын-Тогузторо, Бишкек-Торугарт жолдорундагы болуп жаткан жол кыймылынын көйгөйлүү маселелерин ачуу менен бирге, жол коопсуздугун жогорулатуу боюнча өзүнүн салымын кошуп келе жатат. Мунун бардыгы өзүнүн жарык көргөн илимий эмгектеринде чагылдырылган.

Азыркы мезгилде автоунаалардын тоолуу жолдордогу кыймылынын өзгөчөлүктөрүн изилдөө жана жол коопсуздугун жогорулатуу багытында илимий ишин улантып келет. Өзүнүн окутуучулук эмгек жолунда 10 окуу-методикалык көрсөтмөсүн иштеп чыккан жана республикалык, эл аралык масштабдагы конференцияларга катышып, 24 илимий эмгеги жарык көргөн.

Илимий эмгектери

1. Некоторые аспекты психофизиологии в надежности водителя АТС. // Материалы международной научно-практической

конференции посвященной 100 летию заслуженного деятеля науки и техники, д.т.н. академика М.Т. Уразбаева. Ташкент: ТАДИ, 2006. с. 502-505 .

2. Сравнительный анализ дорожно-транспортных происшествий по автомобильной дороге Бишкек-Нарын-Торугарт. // Вестник КГУСТА им. И. Исанова, Бишкек, 2010, с. 101-104.

3. Некоторые вопросы повышения безопасности дорожного движения на горных дорогах. // Вестник КГУСТА им. Н. Исанова, Бишкек, 2010, с. 101-104.

4. Электронный учебно-методический комплекс по курсу «Организация и безопасность движения» для студентов специальности 55210202 «Организация и безопасность движения». Нарынский государственный университет. Нарын, 2008. CD диск.

5. Электронный учебно-методический комплекс по курсу «Конструкция автомобилей» для студентов специальности 55210202 «Организация и безопасность движения». Нарынский государственный университет. Нарын 2009. CD диск.



Муңайтпасова Гүлдайра Жумакадыровна

педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу

1970-жылы Нарын областынын Ат-Башы районунун Ат-Башы айылында туулган. 1987-жылы Тянь-Шань районунун Калинин айылындагы орто мектепти аяктагандан кийин, ошол эле жылы Пржевальск шаарындагы педагогикалык институтунун математика факультетине тапшырган. 1992-жылы аталган факультетти ийгиликтүү аяктап, математик, информатик-окутуучу адистигине ээ болгон. Студенттик жылдарында факультеттин алдыңкы студенттеринин катарында болгондугу үчүн комсомол комитетинин сунушу менен 1988-1992-жылдары Пржевальск шаардык кеңешине депутат болгон. Г.Ж.Муңайтпасова эмгек жолун Ысык-Көл мамлекеттик университетинде адегенде инженер-программист болуп, андан кийин «Алгебра жана геометрия» кафедрасында окутуучу болуп эмгек жолун баштаган.

1995-жылы Нарын шаарындагы педагогикалык окуу жайында математика мугалими болуп иштеген. 1996-жылдан бүгүнкү күнгө чейин Нарын мамлекеттик университетинде үзүрлүү эмгектенип

келет. Бул жылдары Г.Ж.Муңайтпасова окуу бөлүмүндө практика боюнча бөлүм башчысы, университеттин алдындагы мектеп-лицейде окуу бөлүмүнүн башчысы, «Математика жана информатика» кафедрасынын окутуучусу, 2003-жылдан тартып кафедранын ага окутуучусу болуп иштеп, 2005-жылдан аталган кафедраны жетектеген. Бүгүнкү күндө педагогика факультетинин деканы болуп эмгектенет.

Окутуучулук кесип менен катар, 1997-жылдан тартып, педагогика жана окутуунун методикасы боюнча илимий изилдөөлөргө катышып, илимий конференцияларда бир катар докладдарды жасаган. 2007-жылы Кыргыз билим берүү академиясында «Орто билим берүү системасында модулдук технологияны колдонуунун дидактикалык негиздери (10-11-класстардын математика предметинин үлгүсүндө)» аттуу диссертациясын 13.00.01 – жалпы педагогика жана 13.00.02 – математиканы окутуунун теориясы жана методикасы адистиктери боюнча ийгиликтүү жактап, педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болгон.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик агенствосунун Ардак грамотасы менен (2006-жылы), андан тышкары Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын, Нарын райондук администрациясынын Кыргыз билим берүү академиясынын жана Нарын мамлекеттик университетинин Ардак громаталары менен сыйланган.

Г.Ж.Муңайтпасованын эмгектери Кыргызстандын, Россия Федерациясынын жана Казакстан республикасынын илимий журналдарында басылып чыккан.

Илимий эмгектери

1. Проблема внедрения многовариантной системы обучения в средних школах. // Наука и новые технологии. Бишкек, 1997.

2. Состояние и проблемы преподавания математики и естественных дисциплин. // Сборник научных докладов юбилейной международной научной конференции «Современные технологии образования в высшей школе». Бишкек, 2002.

3. Алгебра жана анализдин башталышы курсун модулдук технологиянын негизинде окутуунун өзгөчөлүктөрү. // Материалы международной научно-практической конференции, посвященной 75-летному юбилею чл.-кор. НАН КР., доктора педагогический наук И.Б.Бекбоева. Бишкек, 2005.

4. Результаты разработки и внедрения модульной технологии в практику средней школы Кыргызской республики. // Труды

1-го Международного форума 6-й Международной конференции «Актуальные проблемы современной науки», часть 46. Самара, 2005.

5. Дидактические аспекты внедрения модульной технологии в общеобразовательную школу. // Вестник Казахского национального университета им. Аль-Фараби, №3 (16). Алматы, 2006.



Нуралиева Назгүл Молдалиевна

Экономика илимдеринин кандидаты

Нуралиева Назгүл Молдалиевна Нарын облусунун Ат-Башы районуна караштуу Баш-Кайыңды айылында 1969-жылы 12-апрелде туулган. Нарын шаарындагы К.Жакыпов атындагы орто мектепти 1987-жылы аяктагандан кийин, Россиянын Мичуринск шаарында Мичурин атындагы технологиялык техникумун бүтүп, кондитердик азыктар боюнча «Техник-технолог» адистигине ээ болгон жана Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин экономика факультетине тапшырып, аталган факультетти ийгиликтүү аяктап, 1995-жылы «Бухгалтердик эсеп жана аудит» квалификациясына ээ болгон.

Эмгек жолун 1990-1992-жылдары Нарын шаарынын «Сейил-Булак» комплексиндеги кондитердик цехтин башчысы, 1992-1994-жылдары Нарын облусуна караштуу Ат-Башы ГЭС аймагынын №30 профессионалдык орто окуу жайында «Экономика» сабагынан мугалим болуп иштеген. Андан кийин 1994-жылы Нарын шаарынын №87 профессионалдык лицейинде «Бухгалтердик эсеп» адистиги боюнча мастер жана окутуучулук кызматта иштеген. 1996-1998 жылдары №87 профессионалдык лицейдин эсеп-кысап бөлүмүнө которулуп, кассир, бухгалтер, ага бухгалтер кызматын аткарган.

1999-жылы Нарын мамлекеттик университетине кызматка кабыл алынган. 1999-2002-жылдары Экономика-юридикалык факультетинин окутуучусу жана методисти, 2002-2005 жылдары ЭЮФтин деканынын тарбиялык иштер боюнча орун басары, 2005-2007-жылдары Экономика факультетинин деканынын сырттан окуу бөлүмү боюнча орун басары, экономика жана салык салуу кафедрасынын ага окутуучусу. 2007-жылы НМУнун үзгүлтүксүз билим берүү факультетинин деканынын окуу иштери боюнча орун басары.

Нуралиева Назгүл Молдалиевна 2010-жылдан бери Экономика, бизнес жана башкаруу факультетинин деканы болуп дайындалып эмгектенүүдө. Экономика, бухгалтердик эсеп жана менеджмент кафедрасында «Экономикалык анализдин теориясы», «Экономикалык анализ», «Финансылык-чарбачылык ишмердүүлүктөгү анализ жана диагностика», «Өндүрүштүн экономикасы», «Бухгалтердик эсеп» курстарынан лекцияларды окуп, семинардык сабактарды алып барат. Аталган курстар боюнча Нуралиева Н.М. тарабынан окуу-методикалык колдонмолор иштелип чыккан, аталган предметтер боюнча тесттер түзүлүп, жарык көргөн.

2012-жылдан баштап университеттин окумуштуулар кеңешинин мүчөсү. 2011-жылы Н.М. Нуралиеванын жетишкендигинин бири болуп Орусия Федерациясынын Наянов атындагы Самара мамлекеттик академиясынын профессордук-окуутучулук форумунда эң активдүү катышкандыгы жана Нарын мамлекеттик университети менен тыгыз байланышты камсыз кылганы үчүн «Азыркы илимдин актуалдуу проблемалары» деген жаштар илимий академиясы тарабынан уюшулган форумуна Нуралиева Н.М. кеңешчи жана насаатчы болуп дайындалды.

Факультетке жетекчилик кылуу менен бирге Нуралиева Н.М. тарабынан көп иштер жасалып, бүгүнкү күнгө «Бухгалтердик эсеп», «Тарых», «Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу», «Маркетинг», «Кыргызстандын экономикасы» сыяктуу адистештирилген аудиториялар түзүлгөн.

Студенттердин Нарын регионундагы көмөкчү чарбаны эффективдүү жүргүзүү багытындагы дипломдук, курстук жана илимий изилдөө иштерине жетекчилик кылат. Келечектеги жогорку билим берүүдө адистерди даярдоого, улуттук кадрлардын илимий-интеллектуалдык деңгээлин жогорулатууга жана Кыргыз мамлекетиндеги социалдык-экономикалык маселелерди чечүүгө жөндөмдүү инсандарды калыптандырууга салымын кошууда.

Ар кандай эл аралык программалар менен бирдикте иш алып барууда (проект ЮСАИД, «Сорос-Кыргызстан» ж.б.), жана көптөгөн сертификаттарга ээ. Нарын облусунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө арналган эки жолку стратегиялык пландарды иштеп чыгууга катышкан.

Университеттин изденүүчүсү болуп «Рыноктук шартта калктын өздүк көмөкчү чарбасынын өнүгүшү» деген темадагы кандидаттык диссертациясын 2011-жылы ийгиликтүү жактаган.

Бул диссертациялык иште азыркы рыноктук учур талабына ылайык айыл-чарба тармагынын өнүгүшү чагылдырылып, эң негизги

максаты болуп көмөкчү чарбалардын өлкөгө кошкон экономикалык салымы боюнча маселелерди чечүү жолдору каралып, айыл-чарбасына эсеп-кысабын уюштыруунун экономикалык ыкмалары сунушталып, Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын эсеп-кысабына колдонуучу формалар киргизилген.

2006-жылы Назгүл Молдалиевна Москва шаарында өткөн «Экономикалык изилдөөлөр жана билим берүү консорциуму - Россия жана КМШ» уюмунан «Нарын облусунун айыл чарбасында ишкердикти өнүктүрүүнүн маселелери жана регионалдык экономикалык саясат» темасындагы изилдөөчүлүк грантка катышып, сертификатка ээ болгон.

Нарын облусунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн комплекстүү программасын жана Нарын областынын агрардык өнүгүүсүнүн концепциясын, «Райэл» жаштар кооперативинин мал өстүрүү жана айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана кайра иштетүү бизнес-планынын проектисин иштеп чыгууда катышып, ал эмгеги иш жүзүнө ашкан.

Республикалык деңгээлде жана Россия, Казакстан мамлекеттеринин эл аралык илимий-практикалык конференцияларына илимий баяндамалары менен катышып, 25тен ашык илимий эмгектерин жарыяланган.

Билим берүү системасындагы үзүрлүү эмгеги, коомдук турмушка активдүү катышкандыгы жана жаш муундарга тарбия жана билим берүүдөгү эмгеги бааланып, Нарын облустук, шаардык администрациясынын жана НМУнун ардак грамоталарына татыктуу болгон, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн отличниги» төш белгиси жана Кыргыз Республикасынын каржы министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Илимий эмгектери

1. Актуальные вопросы и перспективы развития сельского хозяйства в Нарынской области. //Актуальные проблемы современной науки: труды 1-го межд. форума (6-й межд. конф.). – Самара, 2005. –Ч.46 С. 27-29.

2. Роль кредитных кооперативов в сельской местности. // Поиск. Алматы, 2006. – №1.- С. 55-59.

3. Развитие сельского хозяйства Нарынской области. // Актуальные проблемы современной науки: труды (10-й межд. конф.). – Самара, 2009. –Ч.15 С. 217-219.

4. Состояние и динамика развития личных подсобных хозяйств в условиях рыночной экономики. // Актуальные проблемы развития современного общества: матер. межд. научно-практ. конф.- Саратов, 2010. - С.85-88.

5. Экономические и социальные аспекты функционирования сельского хозяйства. // Проблемы и перспективы технологического образования в школе и в вузе: матер. межд. научно-практ конф. - Стерлитамак республика Башкортостан, 2010. - С.218-222.



Орозов Токтосун Султанович

ветеринария илимдеринин кандидаты,
доценттин милдетин аткаруучу

Орозов Токтосун Султанович 1950-жылы 21-августта Нарын облусунун Нарын шаарында туулган. 1967-жылы, Нарын шаарындагы С.М.Киров атындагы орто мектепти бүткөндөн кийин, Ысык-Көл айыл-чарба техникумунун ветеринария бөлүмүнө кирип, 1970-жылы окуп бүтөт. 1970-1972-жылдары Советтик Армияда катардагы жоокердик кызматын өтөгөн. 1972-жылы Москва шаарындагы К.И.Скрябин атындагы ветеринардык академияга өтүп, 1978-жылы артыкчылык диплому менен ийгиликтүү окуп бүткөн.

Эмгек жолу Нарын облусунун Тянь-Шань районундагы «Эмгекчил» колхозунда ветеринардык участоктун башчысы, башкы ветеринардык дарыгер болуп иштөөдөн башталган. Андан кийин шаардык, райондук, облустук мамлекеттик ветеринардык башкармалыктардын жетекчиси болуп иштеген. Нарын облусунун жогорку жетектөөчү органдардын көрсөтмөсү боюнча Нарын айыл-чарба техникумунун зооветеринардык бөлүмүнүн башчысы, кийин аталган техникумдун директору болуп дайындалган. Бул кызматтан 1997-жылы Айыл чарба министрлигинин республикалык мамлекеттик ветеринария департаментине бөлүм башчы болуп которулган. Ошол жылдан 2005-жылдын сентябрь айына чейин, «Малдардын жугуштуу ооруларына каршы күрөшүү» боюнча бөлүмдүн жетекчиси болуп иштеп келген. Үзүрлүү ак эмгеги, үлгүлүү жүрүш-турушу менен айырмаланып, иштеп жүргөн коллективдеринде кадыр-баркка ээ болуп, мактоо баракчасы, диплом жана ар деңгээлдеги грамоталар менен сыйланган.

2005-жылы козулардын кызыл өңгөчүнүн оорусу боюнча кандидаттык диссертациясын жактап, ветеринария илимдеринин

кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болгон. Ушул багытта жүргүзүлгөн жана аткарылган илимий иш республикабыздын мал чарбасынын өнүгүшүнө чоң өбөлгө түзүү менен, алынган төлдү аман сактап, азык-түлүккө болгон муктаждыгын чечүүгө багытталган.

2005-жылдын сентябрь айынан баштап Нарын мамлекеттик университетинде 2006-жылдын февраль айына чейин экология жана агрардык технологиялар кафедрасында доценттин милдетин аткаруучу, ал эми 2007-жылдын февраль айынан баштап кафедра башчысы, 2008-жылдан ошол эле кафедрада доценттин милдетин аткаруучу болуп иштеген.

Анын катышуусу менен университеттин алдында, «Билим» микро коругу ачылып, студенттердин экологиялык түшүнүктөрүн, ой жүгүртүүсүн, чөйрөгө болгон көз-карашын, мамилесин, билгичтигин арттыруу жана билим алуусуна шарт түзүлгөн.

Лабораториялык-практикалык сабактарды жогорку деңгээлде өткөрүү боюнча, аларды материалдык-техникалык жабдуулар жана көрсөтмө куралдар менен камсыз кылуу багытында көп эмгектенет. Университетте иштеп жаткан убактан бери айыл-чарба продуктуларын өндүрүү, кайра иштетүү, сактоо, сатуу жана ветеринардык-санитардык текшерүүлөрдү, экспертизаны, анализдерди жүргүзүү боюнча студенттердин дипломдук иштерине жетекчилик кылат. Ошону менен катар окуу процессинин үзгүлтүккө учурабай, мугалимдердин сабактарды жакшы өтүшүнө, студенттердин жетишүү-катышуусуна, тартибине жана жоопкерчиликтүү мамиле жасай тургандарына чоң көңүл бурат, талапты кое билет жана анын аткарылышына көзөмөлдүктү жүргүзөт.

Университетте уюштурулуп жана өткөрүлүп жаткан илимий конференцияларга катышып, экология жана айыл-чарба продуктуларын өндүрүү, кайра иштетүү маселелери боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Студенттерди илимий изилдөөлөргө тартуу боюнча жоопкерчилик менен такай иш алып барат.

Илимий эмгектери

1. Распространение и факторы риска при синдроме сужения (стеноз) пищевода ягнят (ССП). // Сб.науч.тр. Жайылской зональной гос.вет. лаборатории. Кара-Балта, 2001.

2. Сводные материалы изучения синдрома сужения (стеноз) пищевода ягнят (ССП) Там же.- С. 60-66.

3. Эпизоотология, диагностика и лечение синдрома сужения (стеноз) пищевода ягнят (ССП). Методические рекомендации. – Бишкек, 2001.

4. Информационный листок «Синдром сужения (стеноз) пищевода ягнят (ССП) – новое заболевание».- Бишкек, 1991.

5. С.Шерматов, Т.Орозов. Из иллюзии в движущую силу. // Вестник БГУ. К.Р. Бишкек, 2007. – Вып. 2/8. Секц. Экономика и управление С. 170 – 172.



Өмүралиева Дамира Кемеловна

экономика илимдеринин доктору, профессордун милдетин аткаруучу

1966-жылы 10-мартта Ак-Талаа районунун Коңорчок айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. 1983-жылы Учкун орто мектебин бүтүрүп, К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтунун экономика факультетине кабыл алынган. 1987-жылы аталган институтту артыкчылык диплому менен аяктап, институттун окумуштуулар кеңешинин жолдомосу менен Кыргыз Улуттук илимдер Академиясынын экономика институтуна аспирантурага өткөн.

Өмүралиева Д. К. өзүнүн эмгек жолун 1991-жылы ушул институтта кенже илимий кызматкер катары баштаган. Ошол эле жылдын күзүндө «Чүй өрөөнүнүн колхоздорунун мал чарбасында эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун жолдору» деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактап, 25 жашында экономика илимдеринин кандидаты деген илимий даражага жетише алган.

1992-жылдан тартып Нарын жергесинде эмгектене баштаган. Алгач ал Нарын облустук финансы инспекциясында башкы адис катары кызмат өтөгөн. 1995-жылы педагогикалык кесипке өтүп, Нарын айыл-чарба техникумунда окутуучу болуп иштеген.

1996-жылы Нарын мамлекеттик университети ачылганда Өмүралиева Д.К. биринчилерден болуп окутуучулук кызматка кабыл алынып, гуманитардык илимдер кафедрасынын башчысына дайындалган. 1996-жылдын ноябрь айынан 1997-жылдын июль айына чейин университеттин алдындагы Нарын айыл-чарба техникумунун директору болуп иштеген. 1997-жылдын сентябрынан 2001-жылга чейин экономика жана укук, ал эми 2001-2007-жылдары экономика жана башкаруу факультеттеринин деканы жана кафедра башчысы кызматтарында үзүрлүү эмгектенип келди.

Өмуралиева Д.К. кайсы кызматты кайсы жерде аркалабасын, дайым өзүн жоопкерчиликтүү, билгич, кесипкөй адам жана адилет, эл менен иштей билген жетекчи катары көрсөтө алды.

Өзүнүн үзүрлүү эмгеги үчүн көптөгөн сыйлыктарга татыктуу болгон. Өмуралиева Дамира Нарын облустук, Нарын райондук мамлекеттик администрацияларынын, университеттин, КР Билим берүү министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган. 2004-жылы «КР Билим берүүсүнүн отличниги» төш белгисине ээ болгон.

Окутуучулук кызматтан сырткары Өмуралиева Д.К. жергебиздин социалдык-экономикалык өнүгүшүнө өзүнүн жеке салымын кошуп келүүдө. Бүгүнкү күндө төмөнкү республикалык жана аймактык экономикалык программаларды иштеп чыгууда түздөн-түз катышкан:

- Нарын облусунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн Комплекстүү программасы (учурда КР Өкмөтүндө каралууда);
- Нарын облусунун 2012-жылга чейинки агрардык өнүгүүсүнүн Концепциясы 2006-жылы Бишкекте басылып чыгып, Нарын облустук мамлекеттик администрациясы жана тиешелүү мекемелер тарабынан иш жүзүндө колдонулуп жатат. – Бишкек, 2006;
- Нарын районунун 2010-жылга чейинки социалдык-эконо микалык өнүгүүсүнүн Комплекстүү программасы;
- Нарын облусунда «Жаңы багыт» жаштар кооперативдеринин өнүктүрүү Программасы. – Нарын, 2006;
- 2010-жылга чейинки Өлкөнүн Өнүгүү Стратегиясынын алкагында Нарын регионунун 2011-жылга чейинки Стратегиясы (Нарын облустук администрациясынын коллегиясынын (2008-жыл, июнь) чечими менен бекитилип, практикада колдонулууда);
- Кыргызстанда айылдык кеңеш берүү кызматтарынын өнүгүшүнүн Концепциясы (учурда КР Өкмөтүндө каралууда) ж.б.

Университеттин илимий изилдөө иштеринин алкагында «2010-жылга чейинки Нарын районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн комплекстүү программасы» темасында Кыргызпатент тарабынан каржыланууучу бюджеттик изилдөөнү жетектеп келүүдө.

Дамира Өмуралиева илимий жетишкендиктери менен бирге ар түрлүү эл аралык долбоорлор менен да иштеп келүүдө. Облусубуздагы кесиптик-техникалык лицейлер үчүн Хельветас уюмунун «Фермер» жана «Фермер-айым» билим берүү проектисинин алкагында «Фермердик чарбадагы бухгалтердик эсеп», «Фермердик чарбадагы маркетинг» жана «Фермердик чарбанын инфраструктурасы жана табигый ресурстар» окуу китептеринин автору.

Мындан сырткары башка дагы көптөгөн эл аралык уюмдар менен тыгыз иш алып келүүдө. 2002-жылы ал «Эл аралык билим берүү тармагы» (EdNet) уюмунун бизнес жана экономика тармагында илимий изилдөө үчүн стипендиясын жеңип алган.

2004-жылы НМУнун ага окутуучусу Асан уулу Кубатбек менен бирге HESP Mobility Program – Faculty Mobility программасынын жаңы окуу курсун иштеп чыгуу үчүн грантка жетишип, Москва шаарында эл аралык социалдык жана экономикалык илимдердин жогорку окуу жайында бир айлык стажировкада болуп кайтышкан. Бул стажировканын жыйынтыгында экономика багытында окуган НМУнун жана Нарын айыл чарба техникумунун студенттери үчүн «Крестьяноведение» курсу иштелип чыгып, учурда ийгиликтүү окутулууда.

2006-жылы Өмуралиева Д.К. «Экономикалык изилдөөлөр жана билим берүү консорциуму - Россия жана КМШ» уюмунан «Нарын облусунун айыл чарбасында ишкердикти өнүктүрүүнүн маселелери жана регионалдык экономикалык саясат» темасындагы изилдөөчүлүк грантын жеңип алган.

2006-2008-жылдары «Сорос-Кыргызстан» Фондусунун «Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын кафедраларында академиялык гендерди өнүктүрүү» гранты үчүн өткөрүлгөн ачык конкурста Өмуралиева Д.К. баш болуп НМУнун Экономика жана салык салуу кафедрасынын жамааты жеңишке жетишип, НМУда гендер боюнча маалымат-методикалык борбор ачып, гендердик курстарды окуу программаларына киргизишкен.

Бүгүн күндө Дамира Кемеловна НМУнун илим жана инновация боюнча проректору, профессордун милдетин аткаруучу, ошондой эле Азия өнүктүрүү банкынын Өлкөнүн Өнүгүү Стратегиясына мониторинг жасоо жана баалоо долбоорунда Нарын облусу боюнча консультант болуп иштеп келүүдө.

Республиканын жогорку окуу жайларында кредиттик технологияларды өнүктүрүү боюнча Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен эксперттик топко мүчө болуп кирип, университетте аталган системаны өнүктүрүүгө зор салым кошкон. Кыргызстандын ЖОЖдорунда кредиттик системаны өнүктүрүүгө багытталган бир нече методикалык көрсөтмөлөрдү түзүүгө катышкан. 2007-2008-окуу жылында Д.К. Өмуралиеванын жетекчилиги алдында университетте алгачкы ирээт кредиттик система боюнча даярдалган «Экономика» багыты боюнча адистер бакалавр даражасын алышып, базалык жогорку билимге ээ болушту.

Өмуралиева Д.К. илимий жаатында дагы жаңы бийиктикке жетишип, 2008-жылдын 17-ноябрында экономика илимдеринин доктору илимий даражасы үчүн диссертацияны ийгиликтүү жактады.

Учурда Өмүралиева Д.К. үч илимий изилдөөчүнүн кандидаттык диссертациясынын илимий жетекчиси.

Илимий эмгектери

Монографиялар, окуу китептери жана куралдары:

1. Проблемы развития рыночных аграрных формирований. Монография. – Бишкек, 2003. – 201 с.
2. Өмүралиева Д.К., Исаков Ж., Деркенбаева С. Фермердик маркетинг // Фермер» жана «Фермер-айым» кесиптери боюна окуу куралы. Толукталган 3-чү басылышы. – Бишкек, 2006. – 121 б.
3. Өмүралиева Д.К., Борончиева А. Финансовый учет // Учебное пособие для студентов экономических специальностей ВУЗов. – Нарын, 2002. – 150 с.
4. Учебно-методическое пособие по СРС по дисциплинам «Теория бухучета», «Аудит», «Финансовый учет». – Бишкек, 2004. – 82 с.
5. Развитие потребительских кооперативов (сервисных, кредитных и др.) в аграрном секторе Кыргызстана // Материалы 1-го Международного форума молодых ученых и студентов «Актуальные проблемы современной науки», посвященной 60-летию Победы в ВОВ. – Самара: РосМАН, 2006. – Часть 46. – С. 189 – 192.



Өмүралив Марат Үсөнакунович

педагогика илимдеринин кандидаты,

1968-жылы Нарын районун Эмгекчил айылында туулган. Тянь-Шань районунундагы Т.Байбураев атындагы орто мектебин 1985-жылы аяктагандан кийин, Пржевальск шаарындагы Ысык-Көл педагогикалык институтуна кирген

1986-1988-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. Аскердик милдетин аткарып келгенден кийин, жогорудагы институттун “Физика” факультетинде окуусун уланткан. Ысык-Көл педагогикалык институн 1992-жылы бүтүрүп, “Физика” адистигине ээ болгон. 2002-жылы С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетин бүтүрүп, “Маалыматты иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системасы” адистигине ээ болгон.

Өмүралиев Марат эмгек жолун 1992-жылы Нарын районунун Эмгекчил айылында Т.Байбураев атындагы орто мектепте, физик-информатик мугалимдик кызматтан баштаган. 1995-жылы Нарын обулустук мугалимдердин билимин жогорулатуу борборунда информатика боюнча кабинет башчы болуп иштеген.

1996-жылдан тартып азыркы күнгө чейин С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин “Математика жана информатика” кафедрасынын окутуучусу, андан кийин ага окутуучу. 2002-2005-жылдары – кафедранын изденүүчүсү болуп, “Башталгыч мектептин мугалимдеринин маалыматтык-компьютердик технологияларды колдонуу көндүмдөрүн калыптандыруу жана практикага киргизүү” боюнча илимий изилдөө иштерин жүргүзгөн.

2005-2008-жылдары Нарын мамлекеттик университетини аспирантурасын ийгиликтүү бүтүрүп, 2012-жылы “Келечекте башталгыч мектептин мугалимдеринин маалыматтык-компьютердик технологияларды колдонуу көндүмдөрүн калыптоонун дидактикалык негиздери” аттуу темадагы кандидаттык диссертациялык ишин ийгиликтүү коргоду.

Информатиканы окутуунун методикасы, информатика боюнча атайын курс, маалыматтык технология билим берүүдө, дисциплиналары боюнча “математика жана информатика” адистиктерине лекцияларды окуп, лаборатория-практикалык сабактарды алып барат.

Өмүралиев Марат Үсөнакунович Нарын мамлекеттик университетинин, Нарын шаардык мэриясынын, ошондой эле университеттин 10 жылдык декадасына катышып, педагогикалык чеберчилигин көрсөткөндүгү үчүн Ардак грамоталар менен сыйланган. 2011-жылы билим берүүгө кошкон салымы үчүн Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасына татыктуу болгон. Изденүүчүнүн он эки илимий макалалары, алардын ичинен 2 илимий макаласы чет өлкөлөрдө (Казакстан, Өзбекстан) илимий басмаларда жарыяланган.

Илимий эмгектери

1. «Маалыматтык жана компьютердик технологиялар башталгыч класстын мугалиминин кесиптик ишмердигинде» атайын курсунун түзүлүшү жана мазмуну // Бишкек, 2009. – С. 239-241.
2. Функциональный уровень информационной культуры учителя начальных классов // Бишкек, 2009. – №5. – С. 265-267.
3. Маалыматтык технологиялардын башталгыч класстын мугалимдерин даярдоодогу орду. // Бишкек – 2009. – №6. – С.239-242.
4. Роль информационных технологий в подготовке учителей начальных классов в вузах Кыргызской Республики // Тараз, -2009. – С.218-222.

5. Формирование информационной компетентности будущих учителей начальных школ. // Ташкент, 2010. – №3-4. – С. 83-85.



Садыгалиева Жыргал Арленовна

биология илимдеринин кандидаты,
доценттин милдетин аткаруучу

Садыгалиева Жыргал Арленовна 1970-жылдын 10-сентябрында Нарын облусунун Кочкор айлында кызматчынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Бишкек шаарындагы Аламүдүн районуна караштуу Ленин атындагы орто мектепти 1987-жылы окуп бүтүргөн. Эмгек жолун Бишкек шаарындагы №51 орто мектепте 1987-жылдан 1992-жылга чейин пионер вожатый болуп иштөөдөн баштаган. 1989-1995-жылдары Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин биология факультетин окуп бүтүрүп, биолог-окутуучу квалификациясына ээ болгон. 1995-1997-жылдары өзү окуп бүткөн биология факультетинин Кишинин жана жаныбарлардын физиологиясы кафедрасында лаборант, ага лаборант жана лабораториянын башчысы болуп иштеген. 1997-жылы жогоруда аталган университеттин аспирантурасына өтүп, “Роль моноаминергических систем мозга у животных в процессе выработки условных рефлексов в условиях высокогорья” деген темада илимий изилдөө ишин жүргүзүп, 2001-жылы Медицина Институтунун алдындагы диссертациялык кеңеште кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактап, биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болгон.

Бул диссертациялык иште адамдардын (өспүрүмдөрдүн) жана жаныбарлардын бийик тоолуу жерде жашап турган учурда, шарттуу рефлекстердин шартка жараша өзгөрүү жана пайда болуу механизми изилденген.

2001-2003-жылдары Кыргыз республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын Бийик тоолуу шарттагы физиология жана экспериментттик патология Институтунда кенже илимий жана илимий кызматкер, ал эми 2003-жылдан баштап 2007-жылга чейин Нарын мамлекеттик университетинде биология кафедрасынын башчысы кызматында иштеген. Садыгалиева Жыргал кафедрадагы окуу процессин өз деңгээлине жеткирүүгө жана лабораториялык сабактарды мүмкүн болушунча эксперимент менен айкалыштырып өтүүгө талапты коюп, көптөгөн эмгегин жумшаган.

Адам жана жаныбарлардын физиологиясы, сергек жашоонун мүнөзү, биологиялык жактан өзүнчө өнүгүү дисциплиналарынан лекцияларды окуп, практикалык жана лабораториялык иштерди алып барат. Факультетте профессионалдык деңгээли менен айырмаланган жана студенттерге терең билим берген, аларды илимий иштерге шыктандырган педагог.

Кафедра башчысы катары республикабыздын жогорку окуу жайларынын бири болгон И. Арабаев атындагы мамлекеттик университет жана Тоо физиологиясы илим изилдөө институту менен өз ара келишим түзгөнгө жетишип, дипломдук иш жазган студенттер ошол жактан экспериментти жүргүзүп, билим алуу боюнча бир топ жакшы шарттарды түзгөн. Ошондой эле, Нарын облустук оорукана жана санэпидемиологиялык станция менен келишим түзүп, лабораториялык жабдуулар, аспаптар ж.б. керектүүлөр жетишсиз болгон учурларда, кээ бир лабораториялык иштерди жана курстук иштерди ошол жактан өткөрүүгө мүмкүнчүлүк алган.

Бийик тоолуу жана түздө туруктуу жашаган жашоочулардын гемоглобинининин сандык кармалышын салыштырып мүнөздөө деген темада илимий ишин уланткан жана ушул багытта дипломдук изилдөө иштерине бир нече студенттерге жетекчилик кылган.

2006-жылы Нарын университетинин территориясында кичине корук түзүү долбооруна катышып, корук түзүү боюнча иштерди аткарган. Факультетте биологдордун күнүнө карата кечелерди уюштуруп, студенттерди чыгармачылыкка үндөгөн.

Садыгалиева Жыргалдын педагогдук ишмердиги бааланып, 2006-жылы мугалимдердин күнүнө карата Нарын облустук администрациясынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

2007-жылдын сентябрь айынан баштап И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин, Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институтунда табигый-математикалык дисциплиналар кафедрасында кафедра башчысы болуп иштеген.

Бүгүнкү күндө Бишкек шаарындагы Бизнес жана финнасылык укуктук башкаруу эл аралык Академиясынын астындагы Коммерция-экономикалык колледжинин директору.

Илимий эмгектери

1. Физиология человека и животных. // Учебное пособие. КГНУ ИИМОП. Серия “Дистанционное обучение. Естественные науки” – Бишкек, 1999. с. 59. (соавт. Дж.З.Закирова, Н. С. Матющенко).

2. Влияние факторов высокогорья на поведенческую реакцию крыс и на взаимоотношения нейромедиаторов мозга и гормонов гипофизарно-надпочечниковой системы. // Вестник КГНУ. Естественные науки " – Бишкек, 2000. Выпуск 2. Серия 3. с.42 – 46.

3. Коррекция поведенческих реакций у крыс с помощью ноотропных веществ. // Вестник КГНУ. Биологические науки. Материалы республиканской научно-практической конференции, посвященной юбилею факультета биологии. Том 2. Серия 5. – с. 116-119. Бишкек, 2003.

4. Роль биогенных аминов в регуляции адаптивного поведения животных в условиях высокогорья. // Вестник КГНУ. Естественно-технические науки. К 75-летию заслуженного деятеля наук КР, члена-корреспондента НАН КР, д.б.н., проф. Токтосунова А.Т – Бишкек, 2005. Серия 5. с.298 – 302. (соавт. Дж.З.Закирова, Н.С.Матющенко).

5. Уровень биогенных аминов в организме крыс в различные сроки после облучения. // Вестник КГНУ. Естественно-технические науки. Труды молодых ученых Центра магистратура и аспирантуры, национальных образовательных программ. – Бишкек, 2005. серия 5. Выпуск 3. с.243-246 (соавт.: Н.Б. Наматова, Дж .Закиров).



Салмакеева Назгүл Жекшенбековна

филология илимдеринин кандидаты

1983-жылы Нарын шаарында төрөлгөн. 1999-жылы НМУнун алдындагы мектеп-лицейин бүткөн. 2004-жылы НМУнун филология факультетин артыкчылык диплому менен аяктап, «Англис тили жана адабияты окутуучусу» адистигине ээ болгон. Эмгек жолун 2004-жылы НМУнун филология факультетинин англис тили жана адабияты кафедрасында ага лаборант болуп баштаган. 2006-жылдан азыркы учурга чейин ошол эле кафедрада окутуучу болуп иштейт. Англис тилинин практикалык курсунан сабак берет.

2005-2008-жылдары НМУнун аспирантурасында билимин улантып, «Кыргыз жана англис тилдериндеги сөз түркүмдөрүнүн типологиялык катыштыгы» деген темада 10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча кандидаттык диссертациянын үстүндө иштеп, 2011-жылы

ийгиликтүү жактаган. Н.Салмакеева тарабынан «Англис тилинин практикалык курсу» боюнча 1-2-курстар үчүн окуу-методикалык комплекс иштелип чыккан. Эл аралык жана республикалык деңгээлдеги илимий-практикалык конференцияларга, семинарларга, тренингдерге катышып, сертификаттарга ээ болгон. 2010-жылдан азыркы мезгилге чейин НМУнун жаш окумуштуулар кеңешинин мүчөсү.

2009-2010- жана 2010-2011-окуу жылдарында иштеги жетиш-кендиктери үчүн НМУнун ардак грамотасы менен сыйланган.

Илимий эмгектери

1. Правомерное использование английских предлогов и послелогов. // Известия вузов. Б.,2008.

2. Семантическая типология английских, русских и кыргызских прилагательных и наречий. Казахский национальный университет им. Аль Фараби. Алматы, 2009.

3. Семантическая типология английских, русских и кыргызских прилагательных. КГУСТА. Б., 2010.

4. Валентностные свойства знаменательных частей речи в агглютинативном кыргызском языке. //Известия вузов. - Б., 2009. №.9.

5. Валентностные свойства знаменательных частей речи во флективно-аналитическом английском языке. //Известия вузов. - Б., 2009. №.9.



Сатыбекова Майрамкүл Абдыкуловна

педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу

Сатыбекова Майрамкүл Абдыкуловна 1970-жылы 1-майда Нарын облусунун Ат-Башы районунун Кара-Суу айылында төрөлгөн. Ат-Башы айылындагы №1 В.И.Ленин атындагы орто мектебин аяктагандан кийин, эмгек жолун 1987-жылы Ат-Башы районунун Дыйкан мектебинин башталгыч классынын мугалими болуп иштөө менен баштаган.

1988-жылы Кыргыз Улуттук университетинин биология факультетине окууга кирип, аны 1993-жылы артыкчылык диплому менен аяктап, «Биология жана химия окутуучусу» квалификациясына ээ болгон.

1993-жылы Билим берүү министрлигинин жолдомосу менен Чүй облусунун Москва районунун А.Садыков орто мектебинде биология жана химия мугалими, 1993-1996-жылдары аталган мектепте тарбия иштери боюнча, 1996-1998-жылдары окуу иштери боюнча директордун орун басары болуп иштейт.

Сатыбекова Майрам Абдыкуловна 1996-жылы Чүй облусунун Москва районунда өткөрүлгөн «Жыл мугалими» конкурсунда өзүнүн педагогикалык чеберчилигин жана уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп, I орунга татыктуу болгон. Ошол эле жылы Чүй облустук элге билим берүү башкармалыгынын Ардак грамотасы менен облустук «Жыл мугалими-96» конкурсунда баш байгени жеңип алгандыгы үчүн сыйланып, республикалык конкурска катышууга укук алган. Ал эми республикалык «Жыл мугалими-96» конкурсунда алдыңкы методикалык ыкмаларды пайдалануу менен сабак өткөрүп, конкурстун комиссиясынын жогорку баасына татыктуу болуп, «Кыргыз республикасынын билим берүүсүнүн отличниги» төш белгиси менен сыйланган.

1995-1998-жылдары Майрам Абдыкуловна Чүй облусунун Москва райондук элге билим берүү бөлүмүндө биология предмети боюнча методикалык кеңештин башчысы болуп эмгектенип, облустук олимпиаданын өткөрүлүшүнө жетекчилик кылып, окуучулардын биология боюнча билимин өнүктүрүүгө өз салымын кошо алган. Ал окуткан А.Садыков орто мектебинин 10 «А» классынын окуучусу Осмоналиева Айсулуу 1997-жылы республикалык биология предмети боюнча өткөрүлгөн олимпиадада байгелүү II орунга татыктуу болгон.

1996-жылдын декабрь айында Кыргыз билим берүү академиясынын аспирантурасына кабыл алынып, аны 2000-жылы ийгиликтүү аяктаган. Аспирантурага кабыл алынгандан баштап «Орто мектепте биологияны окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү» деген тема боюнча илимий изилдөө иштерин жүргүзгөн.

1998-жылдын сентябрь айынан 2011-жылга чейин Нарын мамлекеттик университетинин «Педагогика, психология жана окутуунун технологиялары», химия жана биология кафедраларынын окутуучусу болуп иштеп келди. Бул жылдар аралыгында студенттерге педагогикалык чеберчилик, педагогикалык адистикке киришүү, мекен таануу окутуунун методикасы, биологияны окутуунун методикасы, химияны окутуунун методикасы, тарбия ишинин методикасы, өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын экологиясы дисциплиналар боюнча силлабустарды түзүп, лекцияларды окуп,

ошондой эле, студенттердин курстук, дипломдук иштерине жетекчилик кылды.

2000-2001-окуу жылынан бери Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы Мугалимдердин билимин жана квалификациясын жогорулатуу борборунда областтын мектептеринен келген мугалимдерге орто мектепте биологияны окутуунун алдыңкы методдору боюнча лекцияларды окуп, семинар, тренингдерди өткөрүп, мугалимдердин билимин жогорулатууга салым кошту. Ошону менен бирге өзүнүн илимий изилдөө иштери боюнча облустун мектептерине педагогикалык эксперименттерди жүргүзүп жана биология мугалимдери менен бирге илимий ишин апробациядан өткөрүп келген.

Нарын мамлекеттик университетиндеги көп жылдык жана талыкпаган эмгеги үчүн 2006-жылы Кыргыз республикасынын билим берүү, илим жана жаштар саясаты министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

2008-жылдын 17-июнь айында Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы (И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети-тең уюштуруучу) педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) деген окумуштуулук даражаны ыйгаруу боюнча Д.13.06.331 диссертациялык кеңешинин жыйынында Сатыбекова Майрамкүл Абдыкуловнанын «Орто мектепте окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү (биологияны окутуунун мисалында)» аттуу темада кандидаттык диссертациясы ийгиликтүү корголду. Анын илимий изилдөөсунун актуалдуулугу мектепте биологиялык билим берүү концепциясына негизделген жаңы окуу нормативдик документтердин иштелип чыгышы, жаңы окуу китептеринин окуу процессине киргизилиши менен коштолуп, жаш муундарды тез өзгөрүп жана уламдан-улам татаалданып бара жаткан шарттарда азыркы педагогика илиминдеги жаңы технологиялардын негизинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө арналган.

2008-жылдан баштап «Биология жана химия» кафедрасында доценттин милдетин аткаруучу кызматында иштеген.

Азыркы учурда Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинде иштейт.

Илимий эмгектери

1. Творческие задачи как средство развития отдельных качеств личности. //Ізденмс-Поиск. Научный журнал МОиН Казакской республики. Серия гуманитарных наук. –Алматы, 2007. - №1 (2). - С.280-284.

2. Өз алдынчалуулукту инсандын жекече сапаты катарында өнүктүрүүнүн айрым каражаттары. // КББА Кабарлары. - Бишкек, 2005.-№3.-239-241-бб. (авторлош Субанова М.С.)

3. Решение творческих задач и пути развития творческих способностей школьников. // Труды 1-го Международного форума. Гуманитарные науки. – Самара, 2005. – С. 59-62.

4. Орто мектепте окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн абалы. // КББА Кабарлары. – Бишкек, 2006.-№1.–65-66-бб. (авторлош Абдиев А.А.)

5. Биологияны окутуу процессине чыгармачылык маселелерди киргизүүнүн жолдору // Наука и новые технологии. - Бишкек , 2006.-№ 2.-С .225-227.



Сатылган кызы Гүлнура

филология илимдеринин кандидаты

1975-жылы 23-декабрда Нарын районуна караштуу 8-Март айылында туулган. 1992-жылы М.Осмонов атындагы орто мектепти аяктаган. 1994-жылы К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин филология факультетине тапшырып, 1999-жылы ийгиликтүү бүтүргөн.

Эмгек жолун 2001-жылы Нарын мамлекеттик университетинин филология факультетинин Кыргыз тили жана аны окутуунун методикасы кафедрасына окутуучулук кызматка кабыл алуу менен баштаган.

Балдар адабияты, кыргыз адабиятынын практикалык курсу жана кыргыз адабиятынын маданиятынын тарыхы предметтеринен дарс окуп, семинардык сабактарды өткөрөт. Жөндөмдүү педагог катары студенттерге дипломдук иштерди жаздырып, алардын терең билим алуусуна көңүл буруп, илимий иштерге багыттайт. Кыргыз адабиятынын драма жанрын мүмкүн болушунча илимий көз караш менен изилдөөгө алып, ушул багытта арналган 8 дипломдук ишти жетекчиликке алган. «Т.Абдумомуновдун драма жанрындагы изденүүлөрү («Атабектин кызы», «Абийир кечирбейт» драмаларынын мисалында)» деген дипломдук иште адамдын турмушундагы чындык үчүн күрөшү жана анын психологиялык абалдары изилденип, драманын коомдук турмуштагы мааниси көрсөтүлгөн.

Гүлнур дипломдук иштерге жетекчилик кылуу менен чектелип калбастан, илимий изилдөө иштерине көңүл бөлүп, «Кыргыз драматургиясынын өнүгүшү жана анын ичинен Б.Жакиевдин драмаларындагы инсандардын психологиялык өзгөчүлүктөрү» деген багыттагы илим изилдөө иштерин тынбай жүргүзүп келди. Илимий изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын илимий журналдарга жана конференциянын материалдарына жарыка чыгарып, илимге болгон умтулуусун көрсөтүп келет. Советтик мезгилде өтө катуу сынга алынып, чыгармасын окууга тыюу салынып келген атактуу акын Казыбек казалчы жөнүндө жазган илимий макаласында акындын өмүр жолун баяндап, анын жарыкка чыкпаган ырларына токтолуп, ырларынын көркөмдүк маанилерин, өзгөчөлүктөрүн, психологиялык абалдарын илимий изидөөгө алып таасын көрсөтүп берген.

2003-2007-жылдары Нарын мамлекеттик университетинде 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча аспирантурада окуган. «Бексултан Жакиевдин драматургиясынын көркөмдүк өзгөчөлүгү» аттуу кандидаттык илимий изилдөөсүн 2010-жылы жыйынтыктап, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде диссертациялык кеңештин жыйынында ийгиликтүү коргогон. Филология илимдеринин кандидаты даражасына ээ болгон.

Билим берүүдөгү жана коомдук иштердеги ийгиликтери үчүн С.Нааматов атындагы НМУнун Ардак грамотасына татыктуу болгон.

Сатылган кызы Гүлнуранын 16 илимий макаласы республикалык илимий журналдарга жарыяланган.

Илимий эмгектери

1. «Атанын тагдыры» драмасынын психологизмин шарттаган жалпы социалдык-тарыхый, маданий-эстетикалык жана биографиялык өбөлгөлөр. // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Социальные и гуманитарные науки. – Бишкек- 2005.- №2. - 88-93-бб.

2. Образдардын психологизми - «Атанын тагдыры» драмасынын көркөмдүк эстетикалык башкы өзгөчөлүгү. // Известия Кыргызской Академии образования. – Бишкек- 2006 - №1 – 98-103-бб.

3. Драмалык конфликт жана каармандардын нравалык тандоосу. // Известия Кыргызской Академии образования. – Бишкек- 2008. - №5-6. - 184-191-бб.

4. Комедиялык конфликт жана каармандын мүнөзү. // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек- 2009. - №3. - 102-107-бб.

5. Жан дүйнөнүн диалектикасын чагылтуу драматургдун эстетикалык принциби катары. // Известия Кыргызской Академии образования. – Бишкек- 2009. - №3.- 108-112-бб.



Сияев Таштанбек Моңолдорович

Педагогика илимдеринин доктору, профессор

1961-жылы 15-июнда Нарын облусунун Ат-Башы районунун Ат-Башы айылында төрөлгөн. 1978-жылы орто мектепти аяктап, СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз улуттук университетинин физика факультетине өтөт. 1981-жылы конкурстун негизинде Москва инженер-физикалык Институттун (МИФИ) «Атайын физика» адистигине которулат. Ал институтту 1984-жылы ийгиликтүү бүткөн. Эмгек жолун 1984-жылы Кыргыз улуттук университеттинин физика факультетинде ага лаборант, илимий кызматкер болуп баштаган.

1985-жылдан баштап Кыргыз айыл-чарба институтунда окутуучу, ага окутуучу кызматында эмгектенген. 1988-жылы Молдавия илимдер академиясынын Прикладдык институтунун аспирантурасына тапшырат. 1992-жылы техника илимдери боюнча кандидаттык илимий диссертациясын коргойт. 1993-жылы доцент илимий наамына ээ болот.

1993-жылы Билим жана илим министрлигинде жогорку окуу жайлар башкармалыгында башкы адис болуп эмгектенген. 1996-жылдан баштап 2008-жылга чейин Нарын мамлекеттик университетинин окуу иштер боюнча проректору болуп иштеген. Анын жетекчилиги алдында Нарын мамлекеттик университети 23 адистик боюнча жогорку дипломдуу адистерди даярдоо боюнча лицензияга ээ болгон. Мындан тышкары, университет бардык адистиктери боюнча мамлекеттик аттестациядан ийгиликтүү өткөн. 1998-жылдан 2006-жылга чейин «Педагогика» кафедрасын уюштурган жана жетектеген. Азыркы убакта кафедранын башчысы. Ал «Илимий педагогикалык изилдөөнүн методологиясы», «Инновациялык педагогика» жана «Педагогикалык теориялар, системалар жана технологиялар» курстарын иштеп чыккан.

2005-жылы «Кыргыз республикасында физика билимин модернизациялоонун илимий-методологиялык негиздери» деген темадагы докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргоп, 13.00.01 – жалпы педагогика жана 13.00.02 – окутуунун теориясы жана методикасы (физика) адистиктери боюнча докторлук илимий даражага ээ болгон.

Сияев Таштанбек Моңолдорович жогорку окуу жайларындагы 24 жылдык педагогикалык тажрыйбага ээ. 2002-жылы жогорку окуу жайларынын студенттери жана мугалимдери үчүн Э. Мамбетакунов менен бирдикте «Педагогиканын негиздери» окуу китебин жарыкка чыгарган. Ал китеп 2008-жылы толукталып, такталып 16 басма табак көлөмүндө Билим берүү жана илим министрлигинин грифи менен кайрадан басылып чыгарылды.

Кыргыз республикасында уюштурулган педагогика илими боюнча докторлук (кандидаттык) даражаны коргоо боюнча Диссертациялык кеңештин мүчөсү. Анын жетекчилигинин алдында НМУнун окутуучулары Муңайтпасова Г.Ж. жана Ажыбаев Д.М. педагогика илими боюнча кандидаттык илимий даражаны коргошкон. Алдыда дагы үч илимий диссертациялык изилдөөлөр коргоонун алдында турат.

Кыргыз Илим жана билим министрлигинин Илим департаментинин уюштурган конкурсунун негизинде «Республиканын мектеп окуучуларынын даярдык деңгээлин аныктоо боюнча стандартты иштеп чыгуу жана киргизүүнүн илимий-педагогикалык негиздери» деген бюджеттик изилдөө темасынын жетекчиси.

Сияев Т.М. жаңы педагогика, окуучулардын окуу жетишкендиктерин аныктоо, жаңы компьютердик технологияны орто билим системасына колдонуунун дидактикасы, орто мектепте математиканы, физиканы окутуу жана жогорку билим берүү боюнча көрүнүктүү илимпоздордун бири. Анын 150 дөн ашуун илимий, илимий-методикалык эмгектери Россияда, Молдавияда, Казакстанда, Өзбекстанда жана Кыргызстанда жарык көргөн. Орто мектепте физиканы окутууда компьютердик технологияны киргизүү боюнча 3 автордук күбөлүктүн ээси. Педагогика боюнча дүйнөлүк жана республикалык масштабдардагы илимий конференциялардын активдүү катышуучусу.

Кыргыз Республикасында биринчилерден болуп орто мектептер үчүн электрондук окуу китебин иштеп чыгуунун теориясын жана практикасын негиздеген. Азыркы мезгилде орто мектептин 7-классы үчүн физика предмети боюнча электрондук окуу китеби даярдалып, орто мектептин практикасына киргизилди. Т.М.Сияевдин жетекчилиги астында аткарылган бул багыттагы диссертациялык изилдөө коргоонун алдында турат.

Ар бир окуу жылында башталгыч мектептин дидактикасы жана педагогика адистиги боюнча окуган студенттерге курстук жана дипломдук иштерге жетекчи болуп келет. Нарын мамлекеттик университетинин жана педагогикалык орто окуу жайынын жаш мугалимдерине жаңы педагогика боюнча атайын илимий семинарды уюштуруу менен аларга насаатчы болуп саналат.

2000-2005-жылдары Нарын облустук эл депутаттарынын кеңешине Нарын шаарынан шайланган. Нарын облустук кеңешинде социалдык, жаштар, ден-соолук жана дин маселелери боюнча комитеттин жетекчиси болуп эмгектенген.

2008-жылы Нарын шаардык кеңешинин депутаты болуп шайланган. Нарын шаардык кеңешинин ардагерлер, жаштар, спорт жана этика маселелери боюнча комитеттин жетекчиси.

Нарын шаарында «Даремет» кредиттик союзун уюштурган жана анын башкармалыгынын төрагасы. «Даремет» кредиттик союзу Нарын облусундагы эң натыйжалуу кредиттик союздардын бири болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги, «Манас-1000» медалынын ээси, Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин Ардак грамотасы, Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын жана Нарын шаарынын мэриясынын бир канчалаган грамоталары менен сыйланган.

Илимий эмгектери

1. Среднее физическое образование в Кыргызской республике: состояние и перспективы (монография). - Бишкек: Мектеп, 2001. – С.164.
2. Концептуальные основы обновления среднего физического образования (монография). - Бишкек, 2002. – С.72. (в соавторстве).
3. Педагогиканын негиздери (учебное пособие). - Бишкек: Педагогика, 2002, - 148 б., (в соавторстве).
4. Электронная версия учебника по физике для национальной школы // Международная научно-практическая конференция: “Технология высшего образования в XXI веке: проблемы и перспективы”, Актюбе, 2002. - С. 88-90. (соавторстве).
5. Электронный учебно-методический комплекс по физике // Вестник Челябинского ГПУ. 2004. – № 3. - С. 65-67. (соавторстве).

Сыдыков Жолдошбек Сыдыкович

философия илимдеринин доктору, профессордун милдетин аткаруучу

Сыдыков Жолдошбек Сыдыкович 1959-жылы 6-июнда Нарын облусунун Нарын шаарында төрөлгөн. Нарын шаарындагы №4 В.И.Ленин атындагы орто мектепти 1976-жылы бүтүрүп, ошол эле жылы С.М.Киров атындагы Казак мамлекеттик университетинин философия-экономикалык факультетине өтөт. 1981-жылы аталган



окуу жайын бүтүрүп, философия адистиги боюнча окутуучу деген жогорку билимдүү квалификациясына ээ болот.

Эмгек жолун республикабыздын жогорку окуу жайларында окутуучулук-агартуучулук кызматтарда иштөө менен баштаган. 1981-1983-жылдары В.В.Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунда (азыркы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинде), 1983-1989-жылдары Кыргыз мамлекеттик медициналык Институтунда (азыркы Кыргыз мамлекеттик медициналык Академиясында) философия кафедрасында окутуучу болуп иштеген.

1989-1991-жылдары Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын философия жана укук Институтунда аспирантурада күндүзгү бөлүмдө окуган. 1993-жылы “Проблема определенности понятия “стиль научного мышления” деген темада кандидаттык диссертациясын жактап, 09.00.01 – онтология жана таанып-билүү теориясы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болгон.

1993-1996-жылдары жогоруда аталган институтта ага илимий кызматкер, жетектөөчү илимий кызматкер жана окумуштуу катчы кызматтарында иштеген. 1996-жылы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтунда философия кафедрасынын кафедра башчысы, 1997-жылы Бишкек гуманитардык университетинин саясат таануу (политология) кафедрасында доцент жана ошол эле университеттин карамагындагы илим изилдөө институтунун окумуштуу катчысынын милдетин аткарган.

1997-жылдын декабрь айынан бүгүнкү күнгө чейин Нарын мамлекеттик университетинде иштейт. 1998-2000-жылдары философия кафедрасынын башчысы, 2000-2001-жылдары юридика факультетинин деканы, 2001-2006-жылдары кафедранын доценти, 2006-2007-жылдары университеттин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.

Сыдыков Жолдошбек философия, логика, социология, политология, саясат жана укук таануунун тарыхы, мамлекет жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу дициплиналарынан жогорку деңгээлде лекция окуп, семинардык сабактарды өткөрөт. Нарын мамлекеттик университетинде иштеп турган учурда табият таануу илимдеринде ой жүгүртүүнүн методологиялык маселелери боюнча изилдөө иштерин жүргүзүп, натыйжада “Философские-

методологические предпосылки стилевой детерминации науки" деген монографиясын 2003-жылы жарыка чыгарган. Профессор А.Акматалиев менен бирдикте студенттердин билим деңгээлин жогорулатуу жана методикалык жактан жеңилдетүү максатында "Социология. Курс лекций" (Бишкек 2003), «Лекции по истории философических учений» деген эки окуу китеби жана философиялык эмес адистиктер үчүн "Тесты по философии" (Бишкек 2001) жана башка бардыгы болуп отуздан ашуун илимий эмгегин жарыкка чыгарган.

2001-2003-жылдары Москва шаарындагы Россия илимдер Академиясынын философия институтунда академик С.Степин, философия илимдеринин доктору, профессор Ю.В.Сачков сыяктуу ири илимпоздор өткөргөн теориялык семинарларга, 2008-жылы 16-25-июнда Кыргыз республикасынын Президентинин алдындагы Башкаруу Академиясы тарабынан уюштурулган "Модернизация образовательных программ и технологий по государственному и муниципальному управлению" деген темадагы эл аралык жайкы мектептин ишине катышкан.

2008-жылдын 10-октябрында Сыдыков Жолдошбек "Прогностическая функция стиля научного мышления в контексте интерпретации М.Борна" деген темада (09.00.01-онтология жана таанып билүү теориясы адистиги боюнча) докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргоду.

Бул докторлук диссертацияда илимий ой жүгүртүүнүн алдын ала көрүү функциясынын стилдик өзгөчөлүктөрүнүн мыйзам ченемдүү түзүлүштөрү изилденген.

Бул концепциянын теориялык жыйынтыктары илимий таанып билүүнүн тарыхы жана методологиясы, илим философиясы жана социологиясы, илимий прогноз, проект жана стратегиялык план түзүү тармактарында колдонулушу мүмкүн. Практикалык жагдайда көрсөтүлгөн мүмкүнчүлүктөр Ж.Сыдыковдун 1998-2000-жылдарда студентерге, аспиранттарга жана жаш мугалимдерге арналган философия, социология, политология, укук таануу курстарында, 2001-2003-жылдарда Кыргыз республикасынын билим берүү, илим жана маданият министрлигинин тапшырмасы менен Нарын шаарында өткөрүлгөн бир топ социологиялык иликтөөлөрдө, 2004-2007-жылдарда Болондук процесске ылайыктуу Нарын мамлекеттик университетинин окуу тартиптерин кредиттик технологияга которууда, 2007-2008-жылдары Борбордук Азиядагы Евразия Фондусу тарабынан ачылган «Келечек борбору» деген долбоорду даярдоодо жана ишке ашыруу аракеттеринде колдонулган. Илимдин

доктору катары бүгүнкү күндө 3 илим изденүүчүнүн иштерине жетекчилик кылат. Университеттин окумуштууларынын ичинен баса белгилеп кетүүчү жагы, Россиянын Москва шаарынын атуулу, медицина илимдеринин доктору Н.П.Шерстнев илимпоз адис катары Ж.Сыдыковго кайрылып, философия боюнча докторлук диссертациясына жетекчи болуп берүүнү суранган.

Жолдошбек Сыдыков 2001-жылы 2-октябрда Кыргыз республикасынын билим берүү жана маданият министрлиги тарабынан Ардак грамотага татыктуу болгон. 2003-жылдын 14-февралында Нарын облусунун 1999-2004-жылдардагы «Намыс» программасынын алкагында «Мыкты илимий кызматкер» деген наамы ыйгарылган.

Илимий эмгектери

1. Основные признаки научного мышления // Вестник КазУМО и МЯ им. Абылай хана. – Алматы, 2004. – №1(7) – С. 118-122.

2. Стиль мышления как хронотоп науки // Studia Universitatis. Seria: Stiinte Umanistece. Universitatea de Stat din Moldova. – Chisinau, 2007. – № 4. – С. 66–70.

3. Актуальность исследования прогностической функции стиля научного мышления // Современность: философские и правовые проблемы. Выпуск 12-ый. Материалы 12-ой научно-теоретической конференции / НАН КР; Ин-т философии и права. – Бишкек, 2007. – С. 383-389.

4. О прогностической функции стиля научного мышления // Современность: философские и правовые проблемы. Выпуск 12-ый. Материалы 12-ой научно-теоретической конференции / НАН КР; Ин-т философии и права. – Бишкек, 2007. – С. 379-383.

5. Понятие стиля научного мышления в контексте методики преподавания. // Инновационные образовательные технологии / Минский институт управления. – Минск, 2008. – № 1. – С. 36-40.



Сыдыкова Толгонай Көчкөнбаевна

филология илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу.

Сыдыкова Толгонай Көчкөнбаевна 1964-жылы 1-сентябрда Ош облусунун Өзгөн районуна караштуу Акжар айылында төрөлгөн.

1983-жылы КУУнун (КМУ) филология факультетинин даярдоо курсунда окуган. 1984-жылы биринчи курска өтүп, 1989-жылы ийгиликтүү аяктап, филолог-окутуучу деген квалификацияга ээ болгон. Ушул эле жылы 1989-жылы 15-августта Ош облусунун Өзгөн районундагы Киров атындагы орто мектебине кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп кызматка орношкон.

1991-жылы Бишкек политехникалык институтуна лаборанттык жумушка кирип, андан кийин В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер институтуна кыргыз тили жана адабияты кабинетинин башчысы кызматына дайындалган. 1995-жылы аспирантуранын күндүзгү бөлүмүнө тапшырып, аны аяктаган соң кайра кабинет башчысынын кызматына орношкон. 1999-жылы кыргыз тилинин теориясы жана практикасы кафедрасына окутуучулук кызматка кабыл алынган.

2002-жылы сентябрь айында Нарын мамлекеттик университетине конкурстук негизде Кыргыз тили жана аны окутуунун методикасы кафедрасына доценттин милдетин аткаруучулук кызматка кабыл алынат. 2003-жылы "Барпы Алыкуловдун чыгармаларындагы диалектизмдер" деген кандидаттык диссертациясын коргоп, филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болот. 2003-2005-жылдар аралыгында Нарын мамлекеттик университетинде иштеген. Ал жылдар аралыгында: "Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын тили" (2004, 2005, 1-2-томдору) деген эмгектерин жана башка макалаларын чыгарган. 2005-жылы И.Арабаев атындагы КМУнун Мамлекеттик тил жана маданият институтунун Кыргыз тили кафедрасына доценттик кызматына орношот.

2006-2007-окуу жылында И.Арабаев атындагы КМУда болуп өткөн "Жылдын мыкты доценти" конкурсуна катышып, "2006-2007-окуу жылындагы И.Арабаев атындагы КМУнун мыкты доценти" аттуу диплом менен сыйланды.

Илимий эмгектери

1. Кыргыз тилинин фонетикасы. Дистанттык окутуу. (Окуу китеби). – Бишкек, 2001.
2. Кыргыз тилинин диалектологиясы. (Окуу китеби). –Бишкек: Сабыр, 2001. (авторлош).
3. Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын тили. 1-том. (Окуу куралы). Бишкек-Нарын, 2004.
4. Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын тили.-2-том. (Окуу куралы).–Бишкек-Нарын, 2005.
5. Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын тили. -3-том. (Окуу куралы). Бишкек, 2006.



Токобаева Гулнура Шейшеновна

Тарых илимдеринин кандидаты,
доценттин милдетин аткаруучу

Токобаева Гулнура Шейшеновна 1971-жылы 28-февралда Нарын облусунун Кочкор районундагы Кочкор айылында туулган. Ошол эле айылдагы ВЛКСМдын 40 жылдыгы орто мектебинде окуп, кийин Ак-Талаа районундагы М.Ломоносов атындагы орто мектебин бүтүргөндөн кийин Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университетинин тарых факультетине тапшырып, 1996-жылы артыкчылык диплому менен ийгиликтүү аяктаган.

1997-жылдан 2002-жылга чейин НМУнун «Философия жана социалдык дисциплиналар» кафедрасынын окутуучусу болуп эмгектенди. 2002-2003-жылдары Юридикалык факультеттин деканынын тарбия иштери боюнча орун басары, ал эми 2003-2006-жылдары тарых факультетинин деканынын окуу иштери боюнча орун басары болуп иштеп келген.

2005-жылы сентябрда НМУнун Окумуштуулар Кеңешинде диссертациялык изилдөөсүнүн темасы «Ички Теңир-Тоолук кыргыздардын коомдук-саясий турмушундагы жана көз каранды эместик үчүн күрөшүндөгү чыгаан инсандардын ролу (XIX-к. орто чени, XX-к. башы)» деген аталышта бекиген. Бул илимий изилдөөсүн 2010-жылы 15-январда КР Улуттук илимдер академиясынын тарых жана маданий мурас институтунун жана Жусуп Баласагын атындагы КУУнун алдындагы тарых илиминин доктору (кандидаты) диссертацияларды коргоочу диссертациялык кеңешинде жактаган.

2006-2009-жылдарда «Философия жана социалдык дисциплиналар» кафедрасында Кыргызстандын тарыхы, Этнографиянын негиздери, Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы, Кыргызстандын этнографиясы предметтеринен тарых адистигинин студенттерине сабак өтүп келген.

2010-жылдан баштап «Экономика, бизнес жана башкаруу» факультетинин окуу жана тарбия иштери боюнча декандын орун басары, «Тарых жана философия» кафедрасында доценттин милдетин аткаруучу болуп эмгектенип келүүдө.

Окуу-методикалык комплекстерди иштеп чыгып, окуу процессинде практика жүзүндө колдонуп жатат. «EdNet» ассоциациясы жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим

министрлиги тарабынан уюштурулган «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары үчүн компетенттүүлүк мамиленин негизинде түзүлгөн билим берүү программаларынын эң мыкты инновациялык окуу-методикалык комплекси» сынагына «Кыргызстандын тарыхы» предмети боюнча окуу-методикалык комплексин тапшырды. Өзүнүн профессионалдык деңгээлин жогорлатууга жана өркүндөтүүгө далалаттанат. Сертификаттары: «ЖОЖдордо сынчыл ойломду өстүрүү» (Сорос-Кыргызстан); «ЖОЖдордо окутуунун педагогикалык негиздери» Бишкек, 2005-ж.; «Окутуунун интерактивдүү методдору» Нарын ш., 2009-ж.; «Командада иштөө жана конфликтти башкаруу» Борбордук Азия Университети, Нарын ш., 2005-ж., «Прозрачность бюджетного процесса в Кыргызской Республике», Фонд «Сорос-Кыргызстан», Ысык-Көл, май, 2005-жыл ж.б.

Токобаева Гулнура НМУнун, Нарын шаардык мэриясынын, НМУнун жаштар жана студенттер союзунун «Ардак грамоталары» менен сыйланган.

Илимий эмгектери:

1. Үмөтаалы Ормон хан уулу көз каранды эместик үчүн күрөштүн жол башчысы. // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. – Бишкек, 2006.
2. Чоко баатырдын Кыргызстандын тарыхындагы ээлеген орду. // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. – Бишкек, 2008.
3. Турдуке баатыр. // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. – Бишкек, 2008.
4. Роль и место выдающихся личностей в истории Кыргызстана XIX в. // МОиН РК, КНУ имени Аль-Фараби. Материалы Международной научно-теоретической конференции. – Алматы, 2008.
5. Место Осмона датки в борьбе за независимость кыргызов // Научный журнал МОиН РК “Поиск». Серия гум. наук. – Алматы, 2009.

Тоялиев Султанбек

биология илимдеринин кандидаты, доцент

Тоялиев Султанбек 1952-жылы 13-августта азыркы Жалал-Абад облусундагы Ала-Бука районуна караштуу Сумсар айылында төрөлгөн. 1972-жылы В.И. Ленин атындагы Шакавтар мектеп-



интернатын бүтүргөн. 1972-1974-жылдары Советтер Союзунун армиясында катардагы жоокерлик кызматын өтөгөн. 1974-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин даярдоо бөлүмүнө тапшырып, 1980-жылы университеттин физика факультетинин «Физика» адистигин окуп бүтүргөн.

Эмгек жолун 1980-1997-жылдары аталган факультеттин лаборанты болуп иштөөдөн баштаган. Ушул жылдары Кыргыз Мамлекеттик медициналык институнда, Фрунзедеги политехникалык институтунда ага лаборанттан баштап, ага окутуучуга чейин көтөрүлүп иштеген.

1997-жылы Кыргыз республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жолдомосу менен Нарын мамлекеттик университетине келип, эл аралык бөлүмдүн башчысы жана окутуучу болуп иштеген.

Нарын мамлекеттик университетинин ректору Жаманкулов Жанат Медетович университеттин базасын түптөө үчүн окуу жайдын билим берүү маселелерин чечүүчү укуктук жана уюштуруучу иш кагаздарын топтоо, окуу процессин чындоо үчүн адистиктердин базасын түзүү; ар бир адистиктерге тиешелүү окуу китептерин жана башка керектүү материалдарды топтоо талаптарын койгон. Берилген тапшырмаларды аткаруу үчүн Султан Тоялиевич өзү иштеп кеткен И. Раззаков атындагы Кыргыз техникалык университеттин жетекчилери менен макулдашып, Нарын университетиндеги «Электр станциялары», «Жол кыймылын уюштуруу» деген адистиктерге лабораториялык курал-жабдыктарды жана 5-10 экземплярдан окуу китептерин, методикалык колдонмолорду, плакат, таблицаларды министрлик аркылуу акысыз котортуп келген.

Университетке караштуу, бирок өз алдынча юридикалык укукка ээ болгон Жогорку окуу жайына даярдоо борборун ачканга демилгечилерден болуп, ушул борбордун жана Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн директорлук кызматында иштеген. 1997-1999-жылдардын ичинде аталган борбордо 150 жергиликтүү жана 20дан ашык Түркиядан келген студенттер окушкан. Борбордо окуган угуучуларга КТУ, КАСИ университеттеринин методикалык программаларынын 8 айлык окуу мөөнөтүн 5 айлык программанын талабына ылайык окутуп, калган 3 айын мезгилдин талабына ылайык туура келген тестирлөө методу боюнча окутууну сунуштаган. Жыйынтыгы жакшы болуп, 2 жыл катары менен НМУга жана башка жогорку окуу жайларга бүтүрүүчүлөрдүн 93% окууга өтүүгө мүмкүнчүлүгү жеткен.

1998-2000-жылдары окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп турганда мурдагы ачылган адистиктердин окуу пландарын кайра иштеп чыгып, жаңы ачылган адистиктердикин түзүп, күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүнүн 15тен ашык окуу пландарын министрликтен бекиттирген.

2000-2002-жылдары Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинде Аралыктан окутуу борборунун директорунун орунбасары, эл аралык билим программаларын интеграциялоо институтундагы Маркетинг жана эл аралык байланыш бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. Азыркы учурда Улуттук университетке караштуу Информациялык технологиялар колледжинин директору жана биология факультетинин деканы болуп иштеген.

2002-жылдын январь айында «Хемилюминесцентный мониторинг эффективности фармакотерапии и течение потологического процесса в горной местности» деген темада диссертациясын жактап, биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болгон.

«Биология» адистиги боюнча доценттик окумуштуулук наамды алган. «Учурдагы табият таануу концепциясынын негиздери» предмети боюнча эки окуу куралын жана бир электрондук окуу куралын чыгарган. 1998-жылы «Кыргыз республикасынын билим берүү отличниги» деген наам ыйгарылган.

Илимий эмгектери

1. Значение физики на стыке медицины и биологии. // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Серия 3. “Естественные науки». Вып.А. Физика и физическое образование. Материалы юбилейной научно-практической конференции посвященной 70-летию факультета физики и электроники КНУ им. Ж.Баласагына. Вып.3. Бишкек 2003.
2. Маркетинговая деятельность в сфере высшего образования. // Материалы международного семинара «Актуальные проблемы образования», Кокшетау 2003.
3. Изучение антиоксидантных свойств препаратов облепихи с помощью активированной родамином Ж хемилюминесценции. // Вестник Кокшетауского университета. Сборник научных трудов. Выпуск 4, Кокшетау 2004.
4. Основы концепции современного естествознания. Учебное пособие. // КНУ им.Ж.Баласагына, ИИМОП. Бишкек, 2005.
5. Основы концепции современного естествознания. Электронный учебник. // КНУ им. Ж.Баласагына, ИИМОП. Бишкек, 2005.



Турдалиев Иманжапар Касиевич

химия илимдеринин кандидаты, доцент

Турдалиев Иманжапар Касиевич 1957-жылдын 1-июнунда Ат-Башы районунун Казыбек (мурдагы Пограничник) айылында туулган.

1974-жылы аталган айылдагы орто мектепти бүтүп, ошол эле жылы Бишкек (мурдагы Фрунзе) шаарындагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине (азыркы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети) химия факультетине окууга өткөн. 1979-жылы химия факультетин окуп бүтүрүп, химик-окутуучу квалификациясына ээ болгон.

Эмгек жолун 1979-жылы Ак-Талаа районунун РТС айылындагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы орто мектепте химия, биология мугалими жана мугалимдер арасында комсомолдун 1-секретары болуп иштөөдөн баштаган. 1980-жылдан 1984-жылга чейин Кыргыз Илимдер Академиясынын органикалык химия институтунун «Көмүр химиясы» лабораториясында ага лаборант болуп иштеген.

1984-жылдан баштап 1996-жылга чейин Кыргыз Илимдер Академиясынын физика институтунда «Кристаллдардын физикасы» лабораториясында иштеген. 1984-1985-жылдары ага инженер, 1985-1993-жылдары кенже илимий кызматкер, 1994-1996-жылдары «Өтө катуу материалдар» лабораториясында илимий кызматкер болуп иштеген.

1988-жылдан 1992-жылга чейин физика институтунда аспирантурада окуган. 1993-жылы «Радиационно-химические процессы в монокристаллах дигидрофосфатов щелочных металлов и дигидрофосфата-гидросульфата калия с примесью двухвалентной меди» деген темада кандидаттык диссертациясын жактап, химия илиминин кандидаты даражасына ээ болгон.

Бул диссертацияда радиациялык-химиялык таасир этүү учурунда щелочтуу металлдардын дигидрофосфаттарында парамагниттүү гидрофосфат радикалдары пайда болору такталган жана ал радикалдардын радиацияга болгон туруктуулугу, эки валенттүү жездин ионуна болгон таасирлери изилденген.

1996-жылдан баштап биринчилерден болуп Нарын мамлекеттик университетине которулуп келип, доценттин милдетин аткаруучу жана университеттин окумуштуулар кеңешинин Окумуштуу катчысы болуп иштей баштаган. Нарын мамлекеттик университетинин окумуштуулар кеңешинин мүчөсү.

Нарын мамлекеттик университетинин окумуштуулар кеңешинин Окумуштуу катчысы болуп 1996-2003-жылга чейин иштеген. 1996-жылы жаңы гана ачылган Нарын мамлекеттик университетинде илимий иштерди жүргүзүү максатында эң биринчилерден болуп, Кыргыз республикасынын илим жана жаңы технология боюнча мамлекеттик комитетине «Нарын регионунун атмосферасын, суусун, топурагын экологиялык жактан изилдөө» деген темада жазылган илимий долбоорун сунуштап, натыйжада университетке 120 миң сом бөлдүрүүгө жетишкен.

Университеттин доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты О.Абдылдаев менен бирге экологиялык изилдөө иштерин жүргүзгөн. Илимий изилдөө иштеринин маалыматтары 1997-1999-жылдардагы университетте өтүлгөн илимий конференциянын материалдарында жана НМУнун журналына (Вестник НГУ №1, 2000) жарык көргөн. Нарын дарыясындагы оор металлдарды изилдөө иштеринин илимий жыйынтыгы республикадагы көрүнүктүү «Наука и новые технологии» илимий журналына чыккан. 1997-жылы университетте техникалык багыттагы адистиктер үчүн эң биринчи «Химия» лабораториясын түзгөн.

2000-жылы «Химия» жана «Биология» адистиктери ачылгандан баштап 2003-жылга чейин химия жана биология кафедрасынын башчысы болуп, кафедраны жетектеген. 2003-жылы «Химия» жана «Биология» адистиктери өз-өзүнчө бөлүнгөнүнө байланыштуу химия кафедрасынын башчысы болуп, 2006-жылга чейин иштеген.

Кафедра башчысы болуп иштеп турган учурда кафедранын түптөлүшүнө салым кошкон жана «Химия» жана «Биология» адистиги үчүн органикалык эмес химия, органикалык химия, аналитикалык химия, физикалык химия боюнча окуу лабораторияларын түзүп, керектүү реактивдер жана аспаптар менен жабдыган. Аталган адистиктер үчүн 5 жана 4 жылдык окуу пландарын иштеп чыккан. Студенттерге билим берүү сапатын жана кафедранын жаш окутуучуларынын иш тажрыйбаларын жогорулатуу максатында Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университеттеринин химия факультеттери менен байланышып, тажрыйбалуу педагог-окумуштууларын (хим. илим. канд., доц. Бообекова С., хим. илим. канд., доц. Алиева К.М., биол. илим. канд., доц. Кравцова М.Т. – КУУ; хим. илим. канд., доц. Сартова К. – И. Арабаев атындагы университет) лекция окууга чакырып, илимий-методикалык жактан байланыш түзгөн.

2001-жылы министрлик тарабынан келген атайын комиссия университеттин студенттеринин билим сапатын текшерүү максатында философия, тарых, экономика, химия, математика, физика предметтеринен тест алып, жыйынтыгын чыгарганда «Химия» адистигинде окуган студенттер алдыңкы орунду ээлешкен.

Университетте «Химия», «Биология» адистиктерине – химия, аналитикалык химия, органикалык эмес синтез, атомдук-абсорбциялык анализ, химиядан эсеп чыгаруунун методикасы, ал эми «Электроэнергетика», «Жол кыймылынын коопсуздугун уюштуруу», «Айлана-чөйрөнү коргоо», «Айыл-чарба продукциясы» адистиктерине – химия, органикалык эмес химия, органикалык химия предметтеринен лекция окуп, практикалык жана лабораториялык иштерди өткөрүп, аталган предметтер боюнча лабораториялык иштерди аткаруунун көрсөтмөлөрүн жазып чыккан.

Студенттердин терең билим алуусун жана химия адистигин өз деңгээлинде өздөштүрүүсүн камсыз кылуу максатында «Методическое руководство к лабораторным занятиям по неорганической химии», «Методическое руководство к решению задач по неорганической химии» жана Ж.Баласагын, И. Арабаев атындагы университеттердин доценттери менен биргелешип «Жалпы жана органикалык эмес химия боюнча тесттердин жыйнагы», «Нуклеофилдүү орун алмашуу реакциялары» аттуу методикалык көрсөтмөлөрдү жана окуу куралдарын жазып, жарыкка чыгарды. 36дан ашык илимий жана методикалык эмгектери Россия, Прибалтика, Казахстан, Орто Азия Республикаларында жарык көргөн.

Жыл сайын университеттин бүтүрүүчү студенттеринин дипломдук иштерине жетекчилик кылат. Дипломдук иштердин темалары Нарын регионунда өстүрүлгөн картошкадан крахмал, алабата өсүмдүгүнөн самын, кызылчадан кант алууга жана химиялык энергияны электр энергиясына айландырууга, тактап айтканда лабораториялык шартта батарейка жасоого арналган. Тынбай аракет жасоонун натыйжасында жогоруда аталгандар иш жүзүндө алынып, университеттин 9 жылдык юбилейинде көрсөтүлгөн. Университеттин 15 жылдыгына карата өткөрүлгөн (5-апрель, 2011-ж.) студенттик илимий-практикалык конференцияда И.Турдалиев жетектеген биология адистигинин 5-курсунун студенти Мамбетказиева Гүлнура - биринчи, Жапарова Гүлүмжан - төртүнчү байгелүү орундарды ээлешкен.

Нарын облусунун химик, биолог мугалимдерине химия предметинен лекция окуп, методикалык жардамдарды көрсөтөт.

1997-жылдан 2012-жылга чейинки аралыкта 11 жолу облустук олимпиаданын химия предмети боюнча комиссиясынын төрагасы болгон.

Химия адистигинде окуган студенттердин маданиятын, чыгармачылыгын жогорулатуу максатында университеттик масштабда Химиктер күнүнө карата студенттик кечелерди уюштурган жана өткөрүлгөн кечелердин программаларынын негизинде «Химиктер ырдашат» аттуу китепче жазган.

1996-2010-жылдары Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы жана облустук билим берүү башкармалыгынын, Нарын райондук жана шаардык администрациясынын, университеттин грамоталары менен сыйланган. 1998-жылы «Кыргыз республикасынын агартуусунун отличниги» наамын алган. 2009-жылы коомдук пикирдин жана эл арасында өткөрүлгөн социалдык изилдөөнүн негизинде «Жылдын мыкты мугалими» деген наамга ээ болуп, «Теңир-Тоо» гезитине чыккан. 2010-жылдан баштап табигий илимдер дициплиналар кафедрасынын башчысы.

Илимий эмгектери

1. Paramagnitic centers in Hirrabliated LiH_2PO_4 single crystals. // Phys. Stat sol.(B)120. 1990.
2. Спектры ЭПР и электропроводность облученных кристаллов KH_2PO_4*$KHSO_4$ и KH_2PO_4*$KHSO_4$: Cu^{2+}. // 1 Региональная конференция Средней Азии и Казахстана по радиационной физике твердого тела .Самарканд, 1991.
3. Методическое руководство к лабораторным занятиям по неорганической химии. (методическое руководство). // Нарын, 2000.
4. Жалпы жана органикалык эмес химия боюнча тесттердин жыйнагы. (окуу куралы). // Нарын. 2003.
5. Нуклеофилдүү орун алмашуу реакциялары. (окуу куралы). // Бишкек, 2006.

Турдугулов Али Турдугулович

педагогика илимдеринин доктору, доцент

1961-жылдын 13-августунда Наманган облусунун Касан-Сай районунда туулган. Ала-Бука районунун Жой-Белент мектебин 1979-жылы бүтүргөн. 1979-80-жылдары Советтик армияда кызмат кылган. 1981-1987-жылдары Кыргыз мамлекеттик



университетинин филология факультетинен окуган. 1987-1988-жылдары Чаткал районунун Шакафтар поселогунун мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштеген. 1989-1992-жылдары Москва шаарында аспирантурада окуган. 1992-1996-жылдары Кыргыз билим берүү институнда ага илимий кызматкер болуп иштеген.

1995-жылы «Акындар поэзиясын үйрөнүү методикасы» деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон. 1992-жылы «Эл агартуунун отличниги», 1999-жылы Кыргыз республикасынын Ардак грамотасы сыйлыктары менен сыйланган. 1996-жылдан баштап 2006-жылга чейин Нарын мамлекеттик университетинин филология факультетинде декан, профессордун милдетин аткаруучу болуп иштеген.

Негизги эмгектери: «Төкмө ырчылар менен жазгыч акындардын мурасын үйрөнүү» 183 бет (Кыргызстан Сорос фонду сыйлыкка ээ кылып, 1996-жылы чыгарган). «Адабияттаанууга киришүү» 105 бет, 1996-жылы, «Педагогическая практика» 180 бет, 1998-жылы, «Көркөм сөз өнөрү» (VIII-класс үчүн окуу китеби, 227 бет) С.Мусаев менен авторлошуп 2000-жылы жазган.

“Көркөм адабияттын мазмуну жана формасы”, “Адабият менен искусствонун көп кырдуулугу”, “Классикалык кытай поэзиясы”, “Көркөм адабияттын эстетикалык табияты”, “Антика доорунун адабий-теориялык жана эстетикалык окуулары”, “Коомдук саясий жана социалдык тема акындык поэзияда”, “Акындык поэзиянын объектисинде – тарыхый инсандар”, “Мамлекеттүүлүк идеялары акындык поэзияда” жана Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Калыгул, Арстанбек, Барпы, Жеңижок, Казыбек сыяктуу классиктердин мурастары боюнча ондогон макалаларды жарыялаган. 75 илимий макаласы жарык көргөн. “Кыргыз классикасы” (Адабий мурас - руханий дөөлөт башатында) деген 368 беттен турган китеби 2005-жылы жарыкка чыккан. Монографияда улуттук адабий мурастардын классикалык үлгүлөрүнүн теориялык жана методологиялык айрым маселелери талдоого алынат. Ал мурастарда лекция жана семинардык сабактарда талдоонун стандарттык эмес формалары, жолдору сунуш кылынат. Китеп жогорку окуу жайларынын филолог-студенттерине арналат. 2011-жылы 21-январда “Акындык поэзиянын көркөм эстетикалык табияты” деген темада докторлук ишин жактаган.

Илимий эмгектери

1. Адабияттаануу илимине киришүү. Филология факультетинин 1-курсунун студенттери үчүн окуу куралы. НМУ, Нарын, 1996, 102 бет.

2. Төкмө ырчылар менен жазгыч акындардын чыгармачылыгын окутуу. Монография. КР Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен // "Кыргызстан-Сорос" Фонду, Бишкек, 1996. 183 бет.

3. Эл акындарынын мурасын үйрөнүү. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы. //Бишкек, Кыргызстан, 1998. 10,08 б.т.

4. Кыргыз адабияты. Республиканын кесиптик лицейлеринин окуучулары үчүн окуу китеби. Чымырбаев А. менен бирдикте. Бишкек, Кыргызстан-Хелветас, 1998. 10,05 б.т.

5. Көркөм сөз өнөрү. Орто мектептин VIII классы үчүн кыргыз адабияты боюнча китеби. С.Мусаев менен бирдикте. КР Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен. Бишкек: "Технология", 1999, 2001,2003, 2005. 28,15 б.т.



Чекирова Гульмира Кожобековна

педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу

Ысык-Көл облусунун Түп районунун Түп айылында 1969-жылдын 27-октябрында төрөлгөн. Түп районунун Михайловка айылындагы Т.Шевченко атындагы орто мектепти 1987-жылы аяктаган. 1992-жылы Ысык-Көл мамлекеттик педагогикалык институтунун физикалык факультетин ийгиликтүү бүтүргөн. 1992-жылы Нарын шаарындагы №2 В.Чкалов атындагы орто мектепте физика жана информатика мугалими болуп эмгек жолун баштаган.

1999-жылы Нарын мамлекеттик университетинин "Педагогика жана психология" кафедрасынын ага лаборанттык кызматына кабыл алынат. 2000-жылдан баштап "Маалыматты иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары" кафедрасынын окутуучусу, ага окутуучусу. 2002-2005-жылдары – кафедранын изденүүчүсү. Бул жылдары электрондук окуу куралдарын, электрондук окуу-методикалык комплекстерин иштеп чыгуу жана мектеп практикасына киргизүү боюнча илимий изилдөө иштерин жүргүзгөн. 2005-2008-жылдары Нарын мамлекеттик университетини

аспирантурасын ийгиликтүү бүтүргөн. 2009-жылы "Негизги мектепте физика боюнча электрондук окуу-методикалык комплексинин дидактикалык негиздери" аттуу темадагы диссертациялык ишин ийгиликтүү коргоп, 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы (физика) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алган. Бул тема боюнча 14 илимий эмгеги жарык көргөн.

Ошол эле учурда 2001-2010 жылдары Нарын шаарындагы №2 Чкалов атындагы орто мектепте физика жана информатика мугалими болуп иштөөнү уланткан. Илимий изилдөөсүнүн жыйынтыктарын өндүрүшкө киргизүүгө аракет кылып, өзү иштеп чыккан "Физика боюнча электрондук окуу-методикалык комплекси" мектептеги сабактарда ийгиликтүү колдонгон. Бул комплекстин окуунун сапатын көтөрүүгө тийгизген жагымдуу таасири белгиленген.

Ал "Маалыматтык базалар жана аларды башкаруу системалары", "Маалыматты иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системаларын долбоорлоо", "Маалыматтык технологиялар" курстары боюнча лекцияларды жана лабораториялык сабактарды алып барат. Өзүнүн билим деңгээлин жана квалификациясын тынымсыз жогорулатууга аракеттенет. Жоопкерчиликтүү, тыкан, адамдар менен тил табыша билет. Спорттук жана коомдук иш-чараларга активдүү катышат. Спорттук мелдештерге активдүү катышкандыгы үчүн бир нече жолу сыйлыктарга ээ болгон.

Чекирова Гульмира Кожобековна Нарын мамлекеттик университетинин бир нече Ардак грамоталары менен сыйланган, 2005-жылы Нарын мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы, 2006-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы, 2008-жылы Кыргыз Республикасынын жаш окумуштуулар кеңешинин Ардак грамотасы жана 2010-жылы Нарын шаардык мэриясынын Ардак грамоталары менен сыйланган.

2010-жылдан баштап "Маалыматтык технологиялар" кафедрасынын башчысы болуп эмгектенүүдө.

Илимий эмгектери

1. Электронная версия учебника по физике для 7 класса на кыргызском языке. // Бишкек: Кыргызпатент,2002. - Свидетельство №24 (в соавторстве).

2. Электронная версия учебно-методического комплекса по физике. // Бишкек: Кыргызпатент, 2003. - Свидетельство №57 (в соавторстве).

3. Электронный учебно-методический комплекс по физике. // Вестник Челябинского государственного педагогического университета. Челябинск , 2005. - №3. – С. 352-357. (в соавторстве).

4. Электрондук окуу-методикалык комплекстин дидактикалык негиздери. // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2009. - №3. -132-135-бб.

5. Роль и место электронного учебника в педагогической системе. // Наука, образование и техника. Ош, 2009. -№ 1 (2), С. 72-73.



Чолпонбаев Азисбек Карыбекович

филология илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу

1970-жылдын 30-сентябрында Нарын шаарында төрөлгөн. 1987-жылы Нарын шаарындагы М.Сыдыков атындагы №7 орто мектепти аяктап, Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы факультетине тапшырган. 1988-1989-жылдары Советтик Армиянын катарында аскердик милдетин өтөгөн. 1995-жылы жогорку окуу жайдын толук курсун аяктап, филолог-окутуучу квалификациясына ээ болгон.

1995-жылдын сентябрында Чүй университетинде кыргыз тили жана адабияты окутуучусу болуп эмгек жолун баштаган. 1997-жылдын 1-сентябрында Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасына окутуучулук кызматка кабыл алынып, ошол мезгилден бери Нарын университетинде эмгектенип келет. 1999-жылы ага окутуучу, 2000-2007-жылдары филология факультетинин деканынын сырттан окуу бөлүмү боюнча орун басары, 2009-жылдан баштап НМУнун Окуу башкармалыгынын башчысы, “Кыргыз тили жана адабияты” кафедрасынын доцентинин милдетин аткаруучу болуп иштейт. 2000-2004-жылдары НМУнун студенттик “Башат” гезитин уюштурууга катышып, гезиттин редактору болуп иштеген. 2002-жылы ноябрь айында Санкт-Петербургда өткөрүлгөн журналистикалык багыттагы эл аралык илимий-практикалык конференцияга “Сорос-Кыргызстан” фондусунун гранты менен катышып келген. 2008-2009-жылдары Европа биримдигинин гранты менен Түркиянын Анадолу университетинде он айлык илимий стажировкада болуп келди.

2001-жылы июнь айында КР УИАнын Тил илими институтуна изденүүчү болуп кирип, илимий изилдөөсүнүн темасы бекитилген. “Кыргыз тилиндеги объектилик катыштын семантикалык-структуралык өзгөчөлүктөрү” деген темадагы кандидаттык диссертациясын 2007-жылдын 16-июнунда ийгиликтүү коргоп, филология илимдеринин кандидаты илимий даражасына ээ болгон. Илимий жетекчиси – филология илимдеринин доктору, КР ИУАнын мүчө-корреспонденти, профессор Турсунов Аскар Турсунович.

Чолпонбаев А.К. окутуу-тарбиялоо иштеринде, уюштуруучулук иштердеги, илимий-изилдөө иштеринде үлгүлүү, жоопкерчилик менен аткарган эмгеги үчүн бир нече жолу Нарын мамлекеттик университетинин, Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын, Билим берүү жана илим министрлигинин, “Кыргыз тил” коомунун сыйлыктарына арзыган.

Илимий эмгектери

1. Сүйлөө чеберчилиги. 1-бөлүк. Кеп маданияты. Жогорку окуу жайдын студенттери үчүн окуу куралы. Бишкек, 2002.

2. Биз эмнеге кыргызча сүйлөбөйбүз? // “Эркин Тоо” гезити, 2005-жыл, 15-март.

3. Синтаксистик катыштар жана алардын сүйлөмдүн семантикалык структурасындагы орду. // Кыргыз тили жана адабияты. ЫМУ. Каракол, 2005, №9.

4. Балаңызды эмнеге кыргыз мектепке бересиз? // “Кутбилим” гезити, 2006-жыл, 24-октябрь.

5. Синтаксистик семантиканын XX кылымдагы өнүгүшү. // Социальные и гуманитарные науки. №2. Бишкек, 2006.



Чоробаева Нарынгүл Абдыкалыковна

филология илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу

Чоробаева Нарынгүл Абдыкалыковна 1964-жылы 15-апрелде Нарын шаарында кызматчынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1981-жылы Нарын шаарындагы №4 Ленин атындагы орто мектепти аяктап, ошол эле жылы Кыргыз Улуттук университетинин чет тилдер факультетинин англис тили адистигине

тапшырган. Эмгек жолун 1986-жылы университетти аяктагандан кийин Нарын шаарындагы Ленин атындагы орто мектепте мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1991-1996-жылдарда Нарын шаарындагы К.Мамбетакунов атындагы педагогикалык окуу жайында иштеген. 1997жылы Нарын мамлекеттик университетине окутуучулук кызматка кабыл алынган. 1998-жылы Нарын мамлекеттик университетинин чет тилдер кафедрасынын башчысы болуп дайындалган.

2001-жылы Кыргыз Улуттук Илимдер академиясынын академиги, профессор Сыдыков Жеңиш Кадыралиевичтин жетекчилиги астында «Кыргыз, орус, англис тилдериндеги зат атоочторду салыштырма-типологиялык жактан изилдөө» аттуу темада кандидаттык диссертациясын жактаган. Нарын университети уюшулганы эң биринчи болуп кандидаттыгын жактаган адис.

Бул кандидаттык изилдөөнүн мааниси бир сөз түркүмүнүн бир гана грамматикалык категориясын эмес, зат атоочтун бардык грамматикалык категорияларынын жалпы системаларын үч тилдин материалдарынын негизинде салыштырып изилдөө менен шартталган.

Зат атоочтун айрым маселелери кыргыз-орус тилдериндеги типологиялык багытта изилденген эмгектерде каралган. Бирок, аталган эмгектерде зат атоочтордун грамматикалык категориялары толугу менен изилдөөгө алынган эмес. Ошондуктан бул эмгекте алгачкылардан болуп, типологиялык системалык-грамматикалык планда зат атоочтун бардык категориялары үч тилдин материалдарынын негизинде изилденген.

Нарынгүл Абдыкалыковна факультетте «АКШ өлкөсүн таануу», «Британия таануу», «Reading/writing», «Англия адабияты» дисциплиналарынан студенттерге лекция окуп, семинардык сабактарды өткөрөт.

Факультеттин деканы катары Нарынгүл көп иштерди жасап, университетте алдыңкы факультеттердин бири болгонго өз салымын кошуп келет. Студенттер англис, орус, кыргыз тилдеринде өткөн республикалык масштабдагы семинар, конференция, дебат, КВНдерге катышып, дайыма 1-2-орундарды ээлешет. Факультеттин ичинде окутуучулар жана студенттер ортосунда кызыктуу семинарларды, жумалыктарды өткөрөт. Тилдер факультетинин ондогон бүтүрүүчүлөрү жеке эле Нарын облусу, Кыргызстан эмес, чет өлкөлөрдө да иштөөдө. Сапат маселесине да англис тили кафедрасын жетектегенден бери эле көңүл буруп келе жатат. Нарынгүл мындан сырткары мугалимдердин жана студенттердин илимий жетекчиси.

Өз кесибин талыкпастан аркалап, эмгектенүүнүн негизинде 1999-жылы Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланып, 2004-жылы «Эл агартуунун отличниги» наамына ээ болгон.

Факультетте Нарынгүлдүн жетекчилиги астында англис тилинде «Шекспир театры», «Дебат» клубу, поэзия сүйүүчүлөрүнүн кружогу иштейт. Англис тилинде ай сайын «Universus» гезити чыгып турат. Чет элдик волонтерлор менен болгон иштердин негизинде студенттердин чет тилине болгон кызыгуусу жыл сайын артып барат, алар жеке эле сабак бербестен, жогорку кружокторду алып барууда да көп эмгек сиңиришет. Мындан сырткары чет өлкөдөн келген ар бир мейман факультетке келип таанышып, лекция окуп, семинардык сабактарды өтүп кетишет.

Илимий эмгегин мындан ары өнүктүрүү үчүн Нарынгүл 2005-2006-окуу жылында илимдин докторлорунун, кандидаттарынын Америка Кошмо Штаттары каржылаган «Фулбрайт» программасынын женүүчүсү катары өзүнүн илимий изилдөөсүн Америкада улантып келди.

2004-2005-окуу жылдары университеттин чет тилдер факультетинин, 2007-2008 окуу жылы тил илимдер факультетинин деканы болуп шайланган.

2008-жылынын март айында Түркия мамлекетинин Себат билим берүү системасынын чакыруусу менен бул мамлекеттин жогорку окуу жайларында билим берүү системасынын иши менен таанышып, тажрыйба топтоп келди. 2008-жылы октябрь, ноябрь, декабрь айларында АКШнын АЙРЕКС «Жогорку окуу жайларынын жетекчилерин колдоо» программасынын 2008-жылдагы бүтүрүүчүсү.

Илимий эмгектери

1. Грамматикалык таблицалар жана кырдаалдуу сүрөттөр. 5-6 класстар үчүн. Нарын, 2000.
2. Методическая разработка для студентов 4-5 курсов по Литературе Англии. Нарын 2003.
3. Учебник по «разговору» для студентов 1-3 курсов иностранного факультета НГУ.
4. Manual for English teachers and students on Academic Writing
5. Кыргыз, орус жана англис тилдериндеги зат атоочторду салыштырма-типологиялык жактан изилдөө (монография).



Шерматов Сагынбек Макелецович

Ветеринария илимдеринин кандидаты, доцент

Нарын облусунун Тянь-Шань районунун Жерге-Тал айылында 1959-жылы туулган. 1966-1976-жылдары Ак-Талаа районуна караштуу Тилектеш орто мектебинде билим алган. 1982-жылы академик К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл-чарба институтунун ветеринария факультетин аяктап, «Ветеринардык дарыгер» кесибине ээ болгон. 1983-1985-жылдары Кыргыз республикасынын башкы ветеринардык башкармалыгында эмгектенген. 1985-жылы Н.Э.Бауман атындагы Казань мамлекеттик ветеринардык институтунун аспирантура бөлүмүндө «Айыл-чарба малдарынын гигиенасы (зоогигиена)» адистиги боюнча билим алып, «Чөйрөнүн төмөнкү температуралык шарттарында жаш музоолордун термогенезинин, зат алмашуусунун жана табигый туракгуулугунун өзгөчөлүктөрү» деген аталыштагы диссертациялык илимий ишин ийгиликтүү коргоп, «ветеринария илимдеринин кандидаты» илимий даражасына ээ болгон. 1988-1992-жылдары Кыргыз ветеринардык илим-изилдөө институтунда илимий кызматкер, улук илимий кызматкер, 1992-1997-жылдары академик А.А.Волкова атындагы республикалык ветеринардык өндүрүштүк лабораториясынын директорунун орун басары, ветеринардык-санитардык экспертиза бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. Бул жылдары Германия мамлекетинде жана Москва шаарындагы молекулярдык биология институнда илимий-практикалык билимин өркүндөткөн. 1997-жылдан бери Нарын мамлекеттик университетинде эмгектенүүдө. Экология жана технологиялар кафедрасынын башчысы (1998), Агрардык-техникалык факультеттин деканы (2006). 64 илимий жана окуу-методикалык эмгектердин автору. Илимий эмгектери айыл-чарба малдарын багуу технологияларына, канаттуулардын экологиясына, митечилик менен жашоочу жалпак курттардын биологиялык жана экологиялык өзгөчөлүктөрүнө арналып, Швейцария, Германия, Австрия, Чехия, Латвия, Россия, Украина, Белоруссия жана Казакстан мамлекеттеринде жарык көргөн. Азыркы учурда Мансап борборунун директору.

Илимий эмгектери

1. Klinisch-physiologische Merkmale von Kalben unter offener individueller Haltung Kazan, Russische Federation, 1990. S. 3-7.

2. Паразитоценозы жвачных животных в условиях высокогорья аридной зоны //Проблемы современной паразитологии. Санкт-Петербург, 2003. с.189-191.

3. Некоторые материалы по экологии наземных моллюсков на пастбищах Внутреннего Тянь-Шаня. //Биоразнообразия и роль зооценоза в естественных и антропогенных экосистемах. Днепропетровск, 2003. с.181-182.

4. Ecological and parasitological analysis in the conditions of highland pastures //NEOBIOTA – From Ecology to Conservation. Vienna (Austria), 2006, p. 240.

5. Ecological monitoring of highland pastures in the Kyrgyz Republic //NEOBIOTA: Towards a Synthesis. Praque (Czech Republic), 2008, s. 244.



Эгимбаева Жаңыл Болотхановна

педагогика илимдеринин кандидаты,
доценттин милдетин аткаруучу

Эгимбаева Жаңыл Болотхановна 1963-жылы 8-октябрда Нарын облусуна караштуу Кочкор районунда жумушчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1971-жылы Кочкор районундагы Калинин атындагы орто мектебине кирип, 1981-жылы мектепти аяктаган. Эмгек ишмердүүлүгүн 1981-жылы Кочкор районундагы Семиз-Бел атындагы 8 жылдык мектебинде ага пионердик жетекчи болуудан баштаган.

1982-жылы КМУнун чет тилдер факультетинин студенти болуп, аталган университетти 1987-жылы ийгиликтүү аяктаган. Ушул эле жылдын сентябрь айынан баштап Тянь-Шань районунун Жаңы-Талап айылындагы А.Табалдиев атындагы орто мектепте англис тили мугалими болуп эмгек жолун баштаган.

Бишкек шаарындагы мугалимдердин билимин жогорулатуу борборунун курсуна 1988-жылдын сентябрь-октябрь айларында өтүп, күбөлүккө ээ болгон. А.Табалдиев атындагы орто мектепте 1995-жылга чейин 1-категориядагы мугалим болуп эмгектенип, 1995-жылы февраль айында Нарын шаарында өткөрүлгөн облустук «Жыл мугалими» конкурсуна катышып, байгелүү 2-орунга ээ болуу менен жогорку категориядагы мугалим деген наамга ээ болгон.

1996-жылы, Нарын мамлекеттик университетинин ачылган күнүнөн баштап, университеттин тилдер кафедрасында ассистент, 1997-жылы ага окутуучу болуп эмгектенген. 1999-2004-жылдары чет тилдер кафедрасынын башчысы, 2004-2008-жылдары англис тили жана адабияты кафедрасында ага окутуучу, 2008-жылдан бери кафедра башчысы болуп кызмат өтөп жатат.

Университетте студенттерге татыктуу билим жана тарбия берүүдө көрсөткөн ийгиликтери эске алынып, Нарын шаардык мэриясынын жана Нарын мамлекеттик университетинин бир нече Ардак грамоталарына ээ болгон. Ошону менен бирге «Эл агартуусунун отличниги» төш белгиси менен сыйланган.

Чет тилдерин окутуп үйрөтүүнүн инновациялык методдоруна арналып уюштурулган Борбордук Азия университетинин «Форум» мугалимдер ассоциациясынын бир нече семинарларына активдүү катышуу менен сертификаттарга ээ болгон.

Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы Мугалимдердин билимин жогорулатуу борборундагы чет тили секциясында 1997-жылдан 2007-жылга чейин англис тили боюнча курстун мугалимдерине лекция, семинарларды өткөн.

Нарын мамлекеттик университетинде талыкпай эмгектенүү менен бирге илимий изилдөөчү катары изилдөө ишин 1997-жылы апрель айында баштаган. Илимий жетекчиси болуп педагогика илимдеринин кандидаты, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин доценти А.А.Алимбеков бекитилген.

Изилдөө ишинин темасы: «Жогорку окуу жайларынын техникалык адистиктериндеги студенттердин гуманитардык билимдерге карата баалуулук мамилесин калыптандыруунун дидактикалык шарттары (чет тилинин мисалында)». Аталган илимий изилдөө ишинин актуалдуулугу – болочок инженерлердин гуманисттик багытталгандыгын шарттоочу билимдердин, анын ичинен чет тилинин баалуулугун ачып көрсөтүү, рефлексиялоо жана инсандык маанисинде кабыл алуу механизмине негизделген оптималдуу каражаттарды негиздөө менен инсандык-интеллектуалдык деңгээлин жогорулатуу болуп эсептелет.

Илимий изилдөө иши боюнча эң алгачкы макалалары 2000-жылы Кыргыз билим берүү институтунун «Окутуу жана тарбиялоонун орчундуу маселелери» аттуу макалалар жыйнагында жарык көргөн. Андан тышкары Нарын мамлекеттик университетинин, Кыргыз техникалык университетинин, Кыргыз мамлекеттик И.Арабаев университетинин, чет өлкөлүк университеттердин макалалар жыйнактарында, журналдарына илимий макалалары басылып чыгарылган.

Илимий эмгектери

1. Формирование у будущих инженеров ценностных ориентаций в вузах КР на материале изучения иностранного языка. // Вестник КазГУ им. Аль-Фараби. Серия: Педагогические науки. – Алмата, 2005. №1 – С. 59-65.

2. Технология формирования у будущих специалистов ценностно-смыслового отношения к гуманитарному компоненту профессионального образования. // Известия КГТУ им. И.Раззакова, том 1, №9. – Бишкек, 2006. С. 102-106.

3. Инженердик-техникалык адистиктеги студенттердин чет тилин окутуу процессине баалуулук мамиле кылуусун калыптандыруу өбөлгөлөрү. // Техника и технологические науки. Том 1. №1. – Бишкек, 2006. – С. 215-217.

4. НМУнун техникалык адистиктеринин студенттерине билим берүүдө гуманитардык компоненттерге дөөлөттүк мамилени калыптандыруунун системасы. // Известия вузов. – Бишкек, 2006. №1, 2. – С. 229-231.

5. Основные факторы и мотивы развития у старшеклассников интереса к профессию учителя иностранных языков. // Актуальные вопросы обучения и воспитания: Сб. Вып. №5. - КАО. – Бишкек, 2001. стр-118-123.



Эсеналиева Гүлжамал Өмүракуновна

тарых илимдеринин кандидаты,
доценттин милдетин аткаруучу

Эсеналиева Гүлжамал 1974-жылы 22-майда Нарын районуна караштуу Жан-Булак айылында туулган. 1981-1991-жылдары А.Жутакеев атындагы орто мектепте билим алган.

1991-1996-жылдары КМУнун тарых факультетинин күндүзгү окуу бөлүмүнүн толук курсун бүтүрүп, тарых жана коомдук илимдер боюнча окутуучу квалификациясына ээ болгон.

1996-1998-жылдары КМУнун алдындагы магистратураны (ЦМАНОП) аяктап, магистр даражасына ээ болгон.

Эмгек жолун 1998-жылдан И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин сырттан окуу институтунун гуманитардык дициплиналар факультетинде окутуучу болуп иштөө менен баштаган.

2000-жылы Нарын мамлекеттик университетинин юридикалык факультетинин Философия жана социалдык илимдер кафедрасына ага лаборанттык кызматына кабыл алынган. 2002-жылы Тарых кафедрасына окутуучулук кызматка которулган. 2003-2004-окуу жылдары юридикалык факультеттин окуу иштери боюнча декандын орун басары болуп иштеген. 2004-2006-жылдар аралыгында тарых факультетинин деканы болуп эмгектенген. 2006-2007-окуу жылдарында тарых жана философия кафедрасынын кафедра башчысы, 2007-2009-окуу жылдары маалыматтык технологиялар, экономика жана башкаруу факультетинин окуу иштери боюнча декандын орун басары болуп иштеген.

2009-жылы 07.00.02 – «Ата-Мекендин тарыхы», 07.00.09 – «Булактаануу, тарыхнааме жана тарыхты изилдөөнүн методдору» адистиктери боюнча «Кыргыздардын жана Кыргызстандын орто кылымдардагы тарыхын изилдөөдө Өмүркул Караевдин кошкон салымы» деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Илимий жетекчиси – тарых илимдеринин доктору, КР УИАнын мүчө-корреспонденти, профессор Осмонов Өскөн Жусупбекович. 2010-жылы апрелде Улуттук аттестациялык комиссиянын чечими менен тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы ыйгарылган.

Билим берүүдөгү үзүрлүү эмгеги үчүн Нарын мамлекеттик университетинин Ардак грамотасы менен (3 жолу), Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы менен сыйланган. Нарын мамлекеттик университеттеринин алдында тренингдик лабораторияларды, координациялык борборлорду уюштурган (Проект ПИКС, ЮСАИД, ЮНИСЕФ, Сорос-Кыргызстан, ПРООН ж.б.), эл аралык уюмдардын тренинг-семинарларына активдүү катышуу менен бир нече тренердик сертификатка ээ болгон.

Эсеналиева Гүлжамал окуу процессинде бир нече окуу-методикалык комплекстерди (силлабус) түзгөн. Мисалы:

- Алгачкы коомдун тарыхы,
- Байыркы Чыгыштын тарыхы,
- Орто кылымдардагы Азия жана Африка өлкөлөрүнүн тарыхы,
- Түштүк, батыш славяндардын тарыхы,
- Россиянын тарыхы,
- Кыргызстандын тарыхы,

- Орто кылымдардын тарыхы (Европа) ж.б.

Аталган окуу-методикалык комплекстер заманбап технологияларды колдонуу менен жасалып, ичине лекциялардын толук курсун, семинардык сабактардын өткөрүүнүн интерактивдүү методдорун, студенттин өз алдынча иштеринин тематикасы жана аткаруунун түрлөрү киргизилип, андан тышкары ар бир лекция тиешелүү слайддар менен жабдылган. Слайддар ошол доордун өзгөчөлүгүнө жараша видеолор менен коштолгон. Ошондой эле университеттин алдындагы Мугалимдердин билимин жогорулатуу борборунун тарых жана коом таануу мугалимдерине тарых сабагынан лекция окуп, методикалык жардамдарды көрсөтөт.

15ке жакын илимий макаланын жана алты окуу методикалык колдонмонун автору.

Илимий эмгектери

1. Средневековая история кыргызов и Кыргызстана в исследованиях Омуркула Караева // Материалы международной научно-практической конференции. – Тараз, 2007. – С. 25-30.

2. Кыргызы и казахи Моголистана в исследованиях О.Караева. // Отан тарихи. – Алматы, 2008. – № 4. – С. 139-145.

3. Проблемы истории кыргызов и Кыргызстана в исследованиях Омуркула Караева // Вопросы истории Кыргызстана. – Бишкек, 2008. – №3. – С. 29-43.

4. Кыргыздардын жана Кыргызстандын орто кылымдардагы соода байланыштары, чарбалык турмушу Ө.Караевдин изилдөөлөрүндө // Вопросы истории Кыргызстана. – Бишкек, 2009. – №3. – С. 74-81.

5. С.Нааматовдун кыргыз тарыхындагы орду. // Известия вузов. – Бишкек, 2010. – №2

Эшиев Асылбек Мирзатиллаевич

филология илимдеринин кандидаты, доцент

Ош облусунун Ноокен районуна караштуу Сакаады айылында 1957-жылдын 3-май айында туулган.

13.00.02 – кыргыз тилин окутуунун методикасы адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын жактап, 1996-жылы педагогика илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражага ээ болгон. 2007-жылы Кыргыз республикасынын Улуттук аттестациялык

комиссиясынын чечими менен доценттик окумуштуулук наам ыйгарылган.

1996-жылдан 1998-жылга чейин Нарын мамлекеттик университетинде Тилдер кафедрасынын башчысы болуп иштеген. 1997-жылдын октябрь айында үзүрлүү эмгеги үчүн Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Азыркы мезгилде Баткен мамлекеттик университетинин филология факультетинин деканы болуп иштеп жатат. Орто кылымдагы Түрк-Кыргыз педагогикасы боюнча илимий изилдөө иштерин жүргүзүп, натыйжада «Орто Түрк доорундагы педагогикалык ойлор» (2006-ж.) жана «Орто кылымдын Иран-Тажик жана орток Түрк поэзиясында интеграциялык процесстер: гумандуулук идеялары» (2007-ж.) деген монографияларды жазган.

Илимий эмгектери

1. Байланыштуу кеп курсу боюнча методикалык көрсөтмө жана текшерүү иштеринин темалары. // Нарын, 1997.
2. Грамматиканын материалдарын өздөштүрүүдө байланыштуу кепти өстүрүү маселелери. // Эл агартуу, №1-2, 1998, 15-21.
3. Евразийское геополитическое течение. // «Вестник» 2001/3 (5), (приложение к журналу «Наука и новые технологии»). Спец. выпуск: Проблемы национальной безопасности (1). Жалалабад, 2001. с.68-76
4. Орто кылымдык Кытай поэзиясындагы түрк темасы. // Эл агартуу, №5-6, 2006, 10-17.
5. Орто түрк доорунун поэзиясы жана тили. // Вестник, №1-2,ОшГу, 2006, 76-79.

УНИВЕРСИТЕТТИН КУРАМЫНДАГЫ ОКУУ ЖАЙЛАР ЖАНА БОРБОРЛОР

К .Мамбетакунов атындагы Нарын педагогикалык окуу жайы

1920-жылдан баштап Нарын жергесинде советтик билим берүү системасы орноп, сабатсыздыкты жоюу жана агартуу иши кеңири кулач жайып баштаган. 1930-жылдардын экинчи жарымында Кыргыз ССРинин өкмөтү тарабынан мектептеги окуучулардын жана жогорку окуу жайдагы студенттердин санын, сапатын жогорулатуу жана билимдүү кадрларды даярдоо максаты коюлуп, натыйжада жалпыга милдеттүү жети жылдык билим алуу талабы учурдун кечиктирилгис милдети катары коюлган. Коюлган агартуу иш чараларын чечүү үчүн, шарты катаал бийик тоолуу райондордо билим берүүчү адистердин санын көбөйтүү маселеси келип чыккан.

1939-жылы Кыргыз Республикасында 6 жогорку окуу жайы жана 33 техникум болгон. 1939-жылы Кыргызстан коммунисттик партиясынын борбордук комитети жана Кыргыз ССРинин өкмөтү бийик тоолуу райондордо чарбалык жана маданий курулуштарды күчөтүү боюнча бир катар токтомдорду кабыл алышкан. Тянь-Шань облусу боюнча токтомдо - облустун эмгекчилерине материалдык-техникалык жана маданий жактан жардам көрсөтүү, атайын кабыл алган иш-чараларды турмушка ашыруу жагы каралган. Мына ушул токтомдун негизинде 1939-жылы Нарын шаарында мугалимдерди даярдоочу окуу жай ачылган. Учурдун талабына ылайык бул окуу жай мугалимдерди даярдоонун эки жылдык институту болуп түзүлүп, агартуу майданында чоң салым кошкон.

Кыргыз элине таанымал Социалисттик эмгектин баатырлары: Кочкор районундагы Талаа-Булак орто мектебинин мугалими Көкөбай Мамбеталиев, Ат-Башы районунун Ак-Моюн орто мектебинин мугалими Апыш Койчуманов, Кыргыз эл жазуучусу Шүкүрбек Бейшеналиев жана акын Нинакан Жүндүбаева, окумуштуулар: Кыргыз улуттук илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти, философия илимдеринин доктору Асанбек Табалдиев, физика-математика илимдеринин доктору Дүрбөлөң Мамбетов, илимдин кандидаттары: К.Мамбеталиев, Т.Сыдыбаев, Д.Ырсалиев ушул окуу жайдан билим алышкан.

Нарын педагогикалык окуу жайынын бүтүрүүчүлөрү: Нарын районунун Эчки-Башы айылынан Өмүр Абдыкадыров, Эмгекчил айылынан А.Мааткеримов, Нарын шаарынан Карагул Мамбетакунов, Ак-Талаа районунан Ш.Молдогазиева билим берүү майданында эң жогорку чеберчиликке жетишип, сиңирген эмгектери үчүн Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими деген наамга ээ болушкан. Убагында окуу жайда Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген мугалимдер: Чолпонбек Жапаров, Мирапова А.Н эмгектенишкен жана окуу жайда 35ке жакын мугалимдер агартуу ишиндеги жетишкендиктери үчүн Эл агартуунун отличниги төш белгилерине ээ болушкан.

Нарын педагогикалык окуу жайы С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети ачылганга чейин көп жылдар бою Нарын облусун педагогикалык кадрлар менен камсыз кылган бирден бир окуу жайы болуп кызмат кылып келген жана бүгүнкү күндө дагы замандын талабына ылайык ишмердүүлүгүн улантып келет.

Азыркы учурда Нарын педагогикалык окуу жайы төмөнкү багыттар боюнча адистерди даярдайт:

1. Башталгыч класстын мугалими, кошумча адистиги – англис тили;
2. Башталгыч класстын мугалими, кошумча адистиги – көркөм өнөр жетекчиси;
3. Башталгыч класстын мугалими, кошумча адистиги – музыка мугалими;
4. Жалпы билим берүү мектептерде дене тарбия мугалими;
5. Жалпы билим берүү мектептерде информатика мугалими;
6. Мектепке чейинки билим берүү
7. Социалдык педагогика
8. Маданий социалдык ишмердүүлүк
9. Тарбия иштерин уюштуруу ишмердүүлүгү

Кабыл алуу күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмүндө контракттык жана бюджеттик негизде жүргүзүлөт. Окуу мөөнөтү 9-класстын базасында 3 жыл 10 ай, 11 класстын базасында 2 жыл 10 ай. Азыркы учурда педагогикалык кадрларды даярдоочу окуу жайда 40 окутуучу эмгектенет. Алардын 8 окутуучусу билим берүүнүн отличниги, 17 окутуучу жогорку, 9 окутуучу 1-категорияда. Илимий изилдөө иштери менен 3 окутуучу алектенет, алардын бардыгы Нарын мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрү.

1941-2011 жылдардагы окуу жайдын директорлору:

1941-1941 жж. Токонбаев Баталгазы, 1965-1957жж. Батый Сапарбаева, 1967-1970 жж. Мамбетакунов Кадырбай, 1971-1976 жж. Иманалиева Эркин, 1976-1993 жж. Кендирбаева Умсунай, 1993-1995 жж. Убалиева Лена, 1995-1997 жж. Кадыров Мукан, 1997-2004 жж. Жапарова Жыргал, 2004-жылдан бери Султаналиев Койчубек.

1965-2011-жылга чейинки окуу бөлүмүнүн башчылары:

1965-1967 жж. Акылбеков Өмүракун, 1967-1970 жж. Жамангулов Маданият, 1970-1981 жж. Хонжанов Илим, 1987-1983 жж. Жумабеков Б, 1983-1986 жж. Төлөкбаев Нарынбай, 1686-1995 жж. Кадыров Мукан, 1995-1996 жж. Жумалиева Сүйүн, 1991-1997 жж. Акишов Аскарбек, 1997-1998 жж. Тиленбаева Гүлнур, 1998-1999 жж. Сыдыков Кубан, 1999-2004 жж. Султаналиев Койчубек, 2004-жылдан бери Кадырова Жылдыз.



Нарын педагогикалык окуу жайынын мугалимдер жамааты:

Султаналиев К. директор, Кадырова Ж.. директордун орун басары, Мусаев К. окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, Дыйканбаева Н. методист. Мугалимдер: Сейдешова М., Макебаева Ж., Касымалиева В., Чоробаева Н., Болотбек кызы А..

Нурдөөлөтова Н., Жумалиева С., Шалпыкова Т., Торубаева М., Султанова К., Сыдыков К., Татыбекова М., Кудайбергенова Г., Бегалы кызы Чолпон, Өмүрканова А., Турганбаев Б., Сманбаеава Ч., Кадырбекова Э., Мамбеталиева Б., Тыналиева Ж., Келдикеева М., Жунусакунова А., Калмурза кызы А., Аскаров А., Асанова В., Султаналиева Г., Сыдыгалиева Б., Жумакадыр уулу Н., Аскалиева Г., Черикчиева А., Эсеналиева Г., Бекбосунов Р., Асек кызы Г., Султакаева Н., Мокеева А., Черикова Н., Абыкеева Р.

Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы мугалимдердин кесибин жогорулатуу жана адистерди кайра даярдоо борбору

Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы мугалимдердин билимин жогорулатуу жана адистерди кайра даярдоо Борбору мугалимдердин иш тажрыйбасын байытуу жана инновациялык ыкмаларды жайылтуу максатында иш жүргүзөт. Ошондой эле семинар-тренингдерди, тегерек-столдорду, конференцияларды уюштуруп, ар кыл темада конкурстарды өткөрүп, мектеп мугалимдери үчүн методикалык жардамдарды берет.

Борбор 1951-жылы 1-сентябрда Тянь-Шань облусунда педагогикалык окуу жайынын базасында эки жылдык мөөнөттө мугалимдерди даярдоо максатында Гоголь атындагы Мугалимдердин институту болуп ачылып, алгач анда 18 мугалим иштеп, 1953-жылы биринчи педагог бүтүрүүчүлөрдү даярдап чыгарышкан. Мугалимдер институтунун туңгуч директору И .В. Мусин болгон.

1974-жылы Тянь-Шань облустук мугалимдердин билимин жогорулатуу институту болуп кайрадан түзүлгөн. Бул мезгилде мугалимдерди 24 күндүк кесибин жогорулатуу боюнча курстардан өткөрүү ишин жүргүзгөн.

1980-жылдары институт Нарын облустук билим берүү башкармалыгы менен бириктирилип, Нарын облустук мугалимдердин кесибин жогорулатуу Борбору деп аталган. Борбор облустагы мектеп мугалимдери үчүн окуу-методикалык, педагогикалык жана алдыңкы тажрыйбаларды жайылтып, райондордо «Жылдын мыкты мугалими» аттуу кароо-сынактарды, билим берүү тармагы боюнча ар бир райондордогу семинарларды өткөрүп, мектептердеги окуу-тарбия иштеринин абалын көзөмөлдөөгө катышып келген. Бул мезгилде облустук билим берүү башкармалыгы менен бирдикте

лабораториялар, балдардын чыгармачыл борбору , жаш натуралисттер борбору, эксперименттик бөлүмдөр иштеген. Институтту Орунбүбү Жакеева жетектеген.

1989-жылдан баштап институтту Айтмамбет Чынгышев жетектеген. Бул жылдарда облустук билим берүү башкармалыгынын алдындагы окуу-методикалык борбордо ар бир предмет боюнча (мектеп курсундагы) кабинет башчылар, б.а. отузга жакын адам иштеген. Компьютердик класс, китепкана, жатакана, ден-соолукту чыңдоо профилактериясы болгон. Ушул мезгилде облустук мугалимдердин газетасы «Таалим» чыгарыла баштаган .

1991-жылы Нарын облустук мугалимдердин кесибин жогорулатуу Борбору облустук окуу-методикалык Борбору деп кайрадан түзүлүп, кызматкерлер конкурстун негизинде тандалып алынган.

1996-жылы облустук билим берүү башкармалыгынын карамагынан бөлүнүп университеттин структуралык бөлүмү катары түзүлүп, НМУнун алдындагы мугалимдердин билимин жогорулатуу жана адистерди кайра даярдоо Борбору болуп аталган. Бул борборду Конокбай Курманов жетектеген.

Борбордун ишмердигинин максаты: педагогикалык кызматкерлердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуу. Негизги милдеттери:

-региондогу билим берүү кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу;

-педагогикалык жана психологиялык багыттагы инновациялык ыкмалар, окутулуп жаткан предметтер боюнча жаңылануулар, ошондой эле өзгөрүүлөр менен тааныштырып туруу;

-алдыңкы педагогикалык иш тажрыйбаларды жайылтуу жана пропагандалоо;

-жаңы педагогикалык билимдерди жана окуу каражаттарын жайылтуу;

-басма сөз маалыматтары аркылуу макалаларды жарыялоо.

2008-жылга чейин 21 предмет боюнча 108 сааттык программа менен бир окуу жылында 420 мугалим курстан өтүү пландаштырылып ишке ашырылып келсе, 2009-окуу жылында сүрөт, чийүү, адеп, экономика предмети киргизилип, 24 предметтик курс пландаштырылып өткөрүлдү.

2011-жылы сентябрь айынан баштап 72 сааттык программага (эки жумалык) өтүп, бүгүнкү күндүн талабына жараша социалдык педагогика, мектеп директорлорунун курсу, музыка предмети боюнча курстар киргизилди. Ал эми кыргыз тили жана адабияты,

башталгыч билим берүү, математика, мектепке чейинки билим берүү, англис тили предметтери боюнча бирден курс кошумча киргизилип, бир жылда 36 курс өткөрүү белгиленип, облус боюнча 720 угуучу бир окуу жылынын ичинде билимдерин жогорулата алышат.



Солдон оңго карай: 1- катарда Турдубаева Ракыя, Турсуналиева Турдубүбү, Койчуманова Майрамбүбү, Мамбеталиев Жолдош (директор), Арунов Абдразак (мурдагы директор), Акиренова Райкан, Кадыралиева Кенже, Дөкөнов Райымкул. 2-катарда солдон оңго: Бусурманкулова Жаңыл, Турдубаева Ракыя, Асанбекова Осипа, Кыркаякова Кайыр, Молдарынова Алмагүл, Сыдыкова Гулнар, Чөндөшова Сокен.

Бүгүнкү күндө Борбордун директору Мамбеталиев Жолдошбектин жетекчилиги астында табият таануу кабинет башчысы Р.Акиренова, тил илими боюнча кабинет башчысы О.Асанбекова, педагогика кабинет башчысы К.Кыркаякова, көркөм өнөр боюнча кабинет башчысы Т.Турсуналиева, так илимдер кабинетинин башчысы Ж.Бусурманкулова, методисттер Р.Дөкөнов, М.Койчуманова, А.Арунов, К.Кадыралиева, Р.Турдубаева, А.Молдарынова, инженер-программист К.Чобиева, секретарь-референт Г.Сыдыкова эмгектенишет.

Борбордун кызматкерлери семинар-тренингдерге үзгүлтүксүз катышып, заманбап билим берүүдөгү жаңылануу багытында Азия Өнүктүрүү Банкы тарабынан окутулуп жаткан «Куррикулум», «Сапаттуу билим» (USAID) долбоору менен бирдикте иш алып барышып, облустун мугалимдеринин билим берүүдө жаңыча иш алып барууларына салымдарын кошуп жатышат жана БӨУ(бейөкмөт уюмдар) «Баястан», «Ала-Тоо өнүктүрүү борбору», QIZ (Германия эл

аралык программасы), Эл аралык өнүктүрүү боюнча АКШ агенттиги жана башка уюмдар менен тыгыз байланышта иштешүүдө.

Азия Өнүктүрүү банкынын колдоосу менен акыркы моделдеги 12 компьютер комплектиси жана башка окуу процессине пайдаланыла турган электрондук-техникалык каражаттары, (USAID) «Сапаттуу билим» долбоору тарабынан техникалык окуу каражаттары, Нарын университети тарабынан ремонт иштери жасалып, мебелдер менен жабдылган.

Келечекте улуттук баалуулуктарыбызды пайдаланып, маданий жүрүш-туруштун моделдерин калыптандыруу, улуттук нукта өркүндөтүү жана сакталышына өбөлгө түзүү максатында ар бир предмет боюнча кабинет башчылардын, методисттердин интернет булактары менен байланыш түзүп, Борборго тиешелүү китепканандын иштешине, окуу процессинин мазмунун мындан да жакшыртуу иштери жүргүзүлөт.

XX кылымдын 50-жылдарынан баштап бүгүнкү күнгө чейин Борбордун ишинин алга жылуусуна жетекчилик кылып, зор эмгектерин жумшаган инсандарыбыз:

И.В.Мусин	- 1951-ж.
Макелеев Дүйшөк Макелеевич	-1953-1956 ж.ж.
Жанбоев Конокбай Жанбоевич	-1970-1974 ж.ж.
Кендирбаева Умсунай Кендирбаевна	-1974-1976 ж.ж.
Жакеева Орунбүбү Жакеевна	-1976-1989 ж.ж.
Чыңгышов Айтмамбет Чыңгышович	-1989-1996 ж.ж.
Курманов Конокбай Курманович	-1996-1999 ж.ж.
Арунов Абдразак Арунович	-1999-2001 ж.ж.
Жаныгулов Кабылбек Ибраевич	- 2001-2008 ж.ж.
Мамбеталиев Жолдошбек Тезекбаевич	-2008- ж. баштап

Борбордун негизги стратегиялык иштеринин багыты: ар бир предмет боюнча мугалимдердин, мектепке чейинки балдар мекемелеринин тарбиячыларынын, китепканачылардын, мектеп директорлорунун, директордун орун басарларынын (окуу завучтары, тарбия завучтары) кесибин жогорулатууга усулдук жардам берүү.

Бүгүнкү күндө мектеп программасына ылайык бир окуу жылында 24 предмет боюнча 480ден ашык педагог-мугалимдер билимдерин жогорулатып, маалыматтык технологияларды колдонуу менен инновациялык кайра даярдоо иштери үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келе жатат.

Борбор курстун угуучуларына теория менен практиканы айкалыштырып, учурдагы педагогика-психологиянын алдыңкы жетишкендиктери менен таанышууга, окутуунун инновациялык

технологияларын үйрөнүүгө жана окутуп-үйрөтүүдөгү көйгөйлөрдү чече билүүнүн жолдорун аныктоого, келечектин муундарын окутуп-тарбиялоо ыкмасын окуп үйрөнүүгө, өз билим деңгээлдерин жогорулата алышына шарт түзүп келет. Курстарга лекцияларды университетин педагогикалык багыттагы кафедраларынын окутуучулары, Борбордун методикалык кабинеттеринин жогорку деңгээлдеги окутуучу-методисттери, учур талабына толук жооп берген лекторлор окушат.

Агрардык-экономикалык колледж

Нарын мамлекеттик университетинин Агрардык-экономикалык колледжи (мурунку аталышы - Нарын айыл-чарба техникуму) Нарын шаарынын батышында, Ак-Коргон аймагында жайгашкан. Колледж алгач 1938-1939-жылдарда Кыргыз ССРинин Тянь-Шань округунун бир жылдык айыл чарба мектеби болуп ачылган.

1939-1947-жылдарда Кыргыз ССРинин Тянь-Шань облусунун бир жылдык айыл чарба мектеби болуп кайра түзүлгөн.

1948-1962-жылдарда Кыргыз ССРинин Тянь-Шань облусунун Айыл чарба техникуму болуп өзгөртүлгөн.

1975-жылы Кыргыз ССР Министрлер Советинин 3-октябрь № 504 Токтомунун негизинде Нарын айыл чарба техникуму болуп кайрадан түзүлгөн.

1986-жылы Кыргыз ССР Министрлер Советинин 11-октябрь №533 Токтомунун жана Кыргыз ССРинин Мамлекеттик Агроөнөржайынын 1986-жылы 22 ноябрь №355 буйругунун негизинде Тянь-Шань районунун Карл Маркс атындагы колхозуна бириктирилип НАЧТнын базасында Нарын совхоз-техникуму түзүлгөн.

1991-жылы Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана азык-түлүк Министрлигинин 9-июль, № 116 буйругу менен Нарын айыл чарба техникуму болуп кайрадан өзгөрүлгөн.

1996-жылдын 22-майынан тартып техникум Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы структуралык бөлүм катарында ишин алып келген.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2008-жыл 7-август №487/1 буйругун негизинде НМУнун алдындагы Айыл чарба техникумунун аталышы Агрардык-экономикалык колледж болуп өзгөртүлгөн.

НМУнун Агрардык-экономикалык колледжи отуз жылдан ашкан мезгил ичинде облустун айыл-чарбасы үчүн керектүү атайын орто звенодогу 3000ге жакын адистерди: зоотехниктерди, веттехниктерди, айыл-чарбасынын механиктерин, агрономдорду, тери, жүндү алгачкы иштетүү технологдорун, бухгалтер-экономисттерди, агроном-экологдорду даярдап чыгарган. Колледждин бүтүрүүчүлөрү облустун мал чарбасынын жана талаачылыктын өнүгүшүнө көптөгөн салымдарын кошуп келүүдө.

Учурда НМУнун агро-экономикалык колледжинде адистерди даярдоодо профессионалдуу кадрлар – экономика илимдеринин бир доктору, ветеринария илимдеринин эки кандидаты, айыл чарба илимдеринин, филология илимдеринин кандидаты, ошондой эле Кыргыз агрардык университетин, Ташкент мамлекеттик университетин бүтүрүшкөн жогорку билимдүү, көп жылдык практикалык тажрыйбасы бар адис-окутуучулар эмгектенишет.

2008-2009 окуу жылынан баштап колледж 9-класстын бүтүрүүчүлөрүн кабыл ала баштады. Биринчи окуу жылы алар орто мектептин 10-11-класстарынын материалдарын жыйынтыктап, экинчи курстан баштап адистик боюнча сабактарды өздөштүрө башташат.

Колледждин студенттери өндүрүштүк практикаларын түзүлгөн келишимге ылайык облустук мекемелерде, лабораторияларда жана коруктарда өткөрүшөт.

2008-жылдан тартып колледж жаңылануу багыт алып, заманга жараша билим берүүнүн инновациялык формаларын колдонуу менен изденүүнүн үстүндө. Бүгүн колледж заманбап «Ветеринария», «Экономика жана бухгалтердик эсеп», «Экология», «Айылдык ишкер», «Финансы», «Банк иши», «Салык салуу» багыттары боюнча адистерди даярдап келүүдө.

2008-жылы Колледж эл аралык аренага чыга баштады. Евросоюздун TEMPUS программасынын алкагында Германиянын Бавария аймагындагы Вайенштефан университети, GTZ (техникалык жардам берүү борбору) уюму жана Кыргыз агрардык университети менен биргелешип айыл-чарбасында ишкердүүлүктү өнүктүрүү максатындагы «Айылдык ишкер» адистерин даярдоо боюнча проектиге катышып, студенттерди кабыл алып даярдоодо. Бул проект 2013-жылга чейин ишке ашырылмакчы.

Бул адистиктин студенттери немец тилин өздөштүрүшөт жана бүтүрүүчүлөр Германиядан окуусун улантууга же стажировкага барууга мүмкүнчүлүгү болот.

Колледжди аяктап, азыркы мезгилде эмгекте ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүлөрүнөн Курманакунов Советбек - милициянын майору, Атбашы РИИБнин башчысынын орун басары, Элтуйбасов Курманбек - Кочкор районундагы Ак-Кыя айыл өкмөтүнүн башчы-

сы, Ботоканов Жыргал - Нарын облустук экологиялык фонддун директору, Мамбетакунов Муканбеткадыр - Нарын облустук администрациянын айыл чарба департаментинин башкы адиси, Токталиев Болот - Нарын облустук статистика комитетинде башкы адис, Бусурманкулов Бейшеналы - облустук төлөм борборунда башкы адис, Мусаев Жолдошбек - Ат-Башы районунун Ак-Жар айылдык округунун башчысы, Эсеналиев Сарбагыш - «Абдрай ата» базарынын директору, Байбосов Таалайбек - «Нарын эт» комбинатынын башчысы жана башкаларды атап кетсе болот. Окуу жай ачылгандан баштап, бүгүнкү күнгө чейин төмөндө аты аталган инсандар директорлук кызматта иштешкен:

1980 -1984 жж. Жандыралиев Капар
1984 -1986 жж. Мусалиев Жумабек
1986 -1987 жж. Жусупов Тыныбек
1987 -1990 жж. Бариев Жантай
1990 -1994 жж. Ирсалиев Эсенгул
1994 -1996 жж. Мусалиев Жумабек
1996 -1997 жж. Өмүралиева Дамира
1997 -1998 жж. Орозов Токтосун
1998 - 2008 жж. Султанов Карыбек

Учурда НМУнун Агрардык-экономикалык колледжинин директору Асан уулу Кубатбектин жетекчилиги алдында жаңы ийгиликтер жаралууда. Бүгүн колледждин студенттеринин саны 370ке жетип, 25 окутуучу эмгектенүүдө, алардын ичинен илимдин 1 доктору жана 4 кандидаттары бар.





Нарын Агрардык-экономикалык колледжинин жамааты

Асан уулу Кубат - директор, Мамытова Майрам - директордун окуу иштери боюнча орун басары, Абдыгазиева Асель - методист (магистрант), Мамырова З. - ага лаборант, Абдыжапарова Роза - методист. Мугалимдер: Султанов К. Б., Усубакунова Г., Курманалиева Б., Саркелдеева Р., Өмүралиева Д.К. экон.илим.док, Орозов Т. вет.илим.канд., Жаныбек уулу Р., Оторбаев Ж., Чымылдаков Э., Абдыбачаева Н., Айдарова Б., Балбакова Ч., Диканбаева Г., Жуматаева Г., Акиева З., Орозалиева М., Турдумамбетова Р., Бидинова С.

Илимий китепкана

«Китеп – билим булагы, акыл – илим чырагы» дегендей, университеттин китепканасы билим берип жаткан окутуучулук-профессордук курамдын жана студенттердин тынымсыз күч-кубат алып турган түгөнгүс билим очогу. Ошондой эле китепкана окурмандарды, студенттерди, окутуучуларды, аспиранттарды жана илимпоздорду китеп жана илимий информациялар менен камсыз кылуучу, байытуучу, ошону менен бирге билимди, руханий жана интеллектуалдык карым-катнашты, улуттун маданиятын жайылтуучу ар бир жогорку окуу жайдагы өзгөчө борбор.

Нарын мамлекеттик университетинин Илимий китепканасы 1996-жылдын 22-майында Нарын айыл чарба техникумунун базасында ачылган. 20400 нуска китеп фонду менен бир китепканачы иштеген. Бүгүнкү күндө китепкана негизги 4 окуу, 1 абонементтик, 1 электрондук окуу залдардан, 4 китеп сактоочу жайдан, жана университетте ачылган корей, кытай, түрк, америка, араб, келечек борборлорунун, англис тили кафедрасынын аудиовидео, экология жана агрардык технология кафедрасынын окуу залдарынан турат.

Китеп фондунун саны 100000ден ашуун, мунун ичинен окуу процесстии камсыз кылып, көп суралуучу окуу-методикалык китептер 75%ды түзөт. 15255 нуска китеп белекке берилген. Университеттин элүүдөн ашуун окумуштууларынын чыгарган 140 аталыштагы 2327 нуска китептери жана методикалык колдонмолору китепкананын фондусун толуктап турат. Окурмандардын суроо-талаптарын камсыз кылуу үчүн китепкана жылына 5-7 миң нуска жаңы китеп менен толукталат. Каталогго жайгаштырылган карточкалардын саны 42338. Китепкананын электрондук окуу залы 2006-жылдан бери окурмандарды тейлеп келе жатат. Электрондук окуу залында 10 компьютер, 2 сканер, 1 принтер, 1 ксерокс окурмандарды техникалык жактан өз убагында камсыз кылып, тейлеп турат.

Китепкананын фондундагы жалгыз гана нуска болгон китептерди сканерден өткөрүп, электрондук бир нече варианттарды жасап китептерди көбөйтүү иши да колго алынган. Фонддун 14%ин түзгөн 10613 китеп жалгыз нуска болсо, анын ичинен 605 китеп сканерден өткөрүлүп, djvu форматында локалдык тутумга киргизилип, электрондук окуу залынан пайдаланууга окурмандар үчүн мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

Ошондой эле электрондук окуу залы окурмандарды Интернет менен да камсыз кылат. Мындан сырткары китепкананын фондуна окутуучулардын электрондук варианттагы 61 силлабусу киргизилген.

Силлабустардын китепкананын фондуна киргизилгендигинин себеби, студенттер сабактан сырткары каалаган убакта предметтерден өтүлгөн материалдарды жана берилген тапшырмаларды өз алдынча окууга, өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

Китепкананын кызматкерлеринин иш-аракетинин натыйжасында, китепкананы автоматташтыруудагы дагы бир багыт болгон ТЕМПУС ТАСИС проектисине кирди. Бул проектке кирген Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын китепканалык-маалыматтык ресурстары менен биргелешип иш алып баруу максатын көздөйт. Проекттин талабы боюнча ИРБИС программасынын 5 модулун сатып алуу сунушталган. Талапка жооп берүү үчүн университеттин каржылоосу менен бул программа 90000 сомго сатып алынды. Проекттин өкүлдөрү Пьер Феннар жана Магсуд Сафин Нарын жергесине келип, иштер менен таанышып, проекттин максаттары жөнүндө маалымат берип кайтышты.

Университет ар тараптан маалыматтарга ээ болуп туруш үчүн мезгилдүү басмаларга, илимий журналдарга жана илимдин тармактарын камтып турган адабияттарга жазылуусу да чоң ролду ойнойт, себеби окуу процессине керектүү жаңы маалыматтар жана башка жаңылыктар менен окурман мүмкүн болушунча камсыз болот. Жылыга бардыгы 150 000 сомдон ашуун каражатка ар түрдүү ата мекендик жана чет элдик басылмаларга жазылуу жүргүзүлөт (18 аталыштагы газета, 38 аталыштагы журналдар, китептер).

Кыргыз Республикасынын Улуттук Китеп Палатасынан 2004-жылдан бери жарык көргөн бардык материалдардын бирден нускасы китепканага келип турат. Жылыга 82 аталыштагы ар кандай газеталар, 500дөн ашык ар кандай түрдөгү окуу-методикалык китептер келип түшөт. Газета-журналдардын фондусу 1160ка жетти. Ошондой эле китепкананын фондун 750 дөн ашык автореферaттар толуктап турат.

Илимпоздордун эмгектери боюнча «Теңир-Тоо илимпоздору» деген атайын, алардын эмгектери боюнча толук маалымат берилген документтердин тобу уюштурулган жана жыл сайын жаңы маалыматтар менен толукталып турат. Илимий китепкананын жалпы окурмандарынын саны 3526 адам.

Жыл сайын Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө карата «Илимдин жолу – китеп» акциясы өткөрүлүп, фондуну толуктоого өбөлгө түзүлүүдө. Жылына бир жолу окурмандар арасында китепкананын иши жөнүндө сурамжылоо жана университеттеги «адистиктердин» кафедра күндөрүн өткөрүп, китеп көргөзмөлөрү уюштурулат.

Ч.Айтматовдун 80 жылдыгына карата «Адабият асманындагы жарык жылдыз» аттуу жазуучунун өмүрү-чыгармачылыгы жөнүндө

окурмандардын конференциясы, «Эл атасы Чыңгызын ыр кылып ырдайт уул -кызың» аттуу поэзия кечеси жана «Жазуучунун көркөм дүйнөсүнө саякат» аттуу Ч.Айтматовдун чыгармаларынын негизинде тартылган кино-тасмаларынан жана «Эрте жазда келген турналар» повестинен даярдалган сценка көрсөтүлдү.Эл аралык «Диалог Евразия» платформасы, Махмуд Кашгари университети жана Нарын мамлекеттик университети менен бирдикте «Тынчтыктын жана диалогдун жарчылары » аттуу эл аралык конференция өткөрүлдү.

2000-жылдан бери жыл сайын өткөрүлүп келе жаткан эл аралык «Ысык-Көл» конференциясына китепкананын кызматкерлери катышып, жаңы багыттагы иштерди өздөштүрүп келет. 2009-жылы «Китепканалар жылында» Илимий китепкананын иши жогору бааланып, Билим берүү жана илим министрлигинин «Ардак грамотасы» менен сыйланган.

Илимий китепкананы 1999-жылдан бери Кыргыз Республикасынын «Ардак грамотасы» (2007-ж.), «Маданияттын мыкты кызматкери» (2008-ж.) жана 2009-жылдын «Китепкана жылдызы» медалынын ээси, Илимий китепкананын директору Жангелдиева Бегайым чыгармачылык менен ийгиликтүү жетектеп келе жатат.



Илимий китепкананын эмгек жамааты.

Ондон солго биринчи катар: Бектурова Роза-тейлөө башчысы, китепканачы, Абдиева Бүбай-китеп каначы, Жангелдиева Бегайым-директор, Токтогулова Гүлүпа-китепканачы, Черикчиева Айсалкын-китепканачы, 2-катар: Байматова Элвира-китепканачы, Усупбаева Гүлайым – инженер программист, Үмөткулова Нуржан-каталогизатор-комплектатор, Черикчиева Аида- китепканачы, Асаналиева Жийде-маалыматык техналогия б.-ча. директордун орун басары, Медербекова Жыпара-китепканачы.

Нарын мамлекеттик университетинин Эл аралык байланыштар бөлүмү

Университеттин эл аралык байланыштарын өнүктүрүү жана чыңдоо, чет өлкөлүк студенттердин билим алуусуна мүмкүнчүлүк түзүү, эл аралык окуу программаларын тартып келүү максатында университеттин алдында Эл аралык байланыштар бөлүмү өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет. Учурда Эл аралык байланыштар бөлүмү университеттин ар тараптан өнүгүүсүнө, чет өлкөлүк өнөк университеттер, долбоорлор менен иш алып барууда.

Бөлүм 2007-2008-окуу жылында 13 эл аралык өнөктөр менен бирдикте ар кандай билим берүү долбоорлорун ишке ашырышты. «Ерасмус Мундус» Европалык долбоордун негизинде бакалаврдык, магистрдик, аспиранттык, докторлук программалардын негизинде, университеттин окутуучуларына жана студенттерине алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдөн билим алуусуна шарт түзүлдү.

Учурда Германиянын Вайенштефан университети менен түзүлгөн келишимдин негизинде университеттин студенттери үчүн немис тилин окутуу курсу ачылып, студенттер тил үйрөнүүдө.

Германиядагы экологиялык-фермердик чарбаларда студенттерди практикалык-окутуу иштери Германияда практика өтөө «ЛОГО» программасы аркылуу ишке ашырылууда. Немис тилин үйрөтүү үчүн окутуучуларга жардам берүүдө ар түрдүү окуу куралдар менен жабдуу иштери колго алынган. Бөлүм Корей Республикасынын Санлин жана Гумо университеттери, Алматы шаарындагы Гёте институту жана Кытай Эл Республикасынын Түндүк-Батыш университеттери менен алака-катышта бирдиктүү иш алып барууда.

Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн дагы бир негизги максаты – университеттин магистратура бөлүмү менен биргеликте эң мыкты студенттерге билимин Европанын университеттеринде улантуу үчүн стипендияларды тартуу болуп эсептелет.

Ар жыл сайын Нарын мамлекеттик университеттин мүмкүнчүлүгүн арттыруу максатында чет элдик билим берүү уюмдары менен биргелешип иш алып баруу менен университеттин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү максатында да эл аралык донор уюмдарын тартуу иштери да каралган. НМУнун

Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн айыл чарба илимдеринин кандидаты Эрмек Байбагышов жетектөөдө.



С.Нааматов атындагы НМУнун Чыңгыз Айтматов атындагы Мамлекеттик тил жана маданият борбору

Бул борбор 2008-жылы кыргыздын улуу жазуучусу Ч. Айтматовдун 80 жылдык мааракесине карата ачылган. Аталган борбордун ачылышына НМУнун ректору, философия илимдеринин кандидаты, профессор А.Акматалиев демилге көтөргөн. Борборду ачуу үчүн атайын аудитория бөлүнүп, ага НМУнун Жаштар жана студенттер союзунун көмөгү менен капиталдык ремонт жасалган. 2008-жылдын сентябрында борбор окуу процессин натыйжалуу жүргүзүү үчүн зарыл керектүү эмеректер: стол-стулдар, проектор, экран, маркердик такта, китеп шкафтары, компьютер, принтер, мамлекеттик символдор, портрет, пейзаждык картиналар менен жетиштүү дәңгээлде жабдылган. Азыр анда үзгүлтүксүз лекциялар, практикалык сабактар өтүлүп турат. Жогоруда айтылгандан байкалгандай, бул жерде сабактарды алдыңкы технологияларды колдонуп интерактивдүү усулдар менен өтүүгө бардык шарттар түзүлгөн. Сабактардан тышкары борбордо жылы бою студенттерге багышталган ар түрдүү иш-чаралар: тренингдер, дебаттар, семинарлар, адабий кечелер, викториналар, окумуштуу, жазуучулар менен жолугушуулар өткөрүлөт. Мамлекеттик тилде жарык көргөн илимий адабияттардын бет ачарлары болот.

Борборду ачуудагы негизги максат – мамлекеттик тилдин кадыр-баркын жогорулатуу, мамлекеттик тилде иш кагаздарын сабаттуу жүргүзүүгө бардык каалоочуларды үйрөтүү, башка тилдерден маалыматтарды кыргыз тилине которуу боюнча кызматтарды көрсөтүү болгон. Азыр мына ушул багыттарда күрдөөлдүү иш жүрүп жатат. С.Нааматов атындагы НМУда мамлекеттик тилге болгон мамиле оң жагына өзгөрдү. Борбордун талабы менен НМУнун илимий китепканасына кыргыз тилиндеги адабияттар арбын алына баштады. Бир катар спецификалуу предметтер – чет элдер адабиятынын тарыхы, чыгыш адабиятынын тарыхы боюнча кыргызча окуу куралдары даярдалып, бастырып чыгаруу алдында турат.

Борбордун келечектеги пландарына төмөнкүлөр кирет: мамлекеттик тилди жайылтуу, котормочулук кызмат көрсөтүү, мамлекеттик тил жана маданият жаатында илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү багытындагы ишмердүүлүктү улантуу, кыргыз адабиятынын көркөм дөөлөттөрүн даңазалоону колго алуу, бул үчүн кыргыз калемгерлерине арналган тематикалык кечелерди, иш-чараларды пландуу, үзгүлтүксүз өткөрүп турууга жетишүү. Азыр борбордун ишмердүүлүгүн филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын жамааты камсыз кылууда. Келечекте анын ишмердүүлүгүнө жалпы облустун чыгармачыл интеллигенциясы тартылат деген үмүт бар.

Америка тааныу борбору

Нарын Мамлекеттик университетиндеги Америка тааныу борбору 2004-жылдын сентябрь айынан тартып өз ишин жүргүзүп келет. Борбор Нарын мамлекеттик университетинин эл аралык байланыштар бөлүмүнүн жана Кыргызстандагы Тынчтык Корпусунун волонтерлорунун жардамы менен уюшулуп жана өнүгүп келүүдө. Америка тааныу борборунун негизги максаты – кыргыз эли менен америкалыктардын маданий байланышын өнүктүрүү менен бирге билим жана илимий кызматташтыкты күчөтүү болуп саналат.Америка Кошмо Штаттарына барып билим алууга умтулган кыргыздарга – Америка тааныу борбору социалдык, тарыхый жана саясий жактан таанып билүү менен америкалыктардын баалуулуктары жана маданияты, жашоо образы тууралуу маалыматтарды берет. Борбордо билим берүү сынчыл ойлонууну өстүрүүгө негизделип, англис тили (баштапкы, орто, жогорку деңгээлде), кошумча дил баян жазууга, маектешүүгө жана эссе жазуунун ыкмаларына



үйрөтөт. Борбордун окуучулары университеттин студенттери жана жалпы эле Нарын шаарынын орто мектептеринин окуучулары болуп саналат. Биздин борбордон окууларын ийгиликтүү аяктап, Америка Кошмо Штаттарынын жана Европа өлкөлөрүнүн окуу жайларына, колледждерине кабыл алынган окуучулар жана студенттер да бар.

Америка тааануу борборунун активдүү иштөөсүн камсыз кылуу үчүн университеттин Эл аралык байланыштар бөлүмү Тынчтык Корпусунун волонтерлору менен тыгыз иш алып барууда. К.Вагнер, Ю.Имас жана Л.Брауердин жардамы менен борбордо азыр 6000 ден ашуун адабий, саясий, маданий, кенже курактагы балдар үчүн китептер, түрдүү энциклопедиялар, сөздүктөр, мезгилдүү басылмалар жана башка ар кыл темадагы китептер бар. Университет телевизор, DVD жана башка окутуу техникалары менен жабдыган жана спутник байланышы аркылуу дүйнөнүн бардык тарабындагы каналдар аркылуу жаңылыктар менен таанышуу мүмкүнчүлүктөрүн уюштуруп берди. Бардык алынган китептер университеттин китепканасынын фондусун толуктап, жыл сайын жаңыланып турат. Кийинки убактарда алынган китептер СД дисктери менен келип жатат. Андан сырткары, ФОРУМ Англис тил мугалимдеринин ассоциациясынын фондунан келген методикалык журналдар жана окутуу материалдары басымдуулук кылат жана мугалимдердин интерактивдүү заманбап ыкмаларды колдонуп сабак өтүүсүнө, сабакка даярдануусуна жардам берет.

Жылына бир жолу «Diversity» жумалыгын өткөрүү борбордун салтына айланды жана америкалык «көп кырдуулукту» демонстрациялоо максатын аркалайт. Ага Кыргызстандын булуң-бурчтарынан келген волонтерлор өз жетишкендиктери менен ой бөлүшөт. Катышуучулары – университеттин студенттери жана Нарын шаарындагы орто мектептердин окуучулары. Студенттер үчүн өткөрүлгөн курстардан сырткары бул борбордо НМУнун, жалпы эле Нарын регионунун англис тилчи мугалимдери үчүн квалификациясын жогорулатуу үчүн тренингдер жана конференциялар өткөрүлүп турат. Ошол себептен улам, Нарын облусунун бардык райондорунан англис тилчи мугалимдери ресурстардан колдонуп, керектүү маалымат алып кетишет.

Борбор жылына 3000ге чукул окурмандарга кызмат көрсөтөт жана жылына 120га чукул студенттер жана окуучулар курстарда окушат, ошону менен бирге 200гө жакын мугалим тренингдерге катышат. Америка тааануу борбору жана ресурстар келечекте университеттин өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.

Араб тили жана маданияты борбору

Кыргыз эли көптөгөн кылымдардан бери келе жаткан өзүнүн тарыхында ар башка элдер, улуттар менен карым-катнашта жана байланышта болуп келген. Бул байланыштар жеке гана мамлекеттик иштерге, саясатка жана экономикага таасирин тийгизбестен, ошол элдин үрп-адаттарына, каада салтына, рухий көз караштарына жана тилине да кандайдыр бир деңгээлде таасири тийген. Өткөн тарыхый шарттардын негизинде алтай, хакас, казак, тува, өзбек, түрк жана башка тектеш тилдер кыргыз тилине лексикалык жактан таасирин көрсөткөн болсо, ошондой эле тектеш эмес тилдерден: араб, иран, орус тилдери да таасирин тийгизип келе жатат.

Кыргыз элинин жазма адабий тилинин алгачкы үлгүлөрү араб жана орус алфавитинин негизинде кабыл алынган тамгалар менен жазылган. Ошол тамгалар менен жазылган кыргыздын чыгармалары, эпостору, ырлары, накыл сөздөрү элибиздин жазма адабий тилине жана маданиятына кошкон салымы болот. Демек, ар бир улут жеке өзүнчө башка элдер менен карым-катнашсыз кандайдыр бир деңгээлде өнүгө албастыгын тарых өзү көрсөтүп турат.

Бүгүнкү көз караш менен караганда, дүйнө тилдеринин ичинен араб тили өзүнүн өзгөчөлүгү, көркөмдүгү жагынан жана көптөгөн улуттардын маданиятына тийгизген таасири боюнча айрымаланган тил.

Араб тилине өзгөчө маани берген академик Н.Я.Марр (1864-1934) «Тилдер менен элдердин таралышы жана түрк тилдеринин

байыркы мекени» деген эмгегинде жазган: «Классикалык араб тили Европанын классика тилдери: латын же грек тилинен ашып түшпөсө кем калышпайт. Адамзаттын ой жүгүртүүсүн ар тараптуу камтыган жана ой тереңи менен бийиктигин так туюндурган эң жөндөмдүү тил. Ал өзүнүн өнүгүүсүндө монументтүүлүккө жеткен, иштелип, такталып бүткөн. Адамдардын байланыш куралы катары бардык турмуш көрүнүштөрүн кучагына алган: күндөлүк жөнөкөй сүйлөшүүлөрдөн тартып, жогорку дипломатиялык сүйлөшүүгө чейин, жашыруун жүрөк сырларын билдирүүдөн тартып, поэзиялык керемет кайрыктарга чейин, жекече сырдашуудан тартып, коомдук карым-катнашты камтыган эл аралык, дүйнөлүк тил. Бул тилде «кудайдын сөзү» - Куран жазылган.»

2005-жылдын 1-сентябрь айында Араб тили жана маданияты борборунун ачылышы - университеттин окутуучуларын, студенттерин, жаштарын жана кандайдыр бир деңгээлде Нарын жергесинин элин кайрадан араб дүйнөсү менен байланыштырып, тилин, салтын, маданиятын жакындан таанып билүүгө шарттарды жана мүнкүнчүлүктөрдү түздү.

Араб тили жана маданият борбору студенттерге, мектеп окуучуларына жана кызыккан Нарын жергесинин угуучуларына арабдардын тарыхын, маданиятын, үрп-адат, каада-салттарын жана бүгүнкү күндөгү жашоо-турмуш абалдары жана башка жактары жөнүндө маалыматтарды берет.

Борбор араб алфавитинин жазылыш өзгөчөлүктөрүн жана тамгаларды кураштырып сөздөрдү кырааты менен так окууга, кыскача өз оюн айтып сүйлөшүүгө, аңгемелешүүгө үйрөтөт. Бүткүл дүйнөлүк жаштар ассамблеясынын Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн демөөрчүлүгү менен борбор бүгүнкү күндүн талабына жооп бере тургандай шартты түзүп, жаңы технологиядагы жабдыктар: телевизор, видеомагнитофон, аудиомагнитофон, спутникалык антена менен жабдылган.

Жакшы деңгээлде билим берүү үчүн окуу программасына туура келген окуу китептери жана ар түрдүү куралтагы балдар, жаштар, чоңдорго ылайык келген адабий китептер менен дагы камсыз болгон. Жаңы технологиядагы жабдыктарды пайдалануу менен сабак өтүү, жаңы материалдарды өздөштүрүүдө бир топ жакшы натыйжаларды берүүдө.



Билим алып жаткан угуучулар жеке гана араб тилин жана адабиятын үйрөнүү менен чектелбестен, адамдык асыл сапаттар: ыймандуулук, сабырдуулук, кайрымдуулук, боорукерлик жана башка рухий баалуулуктар боюнча таалим-тарбия сабактарын алышат. Таалим-тарбия багытындагы сабактын өзгөчөлүгү - өсүп келе жаткан жаштарыбызга рухий жактан жакшы таасирин тийгизип, ата-энени жана улуу кишилерди урматтоого, адилет жашоого багыт берүүдө. Азыркы учурда араб тили борборунун ишмердүүлүгүн жогорулатуу максатында борбордун мугалими Мамытов Сьездбек Махмуд Кашкари-Барскани атындагы Чыгыш университети менен биргелешип иш жүргүзүп, араб мамлекеттеринин фонддору менен байланыштарды түзүүдө.

Корей борбору

Корея республикасынын Санлин колледжи менен 2005-жылдын 28-июль айында түзүлгөн келишимдин негизинде 2006-жылдын 22-сентябрынан баштап Нарын мамлекеттик университетинде корей борбору иштеп келе жатат.

Корей борбору Нарын мамлекеттик университети менен Санлин колледжинин ортосундагы келишимдин негизинде иш жүргүзүп, студенттерди жана жаштарды корей элинин тарыхы, маданияты, учурдагы саясий-экономикалык абалы менен таанышгырып, маалымат берип, эки элдин ортосундагы достук мамилелерди түзүүгө багытталган иштерди жүргүзүп жатат. Бул иштерди жүргүзүүдө жана Корея боюнча маалыматтарды берүүдө тилди өздөштүрүү өзгөчө маанилүү экендиги белгилүү. Ошондуктан, борбордо корей

тилин үйрөтүүгө мүмкүн болушунча чоң көңүл бурулган. Корея мамлекетин билүүгө кызыккан дилгир студенттер, жаштар борбордон корей тилин үйрөнүп жатышат.

Студенттерди, жаштарды окутуу үчүн борбордо жакшы шарттар түзүлгөн. Бүгүнкү күндө Корей борбору студенттердин жана башка кызыгуучулардын билим дэңгээлин жогорулатуу жана Корей мамлекети жөнүндө маалыматтарды берүү максатында жети жүзгө жакын ар кандай адабияттар менен жабдылган.

«Корей тилине жана жалпы эле чыгыштагы өнүккөн мамлекеттердин тарыхына, учурдагы дүркүрөп өскөн экономикалык абалына, жаңы маалыматтык технологиянын жаңылануусуна кызыкдар болгон жаштар көп, ошондуктан алардын алдыга умтулуусуна өбөлгө түзүү үчүн ар тараптуу билим керек» - дейт Корей борборунун жетекчиси жана окутуучусу, профессор Ли Вон Жунг.

Учурда корей борборунун «корей тил» курсунда билим алган студенттер курсту аяктагандан кийин корей тилинин биринчи, экинчи, үчүнчү, төртүнчү баскычтарын да өздөштүрүп, корей тилинде эркин сүйлөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу менен сертификат алат.

Борбор ачылгандан бери элүүдөн ашык студент билим алышууда. 2007-жылы Корей борбору, тил илими факультетинин курамындагы корей тили жана адабияты кафедрасы болуп түзүлүп, лицензияга ээ болуп, корей тили жана адабияты боюнча адистикке студенттерди кабыл ала баштады. Аталган адистикке кабыл алынган жана турмуш-тиричилик жагынан кыйналган, контракт акысын төлөй албаган студенттерге толук жана жарым жартылай түрдө борбор жардам көрсөтөт.

Борбордо жаштарга билим берүү жана корей тилин өздөштүрүү үчүн атайын методикалык колдонмолор, тилдин грамматикасы боюнча окуу китептер, сөздүктөр, балдар адабияты, чыгармалар, дүйнөлүк адабиятты жана энциклопедияларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрү толугу менен колго алынган. Студенттер сабак менен гана чектелбестен бош убактыларында борбордо компьютердик жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатуу үчүн ар кандай программалар менен иштешет жана корей тилинде сөз өстүрүүчү ар кандай фильмдерди көрө алышат.

Корей борборунда билим алып жаткан студенттер ар жыл сайын өзүлөрүнүн алган билимдерин текшерүү максатында Бишкек шаарындагы Корей билим берүү борборуна сынак тапшыруу менен мыкты ийгиликтерди жаратып келет.



Корей борборунун студенттери өзгөчө мүмкүнчүлүктөргө ээ боло алышат. 2007-2008-окуу жылында Кореядагы Гымо техникалык университети менен түзүлгөн келишимдин негизинде ар жыл сайын студенттерди алмашып окутуу программасы ишке ашырылды. Учурда Нарын мамлекеттик университетинин жаңы маалыматтык технологиялар экономика жана башкаруу факультетинин студенти Акматов Руслан аталган Гымо техникалык университетинин индустриялык менеджмент факультетинде билим алып келип, кайрадан өз адистигинде билим алууда. Ошондой эле 2009-2010-окуу жылында Корея Республикасынын Похаң шаарындагы Санлин колледжи менен түзүлгөн «студенттерди алмашып окутуу» келишиминин негизинде корей тили жана адабияты кафедрасынын студенти Төлөмүш уулу Канат аттанар алдында турат.

Борбор Кыргызстандын аймагындагы жогорку окуу жайларда ачылган борборлор: И.Арабаев атындагы жана Бишкек Гуманитардык университеттери менен байланыш түзүп, өнөктөштүктө иш алып келет.

Жаштарды, студенттерди корей маданияты жана искусствосу менен тааныштыруу максатында Соң-Көл жаштар сарайында кечелер, концерттер өткөрүлүп, улуттук кийимдер, инструменттер жана улуттук тамак-аштардын көргөзмөсү уюштурулат.

Кытай тили жана маданияты борбору

Нарын мамлекеттик университетинде 2007-2008-окуу жылында университеттин өзүнүн мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү жана студенттерге ар тараптан терең билим берүү максатында Кытай тили жана маданияты борбору ачылган.

Кытай тили, маданияты борбору Тил илими факультетинин чыгыш тилдер кафедрасынын курамында. Башында бул борбордо Тынчтык корпусунун волонтеру Ченг Лин (Cheng Lin) жана Кытай эл республикасынын «Norhwesten A& F»университетинин профессору Чанг Лианше (Zhang Lianshe) студенттерге кытай тилин окутуп үйрөткөн.





Азыркы тапта бул борбордо 2 волонтер (У Хай Янь, Чжао Сясо) жана эки окутуучу (Өмүралиева Айгерим, Жээналиева Айнагүл) эмгектенип келишет. Кытай борборунда учурда 1-2-3-4 курстун 32 студенти билим алууда. Кытай тилин үйрөтүүдө атайы түзүлгөн программанын негизинде алгачкы баскычта базалык билим берүү менен жазуу, угуу, окуу өндүү деңгээлдерди толук өздөштүрө алышат. Ошондой эле Кыргызстан менен Кытай өлкөсүнүн ортосунда жакындан мамиле түзүү жана жаштарга чыгыш элинин маданияты, учурдагы саясий-экономикалык абалы жөнүндө маалымат берүү, эки элдин кызматташтыгын арттырууга умтулат. Кытай тили жана маданияты борбору студенттер менен биргеликте ар кандай иш чараларды өткөрүүдө.

2008-жылдын май айында тил фестивалы студенттер тарабынан өткөрүлүп, студенттер кытай элинин маданиятын көрсөтүштү.

Кытай тили жана маданияты борборунун жетекчиси профессор Чанг Лианше иштеп турган учурда борборго жаңы окуу китептерди алып келүү боюнча иштер аткарылган.

Кытай борборунда 1-курста 8 студент, 4-курста 6 студент билим алууда. Эки студент (Жусаева Фатима жана Өмүрбеков Сардар) Кытай Республикасына барып, билимин жогорулатып келишкен. Жыл сайын экиден студент барып окуп келүүгө мүмкүнчүлүгү бар.

Түрк маданияты борбору

Нарын мамлекеттик университетинин жана Түркия жумуриятынын премьер-министрлигине караштуу Түрк кызматташтык жана өнүктүрүү башкармалыгынын демилгеси менен 2006-жылдын ноябрында ачылган. Түрк маданияты борбору бүгүнкү күнгө чейин 350дөн ашуун университетибиздин жана шаарыбыздын орто мектеп окуучуларына акысыз түрдө түрк тилин үйрөттү.

Түрк маданияты борборунда түрк жергеси, эли, маданияты жөнүндө маалымат берген иш-чаралар жүргүзүлүп турат. Борборубуз университетте уюштурулган иш-чараларга активдүү түрдө катышып келүүдө.



Түрк тили курсуна 2006-2007-окуу жылында 100 окуучу, 2007-2008-окуу жылында 150 окуучу, 2008-2009-окуу жылында 180 окуучу, 2009-2010-окуу жылында 150 окуучу жазылды.

Түрк тилине болгон кызыгуу жылдан жылга өсүүдө. Бир мугалим менен ачылган борборубузда учурда 3 түрк мугалими эмгектенүүдө. Алар Исроилжан Чолпонов, Алтынбек Эркинбаев жана Хусейин Шахан. Хусейин Шахан мырза Нарындагы кыргыз түрк лицейинин мугалими. Ал өзүнүн тажрыйбаларын окуучуларыбыз менен бөлүшүүдө.

Университеттин турмушунан көрүнүштөр





Университет окуудагы жетишкендиги үчүн Европанын сапат белгисине татыктуу болду



Университеттин тунгуч ректору Жаманкулов Жанат Медетович «Конституция Кыргызской Республики 1993 г:Возрождение суверенного государство»- деген темада баяндама жасап жатат.





Мендекеев Райымкул (Кырг.-Өзбек унив. илим. иш. проректору, т.и.д.) кутуктоодо. Конференциянын катышуучулары университеттин жетишкедиктери менен таанышуу учурунда.



Конференция башталар алдында




Ага окутуучу Жолдошбек Тезекбаевич сабак учурунда.
Студент Акунова Салтанат химия предметинен экзамен тапшырууда




Турдалиев Иманжапар (хим.илим.канд.,доц.) химия адистигинин студентерине лабораториялык сабак өтүүдө.
Кайыпбек Кадыралиевич (мед.илим.канд.) оорунун диагносун аныктоодо приборду пайдалануу боюнча практикалык иш өткөрүп жатат.




Ага окутуучулар: Касымова Гүлжамал, Үсөналиева Гүлмира сабака даярдануу учурунда.

Кыргыз элинин окумуштуу – агартуучусу Сатыбалды Нааматовго арналган иштер.




Окумуштуу-педагог Сатыбалды Нааматовдун айкелин ачуу салтанаты жана кызы Үмүт окумуштуу жөнүндө айтып берип жатат.




Окумуштуу-агартуучу, педагог Сатыбалды Нааматовго арналган салтанатуу чогулуш жана илимий конференция




Окумуштуу - педагог Сатыбалды Нааматовго арналган салтанаттуу концерт.



Билим берүү министри Болжурова Ишенгүл Нарын мамлекеттик университеттинде.



Университеттин ректору Калдыбаев Салидин (пед.илим.док.) Кытай мамлекетинде иш сапарында.



Университеттин профессордук - окутуучулук курамы Европалык билим берүү системасын окуп үйрөнүү боюнча семинарда.



Ректор Калдыбаев С. ж-а окуу иш. б-ча проректор Атанаев Т. семинарды ачып жаткан учуру

Университеттин чет мамлекеттеги жогорку окуу жайлар менен байланышы



Ректор Калдыбаев Салидин жана кафедра башчылары Сияев Таштанбек, Иманалиев Сыдык жана Муңайтбасова Гүлдайра, Бектемирова Айнагүл, Мамбеталиева Чынара Түркия мамлекетинин жогорку окуу жайлары менен келишим түзүү учуру.



Университеттин доценттери: Чолпонбаев Азиз Түркиянын Анадолу жана Ажыбаев Дуйшөн Италиянын Лаквила университеттеринде билим берүү системасы боюнча стажировкада.



Ага окутуучу Бекежанов Марлис Малазия өлкөсүнүн билим берүү системасы менен таныштууда. Аспирант Жунусакунова Айжаркын Томск мамлекеттик университетинде илимий ишин жүргүзүүдө.




Жангелдиева Бегайым (илим.китепкананын директору) Франциянын Ница – София – Антиполис университетинин жана АКШнын Спрингфилт китеп каналарында Ат-Башы райондук китеп кананын директору Зинагүл Ботбаева менен бирдикте иш тажирийбасын өркүндөтүүдө.




Корея жана Америка өлкөлөрүнүн өкүлдөрү Нарын мамлекеттик университети менен таанышууда.




Кадыров Белек (мед.илим.канд., доцент) Туркия мамлекетинин Газиантеп шаарындагы Санко атындагы кардиологиялык клиникасында жүрөктүн кан тамырын ангиографиялык изилдөөсүн жүргүзүп жаткан учуру. Жангелдиева Бегай АКШнын Масачусец штатындагы ЮМАС китепканасынын иш жүргүзүү тартиби менен таанышууда.

Спорт






Спорттук мелдештин активдүү катышуучулары: Кулманбетова К., Сариева Ш., Темирова Э., Бакирова Г., Усубалиева Ж. ж.б.

Көркөм чыгармачылык











Бегай эже Курманжан датканын ролунда





Окутуучулардын Кыргыз Республикасынын эгемен күнүнө жана ыр кесеге даярданып жаткан учурларынан көрүнүштөр





Облустун мектептеринде адистике багытоо иштерин окуучулардын арасында жүргүзүү учуру





Академик Үсөн Асанович университетке каалоо тилегин айтып жаткан учуру.



Жолдошбек Асанов (э.и.к.,доц.)
1-июнь балдардын коргоо күнүнө карата иш алып барууда.



Университеттин бухгалтерия бөлүмү.
Башкы эсепчи – Мааткабылова Майраш, Султанова Гүлай, Моңошова Бейшегүл,
Идирисова Жумагүл, Исмаилова Таалайкүл, Токонова Асылкүл,
Дюшеналиева Бүбүажар, Мааметова Гүлзада.

Студентердин окуп билим алуу, илим изилдөө жана чыгармачылык турмушунан көрүнүштөр.



Мамбетказиева Гулнура “Нарын алабатасында калийдин сандык кармалышы“,
Эсенгул кызы Жанат “Нарын шаарындагы транспортон чыккан түтүндөгү коргошундун саны” деген темада дипломдук ишин коргоп жатат.



Абдылдаева Айзат “Нарындын үшүгөн картошкасынан крахмал алуу” ,
Сатындиева Нурзат “Нарында өскөн картошкадан крахмал алуу” деген темада дипломдук ишин коргоп жатат.



И.Турдалиевдин жетекчилик астында химия адистигинин студенттери: Абдылдаева А., Сатындиева Н. крахмал боюнча изилдөө иштерин жүргүзүп жатат.



Студенттик илимий конференциянынын жеңүүчүлөрү жана илимий баядама жасоо учурунан көрүнүш.





Педагогика факультетинин студенти Бактыбекова Назира 2010 - жылдын, экономика бизнес жана башкаруу факультетинин студенти Өмүрбаева Нурзада 2011- жылдын университет жана Нарын шаары боюнча сулуулар конкурусунун миси.



Студент Акунова Салтанат «Химия» кечесинин алып баруучусу. Студент Кырбашов Жаныбек Д.И. Менделеевдин ролун аткарууда. Чет тил адистигинин студентери чет элдердин кийимдерин ыр бийлерин көрсөтүүдө.



Университеттин тил майрамы чыгармачылык күндөрүнөн көрүнүш.



Химиктедин күнүнө арналган студеттердин чыгармачылыгынан бир көрүнүш.

Студенттер Соң-Көл жаштар сарайында көркөм чыгармачылык өнөрлөрүн тартулоодо.










Университеттин окутуучуларынын жана студентеринин эс алуу учурларынан.


















Окуу иштери боюнча проректор Атанаев Т. баштаган окуу башкармалыгынын жамааты.



Белгилүү музыкант композитор профессор Н.Давлесов (ортодо) университеттин түптөлүшүнө салым кошкон жана сабак берген.



Нарын мамлекеттик университетинин эл аралык магистратура борбору

Нарын мамлекеттик университетинин Эл аралык магистратура борбору 2008-жылы 7-июнда жогорку адис кадрларды даярдоо максатында университеттин окумуштуулар кеңешинин чечими менен түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Илим жана билим министрлиги



тарабынан (№338, каттоо номери 1-447) лицензияланган. Адистикке даярдоо багыттары: менеждмент, экономика, автоматташтыруу жана башкаруу, педагогика, философия, политология.

2009-жылы февраль айында, магистратурага биринчи жолу агрардык менеджмент, бизнести башкаруу адистиги боюнча 7 магистрант кабыл алынган. 2009-жылы сентябрь айында агрардык менеджмент, билим берүү менеджмент, экономика жана ишканаларды башкаруу адистиги боюнча экинчи кабыл алуу болуп 24 магистрант кабыл алынган. 2010-жылы агрардык менеджментке 7, билим берүү менеджментине 8, бизнести башкарууга 4, экономикага 12 магистрант кабыл алынган.

2011-2012 окуу жылында 2 курста бардык адистиктер боюнча 57 магистрант окуп билим алууда. Ушул жылы биринчи курска 88 магистрант кабыл алынып, алардын ичинен 21 чет элдик магистранттар. 2011-жылы 22 магистрант окуп бүтүп, магистрдик дипломдорун алышты.

Магистратуранын профессордук-окутуучулук курамы: п.и.д. Т.М.Сияев, ф.и.д. Ж.С.Сыдыков, п.и.д. С.К.Калдыбаев, п.и.д. Мамбетакунов Э.М., э.и.д. Д.К.Омуралиева, э.и.д. Арзыбаев А.А, э.и.д. Атышов К.А., э.и.д. Сарыбаев А.С, э.и.к. А.Куканов, э.и.к. М.Бекбоева, а.и.к. Э.Байбагышев, п.и.к. Д.Ажыбаев, п.и.к. Чекирова Г.К., э.и.к. Нуралиева Н.М., п.и.к. Биймурзаева Б.М., ага окутуучулар: Сарбагышова А.Э., Ырыскелдиева А.К., Жаныбек уулу Рысбек, Шерматова И.К.

Магистратуранын уюштуруу жана окуу процессин жөнгө салып 3 кызматкер иш алып барат: Бекбоева М.А. – директор, Ибраева А.Ж. – адис, Кылычбекова Т.А. – усулчу.

УНИВЕРСИТЕТТИ ОКУП БҮТҮП, ИШТЕП ЖАТКАН КАДРЛАР.

Кыргыз эли эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин өз укугу колуна тийип, өз алдынча мамлекет болгон жылдардан баштап Кыргызстандын жашоосу саясий жана социалдык-экономикалык жактан да, ошондой эле билим берүү жагынан да чоң өзгөрүүлөргө учурады. Советтик доордо жогорку билим берүүчү окуу жайларынын көпчүлүгү негизинен борбор каалабызда гана ачылып, алыскы облустарда (Ош, Ысык-Көл облусунан башка жерлерде) дээрлик жокко эсе болгон.

1990-жылдарда мамлекеттин экономикасы начарлап, элдин социалдык абалы кескин өзгөрүп, ички жана тышкы миграция күчөп, алардын таасири билим берүү тармагын бир топ оор абалга алып келди. Мына ушул мезгилде бийик тоолуу, шарты катаал жерде 1996-жылы университеттин ачылышы эл арасында бир топ күмөндүү көз караштарды жана ойлорду пайда кылды.

Университетке 1 жыл толушуна арналган "Кыргызстандын борбордук эмес регионду модернизациялоодо билимдин жана илимдин ролу" деген конференциянын жарык көргөн материалында окумуштуу педагог Л.П. Мирошниченко өзүнүн илимий макаласында: "Политика в области образования – одно из наиболее приоритетных направлений долговременности стратегии социально-экономического развития региона. Можно предположить, что философия образования должна стать не только сферой научного поиска и подготовки специалистов, но и учебным предметом на педагогических специальностях наших университетов. ...Смею надеяться, что этими предложениями воспользуется и самый молодой университет Кыргызстана - Нарынской государственный университет"- деп университеттин келечегине үмүттүү көз карашын билдирген.

Бүгүнкү күнү университеттин ачылышына 16 жыл толуп, кыйынчылык күндөр сүрүлүп артта калып, эмгек менен аракеттенүүнүн натыйжасында университеттин жүзү республикага жана Түркия, Кытай, Корея, Америка, Россия сыяктуу чет элдерге да көрүнүп турган кези. Университетте 2002-жылдан кийин Түрк, Кытай, Корея, Америка таануу борборлору ачылып, ал жактан тиешелүү жергиликтүү адистер келип, алардан студенттер жана

жаштар билим алууда. Республиканын бийик тоолуу райондорунда жайгашкан айылдардагы мектептердин бүтүрүүчүлөрү жана жаштарыбыз Нарын мамлекеттик университетинин студенти болуу менен бирге жогоруда аталган чет мамлекеттерге барууга жана билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болууда.

Мурдагы убактарда чет мамлекеттерге барып, билим илим алып келүү борбор шаарыбыздагы жогорку окуу жайлар аркылуу гана ишке ашып келсе, 2002-жылдан баштап чет мамлекеттердин окуу жайлары менен өз ара байланыш иштери жөнгө салынып, натыйжада мындай мүмкүнчүлүктөргө университеттин толук кудурети жетти.

"Айыл чарба продуктыларынын технологиясы" жана "Айланачөйрөнү коргоо" адистигинин студенттери: Капаров С., Жумакадыров Т., Абдыгулова М., Абдылдаева Ж., Амангулова Ж., Соодоналиев Б. Германия мамлекетинин шаарларындагы фермердик чарбаларында 6 айлык практикадан өтүп келишкен. Ушул эле адистиктердин студенттери: Баймурзаев А., Акматов К., Сартмамбетова З. 1 жылдык мөөнөткө кетишсе Ажыбаева А. Германиянын Вайенштефан университетинде магистратурада окуп жатат. "Кытай тили" адистигинин студенттери: Жусаева Ф., Өмүрбеков С. Кытай эл Республикасынын Үрүмчү, Хиан шаарларындагы жогорку окуу жайларда болуп билим алып келишсе, Корей тил адистигинин студенти Төлөмүш уулу Канат билим алуу үчүн Корея мамлекетине кетти.

Жыл өткөн сайын билим алууга олуттуу талаптар коюлуп, окуу процессине жаңы маалымат технологиясы көбүрөөк колдонулуп, дүйнөдөгү мамлекеттердин билим берүү системасы менен кабардар болуп, натыйжада студенттердин эркин ойлонуусуна жана чет жерлерге барып билим алуусуна шарттар түзүлүүдө. Бүгүнкү күндө бийик тоолуу Нарын облусунун бирден бир илим-билим булагы болгон университет 10 миңге жакын ар түрдүү багыттагы адистерди окутуп даярдап, Республикабыздын кадрдык потенциалын өнүктүрүүгө кандайдыр бир деңгээлде өзүнүн салымын кошту.

Чет өлкөлөрдө иштеп жаткан бүтүрүүчүлөр

1. Балаева Н. – Россиянын Омск шаарында орус тили адабияты боюнча мугалим.

2. Белеков Т. – Казахстандагы Ак-Моло областындагы Кокшетау-Тоо «Continental – Кокшетау» соода базасында жетекчинин орун басары.

3. Иманкулов У. – Казахстанда Отрау шаарында «Атаба» компаниясында маркетолог.

4. Муратова А. – Казакстандын Отрау шаарында «Атаба» компаниясынын автосалон бөлүмүндө финансы боюнча генеральный директор.

5. Нишарапов Н. – Тайвань университетинде жалпы байланыштын технологиясы факультетинде окутуучу.

6. Оздемир О. – Голландиядагы түрк лицейинде мугалим.

7. Таштанбекова Шааржан – АКШнын Монтана штатындагы Мезула шаарындагы университетте окутуучу.

8. Топчу Садетин – Америкадагы Калифорния штатындагы Калифорния университетинде окутуучу.

9. Шакирова И. – Россиянын Москва облусундагы Ногинск шаарында мугалим.

10. Шокенов Б. – Казакстанда Отрау шаарында «Атаба» компаниясында генералдык директор.

Нарын облусунан башка аймактарда иштеп жаткан бүтүрүүчүлөр

1. Ажыканов Б. – Кыргыз Республикасынын Каржы министрилигинин астындагы «Инфо-Система» мамлекеттик уюмунун телекоммуникация жана системалык, программалык камсыздоо боюнча адис.

2. Алтыбаев А.Ш. – Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин Транспорт жана коммуникация институтунун директорунун орун басары, ага окутуучу.

3. Ахмед Өздак – Бишкек шаарындагы Бишкек гуманитардык университетинде окутуучу.

4. Асеков К.Т.- КР финансы министрлигинин экономиканы өнүктүрүү мамлекеттик фондунун өнөр жайындагы кредитти кайтаруу бөлүмүнүн башкы адиси

5. Баялиева А. – Бишкек шаарындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университе-тинин технология факультетинде ага лаборант.

6. Бидинова М. – Бишкек шаарында жумушка жайгаштыруу жана миграция министрлигинде башкы адис.

7. Бугубаева Ж. – И. Арабаев атындагы мамлекеттик педагогикалык университетте окутуучу.

8. Дөкөнов Н. – Бишкек шаарынын Биринчи Май районунун үй куруу жана жашылдандыруу комбинатында санитардык жактан тазалоо боюнча башкаруучусу.

9. Дүйшөнбаев У. – Улуттук банктын башкармасынын орун басары.

10. Жайлооева Г. – Бишкек шаарында республикалык жер-жемиш базасында экономист.

11. Жекшенбаева А. – Кыргыз-Түрк Манас университетинде окутуучу.

12. Жунусакунов Р. – Тогуз-Торо районунун РЭСинин директорунун орун басары.

13. Ибраев А.И. – И. Арабаев атындагы мамлекеттик педагогикалык университетинде окутуучу.

14. Иманалиев И. – «Ататүрк-Алатоо» университетинде информатика окутуучусу.

15. Искендеров Ш. – Бизнес жана финансы укугунун эл аралык башкаруу академиясында инженер.

16. Исмаилов Ж. – Кыргыз Улуттук илимдер академиясында кенже илимий кызматкер.

17. Кенжеев М. – Бишкек шаарындагы Борбордук Азиялык Америка университетинде окутуучу.

18. Көлбаева М. – Бишкек гуманитардык университетинин окутуучусу, филология илиминин кандидаты.

19. Кулназарова М. – «Кыргызстан» акционердик-коммерциялык банкында валюталык бөлүмүндө адис.

20. Курманбеков У. – КР фельдегердик кызматында ага инспектор, капитан.

21. Мамытов А. – Бишкек шаарында И. Акунбаев атындагы Медициналык академияда окутуучу.

22. Матаева Г. И. – И. Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинде окутуучу.

23. Миназаров Д. – Бишкек шаарындагы мэриянын карамагындагы көп тармактуу жол сыноо лабораториясында инженер-лаборант.

24. Моңолдор к. Толкун – Бишкек шаарындагы «Хельветас» фирмасында котормочу

25. Нуралиева Г.М.- Курулуш архитектуралык техникумда тарых кафедрасынын башчысы.

26. Нуралиева Г.М.- Бишкек шаарында тиш врачы.

27. Нуркулова А. – Бишкек шаарында №83 мектепте мугалим.

28. Нышанбаева А.М.- Нарын шаарыдагы Арстанбек Буйлаш уулу атындагы орто мектептин химик мугалими.

29. Осеев М. – Балыкчы шаарындагы ИМО ГУГССОнун кайтаруу бөлүмүндө милициянын старшинасы.

30. Осмоналиева Ж. – Чүй облусунун Аламүдүн районуна караштуу №1 Васильевка орто мектебинде мугалим.
31. Сатыбалды кызы Т. – Сокулук районун Сокулук РЭСинде инженер.
32. Сулайманова Ф. – И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде окутуучу.
33. Султаналиева Ч. – Кыргыз мамлекеттик юридикалык академияда окутуучу.
34. Таалайбек у Д. – Жалалабад облусунун Тогуз-Торо районунун акими.
35. Термечикова А. – Бишкек шаарындагы котормочулук фирмада котормочу.
36. Токтоналиев С. – «Космос Карго Сервис» ОСООсунун юридикалык бөлүмүнүн начальниги.
37. Турдакунова М. – Бишкек шаарында МАИнин инспектору.
38. Элебаева А. – Бишкек шаарындагы лингвистика мектебинде тренер.
39. Эшенкулов У. – Жалалабат облусунун Тогуз-Торо районундагы №18 жол тейлөө ишканасынын начальниги.

Нарын облусунда иштеп жаткан бүтүрүүчүлөр

1. Абайдылдаев Д. – Нарын телерадиокомпаниясында программист.
2. Абдишов А.- Нарын мамлекеттик университетинде инженер програмист.
3. Абакиров К. – Нарын райондук администрациясынын экономика бөлүмүндө башкы адис.
4. Абакирова Ф. – Нарын облустук администрациясынын жалпы бөлүмүндө башкы адис.
5. Абдраимова Ж. – Нарын мамлекеттик университетинде окутуучу.
6. Абдыкадыров Ж.Ө. – Нарын районунун Он-Арча айылындагы Ж. Иманалиев атындагы орто мектептин директору.
7. Абдыкеев М. – гиря (чоюн) спорту боюнча СССРдин спорт чеберчилигине кандидат.
8. Абдырахманова Ж. – Нарын мамлекеттик университетинин студентик кадр бөлүмүнүн башчысы.
9. Абдыгазиева А.С.- НМУнун агро-техникалык колледжинде методист.
10. Абдылдаева А. – Борбордук Азия университетинде китепканачы.

11. Абдылдаева А. – Нарын шаарындагы «Кызыл жарым ай» коомунда инженер-программист.
12. Абдырасулова Н. – Нарын районунудагы Ак-Кудук айыл өкмөтүндө башкы эсепчи.
13. Абылова Б. – НМУда ага лаборант.
14. Абдылдаев У. - Нарын шаарында социалдык фондто инженер программист.
15. Адылбеков М. – Нарын облустук архитектура башкармалыгында системалык администратор.
16. Айбашов Ж. – «Доскредобанк» АККнын кредиттик бөлүмүнүн начальниги.
17. Айдаралиева Б. – Нарын мамлекеттик университетинин «Экономика» кафедрасында окутуучу.
18. Айтбек кызы Л.- Нарын шаарындагы К.Мамбетакунов атн. педагогикалык окуу жайда мугалим.
19. Акбаров А.А.- Нарын шаарындагы К.Мамбетакунов атн. педагогикалык окуу жайда инженер программист.
20. Акиев Ч. – Нарын облустук миграция жана жумушсуздук комитетинин кызматкери.
21. Акиев А. – Нарын шаарындагы Компаньон микро кредиттик кампанияда оператор.
22. Акималиев М. – Нарын шаарындагы М. Субакожоев атындагы Кыргыз-Түрк лицейинде башкы эсепчи.
23. Акмат кызы М. – Нарын районундагы Өрнөк айылындагы Ж.Өмуралиев атындагы орто мектепте мугалим.
24. Акматов К.- Нарын мамлекеттик Каратал-Жапырык коругунда кенже илимий кызматкер.
25. Акунова С. – Ат-Башы районундагы Ой-Терскен орто мектебинде мугалим.
26. Акылова Р. – Борбордук Азия университетинде англис тили окутуучусу.
27. Алакаева А. – Борбордук Азия университетинде окутуучу.
28. Арсыкулов Н.- Нарын мамлекеттик университетинде ага лаборант.
29. Асамамытов М. – Ат-Башы районундагы Залкар банктын филиалынын дирекетору.
30. Асаналиева У. – Нарын мамлекеттик университетинде окутуучу.
31. Асанбаева А. – НМУнун информатика жана математика окутуучусу.

32. Асанбаев Н. – ДЕП-8 ишканасында жетектөөчү адис.

33. Асанбаева Ж. – Нарын шаарындагы В. П. Чкалов атындагы №2 орто мектебинде башталгыч класстардын орус тили мугалими.

34. Асанкадырова Н.- Нарын облустук мектеп-лицей интернатында мугалим.

35. Асанкулов Б. – Нарын мамлекеттик университетинде окутуучу, КИКБнын Нарын филиалында маалыматтык технологиялар боюнча адис.

36. Асек к. Г. – Нарын облустук профсоюз комитетинде бөлүм башчы.

37. Аскар уулу Т. – Нарын мамлекеттик университетинде окутуучу.

38. Асырканова Д. – Нарын мамлекеттик университетинин студенттик кадрлар бөлүмүндө инспектор.

39. Аттокурова К. – Нарын шаарындагы В.П.Чкалов атындагы гимназияда информатика мугалими.

40. Ашымов Э. – Нарын мамлекеттик университетинин окутуучусу.

41. Бабаева Н. – Нарын мамлекеттик университетинин окутуучусу.

42. Базаркулов А. – Нарын шаарындагы А. Буйлаш уулу атындагы орто мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы.

43. Байтокова Э. – Нарын райондук мамлекеттик администрациясында, социалдык өнүктүрүү жана саламаттыкты сактоо бөлүмүндө адис.

44. Бакшыгулова Э. – «Нарын» ачык акционердик финансы-кредит банкында кызматкер.

45. Баратбаева Н. – Ат-башы районунун Ой-Терскен орто мектебинде мугалим.

46. Барктабасова Г. – Ат-Башы районунун Казыбек орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы.

47. Баякматова И. – Ат-Башы районунун Ж. Шералиев атындагы орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы.

48. Бейшеева Н. – Нарын шаарындагы Э. Ибраев атындагы орто мектепте мугалим.

49. Бейшеналиева У. – Нарын мамлекеттик университетинде окутуучу.

50. Бейшенбай уулу Ж. – Нарын электр энергиясын сатуу ишканасынын диспетчери.

51. Бекбоева А. – Облустук юстиция башкармалыгынын биринчи мамлекеттик нотариалдык конторунун архивариусу.

52. Бекежанов Э. –КР Улуттук коопсуздук кызматында кызматкер.

53. Бектурганова Н. – Нарын облустук сотунун катчысы.

54. Бердиматов К. – Борбордук Азия университетинде системалык администратор.

55. Биримкул кызы А. – Нарын районундагы Жан-Булак айылында А.Жутакеев атындагы орто мектебинде мугалим.

56. Бостонкулова Ж. – Нарын мамлекеттик университетинде ага лаборант.

57. Ботбаева А. – Нарын мамлекеттик университетинде методист.

58. Букарадинов У. – Борбордук Азия университетинде компьютердик технологиялар боюнча окутуучу.

59. Досоев А. – Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын экономика бөлүмүндө башкы адис.

60. Дүйшеев А. – Борбордук Азия университетинде административдик ассистент.

61. Дүйшеев К. – Нарын энергия сатуу бөлүмүнүн акиминин орун басары.

62. Дүйшеева Д. – Борбордук Азия университетинде бүтүрүүчүлөрдүн иши боюнча координатор.

63. Дүйшенбаева Н. – Нарын облустук сотунун ага секретары.

64. Дүйшөк кызы Айнура – Россиянын Евразиялык изилдөө институту боюнча М. В. Ломоносов атындагы сыйлыктын лауреаты, республикалык орус тили боюнча өткөрүлгөн олимпиаданын үч жолку турунун жеңүүчүсү.

65. Дюшеналиева Б. – Нарын мамлекеттик университетинде башкы эсепчинин орун басары.

66. Жаанбаев У. – Нарын райондук кеңешинин депутаты, КР мамлекетик каттоо агенттигинин «Жерди жана кыймылсыз мүлктү каттоо» долбоорунун Нарын облусу боюнча мониторинг жана баалоо иштери боюнча координатору.

67. Жаанбаева Ж. – Нарын районунун Эмгек-Талаа айыл өкмөтүндө АРИС боюнча бухгалтер.

68. Жакиева К. – Нарын шаарындагы В.П.Чкалов атындагы гимназияда информатика мугалими.

69. Жакыпбекова Ч. – Нарын облустук мектеп-лицей интернатында мугалим.

70. Жакыпова А. – Нарын шаарындагы Ж.Чолпонбаев атындагы орто мектепте мугалим.

71. Жакшылыков К. – кыргыз күрөш боюнча Кыргыз Республикасынын спортунун чебери.

72. Жапарова К. – Борбордук Азия университетинде окутуучу.

73. Желдеңова Г. – Нарын шаарындагы №10 орто мектепте мугалим.

74. Жеңиш уулу Н. – Оперативдик диспетчердик группасынын акими.

75. Жеңишбек кызы Ж. – НМУ экономика, бизнес жана башкаруу кафедрасынын окутучуусу.

76. Жолочиев Б. – Нарын аймактык мамлекеттик каттоо мекемесинде системалык администратор.

77. Жолчиев Б. – Нарын облустук Мамлекеттик каттоо бөлүмүндө системалык администратор.

78. Жумабекова Ж. – Нарын районунун Эмгек-Талаа айылындагы орто мектепте мугалим.

79. Жумабек кызы Г. – Нарын облустук үй-бүлөөлүк ден соолук борборунун эмчи айымы.

80. Жумабек кызы Э. – Муратбек Субакожоев атындагы Кыргыз Түрк лицейинде лаборант.

81. Жумагулов Т. – «Востокэлектро» ачык акционердик коомунун Нарындагы филиалынын директорунун орун басары, Нарын шаардык Кеңешинин депутаты.

82. Жумагул уулу Н. – РСК банкында програмист.

83. Жумаев М. – Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын Нарын юридикалык колледжинин директору.

84. Жумакадыров А.– АО «Чыгышэлектр» Нарын филиалынын техникалык директору.

85. Жумалиев А. – "Чыгыш электро" ачык акционердик коомунун инженери.

86. Жумалиева Р. – Нарын шаарынын В.И. Ленин атындагы орто мектебинде мугалим.

87. Жумалиев К.- Нарын облустук ички иштер бөлүмүнүн жоопту мөөнөткөру. Милициянын майору.

88. Жунусакунова А. – Нарын мамлекеттик университетинде окутуучу.

89. Жунушбаева Б. – Нарын мамлекеттик университетинде окутуучу.

90. Жунушова А- Нарын шаардык кенешинде төраганын катчысы

91. Жусуева Гүлназ – Нарын мамлекеттик университетинде окутуучу.

92. Жутаева А. – Нарын районунун Ж.Мамбетов мектебинде мугалим.

93. Жанболотова Г. – Нарын мамлекеттик универсиететинде ага лаборант

94. Ибрагимов А. – «Финка» кредиттик компаниясында адис.

95. Ибраева К. – Нарын облустук мектеп-лицей интернатында мугалим.

96. Ибраимова А. – Нарын шаарындагы Т. Сатылганов атындагы №1- орто мектепте мугалим.

97. Исмаилова М. – Нарын районундагы паспорт столунун башкы адиси.

98. Исмакеева С. – Борбордук Азия университетинде административдик жардамчы.

99. Исмаилов А.- Э.Ибраев атындагы орто мектепте мугалим.

100. Исраилов Г. – Нарын мамлекеттик администрациясында экономика бөлүмүндө башкы адис.

101. Кабылова С. – Бишкек шаарындагы №1 гимназиянын мугалими, 2008-жылдын «Жыл мугалими» конкурсунун жеңичүүсү.

102. Кадыракунова М. – Нарын шаарындагы балдардын билим берүү борборунда англис тили ийриминде мугалим.

103. Кадыралиева А. – Нарын шаарындагы Нарын районунун санэпидемиялык көзөмөлдөө борборунда врач-лаборант.

104. Кадыралиев А. – Нарын шарындагы Арстанбек Буйлаш уулу атындагы орто мектепте мугалим.

105. Кадыркулова Г. – Нарын районунун Учкун айылындагы Э.Токсобаев атындагы орто мектепте химия мугалими.

106. Калматова К. – Нарын шаарындагы К.Жакыпов атындагы орто мектепте мугалим.

107. Калыкова Ж. – Нарын районунун №86 Кесипчилик-техникалык лицейинде химия жана биология мугалими.

108. Канаталиева Ч. – Нарын райондук администрациясында үй-бүлө жана балдарды колдоо бөлүмүндө жетектөөчү адис.

109. Капарова Ж. – Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын алдындагы «Үй бүлө жана балдарды коргоо» борборунун жетектөөчү адиси.

110. Карабагышева М. – Нарын мамлекеттик аймактык ветеринардык дарт аныктоо борборунун башкы адиси.

111. Койбаков К. – Кочкор районун РЭСсинин акими.

112. Кубанычбекова Б. – Нарын мамлекеттик университетинин Корей борборунда корей тили боюнча окутуучу.

113. Кубанычбек уулу Н. – КР улуттук коопсуздук комитетинин чек ара аскерлигинин Торугарт чек ара көзөмөлдөө бөлүмүнүн ага адиси, ага лейтенант.

114. Кулешов Т. – Нарын райондук администрациясында башкы адис.

115. Кулназаров У.- Нарын облустук өрткө каршы башкармалыгынын техник бөлүмүнүн башчысы, ага лейтенант.

116. Курманбеков У.- КР фельдъегерлик кызматында инспектор, капитан.

117. Кыдыралиева О. – «Агахан» микрокредиттик компаниясында бухгалтер.

118. Кусейинова М.- Нарын мамлекеттик университетинде ага лаборант.

119. Мааметова Г. – Нарын мамлекеттик университетинде материалдык эсепчи.

120. Маатказиев У. – Нарын облустук медициналык маалымат борборунда инженер-программист.

121. Маатов Т. – Нарын юстиция башкармалыгынын укуктук үгүттөө боюнча адис.

122. Макеева А.- Ак-Талаа районунун Ак-Тал орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы.

123. Мамбетова М.- Нарын мамлекеттик университетинин агроэкономикалык колледжинде мугалим.

124. Мамбетжанова Ж. – АРИС – оператор, офис-менджер.

125. Мамбетажиева С. – Борбордук Азия университетинде окутуучу.

126. Мамбеталиева З. – Нарын облустук администрациясында уюштуруу иштери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу бөлүмүндө жетектөөчү адис.

127. Мамбеталиева К. – Нарын мамлекеттик университетинин окутучуусу.

128. Мамбетбаева Б. – С. Райымбеков орто мектебинде биология, химия предмети боюнча окутуучу.

129. Мамбетказиева Э. – Нарын шаарындагы Э. Ибраев атындагы орто мектепте мугалим.

130. Мамбетов Б.Ш. - Кыргыз Республикасынын Нарын областынын өзгөчө кырдаал бөлүмүнүн куткаруу кызматынын тайпа башчысы.

131. Мамбетова Ж. – КР мамлекеттик кызмат иштери боюнча агенттигинин түндүк аймактык өкүлчүлүгү боюнча Нарын областында башкы адис.

132. Мамырова А. – 1-май айылындагы Т. Тынымбаев атындагы орто мектебинде тарбия завучу.

133. Мамыров У. – Нарын шаарындагы Тайлак баатыр атындагы аскер бөлүгүндө капитан.

134. Мамытбекова Г. – Нарын облустук мамлекеттик администрациясында иш алып баруучу.

135. Матагулова Э. – Кочкор районундагы С.Каралаев орто мектебинде мугалим.

136. Медербеков Э. - КР фельдъегерлик кызматында инспектор, ага лейтенант.

137. Медербекова Ө. - Кочкор районундагы Финансы кредит банкынын филиалынын кассири.

138. Мойдунов Р. – Кочкор районунун Кочкор айылында Калыгул Бай уулу атындагы орто мектепте мугалим.

139. Молдожакыпов Э. – Нарын мамлекеттик коругунда илимий кызматкер.

140. Молдожакыпова А. – Нарын шаарындагы Э.Ибраев атындагы орто мектепте мугалим.

141. Муратов А. – Нарын мамлекеттик университеттин кесиптик өнүгүү, экономика жана саясат башкаруу бөлүмүндө менеджер.

142. Мусаева М. – Нарын районундагы Жан-Булак айылынын А.Жутакеев атындагы орто мектебинде мугалим.

143. Мусаканов М. – «Чыгышэлектр» АКнын Нарын филиалында коопсуздук техникасы боюнча аким

144. Молдогазиева Г. – Нарын мамлекеттик университетинде окутуучу.

145. Нарынбек к. Ч. – Нарын районундагы Жаңы-Талап айылында мугалим, 2008-жылдын «Жыл мугалими».

146. Нуралиева М. - Агрардык - экономикалык коледжде мугалим.

147. Нышанбева А. - Нарын шарындагы Арстанбек Буйлаш уулу атындагы орто мектепте мугалим.

148. Оморова М. – Нарын мамлекеттик университетинин жаштар жана студенттер союзунда финансылык менеджер.

149. Омуралиев А. – Нарын облустук сотунун сот өтүмүнүн катчысы. 3-класстагы юрист.

150. Орозказиева А. – Нарын облустук административдик уюштуруу иштери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу бөлүмүнүн кадрлар секторунун башчысы.

151. Осмонкул уулу Н. – Жакыпбек уулу Боогачы атындагы Ак-Муз орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы.

152. Осмоналиева Ж. – Чүй облусунун Аламедин районунун Васильевка №1 орто мектебинде мугалим.

153. Өмүрбекова А. – Нурдан-инвест микрокредиттик компанияда эсепчи.

154. Өмүралиева М. – Нарын мамлекеттик университетинин окутуучусу.

155. Өмүралиев М. - Нарын мамлекеттик университетинин окутуучусу.

156. Рыскулбекова Г. – Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын спорт бөлүмүндө башкы адис.

157. Салмакеева Н. – Нарын мамлекеттик университетинде окутуучу.

158. Саралаева Г. – Нарын шаардык ветеринария лабораториясында лаборант.

159. Сарбагышова А. – Нарын мамлекеттик университетинде окутуучу.

160. Сарымсакова А.- Нарын райондук мамлекеттик санэпидемиялык көзөмөлдөө борборунда санврачтын жардамчысы.

161. Сатыбалдиев А. – Нарын облустук мамлекеттик администрациясында өнөр жай, курулуш, транспорт жана коммуникациялар бөлүмүндө кызматкер.

162. Сейиткожоева Г. – Нарын шаарында №10 орто мектепте мугалим.

163. Султаналиева Ч.- Нарын шаарындагы юридикалык колледжде мугалим.

164. Супатаева Г. – Нарын мамлекеттик университетинде окутуучу.

165. Суранова Г. – Миң-Булак айылында А. Тыныбек атындагы орто мектепте информатика мугалими.

166. Сыдыбаев К. – Борбордук Азия университетинде курулуш боюнча менеджердин орун басары.

167. Сыдыгалиев Ж. – Нарын энергия сатуу бөлүмүнүн акими.

168. Сыдыгалиев К. – Нарын мамлекеттик университетинин окуу башкармалыгында оператор.

169. Сыдыкбекова Г. – Нарын шаарындагы В. П. Чкалов атындагы №2 орто мектебинде башталгыч класстардын орус тили мугалими.

170. Сыдыкова Э. – Нарын мамлекеттик университетинин эл аралык бөлүмүндө кызматкер.

171. Талипов А. - Нарын облустук медициналык маалымат борборунда инженер- программист.

172. Телтаев М. – Нарын райондук үй-бүлөөлүк медицина борборунда тиш врач.

173. Тентиев Д. – Борбордук Азия университетинде инженер-программист.

174. Токон у Ж. – Ат-Башы райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси.

175. Токонова Ж. – Нарын облустук миграция бөлүмүндө башкы адис.

176. Токтомаметова Ж. – Нарын мамлекеттик университетинде окутуучу.

177. Токтомамбетов К. – Нарын мамлекеттик университетинде маалыматтык технологиялар бөлүмүнүн адиси.

178. Токтомбаева К.К. – Нарын шаарындагы №87 Кесиптик лицейинин кадр бөлүмүнүн инспектору.

179. Токторбай кызы Гүлай – Бишкек шаарындагы «Кунч» фирмасында – менеджер.

180. Токтосунова Н. – Нарын мамлекеттик университетинде катчы- референт.

181. Турдалиев З. – Нарын районундагы Орто-Нура мектебинин директору.

182. Тыналиева М. – Нарын шаарындагы Арстанбек Буйлаш уулу атындагы орто мектебинде мугалим.

183. Тыналиева С. – Ат-Башы районунун элге билим берүү бөлүмүндө методист-инспектор.

184. Үркүнбаева И. – Нарын районундагы Жан-Булак айылында мугалим, 2009-жылдын «Жыл мугалими».

185. Үсөнбеков А. – Бишкек шаарында мультимедия оюндарын иштетүүчү адис.

186. Урустемов Б. – Нарын шаарынын соту.

187. Усупбаев М. – «Ишенимдүүлүк кызматы жана коопсуздук техникасынын» бөлүмүнүн акими.

188. Чоробек к. А. – Нарын мамлекеттик университетинин ага окутуучусу.

189. Чотушева Ү. – Аламедин районунун Василевка орто мектебинде мугалим.

190. Чуйтуева С. – Нарын облустук сотунун сот өтүмүнүн катчысы, 2-класстагы юрист.

191. Шадыканова А. – Нарын шаарында үй-бүлөөлүк дарыгерлер тобунда акушерка.

192. Чымылдаков К. – КР өкмөтүнө караштуу монополияга каршы саясат жана атаандаштыкты өнүктүрүү боюнча мамлекеттик

агенттигинин Ысык-Көл-Нарын территориалдык бөлүмүнүн башчысы.

193. Чымылдаков Э. – Нарын мамлекеттик университетинде ага окутуучу.

194. Чынгышев Ж. – Жеке менчик нотариалдык конторада нотариус.

195. Ыбышова А. – Нарын мамлекеттик университетинин архиварису.

196. Ырыскелдиева А. – Нарын мамлекеттик университетинин окутуучусу.

197. Эсенгулов Н. – Ат-Башы районундагы Казыбек айылында Н.Үсөнбаев атындагы орто мектепте мугалим.

198. Эшенгулова Л. – Нарын шаарындагы В. П. Чкалов атындагы №2 орто мектебинде башталгыч класстардын орус тили мугалими.


Жаанбаев Улан


Жумагулов Таалай


Жумаев Майрамбек


Токон уулу Жеңишбек


Жумалиев Азамат


Чымылдаков Эмил


Дюшеналиева Бүбүажар Төлөгөновна


Калматова Кыял


Курманбек уулу Улан


Мамбетжанова Жамилахан Нарынбековна


Кубанычбек уулу Нурбек


Сарбагышева Айгүл


Дүйшөнбиева Назгул


Жанболотова Гүлжан


Акиев Алмаз


Ырыскелдиева Айзат


Кадыралиев Азат Нарынбекович


Абдыгазиева Асель


Мамыров Улан


Байтокова Элиза


Оросказиева Анара


Молдогазиева Гулбарчын


Абдылдаев Улан


Мааметова Гулзада


Чымылдаков
Кенешбек


Кусеинова
Мээрим


Жапиева
Кызжибек


Талипова
Мээрим


Исмаилова
Мунар


Сыдыгалиев
Кенжебек


Атокурова
Кундуз


Чыңгышев
Жанарбек


Медербекова
Өлбөсхан


Асанкулов
Бакыт


Жунушова
Аида


Токтомамбетов
Калысбек


Мамбеталиева
Кундуз


Абайдылдаев
Данияр


Нышанбаева
Айэлита


Асамамытов
Марс


Токтосунова
Назгул


Усенбеков
Алтынбек


Аскар уулу
Таалайбек


Медербеков
Эдилбек


Абдрасулова
Назима


Боскунчиева
Гулзар


Мусаева
Майрам


Өмүралиев
Марат


Талипов
Аскарбек


Осмоналиева
Жазгул


Жумабек
кызы Гүлзат


Жумабек
кызы Элзат


Базаркулов
Абай


Досоев
Акысбек


Кариев
Кубанычбек


Мусаев
Үмөтаалы


Асанбекова
Нуржан


Абакиров
Кыялбек


Жусупов
Бакыт


Мусабекова
Махабат


Кулешев
Туратбек


Айбашев
Жаныбек


Өмүралиева
Мээрим


Токонова
Жыпаркул


Тыналиева
Сагын


Турдалиев
Замир


Бакшыгулова
Элнура


Шакирова
Ирина


Урустембеков
Бакыт


Арсыкулов
Нурбек


Алтыбаев
Аманбек


Мамбетова
Жылдыз


Канаталиева
Чолпон


Капрова
Жылдыз


Желдеңова
Гүлза


Асеков
Кылычбек


Нуралиева
Гүлзат


Акбаров
Азамат


Токтомбаева
Калмира


Сопиев
Жаныбек


Көлбаева
Мээрим


Бердиматов
Канат


Нуралиева
Мээрим


Кубанычбекова
Бактыгул


Тотомамбетова
Жазгүл


Салмакеева
Назгүл


Осмонова
Бермет


Мамбеталиева
Айзада



Абдишов
Акылбек



Бейшеева
Нурзат



Маатказиев
Улан



Молдожакыпова
Айзат



Молдожакыпов
Эрлан



Жакыпбекова
Чынара



Жутаева
Анаркүл



Ботбаева
Айнура



Асанкадырова
Назира



Абакирова
Фатима



Ибраева
Касира



Асаналиева
Уулкан



Жумалиев
Керимбек



Акматов
Кубан



Асанбаева
Айнура



Асырканова
Динара



Ыбышова
Айзада



Абдрахманова
Жылдыз



Жакыпова
Анара



Мамытбекова
Гулназ



Чотушева
Үмүт



Шадыканова
Айнура



Өмүрбекова
Айнура



Телтаев
Максат



Таалайбек
уулу
Дамир



Султаналиева
Чынара



Айтбек
кызы
Лира



Сарымсакова
Айнура



Жунушбаева
Бактыгүл



Исмаилов
Абдырашит



Токторбай
кызы
Гүлай



Карабагышева
Миргүл



Макеева
Айгүл



Мамбеталиева
Зульфия



Мамбетова
Махабат

МАЗМУНУ

Баш сөз 3
Нарын жергесинде билим берүү тармагынын калыптанышы 5
Ардактуу коноктордун каалоо-тилектери 12
Университеттин окуу корпустары 25
Кыргыз элинин агартуучу-окумуштуусу Сатыбалды Нааматов 32
С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик
университетинин окумуштуулары 44
Жаманкулов Жанат Медетович 44
Акматалиев Алмазбек Акматалиевич 50
Калдыбаев Салидин Кадыркулович 59
Абдылдаев Обозбек Талипович 65
Ажыбаев Дүйшөнбек Мокешович 69
Айдаралиева Айнура Сабыровна 71
Акылбеков Өмүракун 73
Аманалиев Алманбет Абасканович 75
Аман кызы Бакытгүл 77
Аманов Садыр Аманович 78
Асаналиева Нургүл Азисовна 79
Асанов Жолдошбек Асанович 81
Атанаев Токтосун Бегалиевич 83
Байбагышов Эрмек Муратканович 86
Балбаков Жоломан Балбакович 88
Бекбоева Махабат Амантуровна 89
Бектурова Эмилия Орозбековна 91
Бектемирова Айнагүл Кашкарбаевна 92
Биймурсаева Бурулбүбү Молдосалиевна 95
Дюшекеев Кубанычбек Дөөткулович 96
Жантаев Адилбек Сүйүндүкович 98
Жаныгулов Кабылбек Ибраевич 100
Жакеева Ырыс Жакеевна 102
Жапаров Шералы Жапарович 105
Жусуева Бактыгүл 106
Жумаева Роза Ражаевна 108
Заркунов Асан 109
Ибраимов Куттугалы 113
Иманалиев Сыдык Садырбаевич 114
Кадыров Белек Койчукеевич 117
Кадыралиев Кайыпбек Кадыралиевич 119
Куканов Абдыбек 122
Көлбаева Мээрим Курманбековна 124
Молдалиев Эгенберди Дүйшекеевич 125
Муңайтпасова Гүлдайра Жумакадыровна 128
Нуралиева Назгүл Молдоалиевна 130
Орозов Токтосун Султанович 133
Өмүралиева Дамира Кемеловна 135
Өмүралиев Марат Үсөнакунович 138
Садыгалиева Жыргал Арленовна 140
Салмакеева Назгүл Жекшенбековна 142
Сатыбекова Майрамкүл Абдыкуловна 143
Сатылган кызы Гүлнура 146
Сияев Таштанбек Моңолдорович 148
Сыдыков Жолдошбек Сыдыкович 150
Сыдыкова Толгонай Көчкөнбаевна 153
Токобаева Гулнура Шейшеновна 155
Тоялиев Султанбек 156
Турдалиев Иманжапар Касиевич 159
Турдугулов Али Турдугулович 162
Чекирова Гульмира Кожобековна 164
Чолпонбаев Азисбек Карыбекович 166
Чоробаева Нарынгүл Абдыкалыковна 167
Шерматов Сагынбек Макелеңович 170
Эгимбаева Жаңыл Болотхановна 171
Эсеналиева Гүлжамал Өмүракуновна 173
Эшиев Асылбек Мирзатиллаевич 175
Университеттин курамындагы окуу жайлар жана борборлор 177
К.Мамбетакунов атындагы Нарын педагогикалык окуу жайы 177
Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы мугалимдердин
кесибин жогорулатуу жана адистерди кайра даярдоо борбору 180

Агрардык-экономикалык колледж 184
Илимий китепкана 188
Нарын мамлекеттик университетинин Эл аралык байланыштар бөлүмү .191
С.Нааматов атындагы НМУнун Чыңгыз Айтматов атындагы
Мамлекеттик тил жана маданият борбору 192
Америка таануу борбору.....193
Араб тили жана маданияты борбору 195
Корей борбору 197
Кытай тили жана маданияты борбору.....200
Түрк маданияты борбору 201
Университеттин турмушунан көрүнүштөр 202
Нарын мамлекеттик университетинин эл аралык магистратура борбору .222
Университетти окуп бүтүп, иштеп жаткан кадрлар.....224
Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин
профессордук-окутуучулук курамы 246

ТУРДАЛИЕВ ИМАНЖАПАР КАСИЕВИЧ

САТЫБАЛДЫ НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ – ТЕҢИР-ТООНУН БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ ОРДОСУ

Бишкек, «Турар» басмасы

Кыргыз тилинде